**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**
**Д.07.22.659**
Кол жазма укугунда

23.00.02 –саясий институттар, процесстер жана технологиялар

**Сыдыкбаев Чолпонбек Медеркулович**

*Темасы*: **Азыркы геосаясий процесстердеги Кыргвзстандын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун ЖМКда чагылдырылышы**

Саясат илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алыш үчүн
Диссертация аткарылган мекеме: Ж.Баласагын атындагы КУУ
Дата **28.06.13 (бекиген) 19.05.17** (тема өзгөртүлгөн)
Илимий консультант тарых.илим.д.,профессорАкунов.А.А.
Адистик 23.00.02-**саясий институттар, процессттер жана технологиялар**

**БИШКЕК-2024**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ..........................................................................................3-18**

**II БАП. АЗЫРКЫ ГЕОСАЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРДЕ УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫ ЖАНА КООПСУЗДУКТУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

***1.1. Улуттук кызыкчылыктардын жана коопсуздуктун илимий негиздери..........................................................................18-34***

***1.2. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук чыгыш ойчулдарынын жана ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде саясий приоритеттердин, максаттардын жана каражаттардын системасы катары..............................................................34-50***

***1.3. Коопсуздукту жана улуттук кызыкчылыктарды коргоодо этностук көп түрдүүлүк маселеси жана аны башкаруунун ыкмалары..........................................................................50-60***

***II БАП. ГЕОСАЯСАТ ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ГЕОСАЯСИЙ ФАКТОРЛОРДУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ***

***2.1. Геосаясат жана геосаясий процесстер......................60-72***

***2.2 Геосаясий факторлордун мамлекеттин коопсуздугунун коомдук-саясий чөйрөсүнө тийгизген таасирлери.............72-85***

***2.3. Кыргызстандын тышкы саясатынын эволюциясы жана геосаясий процесстердин изилдениши..................................85-96***

***III-БАП.* КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН КОРГООНУН жана КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ**

***3.1.Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалынын шарттарында улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук маселелери..........................................................................97-114***

***3.2. Кыргызстандагы демографиялык абалдын улуттук коопсуздукка тийгизген таасирлери.......................................114-127***

***3.3. Кыргызстандын улуттук коопсуздугунун айрым өңүттөрүндөгү абал тууралуу кыскача маалымат..............127-142***

**4-БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНЫН ЖМКда ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ**

***4.1. Улуттук кызыкчылыктарды туюндуруудагы кыргыз интеллигенциясынын жолу жана ролу ...............................................143-160***

***4.2. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынын ЖМКда чагылдырылышын изилдөөнүн контексти менен теориялык жана методикалык негиздери .......................................................................160-178***

**5-БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН ЖМКда ЧАГЫЛДЫРУУНУН МИСАЛДАРЫ**

***5.1. Эгемендиктин идеологиялык негиздерин бекемдөө маселелеринин Кыргызстандын ЖМКларында чагылдырылышы........................ ..179--196***

***5.2. Кыргызстандын ЖМКларында өлкөнүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарынын чагылдырылышы..........................................196-216-***

***5.3. Кыргызстандын коопсуздук жаатындагы кызыкчылыктарынын ЖМКда чагылдырылышы ...................................................................216-235***

***КОРУТУНДУ.........................................................................................236-241***

***КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ............................242-260***

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы дүйнөдөгү геосаясий процесстерде улуттук кызыкчылыктарды коргоо, анын ичинде улуттук коопсуздукту ар тараптан сактоо Кыргызстан үчүн эле эмес, дүйнөдөгү бардык эле мамлекеттер үчүн артыкчылыктуу багыт катары жыл өткөн сайын актуалдашууда.

Бул кызыкчылыктардын илимий-теориялык аныктамасы да, аларга байланышкан практикалык маселелер да ар кайсы өлкөлөрдө түзүлгөн шарттарга жараша айырмаланып турат. Демек, бул маселелерди илимий жактан изилдөөдөгү жана практикалык жактан чечүүдөгү тажрыйба, анын ичинде ийгиликтер жана кемчиликтер мамлекеттердин жашоого жөндөмдүүлүгүн, дараметин жана таасирин аныктайт.

Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары анын географиялык жайгашуусу, калкынын саны жана курамы, өлкөнүн негизин жана демографиялык көпчүлүгүн түзгөн кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгү, мамлекеттин конституциялык түзүлүшү, экономикалык абалы жана башка бир катар жагдайлар менен шартталган. Тиешелүү түрдө чек ара коопсуздугу жана куралдуу күчтөрдүн абалы, күч түзүмдөрүнүн иш-аракеттеринин реалдуу маселелерге карата ылайыктыгы, ички жана тышкы миграциянын таасири, экономиканын сырткы жагдайлардан көз карандылыгы, коррупциянын масштабы, кылмыштуулук, диндин жана сырткы идеологиялардын таасири, саясий туруктуулук жана экологиялык кырдаал Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына түздөн-түз байланышкан өтө олуттуу маселелер болуп эсептелет.

Улуттук кызыкчылыктар – мамлекеттин, коомдун жана жарандардын жалпы кызыкчылыктары болгондуктан, аларды туюндуруунун жана талдоонун каражаттары жалпы платформасы катары массалык маалымат каражаттарынын ролу өтө чоң. Анткени медиа каражаттары тарыхта заманбап

маанидеги улуттарды калыптандыруунун маанилүү куралы катары кызмат кылганы белгилүү. Азыр да демократиялык мамлекеттерде массалык маалымат каражаттары улуттук кызыкчылыктарды туюндуруу жана талкуулоо жагынан мамлекет менен коомдун, мамлекет менен жарандардын ортосундагы табигый коммуникациялык көпүрө катары кызмат кылат.

Бул жагынан Кыргызстандын эгемендик алгандан берки тарыхын хронологиялык жактан басма сөз, радио жана телекөрсөтүү сыяктуу классикалык каражаттардан азыркы соцтармактарга чейинки жолду тез арада басып өткөн журналистиканын жолу менен бирге изилдөөнүн өзү эле илимий кызыгуу жарата турган факторлордун бири. Ушундан улам, бул диссертациянын темасын актуалдуу кылып турган бир нече жагдай бар.

Биринчиден, эгемендик келгенине 33 жыл өткөнүнө карабастан, илимий чөйрөдө Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары өзүнчө тема катары жетиштүү изилденген эмес. Демократия, сөз эркиндиги, адам укуктары, эл аралык интеграция, аймактык коопсуздук, бийлик бутактарынын тең салмагы сыяктуу темалардын жанында улуттук кызыкчылыктар илимий кызыгуунун предмети катары салыштырмалуу көлөкөдө калып келгени белгилүү. Бул эгемен мамлекеттин маңызына да, андагы коомдук илимдердин табигый вазийпасына да туура келбейт. Ошондуктан улуттук кызыкчылыктарды жана улуттук коопсуздукту изилдөөнүн категория-түшүнүк аппаратын таанып билүү да, алардын алкагында мамлекетте болуп жаткан маселелерди талдоо да ата мекендик саясий илимдин чектеринде чоң мааниге ээ.

Экинчиден, улуттук кызыкчылыктарды ийгиликтүү ишке ашырыш үчүн ага байланышкан маселелер саясий жана илимий чөйрөдө гана талкуунун жана талдоонун предмети болгону аздык кылат. Ал тууралуу маалымат коомчулукка жетип, жарандардын мүмкүн болушунча кеңири чөйрөсүндө кызыгуу жаратып, бийлик тандап алган чечимдер түзөтүүгө дуушар болуп же колдоо табышы зарыл. Мындай талкуунун масштабын камсыз кылуунун эң көнүмүш жолу болуп массалык маалымат каражаттары эсептелет. Кыргызстанда сөз эркиндиги башка коңшулаш мамлекеттерге

салыштырмалуу кыйла өнүккөнүнө карабастан, анда улуттук кызыкчылыктардын чагылдырылышы ММКдагы темалардын арасында жетиштүү ачыла элек болчу. Бул эгемен Кыргызстандын шартында ММКнын жогоруда айтылган эң маанилүү иш милдеттеринин бири изилденбей келген деген кеп.

Үчүнчүдөн, улуттук кызыкчылыктар да, аларды чагылдырган массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшү да өзгөрмөлүү факторлор экенин эске алыш керек. Медиа каражаттарынын техникалык жактан өнүгүшү дүйнө жүзүндө, анын ичинде Кыргызстанда да аудиториянын көңүлүн көнүмүш маалымат каражаттарынан социалдык тармактарга жана санариптик платформаларга улам көбүрөөк тарта баштаганы жалпыга белгилүү. Социалдык тармактардын саясий, геосаясий, идеологиялык жана социалдык таасири заманбап коомду, азыркы мамлекеттердин, анын ичинде Кыргызстандын абалын кандай өзгөртө тургандыгы азырынча белгисиз жана келечектеги изилдөөлөрдүн предмети болуп эсептелет. Мындай шартта бир жагынан эгемендик менен кошо келген сөз эркиндиги классикалык маалымат каражаттарынан социалдык тармактарга ооп кеткенге чейинки мезгилдеги улуттук кызыкчылыктардын ММКда чагылдырылышы, андагы тажрыйба жана негизги жыйынтыктар талданбай калса - бул ушул багыттагы кийинки илимий изилдөөлөргө сөзсүз терс таасирин тийгизет. Андыктан теориялык да, практикалык жактан да жогоруда айтылган бардык жагдайлар бул темага кайрылуунун өзгөчө актуалдуулугун жана өз убагында болгонун далилдеп турат.

**Изилдөөнүн объектиси -** учурда тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөлүк геосаясий процесстерде Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун ММКда чагылдырылышы.

**Изилдөөнүн предмети -** улуттук кызыкчылыктардын жана коопсуздуктун теориялык жана практикалык маселелери жана алардын ММКда чагылдырылышын саясий талдоо**.**

**Диссертациянын ири мамлекеттик жана илимий программалар менен байланышы** Бул диссертациялык изилдөө автордун жеке демилгесинен жаралды. Автор Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин эксперттик аналитикалык тобунда: улуттук коопсуздук, заманбап саясий процесстердин көйгөйлөрү боюнча эксперттик топто адис катары катышкан (2010-2013 жж). Андан тышкары КРнын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинине көз каранды эмес адис катары тартылып, массалык маалымат каражаттарында жарыяланган айрым материалдар жана саясий процесстер боюнча эксперттик корутундуларды чыгарууга түздөн-түз катышат. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Фундаменталдык илимдер институту тарабынан уюштурулган жана кыргыз өкмөтү каржыланган ***«Борбор Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттердин ортосундагы аскердик-саясий мамилелердин заманбап көз караштарын жана көйгөйлөрүн изилдөө жана мүмкүн болгон чек арадагы куралдуу кагылышууларды жөнгө салуу (чечүү)»*** деген долбоордо иштеген.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты - азыркы геосаясий процесстердеги Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун абалын, буга байланышкан көйгөйлөрдүн ММКда чагылдырылышын ар тараптуу изилдөө жана талдоо.

Бул максатка жетиш үчүн төмөндөгүдөй илимий-теориялык милдеттер коюлду:

- Улуттук кызыкчылыктар, коопсуздук жана геосаясат боюнча Кыргызстандык окумуштуулардын жана чыгыш ойчулдарынын ойлоруна, аныктамаларына токтолуу;
- Кыргызстандын геосаясий процесстердеги ордун, анын улуттук кызыкчылыктарына байланышкан процесстерди иликтөө;

- Саясий-социалдык талдоонун негизинде улуттук кызыкчылыктардын критерийлерин жана өлкө коопсуздугунун абалын талдоо;

- Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун көйгөйлөрүн аныктоо;

- Улуттук кызыкчылыктарды калыптандырууда жана туюндурууда кыргыз интеллигенциясынын ролун ачып берип, анын ар кандай тарыхый этаптарын жалпылоочу белгилерине жараша бөлүп көрсөтүү;

- Массалык маалымат каражаттарынын заманбап улутту калыптандыруудагы жана улуттук кызыкчылыктарды туюндуруудагы салттуу ролун жана маанисин түшүндүрүү;

- Кыргызстандагы ММКлардын өнүгүү тарыхына сереп салып, анын ар кайсы этаптарында улуттук кызыкчылыктарды туюндуруунун өзгөчөлүктөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө баа берүү;

- Кыргызстандын ММКларынын азыркы абалына жана таасирине илимий фактылардын негизинде кеңири талдоо жүргүзүү;

- ММКдагы коопсуздука жана улуттук кызыкчылыктарга байланышкан макалаларга контенттик талдоо жүргүзүүнүн ылайыктуу методикалык негиздерин табуу;

- Кыргызстан эгемендик алгандан берки жылдардагы улуттук кызыкчылыктарга байланышкан ММКдагы негизги темаларды жана алардын коомдук-саясий резонансын аныктоо;

- эгемендикке, улуттук иденттүүлүккө жана жарандык биримдикке байланыштуу ММКдагы материалдардын мисалдарына жана өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;

- коопсуздукка байланыштуу улуттук кызыкчылыктардын ММКда чагылдырылышынын мисалдарына жана өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;

- Кыргызстандын экономикалык кызыкчылыктарынын ММКда чагылдырылышынын мисалдарына жана өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;

- улуттук кызыкчылыктарды коргоого жана аларды ММКда чагылдырууга байланыштуу илимий жана практикалык сунуштарды киргизүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгынын элементтери жана негизги жыйынтыктары**

Изилдөөнүн биринчи жаңылыгы - биздин өлкөдө саясат илиминде биринчилерден болуп улуттук кызыкчылыкка жана улуттук коопсуздукка ар тараптуу жана комплекстүү изилдөө жүргүзүлгөндүгүндө. Экинчи жаңылыгы - анын кыргыз тилинде жазылгандыгында. Үчүнчү жаңылыгы - Кыргызстанда улуттук кызыкчылыктарды чагылдыруунун негизги каражаттарынын бири катары ММКнын ролу талданып чыкканында.

Ага ылайык илимий жаңылык макамына ээ төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынды:

- Батыш изилдөөчүлөрү өз эмгектеринде улуттук коопсуздукка жана кызыкчылыктарга саясий категория катары кеңири токтолушкан;
- Чыгыштагы окумуштуулардын, ойчулдардын бул багыттагы ойлорунда да улуттук кызыкчылык жана коопсуздук боюнча маанилүү саясий-философиялык ойлордун топтому болгон;
- кыргыз калкынын оозеки чыгармачылыгында, этносаясатында, тарыхта белгилүү инсандардын, жети акенин акылман кептеринде улуттук кызыкчылыкка жана коопсуздукка байланышкан аныктамага барабар саясий философиялык ойлор кездешет;
- улуттук кызыкчылык жана коопсуздуктун политологиялык концепциясы этносаясий, этнопсихологиялык жана этносоциологиялык изилдөөлөрдүн жетишкендиктерине муктаж жана методологиялык багыттамаларды иштеп чыгууда категориялык аппаратты түзүп алуу илимий жактан чоң мааниге ээ;
- Кыргызстандын жарандарын өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарынын, улуттук баалуулуктарынын, улуттук коопсуздук көйгөйлөрүнүн тегерегине баш коштуруу - учурдун кечиктирилгис маселеси;
- кыргыз элинин улуттук кызыкчылыктарын туюндурууда кыргыз интеллигенциясы чоң роль ойногон. Көчмөн доордо бул катмардын ролун сөзмөр, чечен, даанышмандар аткарса, совет мезгилинин алгачкы

жылдарындагы кыргыз интеллигенция өкүлдөрү түздөн-түз азыркы заманбап мамлекеттин пайдубалын кадимкидей түптөп чыгышкан. Совет мезгилинде кыргыз интеллигенциясы саясий жактан эркин болбосо да, жалпы жонунан илим-билимдин, маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошкон.

Эгемендик келгенден берки жылдардагы кыргыз интеллигенциясынын улуттук кызыкчылыктарды туюндуруудагы дарамети толук ачылбай келатат. Анын олуттуу себептеринин бири – кыргыз интеллигенция өкүлдөрүнүн заманбап санариптик платформаларды натыйжалуу пайдаланууну өздөштүрө электиги;

- өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарына байланыштуу ММКда эң көп чагылдырылган маселелер болуп эгемендикти бекемдөө, чек ара коопсуздугу жана өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн коргоо, кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгү жана жарандык биримдикти камсыз кылуунун каражаттары, өлкө калкынын демографиялык абалы жана миграциялык процесстердин зыяны, ата мекендик өндүрүшчүнүн кызыкчылыгы жана тышкы карыздын көлөмү ж.б. эсептелет;
- улуттук кызыкчылыктардын ММКда чагылдырылышын баштан-аяк, тоталдык негизде изилдөөгө бул боюнча материалдардын өтө эле көптүгү, санариптик архивдердин сапатынын төмөндүгү тоскоол болот;
- улуттук кызыкчылыктарга байланышкан маселелер боюнча ММКда жарык көргөн материалдардын тематикасы бул багыттагы проблематиканын реалдуу актуалдуулугуна, коомдук-саясий резонансына негизинен туура келет;
- Кыргызстанда улуттук кызыкчылыктарды чагылдырууга адистешкен коомдук-саясий да, илимий да ММК жок. Бул кенемтени журналисттер менен публицисттер эркин ММКлардын мүмкүнчүлүгүн пайдалануу менен толуктап келатышат;
- ММКда Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын чагылдырылышы мамлекеттик системалуу саясаттын эмес, бул темага өздөрү кызыкккан журналисттер менен публицисттердин аракетинин, жарандык позициясынынын жемиши болуп саналат. Мында эл аралык ММКлардын

бейтараптыкты кармануу боюнча талаптары журналисттердин бул багыттагы жеке демилгесине жолтоо боло албайт;

- улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү бир катар маселелерди чагылдырууда эркин ММКлар менен мамлекеттик ММКлардын, кыргыз тилдүү жана орус тилдүү ММКлардын позициясында олуттуу айырмачылыктар кездешкен учурлар бар. Атап айтканда, мамлекеттик ММКлар улуттук кызыкчылыктардын өзүнө караганда алар тууралуу бийликтин позициясын түшүндүрүүгө көбүрөөк басым жасашат. Бул жагынан эркин ММКлар улуттук кызыкчылыктарды чагылдырууда алда канча көбүрөөк мүмкүнчүлүккө ээ. Орус тилдүү ММКлар мамлекеттик тил катары кыргыз тилинин ролун күчөтүүгө багытталган материалдарды дээрлик даярдашпайт жана ЕАЭБ, КМШ, ЖККУ сыяктуу уюмдар менен интеграцияга көбүрөөк маани беришет;
- ММКда улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча бир катар алгылыктуу сунуштар, аналитикалык материалдар кездешет. Бирок алар чечим кабыл алуучу тараптарга жеткени жана колдонулганы тууралуу мисалдар жок;
- улуттук кызыкчылыктарды чагылдырууда салттуу ММКлардын ролу артка сүрүлүп, социалдык тармактар жана санариптик платформалар алдыңкы орунга чыгууда. Алардын таасири жана өзгөчөлүктөрү өзүнчө изилдөөлөрдү талап кылат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын теориялык жана практикалык мааниси** - анын мазмунунда фактологиялык материал, теориялык талдоо, жыйынтыктар жана сунуштар болгонунда, алар КРда буга чейин чала изилденген улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук багытындагы түшүнүктөрдү тереңдеткенинде, ага тиешелүү маселелердин ММКда чагылдырылышынын өзгөчөлүктөрү тууралуу жетиштүү илимий маалымат бергенинде.

Изилдөөнүн жыйынтыктары өлкөнүн саясий жетекчилигине коопсуздук жана улуттук кызыкчылыктарды коргоо жаатында процесстерди башкарууга кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет. Алар мамлекеттүүлүктү чыңдоо,

эгемендикти, ички саясий туруктуулукту сактоо жана өнүккөн укуктук жарандык коомду калыптандыруу идеяларын Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын жана коопсуздугунун тегерегине топтоого багытталат.

Изилдөөнүн жоболору жана сунуштары мамлекеттик органдар, коомдук уюмдар жана эксперттер тарабынан ички мамлекеттик деңгээлде заманбап саясий процесстерди талдоодо колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык иштин мазмунун ЖОЖдордо «Улут аралык мамилелер», «Саясат таануу», «Тышкы саясаттын негиздери», «Конфликтологиянын негиздери», «Улуттук коопсуздуктун концепциясы», «Улуттук коопсуздуктун көйгөйлөрү», «Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары жана аларды коргоонун ыкмалары» ж.б. предметтерди окутууда колдонууга болот.

**Диссертациянын жактоого алынып чыккан жоболору:**

1. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук буга чейин саясат таануу илиминин категорияларына **кирбегенине карабастан**, дүйнөдөгү саясий турмуштун өзү да, анын тегерегиндеги илимий изилдөөлөр да бул түшүнүктөрдү **негизги саясий категорияга айландырууда**. Батыш жана орус окумуштууларынын бул багыттагы изилдөөлөрү жетиштүү болгондуктан, алар негизги илимий булак катары кызмат кыла алат. Биздин көз алдыбызда «коопсуздук», «улуттук кызыкчылык» деп аталган түшүнүктөргө негизделген саясий илимдин жаңы багыты калыптанууда. Кыргызстанда болсо бул эки түшүнүк азырынча саясий термин катары эле каралып, илимий түшүнүк деңгээлине жете элек жана мамлекеттүүлүктү бекемдөөдө маанилүү эки чоң таяныч экени коомдук аң-сезимге жеткиликтүү болушу зарыл. Адамдын инсан катары калыптанышында, социалдашуусунда чоң роль ойногон жогорку окуу жайларында «Улуттук кызыкчылыктар», «Улуттук коопсуздуктун көйгөйлөрү» деген предметтердин окуу программаларына милдеттүү түрдө киргизилиши илимий жактан да, практикалык жактан да маанилүү.

2. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук илимге эле эмес, заманбап саясий процесстерге да мүнөздүү болгондуктан, түшүнүк катары теориялык

жактан да жаңыланып, өркүндөп турушу зарыл. Илимде салт болуп калгандай бул багытта батыш изилдөөчүлөрүнүн эле теориялык иштелмелери эмес, чыгыш окумуштууларынын да улуттук кызыкчылык менен улуттук коопсуздукка байланышкан гипотезалары менен толукталышы зарыл. Ошондой эле кылымдардан бери жашоо кечирип жоголбой келген кыргыз элинин этносаясатында, этномаданиятында, кыргыз ойчулдарынын чыгармачылыгында бул түшүнүктөр камтылгандыктан жана айрым учурларда улуттук коопсуздукка, улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз байланыштуу теорияга, аныктамага барабар айтылган ойлор болгондуктан бул маселени кыргыз кыртышында дагы да тереңдетип изилдөө актуалдуу жана максатка ылайыктуу.

3. Кыргызстан сыяктуу чакан, ошол эле учурда көп улуттуу өлкөдө бардык жарандар жалпы мамлекет кызыкчылыктарына негизделген бийик максаттардын астында, ынтымак-ырашкерликте жашашы өзгөчө мааниге ээ. Мында титулдук улут болгон кыргыздардын консолидациялык ролу өзгөчө маанилүү. Өз кезегинде өлкөдө жашаган башка улуттар да түпкүлүктүү улуттун айкөлдүгүн, толеранттуулугун, коңшу өлкөлөргө салыштырмалуу бул багыттагы либералдык мамлекеттик саясатын баалап, ушул өлкөдө агарып-көгөргөнүн барктай билип, сырттан сын көз менен карабай, коомдогу процесстерден четте калбай кыргыз эли менен аралашып жашоо кечириши максатка ылайык.

4. Кыргызстандын геосаясий жана геоэкономикалык мүмкүнчүлүктөрүн КМШ менен ЕАЭБ жана Чыгыш Азия, Борбор Азия аймактарындагы күчтөрдүн катышына карап аныктоо зарыл. Мамлекетибиздин азыркы социалдык-экономикалык абалы дагы эле оор. Акча каражат саясатыбыз дүйнөлүк каржы уюмдарынын таасиринде. Энергетикалык, транспорттук жана башка инфраструктуралык коопсуздугубуз Орусия менен Казакстандын таасиринде, экономикалык туруктуулугубуз Кытай мамлекетинин соода-тейлөө багытынан көз каранды. Мындай шартта Кыргыз Республикасы ири державалардын геосаясий таасир талаш оюндарынын курмандыгы болуп

калбаш үчүн көп багыттуу тышкы саясат жүргүзүп, бейтарап позицияны кармануу менен улуттук кызыкчылыктарына бекем туруу жөндөмдүүлүгүн арттырышы керек. Бул болсо өз кезегинде улуттук экономиканын абалынан көз каранды, ушул себептен ири державалардын таасиринен чыгыш үчүн экономиканы көтөрүү - күн тартибиндеги башкы маселе.

7. Мамлекеттин экономикалык багытында ырааттуулуктун, максатка багытталган так, системалуу саясаттын жоктугунан улам экономиканын артыкчылыктуу тармактары өнүккөн жок. Жыйынтыгында Кыргызстан мурдагы союздук республикалардын көбүнөн артта калып, дээрлик 30 жылга жакындаган убакытта дүйнөлүк экономикалык процесстерде өзүнүн татыктуу ордун тапкан жок жана КМШнын экономикасынын курамдык бөлүгү катары да өнүгө алган жок. Коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшү туруктуулукка зыян келтирүүчү экономикалык, социалдык, идеологиялык жана башка таасирлерге кабылып жатат. Демек, улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун көйгөйлөрү биздин шартта толук түрдө өлкөнүн социалдык-экономикалык, идеологиялык абалынан жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугунан көз каранды.

8. Мамлекет учурда социалдык-экономикалык жактан эле эмес, демографиялык жактан да алсыроодо. Кыргыздарда башка улуттарды ассимиляциялоочу сапат начар экени моюнга алуу зарыл. Маселен, XIX кылымдын экинчи жарымында Кытайдан качкан дунгандардын бир бөлүгү Ош-Анжиян тарапка келип отурукташкан. Чүйгө келгендери чоң диаспорага айланды, ал эми Анжиян тарапка кеткендери эбак өзбектерге сиңип кетишкен. XIX-XX кылымдарда Кыргызстанга келгендерине караганда Кашкардан Фергана өрөөнүнө оогон уйгурлар көп болгон. Ал тараптагы уйгурлар өзбектерге аралашып, сиңип кетишти, бизде болсо компакттуу түрдө жашап, жылдан жылга көбөйүп жатышат.

Орусия - биздин өнөктөшүбүз, бир катар эл аралык уюмдар боюнча шериктешибиз, бирок демографиялык маселеде стратегиялык кызыкчылыктарыбыз дал келбейт. Анткени, ал арзан жумушчу күчүнүн

Орусияга агылышына, алардын өз жарандарына айланып, бекемделип калышына кызыкчылыгы бар. Орусия сыяктуу демографиялык саясат жүргүзгөн өлкөлөр жыл санап көбөйүүдө. Жакында дүйнөлүк базарда эмгек ресурстары талашка айланат, жумушка жарамдуу уул-кыздарыбызды дүйнөгө тентитип жиберүү коркунучу жылдан жылга артып барат. Анын коопсуздукка, адам укуктарына, өлкөнүн улуттук курамына жана башка жагдайларга байланышкан бир катар зыяндуу жактары бар. Андыктан өкмөттүк денгээлде демографиялык саясат боюнча улуттук программа иштеп чыгып, аны чукул ишке киргизүү - Кыргызстан үчүн күн тартибиндеги курч маселелерден.

9. Дүйнөлүк геосаясий кырдаалдын динамикалуу түрдө өзгөрүп жатышы, Кыргызстандын эл аралык абалы, эл аралык терроризмдин күчөшү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык процесстердин терс жагдайлары, жарандардын кызыкчылыктарына карата жаңы коркунучтар коомдун, мамлекеттин жана бардык мамлекеттик органдардын алдына улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун бардык багыттары боюнча эң актуалдуу милдеттерди коюуда.

Улуттук коопсуздукту камсыз кылуу Кыргызстан үчүн мазмуну боюнча эң маанилүү маселелерден болгондуктан, мамлекеттик жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн реформалоо эң актуалдуу милдеттерден.

Демек, бардык тармактар боюнча жүргүзүлүп жаткан реформалардын, иш-чаралардын, өзгөрүүлөрдүн мазмуну өлкөнүн өз алдынчалыгын чыңдоого, аймактык бүтүндүгүн ар тараптан бекемдөөгө багытталышы керек.

10. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук Кыргызстанда илимий терминге караганда саясий термин катары көбүрөөк колдонулуп жаткандыктан, аны актуалдаштырууда, мамлекеттик саясаттын урунттуу багыты катары бекемдөөдө ММКлардын ролу өзгөчө. Ошондой эле бул багытта ырааттуу саясатты калыптандырууну, системалуу иштерди жүргүзүүнү бийликтен талап кылууда жана алгылыктуу сунуштарды киргизүүдө интеллигенциянын ролун күчөтүш керек. Саясий элита алсыз, коррупциялашкан, интеллектуалдык дарамети төмөн болуп турган азыркыдай шартта улуттук интеллигенция өлкө келечегине кайдыгер карабастан,

коомдун прогрессивдүү катмары катары өз позициясын так жана ачык билдирип, аны ишке ашырууну бийликтен талап кылышы зарыл. Ошондой жигердүү позиция менен гана интеллигенция улуттун абийири жана ар-намысы боло алат.

11. Эркин жана оппозициялык массалык малымат каражаттары, социалдык түйүндөр улуттук кызыкчылыктарды чагылдырууда жана улуттук коопсуздукка байланышкан маселелерди көтөрүүдө натыйжалуу аянтча болуп калды. Мындан ары да алардын ролун күчөтүү, улуттук кызыкчылыктар үчүн пайдалануу маанилүү. ММКдагы, соцтармактардагы кайрылуулар менен билдирүүлөр мамлекеттик бийлик институттары тез реакция кылган натыйжалуу аянтча болуп калууга тийиш.

12. Улуттук кызыкчылыктарга жана улуттук коопсуздукка байланышкан маселелерди ММКда, соцтармактарда чагылдырып жарыялап, козгоп коюу аларды толук чечпейт. Бул багытта көрүлүүчү чаралардын топтомун, саясий, социалдык-экономикалык так механизмерди иштеп чыгып, ага тиешелүү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына, иш милдеттерине жараша жоопкерчилигин күчөтүү жана жогорку саясий жетекчилик эле эмес, жарандык коомдун жигрдүү мүчөлөрүнүн формалдуу жыйынына отчет бериши маанилүү. Ошондо гана кандай механизмдер, улуттук долбоорлор болбосун ишке ашыруу мүмкүндүгү жогорулайт. Мындай иш-аракеттердин топтому мамлекеттик кызмат системасында эмес, илимий-академиялык мекемелерде, университеттерде, илимий-аналитикалык борборлордо да ишке ашырылышы максатка ылайык.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн жоболору, жыйынтыктары изденүүчүнүн бир катар илимий баяндамаларында, эл аралык жана республикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо апробацияланган.

Аларга:

- 2012-жылдын 18-19-октябрында өткөн «укук коргоо системасында улуттук азчылыктардын натыйжалуу катышуусу» деген темадагы аймактык эксперттик семинарды;
- 2012-жылдын 9-декабрында болуп өткөн «Түрк дүйнөсүнүн биримдиги: кечээ, бүгүн жана эртең» деген аталыштагы Кыргыз-Түрк «Ала Тоо» университети менен КРнын Президенттик аппараты биргелешип өткөргөн эл аралык илимий конференцияны;
- 2017-жылдын 10-октябрында КРнын ТИМине караштуу Дипломатиялык академия менен Конрад Аденауэр фонду биргелешип уюштурган «Азыркы дүйнөлүк заманбап геосаясий мейкиндиктеги маалымат комуникациялык технологиялары» деген илимий-практикалык конференцияны;
- Кыргызстан элинин ассамблеясы уюштурган «Кыргызстандык иденттүүлүктүн калыптанышында этноулуттук иденттүүлүктүн фактору» деген аталыштагы, 2015-жылдын 10-февралында өткөн республикалык конференцияны;
- ушул эле жылы Ж.Баласагын атындагы КУУда болуп өткөн «Кыргыз коомундагы этноулуттук иденттүүлүк» темасындагы тегерек столду;
- «Кыргыз Республикасынын заманбап шарттардагы улуттук кызыкчылыктары» темасы боюнча Жайкы мектепте (2017-ж., Чолпон-Ата ш., ЕККУ борбору КРПМБА менен биргеликте), 2018-жылдын 18-декабрында ГАМСУМО менен ОБСЕ нин өкүлчүлүгү биргелешип өткөргөн «Предупреждение радикализации населения и распространения экстремисткой идеологии в Кыргызской Республике» деген семинар-тренингди;
- КРнын Президентине караштуу Башкаруу академиясы менен ЕККУнун программалык офисинин Аскердик-саясий маселелер боюнча бөлүмү уюштурган «КРнын мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын өкүлдөрүн коопсуздук багытында окутууга болгон керектөөсүн баалоо» жана БААУ, ИИМ, КР ЖАМК жана «Бир дүйнө» өкмөттүк эмес уюму биргелешип

уюштурган «Предупреждение пыток в учреждениях ГСИН Кыргызстана» аттуу семинарды;

- 2019-жылдын 17-мартында КРнын БШКсы менен ЕККУнун Бишкектеги програмалык офиси уюштурган «Саясий партиялардын өнүгүшүнүн укуктук негиздери жарандардын кызыкчылыктарын чагылдыруунун институту катары», 2021-жылдын 19-ноябрында Кыргыз Республикасынын Эгемендигинин 30 жылдыгына арналган « Новая неополитическая ситуация: трансформация власти в постсоветских государствах» тегерек стол,

2022-ж, 6-декабрында УТРК уюштурган "Ааламдашуу шартындагы медиа" аталышындагы эл аралык медиа форум, 2023-жылы КРнын УКМКнын астындагы А.К.Бакаев атындагы кадрларды Профессионалдык даярдоо жана кесипти жогорулатуу институту уюштурган "Маалымат коопсуздугу: азыркы замандын чакырыктар, коркунучтар жана КРнын улуттук коопсуздугун камсыз кылуунун саясий-укуктук аспектилери",

2023-жылдын 9-декабрында өткөрүлгөн "Борбор Азия чөлкөмүндөгү геосаясий оюндар жана Кыргызстан" аталышындагы КР УИАнын Философия институтунун демилгеси менен өткөрүлгөн тегерек үстөл, 2022-жылы 10-ноябрда Ж.Баласагын атындагы КУУда өткөрүлгөн "Кыргыз Республикасындагы чек ара кофликттери", ушул эле окуу жайда 2023-жылы25-майда өткөрүлгөн"Чек ара чыр чатактары: себептери жана жөнгө салуудагы жергиликтүү бийлик институттарынын ролу" 22-апрель, 2022-жыл философия илимдеринин доктору, профессор Эдилова М.М.нын 70 жылдыгына арналган «Гендер философиясы: теория жана практика» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияны;

2023-жылы КРнын УИАда өтөрүлгөн: "Саясат таануу илими кечээ, бүгүн жана эртең", 2023-жылдын 5-февралында өткөн «Анализ водных и энергетических проблем Центральной Азии в свете происходящих глобальных и региональных процессов» 2024-жылы 2024-жылдын 12-13-апрелинде Казахстан Республикасынын Орал шаарында өтөн "Современные научные технологии и инновации: вклад в устойчивое развитие образования и

многополярное мироустройство” эл аралык илимий конференцияда, аталышындагы тегерек үстөл, 2024-жылдын 15-майында КРнын УИАда өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал” деп аталган Кереге Кеңешти айтууга болот.

***Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы***

Аткарылган иштин негизги мазмуну жалпы көлөмү 34 басма табакты түзгөн бир монографияда, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин алган, ЖОЖдор үчүн жарык көргөн «Саясий илимдин негиздери» жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теориясы жана практикасы» деген эки жождор үчүн окуу китебинде, Кыргызстанда жана Орусия Федерациясында РИНЦ системасына, Казастанда «Web of Science» системасына кирген 29 илимий макалада чагылдырылган.

Диссертация 2024-жылдын 19-мартында Ж.Баласагын атындагы улуттук университеттин «Социология жана социалдык иш» жана «Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы» кафедраларынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, жактоого сунушталган.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 5 бөлүмдөн, 14 параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, жалпысынан 259 бетти ээлейт.

## II БАП. АЗЫРКЫ ГЕОСАЯСИЙ ПРОЦЕССТЕРДЕ УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫ ЖАНА КООПСУЗДУКТУ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

### *1.4. Улуттук кызыкчылыктардын жана коопсуздуктун илимий негиздери*

Ар кайсы доорлордогу тигил же бул мамлекеттердин тышкы саясий стратегиясы азыр биз «улуттук кызыкчылык» жана «улуттук коопсуздук» деп атап калган түшүнүктөр менен аныкталат. Арийне, бул категориялар улуттук мамлекеттүүлүк идеясы пайда болуп, өлгөлөр тышкы дүйнө менен байланыш түзүүдө негизги документ катары таанылган Вестфаль системасы жаралгандан кийин гана түшүнүк же теория катары дааналана баштаган [100].

«Улуттук кызыкчылык» түшүнүгү илимий түрмөккө салыштырмалуу кеч кирген. 1935-жылы гана социалдык илимдердин Оксфорд энциклопедиясына киргизилген. Бул түшүнүктүн калыптанышына салым кошкон ойчулдардын ичинен белгилүү америкалык теолог протестант Р.Нибур менен тарыхчы Ч.Бирдге артыкчылык беришет [75]. Ошондой эле «улуттук кызыкчылык» түшүнүгүн жаратуучулардын бири катары 1939-жылы «1919-1939-ж.ж. Жыйырма жылдык кризис» деген китебин жарыка чыгарган англис тарыхчысы Э.Х. Каррды да атоого болот [59].

Өзгөчө Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин *саясий реализм мектебинин* калытанышы менен улуттук кызыкчылык маселесине кызыгуу жарала баштаган. Булардан тышкары «улуттук кызыкчылыктар» концепциясына бараандуу салым кошкон Дж.Кенан, У.Липпман, Г. Моргентау, Дж. Розенау, К.Уолтц, Э.Фернисс ж.б. болсо, Европада бул багытка Р.Арон, П.Ренувен, Ж.Б.Дюрозель, Ф.Брайар, Р.Дебре кызыгуу менен мамиле кылып, изилдөө жүргүзүшкөн [31].

Саясий реализмдин өкүлдөрү «улуттук кызыкчылыкты» бардык эле мамлекеттердин тышкы саясатынын пайдубалы же «тирөөч ташы» катары карашат. Алардын пикиринде, эл аралык саясаттын чытырман токоюнда жол таап кетүүнүн жалгыз ишенимдүү жолу –күчкө негизделген улуттук кызыкчылык концепциясы. Реалист окумуштуулар улуттук кызыкчылыка негизделген тышкы саясат кайсы бир универсалдуу моралдык принциптерди жетекчиликке алган тышкы саясатка караганда артыкчылыкка ээ дешет.

Орусиянын мурдагы премьер министри, салмактуу дипломат Евгений Примаков: «Өзүмдүн тышкы саясаттагы ишмердигимдин башкы максаты -

Орусиянын улуттук кызыкчылыктарын коргоо», - деген. Анын орус ТИМинин башына келиши менен өлкөнүн тышкы саясатына көп өлкөлөрдүн саясий практикасында кездешпеген нравалык принциптерди алып келгенин көп айтышат. Е.М.Примаков улуттук кызыкчылыктар жаатында төмөндөгүдөй кызыктуу ойду айткан: «Мы сейчас переживаем достаточно серёзный момент, что в том числе, выражается в попытках лишить нас возможности защищать национальные интересы. Запас прочности власти уже на исходе.А они должны быть защищены» [82].

Улуттук кызыкчылык деген эмне? Анын маани-маңызы жана түзүмдүк көрсөткүчтөрү эмнеде? Анын мамлекеттик кызыкчылык менен кандай катышы бар? Улуттук кызыкчылыктардын улуттук коопсуздук менен өз ара байланышы эмнеде? Ж.б.у.с. суроолор, албетте, коюлушу мүмкүн. Ушул жана ушуга үндөш суроолордун тегерегинде илимий-саясий чөйрөдө жандуу талкуулар жүрүүдө.

Улуттук кызыкчылык – абстракттуу жана субъективдүү категория, анткени анын параметрлери тигил же бул коомдо өкүмдарлык кылган дүйнө таанымга жана баалуулуктар системасына жараша аныкталат. Ушул себептен улам ага өтө так аныктама берүү кыйынга турат. Бирок ар бир мамлекет эл аралык аренадагы өз ишмердүүлүгүн, согуштук аракеттерин улуттук кызыкчылыктарын коргоо аракети катары түшүндүрүп, актанаары чын. Демек, улуттук кызыкчылык – мамлекеттин керектөөлөрүн чагылдыруу, аңдап түшүнүү, анын жашап кетүүсүнүн жана ишмердүүлүгүнүн өбөлгөсү.

Улуттук кызыкчылыктын реалдуулугу аны ишке ашыруу процессинде ачыка чыгат. Бул процесс болсо өз кезегинде бекем эркке таянган башталышты жана мамлекет бул багытта алдыга койгон максаттарды ишке ашыра турган каражаттардын болушун талап кылат. Мындай көз караштан алганда тышкы саясатты улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруунун маанилүү каражаты катары саноого болот [50].

Жалпылап алганда «улуттук кызыкчылык» түшүнүгүнүн тигил же бул мамлекеттин же улуттун башка мамлекеттер, улуттар менен болгон

мамилесинин контекстинде гана мааниси ачылат. Эл аралык аренада тигил же бул улутка мамлекет өкүлчүлүк кылат. Демек, эл аралык саясаттын лексиконунда улуттук кызыкчылык жөнүндө сөз болгондо эреже катары мамлекеттик кызыкчылыкты, ал эми тескерисинче мамлекеттик кызыкчылыкты айтканда улуттук кызыкчылыкты түшүнүү салтка айланган.

Бул жерде дагы бир белгилей кетүүчү нерсе: укуктук мамлекет – бул аныкталган аймакта жарандык коомдун өзүн өзү саясий уюштурушу [87]. Мындай сыпатта жарандык коомдун өзүн-өзү уюштурууга болгон кызыкчылыгы тышкы дүйнө менен байланышына трансформациялашкан улуттук кызыкчылык улуттук-мамлекеттик кызыкчылык менен айкалышкан. Албетте, мында тигил же бул мамлекеттин эл аралык аренада өз улуттук кызыкчылыктарынын алып жүрүүчү жана коргоочусу боло алган саясий кырдаал жөнүндө сөз болуп жатат.

Улуттук кызыкчылык - ар бир эле мамлекеттин тышкы саясий стратегиясынын альфасы жана омегасы. «Мамлекеттин түбөлүк достору же түбөлүк душмандары болбойт, бирок түбөлүктүү кызыкчылыктары болот ошого жараша дос-душмандары аныкталат» деп туура айтылган. [31] Улуттук кызыкчылыктарды ар бир эле мамлекеттин тышкы саясатынын уңгусу катары санаган саясий реализмдин өкүлдөрүн өзгөчө белгилөөгө болот. Чынында эле эл аралык саясаттын «чытырман токоюнда» туура жолду таап бере турган жалгыз ишенимдүү жол - күч менен айкалышкан улуттук кызыкчылык концепциясы эле.

Эл аралык аренада ар бир эле өзүн сыйлаган мамлекет кандай гана идеологиялык-моралдык жана башка түшүнүктөр болбосун, эгер алар улуттук кызыкчылыктарга дал келбесе четке кагышкан мисалдар көп кездешет.

Карт тарыхта кечээ айыгышкан, элдешкис душмандар өнөктөштөргө айланып, ал эми бүгүнкү өнөктөштөр бир паста душманга айланган учурлар көп. Ушундай парадоксалдуу көрүнүштөрдүн артында улуттук кызыкчылык турат же тигил же бул өлкө улуттук кызыкчылык үчүн ошондой кадамга барат.

Мисалга СССР менен АКШ Экинчи дүйнөлүк согушта антигитлердик коалициянын негизин түзүп, гитлердик Германиягы катуу сокку уруп, женишти камсыз кылышкан. Бирок Экинчи дүйнөлүк согуштун бүтүшү менен геосаясатта кырдаал кардиналдуу өзгөрүүлөргө учурап, ар бири өз тарабынын улуттук кызыкчылыктарын ишке ашырууда шарттарда жана принциптерде эки ача жолго түшкөн. Жыйынтыгында кечээки эле ажырагыстай көрүнгөн өнөктөштөр келишкис душмандарга айланып, баррикаданын каршылаш тараптарында калышкан.

Арийне, бири-бирине каршы турган державалар деле өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарын саясий реализмдин духунда жетекчилике алып тигил же бул эл аралык кырдаалда бир позицияны ээлеп бириге калышкан учурлар да бар. Мисалы, 1956-жылкы англо-франко-израилдик үчилтиктин Египетке каршы агрессиясында Советтер Союзу менен АКШ бир тандемге биригип, тигилердин агрессиясын сынга алып, токтотууну талап кылышкан. Ошондой эле андан кийин 1970-жылдары Кытай картасын пайдаланып АКШ СССРге каршы басым жасаган. Ал эми СССР өз кезегинде Кытай факторун жумшартыш үчүн Батыш менен, биринчи кезекте Вашингтон менен мамилесин оңдоого аракет кылган [31].

Бул мааниден алып караганда «эски дос эстен кетпейт, жаңы дос баркка жетпейт» деген учкул сөз индвидге караганда мамлекетте өзгөчөлүккө ээ болуп саналат. Тарых көргөзгөндөй, мамлекет үчүн геосаясий жактан алганда бир беткей принцип мүнөздүү эмес. Ал эле эмес, жалпы кабыл алынган моралдык-этикалык нормаларды жана принциптерди жетекчилике алып өз кызыкчылыктарын курмандыкка чалууга барган ар кандай коомдук уюмдардан, саясий партиялардан, диний уюмдардан мамлекет кескин айырмаланып турат. Себеби мамлекет өз кызыкчылыгын көз жаздымда калтырышы - кечирилгис нерсе жана жазып-тайып мамлекеттик кызыкчылыктарын соодалап ал принципке кайдыгер мамиле кылган бийликтин, өлкөнүн эртеби кечпи ооматы кетет.

***Улутук кызыкчылыкты түзүүчү негиздер***

Улутуттук кызыкчылыктын негизинде мамлекеттин өзүн сактап калуу деген императив жатат. Мында улуттук кызыкчылыктын контурлары көп жагынан ошол коомдун кызыкчылыктарын чагылдырган идеалдар менен аныкталат десек болот. Ошол эле учурда ошол идеалдар мамлекеттин өзүн өзү сактап калуу боюнча идеясы болмоюнча эч нерсеге арзыбай калат. Тигил же бул мамлекеттин эгемендигин, өз алдынчалыгын сактоо жөндөмдүүлүгүнө шек келтире турган кооптуу параметрлердин топтому бар [50].

Улуттук кызыкчылыктардын концепциясын иштеп чыгууда ар бир эле мамлекет башка өлкөлөрдүн да өз мыйзамдуу кызыкчылыктары болоорун эске алышы маанилүү. «Өзүндү эр ойлосоң өзгөнү шер ойло» деген кыргыз накылы буга үндөшүп турат. Мамлекеттер колдо болгон бардык каражаттарды жана ресурстарды колдонуп, улуттук кызыкчылыктарын коргоого укуктуу. Андай шартта күч колдонуу же күч колдонууга басым жасап коркутуудан баштап зарылчылык туулса согуш ачууга чейин баруу менен (башка айла жок калганда) улуттук кызыкчылыгын коргой алат. Андай шартта Э.Канттын укуктук мамлекет менен жарандын өз ара мамилесинде колдонулган «Менин эркиндигим башка адамдын эркиндиги башталган жерде бүтөт» деген формулага таянган принциби колдонууга ылайыксыз болуп калат [58]. Себеби «тигил же бул мамлекеттин улуттук кызыкчылыгы башка бир мамлекеттин кызыкчылыгы башталган жерде аягына чыгат» деп ойлоо туура эмес. Эгер мындай болгон күндө да мамлекеттер бул принципке макул болушмак эмес. Анткени улуттук кызыкчылыктарды коргоо, ишке ашыруу максатында болгон мамлекет аралык согуштарга жүйө келтирүү кыйынга турмак.Андай эки же андан көп мамлекеттин ортосундагы согуштар, кагылышуулар негизинен ошол өлкөлөрдүн бир эле объектиге, аймакка, жаратылыш ресурстарына, суу жана абаа мейкиндигине байланышкан кызыкчылыктары тогошкон жерде башталат. Көпчүлүк мамлекеттердин тышкы саясий курсундагы ырааттуулук дал ушул улуттук кызыкчылыктар феномени менен аныкталат. Айталы: акыркы 100 жылдыкта Орусияда үч режим алмашса да (Падышалык империя,

СССР жана Орусия Федерациясы) улуттук кызыкчылыктарды бекем коргоого багытталган тышкы саясат уланып келе жатат.

Ал эми Америкада болсо эки партиялуу тышкы саясат деп өтө негиздүү түрдө бекеринен айтышпайт. Анткени ал өлкөдө эки партиянын кайсынысы бийлике келбесин, ар бири АКШнын улуттук кызыкчылыгы үчүн тикеден-тик турган тышкы саясатты улантат [63]. Бекеринен тигил же бул жол менен саясий режимдер алмашкан мамлекеттерде жаңы жетекчилери мамлекеттин тышкы саясаты өзгөрүүсүз калаарын жарялашпайт. Керек болсо эң ысык ымалалаш мамлекеттер да бир гана улуттук кызыкчылыкты көздөгөнү чанда кездешет же жөн гана алардын улуттук кызыкчылыктары бирин бири толуктап турушу мүмкүн.

Мисалга Биринчи  дүйнөлүк согуштан кийин Франция Версаль конференциясында өзүнүн өнөктөшү Германиянын андан ары экономикалык, согуштук-саясий держава катары кайра жаралбашына кепилдик бере турган чечимдердин чыгарылышына жан үрөгөн.

Арийне, Улуу Британия Франциянын андай сактануусун ашыкча кооптонуу деп баалап, ал талаптарды аша чапкан радикалдык аракет, андай кадамдар Улуу Британиянын улуттук кызыкчылыктарына караманча-каршы келет деп эсептеп, колдогон эмес.

Геосаясатта улуттук кызыкчылыкка байланышкан, убагында акыйкат чечим деп саналган кадамдар союздаш мамлекеттердин согушта жеңишинен кийин деле айрым өлкөлөр үчүн тенирден тескери жыйынтыкка алып келген учурлар кездешет. Буга Версаль тынчтык келишими айкын мисал болот. Версаль келишими жеңилүү ызасын тарткан герман элинин улуттук аң-сезимине тескери таасир этип, басынткан жана таңууланган келишим катары кабыл алынган.

Дал ошол себептен улам Версаль келишими герман коомчулугунун калың катмарында реваншистик маанайды жарткан жана немец эли бул келишимди да, кайзердик рейхти жоюунун жыйынтыгында келип чыккан Веймар Республикасын да  кабыл туткан эмес. Ошентип бул  республиканын

башкаруучу чөйрөсүнүн согуштан согушка чейинки аралыктагы негизги аракети Версаль келишимин жокко чыгаруу болгон.

Жыйынтыгында Биринчи дүйнөлүк согушта женген тарап да, жеңилген тарап да утулууга дуушар болгон. Дал ошол Версаль келишимин жокко чыгаруу урааны менен Адольф Гитлер жана анын тарапташтары өтө кыска аралыкта эң күчтүү, заманбап армия түзүп, мурункудан да масштабдуу, кандуу Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышына алып келген десек болот [31].

Реалдуу жана тескери түшүнүктөгү улуттук кызыкчылыктарды коргоо зарылчылыгы өнөктөш тандоодо мамлекет жетекчилерин диний жана идеологиялык берилгендикти жокко чыгарууга түрткөн. 1939-жылы фашистик Германия менен Советтер Союзунун ортосунда түзүлгөн белгилүү пакт буга  айкын мисал боло алат. Гитлер менен Сталин келишкис идеологиялык каршылаштар болушкан. Ага карабай Польшаны бөлүп алууга байланышкан маселеде бул эки тоталитардык мамлекеттин улуттук кызыкчылыктары дал келгендиктен, алардын ортосундагы идеологиялык карама-каршылыктар да таасир эте алган эмес. Бирок ал максаттары ишке ашаары менен бул эки жоолашкан мамлекет бири-бирин жок кылууну көздөгөн айыгышкан согушту баштаган.

Улуттук кызыкчылыктардын калыптанышы экономикалык, социалдык, улуттук-психологиялык факторлор менен айкалышкан татаал жана узакка созулган тарыхий процесстерди өз ичине камтыйт. Мындай сапатта улуттук кызыкчылыктар коомдук-тарыхий феномен болуп саналат да, ал феноменди алып жүрүүчүлөрдүн аң-сезиминен өз алдынча боло албайт. Улуттук кызыкчылыктар конкреттүү улуттун иденттүүлүгү менен тыгыз байланышта болот.

Албетте, улуттук кызыкчылыктар концепциясын дүйнөлүк коомчулукта, өлкөлөрдө өз мамлекетиңдин реалдуу ордун таанып билүүсүз элестетүү мүмкүн эмес. Мында геосаясий көрсөткүчтөр менен катар мамлекеттин ресурстук мүмкүнчүлүктөрү, бирин бири толуктаган, тирешкен,

ар түрдүү багыттагы түзүмдөрдүн, кызыкчылыктардын, артыкчылыктардын, симпатиялардын, антипатиялардын кесилишкен жери эске алынууга тийиш.

Ошондой эле мамлекеттин коопсуздугуна карата болгон коркунучтун мүнөзүн жана келип чыгуу булагын так аныктап алуу зарыл. Анан албетте, мамлекеттин тышкы саясий чечимдерине карата башка мамлекеттердин мүмкүн болгон реакциясын четке кагууга болбойт. Мисалы, экс-президент А.Атамбаевдин 2017-жылкы президенттик шайлоонун алдында Казакстандын президентине карата айтылган орой сөздөрү казак тараптын терс реакциясын пайда кылды. Балким А.Атамбаев улуттук кызыкчылыкты көздөп, өз элинин намысын коргоп коңшу өлкөгө опурулгандыр. Бирок андан жүздөгөн ишкерлер, жүк ташуучулар жабыр тартканы жана ошондон кийин эки коңшу өлкөнүн ортосунда ажырым пайда болгону жашыруун эмес.

Арийне, түпкүлүгүндө андай сөздөрдүн чыгышына казак президенти Н.Назарбаевдин Кыргызстандагы президенттик шайлоого катышып жаткан фаворит талапкердин бирин кабыл алып батасын бергени себеп болуп, анысы өлкөнүн ички ишине кийлигишүүсү катары кабылданган. Ал талапкердин шайлоодо жеңишке жетип калуу мүмкүндүгүнөн чочулоодон келип чыккан ички саясий күрөш геосаясат менен айкалышып кеткен.

***Улуттук кызыкчылыктардын формалары жана ишке ашыруу жолдору***

Улуттук кызыкчылыктардын кагылышы эл аралык мамилелердин субъектилеринин ортосунда реалдуу чатактарды жаратат. Кээде жаңылыш түрдө жалганга негизделип калыптанган улуттук кызыкчылыктардын негизинде да чыр-чатактар пайда болот. Андай эл аралык аренада жалпы кабыл алынган нормаларга кооошпогон мамлекеттин жүрүм турумун актаган жалган түшүнүктөгү улуттук кызыкчылыктар чыныгы жана реалдуу узак мөөнөттөгү улуттук кызыкчылыктарга карама-каршы келиши мүмкүн. Ошондой жалган, ойлонуп чыгарылган улуттук кызыкчылыктарды коргоо максатынын айынан бир кезде АКШ Вьетнамга согуш ачканы, СССР Ооганстанга аскерин киргизгены жогорудагыга айкын мисал болот [77].

Бекеринен 1960-жылдары саясий реализм мектебинин белдүү өкүлдөрү болгон Г.Моргентау, Дж.Кенан, Р.Нибур, У.Липман сыяктуу белдүү окумуштуулар Вашингтондун «Въетнам авантюрасын» Американын улуттук кызыкчылыктарына жооп бербейт деп сындашпаган. Ал эми Ак Үй болсо тескерисинче, дүйнөнүн кайсы гана жеринде болбосун коммунизмдин киришине бөгөт коюу саясаты Кошмо Штаттардын улуттук кызыкчылыктарына дал келет деген пикирде болгон.

Демек тышкы саясий ишмердүүлүктөгү басым жасалчу башкы күч болуп улуттук же мамлекеттик кызыкчылык саналат. Бирок улуттук кызыкчылыктар концепциясы баалуулук нормаларына жана идеологиялык мааниге да чөгөрүлгөн түшүнүк болуп эсептелет. Бул өзгөчө ойлонуп чыгарылган жасалма түрдө калыптандырылган улуттук кызыкчылыктарда даана байкалат.

Сөз болгон бул эки категориянын тең пайда болушунда жана тышкы саясий стратегиянын калыптанышында мамлекеттин жогорку жетекчилигинин баалуулуктары, дүйнө таанымы, принциптери чоң мааниге ээ. Мында жетекчилердин курчап турган дүйнөнү кабылдоосу, дүйнөлүк коомчулук системасындагы башка мамлекеттер арасындагы өз өлкөсүнүн ордуна берген баасы да чоң мааниге ээ.

Дүйнөлөшүүнүн шарттарында жана жогоруда сөз болгон дүйнөлүк мейкиндиктин «жабылышы» сыяктуу процесстерде мамлекеттин эгемендигине байланышкан төмөндөгүдөй бир катар суроолор туулушу мүмкүн:

- Ыкчамдап жаткан интернационалдаштыруу жүрүп, эл аралык уюмдардын ролу күчөп жаткан азыркыдай шартта улуттук кызыкчылык түшүнүгү өз маанисин жоготпойбу?
- Аймактык жана топтук кызыкчылыктар алдыңкы планга чыгып жаткан азыркыдай шартта улуттук кызыкчылыка эмне болот?
- Улуттук-мамлекеттик өз алдынчалык алсырап бараткан азыркыдай тенденцияларда улуттук кызыкчылыктын келечеги кандай болот?

Мындай суроолордун жаралышы жөндүү, себеби айрым адистердин пикиринде заманбап дүйнөдө улуттук кызыкчылыктын актуалдуулугуна күмөн жаралууда.

Албетте, эл аралык аренага таасир этүүдө улуттук кызыкчылык өзгөчөлөнүп турат. Анын үстүнө дүйнөлөшүү, маалымат алмашуунун жеңилдешинин натыйжасында чек аралардын алсырашы сыяктуу процесстер болуп жаткан менен айрым мамлекеттердин элдеринде улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу аракеттери бар. Бул жагынан алганда улуттук кызыкчылык түшүнүк же саясий доктрина катары түп-тамырынан жоголуп кетиши мүмкүн эмес.

Ал эми жогорудагы белгилери боюнча улуттук кызыкчылыктар: турмуштук маанилүү (же башкы), экинчи орундагы, туруктуу, өзгөрмөлүү, узак мөөнөттүү жана конюктуралык болуп бөлүнөт.

Турмуштук маанилүү кызыкчылыктарсыз тигил же бул өлкө узак мөөнөттүү өнүгө албайт. Улуттук кызыкчылыктардын бул түрү бир катар геосаясий көрсөткүчтөр менен аныкталат.

Алар: мамлекет аралык мамилелер системасындагы ал өлкөнүн ролу жана орду, анын баркы жана салыштырмалуу аскердик күч-кубаты, өзүнүн эгемендигин бекем коргоп, коопсуздугуна кепилдик бере алышы.

Улуттук кызыкчылыктын мындай максаттарын ар бир мамлекет өзүнчө баалайт. Мамлекеттин ал максаттарды ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү төмөндөгү факторлордон көз аранды: геосаясий жайгашуусу, тарыхы, маданияты, саясий системасы, жетекчилиги, башка өлкөлөр менен болгон мамилесинин мүнөзү ж.б.

Мамлекет өз кезегинде: саясий, идеологиялык, экономикалык, дипломатиялык, аскердик сыяктуу өзүндөгү болгон каражаттарды жана ыкмаларды колонуп өз кызыкчылыктарын камсыз кылат. Алардын эң акыркы чарасы болуп күч колдонууга багытталган опуза же күч колдонуу (согуш жарыялоого чейин баруу) болушу мүмкүн.  Экинчи орундагы жана өзгөрмөлүү кызыкчылыктар биринчи турмуштук зарыл кызыкчылыктардан келип чыгат

да, тышкы саясий өзгөрүүлөрдүн таасирине жараша өзгөрмөлүү мүнөзгө ээ болуп, мамлекеттин биринчи жана негизги кызыкчылыктарын ишке ашырууда предмет катары кызмат кылат. Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай - мамлекет бардык максаттарды жүз пайыз ишке ашыра албайт. Бул көпчүлүк учурларда мамлекеттер менен сүйлөшүү жүргүзүүнүн жана соодалашуунун татаалдыгы менен байланыштуу. Ал эми негизги улуттук кызыкчылыктар бирикмелер, коалицияларсыз мүмкүн болбогон коопсуздук жана мамлекеттин өзүн өзү коргой алышы менен түздөн-түз байланыштуу. Чынында эле мейли Орусия, мейли Англия болсун XIX кылымдын башында бутүндөй Европага гегомондук кылган кудурети күчтүү Наполеондун армиясын жалгыздап жеңе алмак эмес. Эгер Англия, Орусия, Австро-Венгердик Биримдик үчөө бирикпегенде Ватерлоунун алдындагы салгылашта бардык жагынан күчтүүлүк кылган напалеондук армия жеңилиши күмөн болчу. Балким бул өлкөлөр бирдиктүү союзга бирикпегенде француз императорунун Европа континентиндеги өкүмдарлыгына чекит коюлмак эмес [30 (МБС)].

Ошондой эле Советтер Союзу, АКШ жана Улуу Британия ич ара идеологиялык кескин айырмачылыктарга карабай Гитлерге каршы бир согуштук блоко бирикпесе гитлердик Германия менен милитаристтик Жапониянын тагдыры башкача болушу мүмкүн эле. Бул максатка жетүү биргелешкен жөндөмдүү армия менен эле эмес, биргелешип бекем өндүрүштүк техникалык база түзүү менен гана мүмкүн болгон [26].

***Улуттук кызыкчылыктар менен улуттук коопсуздук түшүнүгүнүн өз ара байланышы***

Мамлекеттин тышкы саясатындагы ийгилик анын так аныкталган улуттук кызыкчылыктарынан эле эмес, ошол кызыкчылыктарды ишке ашыруунун каражаттарын жана механизмдерин так билүүдөн да көз каранды. Эл аралык аренадагы мамлекеттин артыкчылыктуу максаттарынын сап башында өлкөнүн улуттук коопсуздугун сактоо биринчи орунда турат. Биздин көз алдыбызда илимдин жаңы багыты калыптанууда, ал – улуттук

коопсуздукту илимий изилдөөнүн теориясы. Бирок бул түшүнүктүн башаты белгилүү ойчул Гоббстун окууларынан эчак эле орун тапканын жана ал «мамлекеттин башкы милдети - коопсуздукту камсыз кылуу» дегенинен бул багыттагы алгачкы теориялык иштелменин башатын көрүүгө болот. Эгерде андан да ары антикалык доорлордон издесек чыгаан ойчулдар Платон менен Аристотелдин эмгектеринен да коопсуздукка байланышкан ой толгоолорду сөзсүз табууга болот. Арийне, улутук коопсуздуктун өз алдынча теория катары жаралышын XX-XXI кылымдар менен белгилөө оң болот [27].

Бир караганда улуттук коопсуздук терең «индивидуалдашкан» түшүнүктөй туюлат. Себеби ар бир мамлекеттин көйгөйлөрү, күчтүү, алсыз жактары анын ички мүмкүнчүлүктөрүнө жана тышкы чөйрөсүнө карап аныкталат. Анын үстүнө улуттук коопсуздуктун концепциялары, программалары көп маселелерди ачыкка чыгарганга караганда көбүрөөк жаап-жашырып турат. Ушундан улам мындай «өтө индивидуалдашкан», «жарым-жартылай жашыруун», «кармалбаган» улуттук коопсуздук предметин илимий теория катары алып чыгууга болобу деген суроо илимий чөйрөдө коюлуп жүрөт. Биздин оюбузча, албетте, болот.

XX кылымдын акыркы чейрегинде «жаңы дүйнөлүк эрежелердин» жаралышы, жаш эгемен мамлекеттердин пайда болушу, дүйнөлөшүү процессинин күч алышы, эл аралык терроризмдин жайылышы, геосаясий принциптерге жаңыча ой жүгүртүүнүн негизинде улуттук, аймактык, эл аралык коопсуздук маселелери буга чейин болуп көрбөгөндөй актуалдашты. Мындай олуттуу себептерден улам коопсуздуктун ар кандай программалары, доктриналары, концепциялары иштелип чыгып, расмий түрдө кабыл алынууда. Албетте, мындай шартта анын негизин салыштырма талдоодогу жалпы принциптер, мамилелер, ыкмалар, категориялар, түшүнүктөр түзөөрү айкын. Бул жерде тигил же бул өлкөнүн коопсуздугун изилдөөдө концептуалдык каркас, көйгөй талаасы, логикалык түзүм, түшүнүк аппараты сыяктуу жалпы белгилердин болушу мыйзам ченемдүү. Керек болсо бул багытта изилдөө жүргүзгөн эксперттер жана абройлуу борборлор пайда болду

[67]. Ошол эле учурда улуттук коопсуздук предмет аралык мүнөзгө ээ экенин да белгилөөгө болот. Анткени анын тамыры геосаясатка, саясат таануугa, социологияга, мамлекеттин теориясына, эл аралык мамилеге, аскер илимине да байланышат. Акыркы жылдары Кыргызстанда түздөн-түз улуттук коопсуздук маселелерине арналган олуттуу изилдөөлөр жүргүзүлүүдө [77]. Биз сөз кылып жаткан, улуттук коопсуздукка байланышкан маселелердин басма сөздө жарыяланып жатышы да бул предметтин актуалдуулугунан шек жаратпайт. Бул багытта ой толгоолор, көтөрүлгөн маселелер ар кандай болгон менен изилдөөчүлөрдү, саясатчыларды, журналисттерди бир пикирге бириктирип турган бир чындык бар. Ал - улуттук коопсуздук түшүнүгү теориялык жактан да, практикалык жактан да талдоого алууда ары татаал, өзгөчө маанилүү категория экендиги.

Азыркы дүйнөдөгү саясий-социалдык процесстер мамлекеттүүлүктүн негиздерине аяр жана олуттуу мамиле кылуу, ички жана тышкы чакырыктарга өз учурунда, жаңылбай-жазбай жооп кайтаруу өзгөчө маанилүү экенин айгинелеп турат.

«Коопсуздук» түшүнүгү адатта негизги эки теориялык аныктамага негизделген. Биринчисинде «коопсуздук» коркунуч фактысына байланыштуу. «Коопсуздук түшүнүгүнүн объективдүү мааниси жалпы кабыл алынган баалуулуктарга карата коркунучтун жоктугу менен ченелет б.а. субъективдүү маанисинде ушул баалуулуктар ошол коркунучтарга кириптер» [14].

Экинчи теориялык түрмөктө коопсуздук – турмуш-тиричиликтин, жашоонун корголгон абалы.

«Улуттук коопсуздук – бул  душмандык аракеттердин же жөн гана окуялардын жүрүшү менен жаралган, негизги баалуулуктарга карата терс таасирлерден коопсуздукту камсыз кылган абал» [14].

Мамлекеттин, коомдун жана инсандын турмуштук зарыл кызыкчылыктарынын ички жана тышкы коркунучтардан корголгон абалы коопсуздук катары түшүндүрүлөт.

Дагы бир теориялык иштерге ылайык, өлкөдө согуш же анын жашоосуна, өз алдынча өнүгүшүнө тыштан коркунуч болбогон абал; мамлекетке бүтүндүк сактап, эл аралык мамилелер системасынын өз алдынча субъектиси болушуна мүмкүнчүлүк берген абал [7]. Ар бир өлкө (коом, мамлекет, эл) аймактык жана эл аралык мамилелердин жана байланыштардын татаал системасына кирет. Ошондуктан өткөндө жана айрыкча азыркы доордо улуттук коопсуздукту камсыз кылуу ички гана эмес, көбүнчө тышкы факторлор менен шартталат. Коопсуздуктун негизги субъектисине жарандар, коомдук жана башка уюмдар жана бирикмелер менен катар мамлекет да кирет. Улуттук коопсуздуктун ар бир субъектиси белгилүү ички жана тышкы чөйрөдө мамлекеттик-укуктук (саясий), согуштук, социалдык, экономикалык, экологиялык жана руханий (гуманитардык) багыттарда аракет кылат. Улуттук коопсуздуктун түзүмүндө анын ар бир элементи башка элементтери менен тыгыз байланышкан, бирок ошол эле учурда салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ: мисалы, согуштук, экологиялык, маалыматтык коопсуздук. Улуттук коопсуздук системасында өзүнүн өзгөчө баалуулуктары менен артыкчылыктуу багыттары бар. Алардын иерархиясы улуттук коопсуздуктун регионалдык жана эл аралык түзүмдөрүнө тиешелүүлүгүнөн гана эмес, өзүнүн мазмунунда ар бир элемент өзүнүн доминантасынын болушу менен да аныкталат. Жарандар үчүн алардын укуктары жана эркиндиги болсо, коом үчүн  - материалдык жана руханий баалуулуктарды сактоо жана көбөйтүү, ал эми мамлекет үчүн  ички туруктуулук, ишенимдүү коргонуу мүмкүнчүлүгү, эгемендик, өз алдынчалык, улуттук-мамлекеттик жана аймактык бүтүндүк доминанта болуп саналат [8]. Ошону менен улуттук коопсуздукта  бардык социалдык субъектилердин эң зарыл, турмуштук маанилүү кызыкчылыктары менен керектөөлөрү синтезделет. Улуттук коопсуздуктун факторлорун согуштук жана согуштук эмес деп эки чоң топко бөлсө болот. Факторлордун биринчи тобуна кирүүчүлөр:

1. Өлкөнүн куралдуу күчтөрүнүн абалы, алардын сандык жана сапаттык мүнөздөмөсү. Анын ичинде улуттук жетекчилердин колунда өзөктүк жана

кадимки курал-жарактардын жана куралдуу күчтөрдүн негизги түрлөрүнүн (ракеталык күчтөр, РКК, АКК, АДФ, ААК кошулуп) топтолушу, армия менен флоттун согуштук даярдыктарынын жана согуштук мүмкүнчүлүктөрүнүн даражасы.

2. Согуштук аракеттердин мүмкүн болгон сценарийинин, негизги операциялардын багыттарынын, стратегиялык резервдин абалы.

3. Согуштук өнөктөштөрдүн болушу/болбошу. Согуштук-саясий бирикмелерге жана башка мамлекеттер аралык, коалициялык топторго катышуу/катышпоо.

4. Аскерлердин жана флот күчтөрүнүн стратегиялык жайылуусунун мүмкүндүгү, алардын жайгашуусунун, кесипкөй машыгуусунун жана моралдык-психологиялык туруктуулугунун мүнөзү, күжүрмөн тажрыйбанын, аскердик салттын бар-жогу, бардык деңгээлдеги согуш кадрларын даярдоонун даражасы.

5. Согуштук чыгашалардын өлчөмү, алардын түзүмү, согуштук илимий-изилдөөчүлүк жана тажрыйбалык-конструктордук иштердин абалы, согуштук илимдин абалы, согуштук доктринанын мүнөзү.

Ата мекендик жана эл аралык тажрыйба улуттук коопсуздуктагы согуштук факторлор менен катар согуштук эмес факторлордун ролун айгинелейт. Алардын ичинде:

1. Өлкөнүн табигый-экономикалык шарты: экочөйрөнүн мүнөзү, материалдык өндүрүштүн, фундаменталдык жана практикалык илимдин абалы, техника менен технологиянын, транспорттун, каржы-насыя чөйрөсүнүн бардык түрлөрүнүн абалы.

2. Геосаясий фактор: аймактын өлчөмдөрү жана өздөштүрүлүшү, мамлекеттик чек аралардын созулушу жана абалы, коңшу өлкөлөр менен мамилелеринин мүнөзү, геостратегиялык түзүм.

3. Социалдык факторлор: калктын жашоо деңгээли, элдин саясий, маданий-агартуучулук, нравалык, кесиптик, демографиялык, этностук мүнөздөмөлөрү, менталитет, демократиялык өнүгүү деңгээли, саясий

бийликке карата мамилеси, коомдук туруктуулуктун, тартиптин жана укуктук тартиптин деңгээли.

4. Маалымат фактору: мамлекеттин маалымат коопсуздугунун фактору.

5. Мамлекеттик коопсуздуктун факторлору: чалгындоо менен контрчалгындоонун абалы, атайын даярдалган органдар жана андай бирикмелердин даярдыгынын жана аракеттенүүсүнүн деңгээли, терроризмге, уюшулган кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөштүн чыныгы мүмкүнчүлүктөрү жана натыйжалары, мамлекеттик жана жашыруун сырлардын камсыз болушу.

6. Адамдык фактор: анын өнүгүшүнүн жана улуттук коопсуздуктун бүтүндүк системасына киргизилишинин даражасы.

Улуттук коопсуздуктун объективдүү жана субъективдүү бул факторлору өзүнүн табиятынан белгилүү бир комплекске, бирдиктүү системада бирин-бири алмаштырбастан аракет кылуу менен өлкөнүн коопсуз өнүгүшүн камсыз кылат. Өткөн мезгилдерде мамлекеттер өз коопсуздугун согуштук факторлордун эсебинен, курал-жарак, атаандаштык жолу менен камсыз кылууга умтулган тенденциялар үстөмдүк кылган [14].

Ал эми азыркы учурда – өзөктүк куралсыз, зордуксуз, демократиялык тынчтык орной элек шарттарда – улуттук коопсуздук системасында бул факторлордун ролу дагы эле жогору. Ошол эле учурда курал-жарак, атаандаштык жана согуш улуттук жана эл аралык чатактарды чечүүнүн кеңири тараган ыкмасы катары өзүнүн рационалдуу мазмунун жоготуп койду. Алар жеңишке алып келбестен, жалпы кырылууга алып келет. Мындай чындыкты түшүнүү XX-XXI кылымдардын чегинде дүйнөдөгү коопсуздуктун философиялык, геосаясий жана социалдык-нравалык негиздерин түп-тамырынан бери өзгөртөт. Мамлекеттердин өз ара байланышынын жана өз ара көз карандылыгынын күчөшү, көптөгөн глобалдуу коркунучтар сакталып турган шарттарда улуттук коопсуздук жалпы коопсуздуктун, бардык элдердин тынчтыкты сактоо боюнча, демократиялаштыруу, демилитаризациялоо жана

эл аралык мамилелерди гумандаштыруу үчүн аракеттеринин органикалык курамдык бөлүгүнө айланууда.

### 1.5. Улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук чыгыш ойчулдарынын жана ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде саясий приоритеттердин, максаттардын жана каражаттардын системасы катары

Окумуштуулар чөйрөсүндө адатта башкы булак катары батыш, грек ойчулдарынын айткандарын көп колдонуп келебиз. Бул көрүнүш ата мекендик илимде салт болуп калаган.

Бирок чыгыш философиясында, өзгөчө кыргыз элинин карт тарыхында оаздон оозго өтүп келген оозеки чыгармачылыгында коопсуздук, улут кызыкчылыгына жана мамлекеттүүлүккө байланышкан ойлорду өтө көп кездештирүүгө болот. Аларда тигил же бул көйгөлүү маселеге карата айтылган философиялык, турмуштук ойлор ташка тамга баскандай таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, теорияга тете тактыгы менен өзгөчөлөнөт. Болжол менен тогуз кылым мурда жашап өткөн Кет Бука бабабыз коопсуздугубузга коңгуроо каккандай туюлат. Анын төмөндөгү философиялык  ойлору кыргыз эли үчүн өзгөчө азыр актуалдуу болуп турат.

*Салкын тоону кыян жууп,*
*Салт бузулат, сак болгун.*
*Намыс түгөп, ар түгөп,*
*Нарк бузулат, сак болгун.*
*Кара тилин калп минип,*
*Карт бузулат, сак болгун.*
*Калыс сөзүн айта албай,*
*Калк бузулат, сак болгун.*
*Тулпар тоону кыян жууп,*
*Тул болосуң, сак болгун.*
*Кудагыйсыз, кудасыз,*

*Күң болосуң, сак болгун.*

*Кубат-күчүң соодалап,*

*Пул болосуң, сак болгун.*

*Кудуреттүү элдерге,*

*Кул болосуң, сак болгун.*

Дүйнөгө таанымал ойчул, жазуучубуз Чыңгыз Айтматовду да улут коопсуздугуна, мамлекет кызыкчылыгына тиешелүү көйгөйлөр түйшөлткөнүн, ал маселелерге кайдыгер карабаганын төмөндөгү саясий ой толгоолорунан байкасак болот:

«Байлык менен бийлик табиятынан эгиз бирге жүргөн, бири-биринен ажырагылары келбеген көрүнүштөр экенин байкоого болот. Ал экөө биригип ымалалашып кеткени мамлекет үчүн кооптуу болоорун эстен чыгарбашыбыз керек» [8].

Осмон империясы талкаланып, кедеринен кетип бөлүнүп чачырап кетээрде канжыгага башын байлап сактап калган Мустафа Кемал Ататүрк улут кызыкчылыгын жана улут коопсуздугун сактоо жаатында төмөндөгүдөй таамай ой айткан: «Керектөө менен гана чектелип, эч нерсе өндүрө албаган улут – алгач кадыр-баркын, ар-намысын жоготот, бара-бара эркиндигин, жыйынтыгында өз келечегин жоготот» деген [1ЭМК].

Тездик менен өзгөрүп жаткан азыркы дүйнөдө Кыргызстан өзүнүн татыктуу ордун табышы керек. Советтер Союзу тарагандан кийинки 25 жылда өлкөнүн калкы «эптеп эле жан багуунун» айласында болгондуктан ал учурларга «текке кеткен мүмкүнчүлүктөрдүн» жылдары катары баа берилип жүрөт. Анткен менен ошол жылдары да абалды оңдоо жаатында көп аракеттер көрүлгөн. Мисалга алсак, «Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери» (2001) «Жакырчылыкты жоюунун улуттук стратегиясы» (2003), «Децентрализация» сыяктуу бир катар ири праграммалар эл аралык уюмдардын каржылоосу менен ишке киргизилген.

Бирок мамлекеттик башкаруунун натыйжасыздыгынан, коррупциянын гүлдөп өнүккөндүгүнөн жана айрым мамлкеттик органдардын

криминалдашып кетишинен улам алгачкы президенттер башкарган учурда жогорудагы программалар өз максатына жетип мамлекеттин өнүгүшүнө өбөлгө боло алган жок.

Ошондой эле мамлекеттик саясаттагы ирээттүүлүктүн жана максаттуулуктун жоктугу экономиканын приоритеттүү тармактарынын өнүгүшүн шарттаган жок. Жыйынтыгында Кыргызстан мурдагы союздук республикалардын көбүнөн ат чабым артта калып, 20 жыл аралыгында дүйнөлүк экономикалык процесстерде өзүнүн татыктуу ордун таппай келди. Кыргызстандын экономикасы өз алдынча боло алган жок, демек, Борбор Азия аймагынын же КМШнын экономикасынын курамдык бөлүгү катары да өнүгө алган жок.

2010-жылкы апрель революциясынан кийин келген бийлик деле жаңы жумушчу орундарын түзүп, көмүскө экономиканын ачыкка чыгарып экономикада көзгө көрүнөөрлүк өзгөрүүлөрдү жарата алган жок.

Улуттун кеменгери Жусуп Абдрахманов күндөлүгүндө 1930-жылы жазган ойлор азыр да актуалдуу: «Для моих соотечественников Киргизия - не страна, о которой нужно заботиться, которую нужно любить, для которой нужно работать, а только объект, база личного благоустройства. Именно в этом несчастье моего народа».

Ошол мезгилдин чыгаан мамлекеттик ишмери болгон Жусуп Абдрахманов күндөлүктөрүн орусча жазган. Башка тилде жазганына - күндөлүктүн башка жеринде өкүнгөнү да жайы бар экен. Анын бул өкүнүчү «мамлекетти реформалоодон мурун тилди реформалап алыш керек» деген чыгыш ойчулу Конфуцийдин сөзү менен үндөшүп турат.

Мамлекеттин бардык көрсөткүчтөр боюнча абалынын маанилүү мүнөздөмөсү катары чыккан улуттук коопсуздук мамлекеттик уюмдашкан социумдун ички жана тышкы коркунучтарга карата реалдуу жана приоритеттүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрөт.

Улуттук коопсуздукту – инсандын, коомдун, мамлекеттин ички жана тышкы  коркунучтардан корголууга кепилдик берилген абалы деп түшүнсөк өлкө коопсуздугу дагы эле коркунучта экенин моюнга алууга туура келет. Инсандын, коомдун, мамлекеттин болушун жана прогрессивдүү өнүгүшүн канааттандыруу менен ишенимдүү камсыз кылуучу керектөөлөрдүн жыйындысы – турмуштук маанилүү кызыкчылыктар. (Закон Кыргызсой Республики «О национальной безопасности» от 26 февраля 2003 г. №44  (по состоянию на 13 октября 2008 г).

Мамлекеттин коопсуз абалда болушу төмөндөгүлөрдөн көз каранды:

- мамлекеттин ички социалдык-саясий системасынын туруктуулугу;
- социалдык репродукциянын жана социалдык өнүгүүнүн бекем тенденциясы;
- геосаясий мейкиндиктеги туруктуу абал;
- ички саясий жана эл аралык чөйрөлөрдө мамлекетке каршы аракеттерди жок кылуу жана алдын алуу жаатында аракеттеги механизмдин болушу.

Демек улуттук коопсуздукту камсыз кылуу төмөндөгү эки негизги проблемалык блоктор менен байланыштуу:

- мамлекет үчүн коркунуч келтирген жагдайлардын чөйрөсүн аныктоо;
- зыяндуу жыйынтыктарга алып келе турган реалдуу коркучтарды минимизазациялай турган, ошондой эле мамлекеттин сакталып калышына, өнүгүшүнө шарт түзгөн  механизмдердин калыптанышы жана иштеши.

Дүйнөлүк геосаясий кырдаалдын динамикалуу түрдө өзгөрүп жатышы, Кыргызстандын эл аралык абалы, эл аралык терроризмдин активдешүүсү, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негативдүү факторлору, жарандардын кызыкчылыктарына карата коркунучтардын күч алышынын жаңы тенденциялары коомго жана мамлекетке жана бардык мамлекеттик органдардын алдына  улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги

көйгөйлөрүн чечүүнү максат кылган практикалык жактан чоң мааниге ээ эң актуалдуу милдеттерди коюуда.
Буга байланыштуу шарт жагдайлардын жыйындысынан актуалдуулук аныкталат.

Биринчиден улуттук коопсуздукту камсыз кылуу Кыргызстан үчүн мазмуну боюнча эң маанилүү маселелерден болгондуктан мамлекеттик жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн реформалоо учурдагы эң актуалдуу милдеттерден. Бул чөйрөдө жүргүзүлүп жаткан бардык иш-чаралардын, кайра түзүүлөрдүн мазмуну Кыргызстандын өз алдынчалыгын чыңдоого, аймактык бүтүндүгүн ар тараптан сактоого баш ийдирилиши керек.
Экичиден азыр дүйнөдө «чыңалуу очокторунун» болушун шарттаган кырдаал болгондуктан мамлекет аралык коалициялар өз геосаясий пландарын айрым өлкөлөрдүн чечилбеген социалдык көйгөйлөрүнүн аркасы менен башка мамлекеттердин эсебинен чечүүнү көздөшүүдө.
Ушундан улам Кыргыз Республикасында коопсуздук системасынын ориентирлерин укуктук көрүнүш катары аныктоо, укуктук позициядан эл аралык тажрыйбаны изилдөө жана улуттук коопсуздук жөнүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүдө колдонуп ишке ашыруу жагы бышып жетилди.
Үчүнчүдөн Кыргызстандын заманбап тарыхый этабында улуттук коопсуздукту укуктук жактан камсыз кылууну комплекстүү түрдө изилдөө инсандын, коомдун, мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылууда негизги уңгулуу элемент катары кызыгуу жарата баштады десек болот. Бул тармакта тарыхый, ата мекендик жана заманбап чет элдик тажрыйбаны колдонуу менен салыштырма-укуктук изилдөө жүргүзүү келечекте Кыргызстандагы улуттук коопсуздуктун укуктук жактан камсыз болушуна жана ага баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет.
Мында өлкөнүн улуттук коопсуздугун камсыз кылуунун көйгөйлөрүн талдоого алууда системалуу мамиле методологиялык негиз болот. Адистердин пикирине ылайык улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун көйгөйлөрү биздин

шартта толук түрдө өлкөнүн социалдык-экономикалык, идеологиялык абалынан жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугунан көз каранды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы (УП №11) «Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы» бул теманын актуалдуулугун дагы арттырды. Бул программанын мазмуну жана максаты - улуттук коопсуздукту камсыз кылуу жана бул багытта укуктук институционалдык механизмдерди колдоо жана мамлекеттин, коомдун ресурстук мүмкүнчүлүктөрүн Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына жооп бергендей колдонуу.

Бул өз кезегинде Кыргыз Республикасында укуктук мейкиндикти мындан ары консолидациялоо жаатында төмөндөгүдөй чараларды иштеп чыгуунун зарылдыгын айгинелейт: улуттук коопсуздукту камсыз кылуу үчүн укук коргоо күчтөрүнүн курамын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайыкташтыруу; о.э. улуттук коопсуздукту жөнгө салуунун укуктук каражаттары менен камсыз кылуу; Жамааттык коопсуздук уюмдарын түзүүдө, кайра түзүүдө мамлекеттик көз карандысыздыкты жана улуттук кызыкчылыктарды коргоонун укуктук каражаттарын өркүндөтүү. (сноска Государственно-правовой механизм обеспечения национальной безопасности Краснодар Фатима Нурбиева 2011г).

Коопсуздукка карата болгон муктаждык адамдын турмуштук ишмердүүлүгүнүн базистик мотивациялык булактарынын катарына кирет, ал эми социалдык уюмдашуу кадимкидей турмуштук шарттар менен камсыз кылуунун жана табигый о.э. социалдык коркунучтарга биргелешип каршы туруунун ыкмасы жана каражаты. Бирдиктүү социалдык эркке баш ийген социалдык мамилелердин катышуучуларынын жалпы күч-аракети жалгыздап жеңүү мүмкүн болбогон коркунучтарга каршы турууга мүмкүндүк берет. Коомдук мамилелердин татаалданышына жараша социалдык мүнөздөгү коркунучтардын спектри кеңейип, ал эми коркунуч факторунун модификациясы коомдук өнүгүүнүн процессин чагылдырууда.

Коркунуч факторлорунун диалектикалык жактан татаал шарттталгандыгы жана социалдык системанын өнүгүшүнүн абалы объективдүү түрдө алсызданууга түртүп, ал өз кезегинде коопсуздукту камсыз кылуунун социалдык каражаттарынын адистешүүсүнө, өзгөчөлөнүшүнө алып келгендиктен ал уюмдашкан социалдык системанын ажырагыс атрибуту болууда. Коопсуздукту камсыз кылуу системасы саясий-укуктук уюштуруу учурунда спецификалык формага ээ болгон менен мазмуну боюнча өзгөргөн деле жок. Мамлекет, анын институттары жана органдары социалдык, табигый, техногендик мүнөздөгү ички жана тышкы коркунучтарга каршы натыйжалуу каражат болуп калууда. Ички жана тышкы чөйрөлөрдөгү ар дайым болуп турган өзгөрүүлөргө байланыштуу мамлекет жана коом тиешелүү коркунучтардан коргоонун аракеттеги каражаттарын иштеп чыгууга далалат кылып турушкан. Бул азыркы глобалдык жалпы цвилизациялык өзгөрүүлөрдүн шарттарында өзгөчө актуалдашууда.

Заманбап дүйнөдө болуп жаткан азыркы глобалдык өзгөрүүлөр бир катар позитивдүү көрүнүштөр менен катар эле жаңы коркунучтарды жаратуу менен эскилеринин да коркунучун арттырууда, техногендик коркунучтардын денгээлин жана мүнөзүн өзгөртүүдө. Мындай шартта ар түрдүү мүнөздөгү мамлекеттик каражаттарга өзгөчө роль ыйгарылып, мамлекет коопсуздукту камсыз кылууда негизги субъектиге айланды.

Сапаттуу жаңы мамлекеттик саясатка өтүү укуктук чөйрөдө да тиешелүү өзгөрүүлөрдүн зарылчылыгын шарттайт. Дал ушул себептен улам улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун мамлекеттик механизмдерин өнүктүрүүнүн укуктук өңүтү учурда теориялык эле мааниге ээ эмес, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук системасын укуктук жактан реформалоо жаатында прикладдык жактан да чоң мааниге ээ.

Калктын жашоо деңгээлин сапаттык жактан көтөрүү Кыргызстандын XXI кылымда өнүгүшүнүн стратегиялык багыты болуп саналат. XXI кылымда

Кыргызстан акыйкаттуу коому, ден соолугу чың эли, бардык жактан камсыз болгон үй-бүлөлөрү, эркин жарандары бар күчтүү социалдык мамлекетке айланышы - көпчүлүк кыргызстандыктардын тилеги. [26] (МБС)

Кыргызстан бүгүн 90-чу жылдардагы кризистерден, 2005-2010-2023-жылкы коогалаңдардын кесепеттеринен жаңы гана айыгып келе жатат. Адис эксперттердин берген баасы боюнча Кыргызстандын калкынын 70% узакка созулган психо-эмоционалдык жана социалдык стресс абалында жашап жатат. (сноска А.) Өлүмдүн саны төрөткө салыштырмалуу дээрлик эки эсе көбөйгөн. Жумушсуздардын саны иш менен камсыз болгондордун саны менен теңелип калды, бул процесс 2015-жылкы Орусиядагы кризистерден улам орус рублинин баасынын түшүүнөн дагы күч алды. Орусияда жүргөн мигранттарыбыздын бир бөлүгү бул кризистерден улам өлкөгө кайтып келип, жумушсуздардын катарын массалык түрдө толуктай башташты [17].

Учурда жумушсуздардын саны иш менен камсыз болгондордун санына жакындап калды. Борбор Азияда эркектердин жашоосунун узактыгы эң төмөн болуп саналат. Ошондой эле жашоо деңгээлинин эң маанилүү көрсөткүчү болгон калктын кирешеси канааттандырарлык эмес чектен да эчак эле төмөн түшүп кеткен. Базарларда күндө керектелүүчү товарлардын баасы күн санап өсүп, өкмөт күнүмдүк керектөө корзинасы менен айлык акынын суммасындагы айырмачылыкка көңүл бурганга алы деле келбей калды. Кыргызстандын бүгүнкү социалдык саясаты өлкөнү саясий катастрофага алып келиши мүмкүн.

Калыс социалдык саясат жөнүндөгү философия, улут кызыкчылыгына, коопсуздукка байланышкан саясий ой кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында көп кездешет. Айтылуу Арстанбек акындын Женижок акынга берген батасы азыркы кыргыз элитасы, аткаруу, мыйзам чыгаруу, сот бийлик өкүлдөрү үчүн ташка тамга баскандай насаат боло алат:

*Зөөкүрдү чабаар камчы бол,*

*Кургак жерге тамчы бол,*

*Дүлөйлөргө кулак бол,*

*Чөлдүү жерге булак бол,*
*Эл камын көргөн баатыр бол,*
*Алсыздарга жакын бол,*
*Жетимдерге көмөк бол,*
*Канкорлорго касап бол,*
*Калп айтканга мазак бол,*
*Ууруларга мазак бол,*
*Ушакчыга сайгак бол,*
*Эрегиш чыкса элчи бол,*
*Эл журтундун кенчи бол,*
*Кара өзгөй болбой калыс бол,*
*Кошоматтан алыс бол,*
*Жери жокко конуш бол,*
*Эти жокко союш бол.*

Арстанбектин бул саптарында улуттук кызыкчылыкты көздөөнүн элементтери, коопсуздукка кам көрүүгө чакыруу маанайлары бар. Кыргызстандын калкынын чыдамы чегине жетип бара жаткан азыркы шартта чукул арада ойлонулган мамлекеттик социалдык жана экономикалык саясатты иштеп чыгып аны өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлин жакшыртууга багыттоо өзгөчө маанилүү.

Демек жыйынтык чыгарганда бул багыттагы изилдөөлөрдүн жүрүшү жана андан чыккан айрым жыйынтыктар улуттук коопсуздукту мамлекеттик камсыз кылуунун теориялык-укуктук негизин түзөт.

Ушул себептен бул жерде белгилей кетүүчү нерсе - инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктарын натыйжалуу ишке ашырууга тоскоол болуп, анын аркасында бүтүндөй системанын иш жүргүзүшүнө доо кетире турган терс факторлор жоюлганда гана саясий-укуктук системаны коопсуз деп баалаcа болот. Мында саясий-укуктук форманын мазмуну ошол коомго мүнөздүү конкреттүү социалдык нормативдик системаларга (диний, моралдык, каада-салттык) негизделген мамилелерди түзөт. Ал эми социалдык

нормалардын мазмуну коомдук мамилелердин катышуучуларынын турмуштук маанилүү муктаждыктарын канааттандырууга кызмат кылган, ошол коомго тиешелүү баалуулуктарды, рухий жана материалдык жыргалчылыктарды чагылдырат.

Улуттук кызыкчылыкты коргоодо тил маселеси да маанилүү орунда тураарын белгилүү чыгыш ойчулу Конфуций өз эмгектеринде таасын белгилеген. Кытай элинин улуу даанышманы Конфуцийге жанындагылар мындай деп суроо беришет:

«Эгер сиз өлкөнүн башчысы болсоңуз, эң биринчи эмне кылаар элеңиз?

Анда улуу философтун жообу мындай болуптур:

«Албетте, эң биринчи тилди оңдоо менен баштамакмын».

Мындай жоопту уккан элдин баары аны таң калуу менен карап калат. Конфуций сөзүн улайт:

«Тил системалуу, эрежеге таянган, бир тартипте болбосо, сөздөр туура эмес түзүлөт. Сөздөр туура болбосо, сүйлөмдөр айта турган ойду так бере албайт. Ой жакшы, таамай, так түшүндүрүлбөсө, жасала турган иштер туура жасалбай, кээ бир жерлери кемтик бойдон калат. Иштер жана милдеттер өз орду менен так аткарылбаса, салт-санаа, маданият бузулат, Салт бузулса, адилеттик да болбой, башка тарапка ооп кетет. Адилеттик бузулса, эл эмне кыларын билбей калат, анан бул иш эмне менен бүтөөрү да бүдөмүк болот. Так ушул себептен улам эч нерсе тилдей маанилүү эмес» деп түшүндүргөн.

Демек, Конфуцийдин тил тууралуу бул ойлору канчалык таамай жана маанилүү экени көрүнүп турат. Ар бир элдин өнүгүү тарыхында тилдин ролу талашсыз. Тил маселеси улут коопсуздугунун олуттуу фактору катары кызмат кылат жана улуттук кызыкчылыкты коргоодо да чоң мааниге ээ.

Ушул тил маселесине байланыштуу бизде дил көйгөйү да бар.

Азыр биздин элдин өзгөчө жаштарыбыздын акылы жана жан дүйнөсүн бүлүнтүүгө багытталган көзгө көрүнбөгөн согуш жүрүп жатканын мойнубузга албай, сезбей жаткандайбыз. Улуттун аң-сезимине төрт фактор таасир этүүдө.

Биринчиден – бул башынан эле көп кылымдан бери келаткан теңирчилик. Кыргыздар дүйнөлүк диндер болгон христианчылык, ислам жана буддизм пайда болгонго чейин эле жалгыз кудай Теңирге сыйынып келишкен. Ал учурда дүйнөнүн көп элдери бир кудайсыз болушкан. Негизги таянычы жаратылыш менен адамдын бирдиктүү эриш-аркактыгы жана шайкештиги болгон теңирчиликтин таасири менен  кыргыздарда өзгөчө бир ага ылайык оргиналдуу дүйнө тааным, менталитет калыптанган. Бул дүйнө таанымга көчмөн жашоо образынын шарттарында өзгөчө маданият, этика, эстетика, каада-салттар шайкеш келген.

Көчмөндөрдүн маданияты отурукташкан элдердикинен кем калган эмес. Керек болсо айрым өңүттөр боюнча алдыга кеткен жана жалпы адамзаттык маданиятка маанилүү салым кошкон. Бул эми аксиомага айланганы чындык. Кыргыздар көптөн бери көчмөн болуудан калса да жогоруда айтылган «феномен»  улуттук аң-сезимде «уңгу» бойдон калып, көпчүлүк кыргыздардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир этип келет [26].

Экинчиси - исламдын таасири. Коңшу элдер ислам маданиятын, динин кабыл алгандан кийин да бир топ убакытка чейин кыргыздар өздөрүнүн тарыхый ишенимин (теңирчиликти) сактап кала берген.  Кийинчерээк ислам динине толук өткөндөн кийин деле кыргыздарда ата-бабанын арбагына сыйынуу, мазарлардын касиетине ишенүү сыяктуу ислам динине жатпаган ишенимдерин өзгөрткөн эмес. Анткен менен акыркы жылдары калктын исламдашуу процесси күч алып жатканын байкалууда. Жүздөгөн мечиттер салынды, көчөлөрдөн арабдардын улуттук узун кийимдерин кийген жаштарды көп кездештире баштадык. (Билбестиктен улам биздикилер аны мусулман кийими катары кабыл алып калышты). Эгемендик алган жылдардан баштап дээрлик азыркыга чейин курулган мечиттердин саны 2000ден көбөйүп, мектептердин санынан ашты, чынында эле бул аралыкта мектепке караганда мечит көп салынган. Калкыбыз исламды, анын чыныгы мазмунун билүү, терең түшүнүү менен кабыл алса, чыныгы салттуу  исламдык окууларда, шариатта

жазылган эрежелер кыргыздардын жүрүм-турумуна үлгү болсо жакшы эле болмок.

Бирок тилекке каршы андай жүрүм-турумда формалдуулукка, «кожо көрсүнгө» жол брилип, ал өз кезегинде прогрессивдүү, салттуу исламга зыян кылууда. Анын үстүнө бизде азырынча жогорку билимдүү, маданияттуу мусулман элитасы түзүлө элек. А чындыгында бирөөлөрдү сокур тууроо, көчүрүп алуудан ультрасектанттыкка, исламдын агрессивдүү агымдарына өтүп кетүү бир эле кадам. Бул болсо улуттук коопсуздук жана улуттук кызыкчылыкты сактоо маселеси.

Мында эң жакшысы - кыргыздын менталитетине шайкеш келген, анын тарыхый салттарына айкашкан, салтуу жана чеги менен тутулган ислам.
Үчүнчүсү - орус маданиятынын таасири. Дүйнөлүк тарыхтын жүрүшүндө кыргыздардын көчмөн жашоо образынан отурукташкан жашоого эртеби-кечпи өтүшү сөзсүз боло турган көрүнүш болчу. Бизде бул процесс 1917-жылкы Орусиядагы революцияга туш келди. Революция Орусиянын аймагын эле эмес, Орто Азияны, анын ичинен Кыргызстанды да камтыды. Балким биз аларсыз деле отурукташкан турмушка ыктамакпыз? Бирок качан, кандай жолдор, тагдырлар менен? Бул башка суроо... Отурукташкан жашоо образы биз үчүн прогрессивдүү көрүнүш болдубу же көп кылымдык каада-салтты, маданиятты алсыраткан, маанилүү улуттук баалуулуктарды жоготкон жагымсыз жагдай болдубу - ушул жөнүндө кеп кылууну илимий иштин максатына шайкеш деп эсептейм. Совет бийлигинин аркасы, орус элинин күчү менен кечээки көчмөн кыргыз эли тарыхый кыска убакытта эле жоголгон жазмасынын ордуна жаңы жазууга ээ болуп, билим берүүдө, илим-техникада болуп көрбөгөндөй бийиктиктерге жетип, заманбап мамлекеттүүлүгүн калыптандырганы - талашсыз факт. Бирок мындай прогрессивдүү иштер көп кылымдык көчмөн маданиятты, тарыхый салттарды талкалоо процесси менен коштолду.

Татаал тарыхый шарт жагдайлардан улам кыргыздардын мамлекеттүүлүгү (IX-X), жазмасы жоголгон. Арийне, куттуу кыргыз эли көп

кылым өтсө да  мазмуну бай жана ажайып элдик оозеки чыгармачылыгын, эң сонун каада-салтын сактап калган.  Жалпы адамзаттын рухий баалуулугу катары  ЮНЕСКО тарабынан таанылган «Манас» эпосун сактап калды. Көлөм жагынан да, мазмун жагынан да теңдеши жок бул эпосто элибиздин өзүн –өзү сактап калуу, жашоосун улантуу коду калган десек болот. Балким ушул эпостун, тарыхый салттын аркасы менен эч бир дайыны жок жиксиз кеткен айрым элдердей жоголуп кетпей, кыргыз эли   азыркыга чейин сакталып келгенинин сыры ушунда. Совет бийлигинин алгачкы этабында кыргыздардын тарыхый салттары, жада калса «Манас» эпосу  таптык мамиледен улам артта калган, патриархалдык, советтик жашоо образына жатпаган нерселер катары жектелген. Акырындап алардын ордун социалисттик, көп учурда чыныгы мазмуну боюнча орус маданияты ээлей баштаган.  Жетимиш жыл бою ачык да, тымызын да орусташтыруу саясаты жүрүп, анын кесепетин азыр да тартып жатабыз. Биз аз жерден тилибизди эле эмес, улуттук сыймыгыбыз улуттук баш кийимибиз болгон ак калпагыбызды да жоготуп коё жаздадык. Биздин азыр уулдарыбыз, неберелерибиз эне-атасын азыркыга чейин «папа», «мама» деп чоңоюуда.

Орус тилинин жана маданиятынын башка элдердегидей эле биздин жашообузда орду болуш керек, бирок эч качан ал кыргыз тилине, кыргыз маданиятына үстөмдүк кылбашы керек эле.

Төртүнчү фактор - европалык (америкалык) маданияттын таасири.  «Кансыз согуштун» алсырашы, «темир парданын» ачылышы  Советтер Союзу менен Батыштын ортосундагы  мамилени активдештирди.  Анын негизинде массалык маданият советтик адамдардын, өзгөчө жаштардын аң-сезимине агылып кирди. Батыштык жашоо образын көзөмөлсүз пропагандалоо күч алып, кинотеатрлар, телекөрсөтүүлөр акчаны, жырткычтыкты туу туткан кинофильмдерге толуп калды. Биздин жаштардын басымдуу бөлүгү улуттун уңгусун чириткен бул капиталисттик идеологияга берилип кетишти.

Азыр Максат өзүн Максим, Калыйпа өзүн Карина атаганга сүйүнөт. Биздин кыздар америкалыктарды туурап киндиги көрүнгөн топик, тизесинен

өйдө юбка кийип, аны өөн көрбөй деле калышты. Белгилүү болгондой, кийим кайсы бир деңгээлде адамдын ички дүйнөсүн чагылдырат. Демек, жаштарга батыштын жашоо таризи көбүрөөк жагат. Биздеги кафе, ресторандардын үстүндөгү көрнөк-жарнактардын деле аталыштары: Париж, Лас-Вегас, Лондон, Париж, Токио ж.б. Ошол эле учурда батыш маданиятынын залкар адамдары биздин улуттук кийимдерибизге, салт-санаабызга, меймандостугубузга, бир сөз менен айтканда биздин салттуу улуттук маданиятыбызга суктанганына күбө болуп жүрөбүз. Жакынкы эле мисал: Голливуд жылдызы, кийимдин, маданияттын маңызын жакшы түшүнгөн Шерон Стоун биздин «Курманжан датка» фильмин көргөндөн кийин биздин улуттук кийимдерге суктанганын жашырган жок. (Голливуд без ума от кыргызских костюмов 12.11 2014 дело №35). Батыш бут дүйнөгө өз жашоо образынын артыкчылыгын пропагандалап жатканы жашыруун эмес. Ага ылайык улуттук өзгөчөлүктөрдөн, салттардан көз карандысыз батыш демократиясы бүт адамзатка эталон катары сунушталып келет. Ошол эле учурда Батыш моралдык-нравалык жактан терең кризиске кабылганы жашыруун деле эмес. Алып-сатарлык, сүткорлук, баюуну гана негизги максат кылган материалдык баалуулуктар рухий баалуулуктарга үстөмдүк кылып, рухий өнүгүү чектелип калганын батыш эксперттери өздөрү моюнга алышат. Үй-бүлө баалуулук болбой калган, бир жыныстуу никелер көбөйгөн, карыган ата-энесине балдары чоочун болгон коомдон, маданияттан адамзатка үлгү болорлук бир нерсе алыш кыйын. «Биздин эл учурда ар кандай маданияттын таасирине туш тараптан кабылып жатканын моюнга алганыбыз менен биз тышкы дүйнөдөн, башка элдердин маданиятынан изоляцияланып алууга үндөбөйбүз. Биздин коомдун эшиги Батыштын да, Чыгыштын да прогрессивдүү маданиятына, алдыңкы технологияларына ачык болуш керек, бул жерде башка элдин маданиятын менен улуттук маданиятты туура айкалыштырышыбыз керек» дейт профессор Назаркул Бопоев [4 МБС].

Адамда тигил же бул маданият басымдуулук кылганда дүйнөнү кабылдоосу, дүйнө таанымы, жүрүм-турум нормалары да ошого жараша

калыптанат. Ошондуктан дүйнөлөшүүнүн жана исламдашуунун шарттарында Батыштын жана Чыгыштын өнүккөн өлкөлөрүндө элдердин турмуш-тиричилигинин, кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн сактап калгысы келген чочулоосу күч алууда. Ушул себептерден улам «улуттук өзүнчөлүк» «тарыхый салттар» сыяктуу түшүнүктөр чоң мааниге ээ боло баштады. Мисалга Францияда жана ГФРда ал жакта мусулмандардын тездик менен көбөйүп жаткандыгынан немистер менен француздарды өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн, христиандык баалуулуктарын сактап калуу маселеси тынчсыздандырып жатканы байкалат [17].

Орусия менен Казакстандын мамлекет башчылары өздөрүнүн соңку кайрылууларында өз элдеринин улуттук өзгөчөлүктөрүн, салттарын сактап калуунун маанилүүлүгүн баса белгилешти. Ал эми Кытай, Жапония сыяктуу өлкөлөр башынан эле заманбап жашоо менен тарыхый салттарды туура айкалыштырууга өзгөчө маани берип келишкен. Жыйынтыгында алар өз өнүгүүсүндө чоң ийгиликтерге жетишти.

Акыркы учурларда бизде да ушул маселе көп көтөрүлө баштады. Элибиз «ата-бабаларыбыздын чакырыгын», тарыхый тамырыбызга кайтуунун же кайрылуунун зарылчылыгын инстинктивдүү түрдө сезе баштагандай. Буга 2014-2015-2016-2017-2018-жылдары күзүндө Ыссык-Көлдө өткөн «Көчмөндөр оюндарын» элибиз кандай кубануу жана шыктануу менен кабыл алганы мисал болот. Унутта калган «Кара жорго» бийин жаш балдар, керек болсо жетимиштен ашкан карыя болуп көрбөгөндөй ынтаа жана эргүү менен бийлешти [4 МБС].

Элде «өзүн-өзү сактап калуу», улуттук өнүгүү инстинкти ойгонду. Мындай шартта мамлекет андай алга умтулууну жана ойгонууну улуттук кайра жаралуунун уңгусу катары алып кеткенге жан-дили менен колдоосу маанилүү. Кийинки жылдары тарыхый салттарга мамлекеттик денгээлде маани берип калышты, бирок, тилекке каршы, тарыхый каада-салттар жөнүндө сөз болгондо тышкы атрибуттарга (улуттук кийим, боз үй, оюндар, ыр-бийлерге) көбүрөөк маани берилет. Тарыхый каада-салттардын жана

аларда катылган рухий баалуулуктардын маани-мазмуну биз үчүн биринчи орунда болуш керек деп эсептейм. Дал ошолордо натыйжалуу социалдык институттардын, мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн, заманбап шарттарга, талаптарга жооп бере турган идеологиялык дүрмөт, ачкыч катылган. Бул үчүн тарыхый салттарды жана элдин көп кылымдык баалуулуктарын чыгармачылык менен изилдеш кажет. Бул маселени чечүүгө окумуштуулар, чыгармачыл интеллигенция жана бардык эле мекенчил адамдар билек түрүп жигердүү түрдө киришиши керек.

Ал эми мамлекет үчүн бул маселе күн тартибиндеги артыкчылыктуу багыт болууга тийиш. Тарыхый каада-салттарды, башка улуттук баалуулуктарды изилдөөдө системалык мамиле зарыл. Эң башкысы - аларды тезирээк турмушка ашыруунун реалдуу механизмдери жөнүндө ойлонууга мезгил келди [17МБС].

Дагы бир көнүл жубатаарлык жагдай - кыргыз элинин канында айланган, анын жашоо турмушун, саясий маданиятын негтздеп турган нарктуулук жөнүндө КРнын Президенти С.Жапаровдун жарлыгы чыгып, алгылыктуу иштер жүрүүдө. Улутчулдук идеялар менен канча жыл төш кагып келсек да, кыргыз улутунун уюткусун сактап келген нарктуулукка маани берген эмеспиз.

***1.3. Коопсуздукту жана улуттук кызыкчылыктарды коргоодо этностук көп түрдүүлүк маселеси жана аны башкаруунун ыкмалары***

Этностук көп түрдүүлүк маселеси мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылууда, улуттук кызыкчылыктарды коргоодо федеративдик мамлекет болобу, унитардык мамлекет болобу, көйгөйлүү факторлордон болуп саналат.

Кыргыз эли байыркы доорлордон бери эле Евразиянын кең мейкиндигинде көчмөн турмуш кечирип, ар кандай элдер (этностор) менен бирге жашап келгенин карт тарых барактары далилдейт. Кыргыз эли өздөрү менен чогуу жашаган улуттарга сый, айкөл мамиле кылган.

Бирок тигил же бул улуттун (баары эмес)  кайсы бир катмарынын өкүлдөрүнүн чагымчылдыгы, болгонуна, жеткенине топук кылбаган, көптү самаган, аша чапкан аракети болсо сөзсүз жооп кылат. Өз аймагында, кыргыз коомчулугунун арасында жашап агарып-көгөргөндөр түпкүлүктүү улутту, мамлекеттүүлүктү сыйлашын талап кылат. Мында ар кандай чыр-чатактардын, сепаратисттик кыймылдардын жанданып күч алышына бөгөт коюу коопсуздук органдарынын сактыгынан, кужүрмөндүгүнөн көз каранды.

Ар кайсы мамлекетте жарандык лоялдуулуктун өнүгүш процессине көптөгөн компоненттер таасир тийгизет, аларга жарандар мамлекеттен алган жеңилдиктер жана артыкчылыктар кирет. Алардын ичинде негизги орунду жашоонун деңгээли же социалдык кызмат сунуш кылуу жөнүндө камкордук гана ээлебестен, коопсуздукту камсыз кылуу, ал көрсөтүлгөн кызматтан пайдаланууга адилеттүү мүмкүнчүлүк алуу, калктын ар кандай топторунун өзгөчө керектөөлөрүнө көңүл буруу да мааниге ээ болот.

Көп түрдүүлүктү башкаруу – бул социалдык биримдүүлүккө жетиш үчүн коомдогу ар кандай этностук топтордун өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын бириктирип, макулдаштыруу керек экендигин түшүндүргөн, мамлекет ишке ашырган ишмердүүлүк. Бул ар бир мамлекет үчүн маанилүү, себеби, эгер кайсы бир топ анын кызыкчылыктары мамлекеттик башкаруу принцибинде эсепке алынганына ишенбей жатса, анда калктын бөлүгү бул бийликтин легитимдүүлүгүнөн күмөн санайт.

Көп түрдүүлүктү башкаруу мына ушундай маселелерди чечүүгө  жана мамлекеттик башкаруу тармагында мамиле түзүүгө арналган. Бул мамиле биринчи кезекте этнос аралык мамиле тармагына арналган, бирок башка да бир топ социалдык маселелерди чечүүгө көмөктөшөт. А бирок коопсуздук, социалдык чыңалуунун төмөндөшү, жыргалчылыктын адилет бөлүштүрүлүшү жана керектөөлөрдү канааттандыруу бул мамилени ишке ашырууда маанилүү орунду ээлейт, көп нерсеге жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Көп түрдүүлүктү башкаруунун ыкмаларын жана технологияларын ырааттуу пайдалануу –этностук көп түрдүүлүктү чыр-чатактын жана пикир

келишпестиктин булагынан  бир аймакта жашаган ар кайсы улуттун бардык адамдарынын жашоосунун ийгиликтүү өнүгүшүнө жана жакшырышына айлантуага жардам берет.

Көп түрдүүлүктү башкаруу – бул бир жолку эмес, ирээттүү жана үзгүлтүксүз процесс болууга тийиш. Ал башкаруунун бардык деңгээлдеринин курамдык бөлүгү болушу керек. Аны жүзөгө ашырыш үчүн аныкталган төмөнкү талаптарды аткаруу максатка ылайыктуу:

. Мамлекеттик институттардын ичинде жарандардын жана этностордун ортосундагы көп түрдүүлүк жана теңдик өнүгүшү үчүн баалуулук жана ресурс болуп саналган жол-жоболорду, эрежелерди жана ченемдерди кабыл алуу;

. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерде атайын кесипкөй билимдеринин жана көндүмдөрүнүн болушу;

. Башкарууга жана ошондой эле коомдук-саясий жана маданий турмушка да бардык топтордун катышуусуна шарт түзгөн иштиктүү механизмдер, аспаптар жана каражаттар.

Көп түрдүүлүктү башкаруунун максаты – социалдык биримдүүлүк  же «көп түрдүүлүктүн биримдиги», башкача айтканда, «айырмачылыктарды таануу аркылуу биримдик».

Өнүккөн адамдык жана социалдык капитал, өкмөттүн ишенимдүү легитимдүүлүгү, ошондой эле мамлекеттин адамдардын керектөөлөрүн жакшыраак канааттандыра алган тейлөөнү камсыз кылуу аракеттери көп түрдүүлүктү натыйжалуу башкаруунун жыйынтыгы болуп саналат.

Азыркы учурда дүйнөнүн 200 өлкөсүндө 500 миңге жакын этнос жашайт. Цифралар ачык көрсөткөндөй, көп түрдүүлүк адаттан тышкаркы көрүнүш эмес, ал турмуш чындыгынын өзү. XX кылымдын тарыхы бизге көп түрдүүлүк эч кайда жок болуп кетпей турганын гана үйрөтпөстөн, ал андан ары өсө берээрин көрсөттү. Көп түрдүүлүктү жок кылуу же этибар албоо аракеттери же аны жок деген түр көрсөтүү аргасыз каршылыкты жаратат.  Ал болсо узак мөөнөттүү кыйратуучу жыйынтыктарга алып келиши ыктымал, ал эми көп түрдүүлүктү жана кызыкчылыктарды ырааттуу макулдашууну кабыл алуу

чечилбей турган кырдаалдарда да чечим табууга көмөктөшөт. Көп түрдүүлүк Борбор Азиядагы мамлекеттер үчүн мүнөздүү. Көп кылымдар бою көчмөн жамааттардын маршруттарынын көп сандуу маданий жана тилдик топтор менен кайчылаш, мозаикалуу жайгаштырылышы туруктуу жана катуу мамлекеттик чек аралар менен чектелген эмес.

Адамдардын дин, шаарлардын жана өзүнчө аймактардын байыркы тарыхы, көчмөн уруулардын тарыхы, тилди колдонуусу, экономикалык тибинин же кайсы бир өнөргө ээ болушу менен байланышкан окшоштуктары көбүрөөк орун алган.

Мындай социалдык-экономикалык түзүм туруктуу «кошуналардын» биргелешип жашашына гана шарт түзүп тим болбостон, убакыттын өтүшү менен Борбор Азияга келгендерди (мисалга аймакка XIX кылымда көчүп келген дунгандарды) да жеңил кабыл алууга өбөлгө түзгөн. Аймактагы мындай көп маданияттуулуктун жана келгендерди кабыл алуунун салттарынын өтө көпкө дейре сакталышы совет учурунда көчүп келген элдердин аймактын мозаикалуу сүрөтүнө жеңил «кошулушуна» алып келген (немистер, корейлер, гректер, чечендер ж.б.).

Батыш үлгүсүндөгү улуттук мамлекет бул жерде салыштырмалуу кеч өнүгө баштаган. Өткөн кылымдын башында жадиддер кыймылынын өкүлдөрү биринчилерден болуп Түркстан аймагында улуттук мамлекет жашай алат деген идеяны алып чыгышкан. Совет бийлигинин орношу менен Борбор Азияда беш улуттук мамлекет түзүлгөн, ал республикалар калкынын «негизги» бөлүгү катары этностук көпчүлүктү аныктоо принцибинин негизинде куралган. Белгилүү антрополог, Борбор Азияны изилдөөчү Сергей Абашиндин пикиринде, «большевиктер айыл чарбалык айырмачылыктарды улутка айлантышты, анын аркасында ар кандай топтордун ортосундагы мурунку ачык чек аралар эми басып өтүүгө мүмкүн болгон саясий бөгөткө айланды да калды». Ошол эле совет учурунда этностордун өкүлдөрүнө социалдык кызмат көрсөтүүгө, жогорку билим алууга жана кызмат боюнча көтөрүлүүгө олуттуу институционалдык колдоо көрсөтүлгөн.

Социалисттик блоктун кулашы менен мурунку СССРдин жана Чыгыш Европанын жаңы эгемен мамлекеттеринде кырдаал чукул өзгөрдү. Бул өлкөлөрдүн жашоочуларынын курамы көп улуттуу экенине карабастан, башкаруу системасында этностук тармакты башкаруу милдеттерине тиешелүү маани берилген эмес. Сыртынан караганда, этнос аралык мамилелер жакшы сыяктуу сезилээр эле. Ошол эле учурда этностук маселелерге артыкча көңүл буруу карама-каршылыктардын жана чыр-чатактардын күчөшүнө алып келет деп эсептелген. Расмий позиция «этностук сокурдук», этномаданий көп түрдүүлүктү жана жылдар бою топтолгон маселелерди көмүскөдө калтыруу менен мүнөздөлгөн. Бул ар кандай топтордун теңсиздигине, чечимдерди адекваттуу эмес кабыл алууга алып келип, жада калса ар кыл формада ачыкка чыккан кагылышууларга чейин жеткен.

Кыргызстанда жогоруда саналып өткөн процесстердин баары болду. Анын негизинде бүгүнкү күндө этностук көп түрдүүлүктүн маанилүү экенин жана ал маселелерди мамлекеттик башкаруу системасына улуттук кызыкчылыкты жана коопсуздукту эске алуу менен кошуу керек болорун таануу зарылчылыгы келип чыккан.

Акыркы жылдары этностук көп түрдүүлүктүн көрүнүшү сезилээрлик өзгөрүүгө дуушар болду: этностук топтордун саны байкалаарлык өзгөрдү, этностук курамда кыргыз калкынын үлүшү бир топ көбөйдү. Ошол эле убакта Кыргызстан моноэтникалык өлкөгө айланып калган жок, ал көп маданияттуу коом болгондугун улантууда.

Көп түрдүүлүктү башкарууда мамлекет жетектөөчү роль ойноого тийиш. Ал социалдык, саясий жана экономикалык туруктуулуктун кепилдиги гана болуп саналбастан, чектерди орнотот жана ошондой эле этнос аралык мамилелер тармагында жүрүм-турумдун үлгүлөрүн аныктайт. Анын көп түрдүүлүккө багытталган саясаты жана нормалары жалпы коомго таасир тийгизет. Ошентип мамлекет башкаруу үчүн бүгүн көп түрдүүлүк багытында компетенттүүлүк негизги фактор болуп саналат. Ал компетенттүүлүк ар бир

мекеменин деңгээлинде да, ар бир аткаминердин жеке компетенттүүлүгүнүн деңгээлинде да ишке ашышы керек.

Тажрыйба көрсөткөндөй, башкаруунун натыйжалуу иштеши бийлик менен калктын, административдик органдар менен жарандык коомдун жандуу алакасы менен тыгыз байланышкан. Көп учурда бул байланыштар бийликте да, коомдо да жетишсиз болот.

Бул тармактагы башка маанилүү маселе - бийлик менен калктын байланышынын тандалма мүнөзү. Бул мисалы, бийлик жарандар менен жандуу өз ара аракеттенген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында же борбордук органдарда болот, а бирок бардык эле топтор бул өз ара аракеттенүү айлампасына кошула алган эмес. Көп учурда бул этностук жамааттарга мүнөздүү, ошол эле учурда башкаларга да мүнөздүү болушу мүмкүн (мисалы талкуулоо жана чечимдерди кабыл алуу процессине катышпаган жаштар же аялдар).

Мындай саясат эреже катары атайылап болбосо да терс жыйынтыктарга алып келет. Коомдук саясаттын бул тибинде талкууга жана чечим кабыл алууга жарандардын бир эле топтору тартылып турушат жана системалуу түрдө башкалар тартылбайт – бул катардан чыгаруу саясаты деп аталат.

Катарга кошуу саясаты – тескерисинче, чечимдерди кабыл алуу процессине калктын мүмкүн болгон топторунун баарын айрым учурларда гана эмес, дайыма камтууга багытталган. Бул саясат дал ошол мамилени дайыма олуттуу ниет менен ишке ашырууга байланышкан, анткени башкаруу процессине бүтүндөй калкты чындап эле киргизүү бийлик тарабынан маанилүү аракеттерди талап кылат. Ал катардан чыгаруу саясатындай болуп, эч качан «өзүнөн өзү» боло бербейт.

Ошондуктан катарга кошуу саясатын иштеп чыгууга үйрөнүү зарыл, андан кийин бир топ иш-аракеттерди, ал саясаттын системалуу иш жүзүндө ашышы үчүн багытташ керек.

Коомдун жашоосуна бардык этностордун катышуусуна башкаруу органдары көмөктөшө алат же тескерисинче, саясий жактырбастык жана

практика аркылуу этносторду башкалардан бөлүп коюуну күчөтөт. Коомду изоляциялоо жана дезинтеграциялоо чыр-чатактардын коркунучун бир канча эсе күчөтөт.

Билим берүү, турак жай, жумуштуулук, саламаттык сактоо жана социалдык камсыздоо тармактарын, экономикалык жигердүүлүктү колдонуу, натыйжалуу башкаруу аркылуу жамааттарды интеграциялоо татаал маселелерден. Мындан тышкары, жергиликтүү бийликтин ишинин негизги багыты болуп стратегиялык пландоо жана ар кыл жамааттардын биргелешип жашоосун (жөн гана жанаша жашоо эмес) камсыз кылуу зарыл. Мамлекет жарандардын жыргалчылыгын, жарандар мамлекеттин бакубаттыгын көздөп аракетениши үчүн улуттар ортосунда «көпүрөлөрдү куруу» милдети турат.

Бийликти бөлүштүрүүнүн адекваттуу үлгүсүнүн жоктугуна байланыштуу айрым топтор жергиликтүү денгээлдеги саясатты иштеп чыгууга жетишээрлик таасир эте алышпайт. Чечимдерди негизинен басымдуулук кылган топтун өкүлдөрү кабыл алышат, алар кандайдыр бир денгээлде этностук топтордун талаптарын «тазалаган» цензорлор катары чыга келишет. Жергиликтүү деңгээлде саясат иштеп чыгууга аймакта жашаган бардык топтор натыйжалуу катышпаса алардын кызыкчылыктары эсепке алынбай калат.

Жергиликтүү деңгээлде «көпчүлүк» жана «чакан топтор» деген түшүнүктөр көп учурда өз туруктуулугун жоготуп алаарын түшүнүү маанилүү. Мамлекеттик деңгээлдеги доминанта болуп саналган топтор жергиликтүү жамааттын деңгээлинде азыраак болуп калышы ыктымал, бул учурда алардын мүмкүнчүлүгү чектелип калат. Ошондуктан адамдар «жалпы ишке» тиешелүү экенин сезгидей болуп, алардын социалдык биримдүүлүгүн арттыруу маанилүү, бул биримдик жергиликтүү деңгээлден баштап өздөрүнүн жарандык милдетин жана жоопкерчилигин түшүнүүгө чейин камтууга тийиш.

Демократияда ар кандай кызыкчылыктагы топтор болот, ал эми демократиялык башкаруу институттары – бул ар кандай кызыкчылыктардын шартында сүйлөшүүлөрдүн легитимдүү системасы. Бирок көпчүлүк

мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер көп түрдүүлүктү баалуулук катары эсептешпейт, кызыкчылыктарды ачык макулдашуу процесстерине ишенбегендиктен андан кооптонуп турушат. Натыйжалуу башкаруу үчүн ар кандай муктаждыктарды макулдашуу жана акыр-аягында калктын азчылык бөлүгүнө да, көпчүлүк бөлүгүнө да пайда алып келген мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу зарыл.

Ошентип, улуттук азчылыктар маселесин изилдөө улуттук иденттүүлүк менен байланышып, методологиялык жактан уңгулуу маселеге айланганын байкоого болот жана карама-каршылыктар ошондон улам келип чыгат. Мисалга алсак, тигил же бул мамлекеттеги титулдук улут анда жашаган аз улуттар анын тилин, маданиятын, тарыхын сыйлашын каалайт, керек болсо талап кылат. Ал эми улуттук азчылыктар өз иденттүүлүгүн сактап калуу максатында моюн толгошот жана өздөрүнүкүн бергиси келбейт. Мындай тымызын тирештер демократиялуу коомдордун жаны калыптануу процессинде көп кездешет. Бул Кыргызстандагы саясий процесстерде да даана байкалат.

Эмнегедир айрымдар Кыргызстанда жашап, агарып-көгөрүп, баар таап, байаманасы ашып-ташса деле кыргыз тилине өгөй мамиле кылышат.

Кыпгызстандагы улут аралык мамилелер жаатында процесске байкоо салган адамга бул даана байкалып турат.

СССР урагандан кийин мурда Кыргызстан азыркыга салыштырмалуу гомогендүү улут басымдуулук кылган өлкө болсо, ал учурда да, андан кийин да көп улуттуу өлкө өзгөчөлүгүндө болчу. Ошол Союз убагында көп улуттуулук маселеси чоң өлкөдөгү тил бирдигине таянып, орус тили башка тилдерге басымдуулук кылып, улуттардын тилдери жергиликтүү тилдер катары гана бааланып келген.

СССР убагында тилге байланыштуу жүргүзүлгөн, бирок тыюу салынган К.Тыныстанов, И. Арабаев сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн кайрадан жанданышы тилдик иденттүүлүк маселесинин жаралышына себеп болгон.

Окумуштуу социолог К. Boобекова өзүнүн «Тилдин иденттүүлүктүн калыптануусуна тийгизген таасири» деген эмгегинде тилдик иденттүүлүк да жарандык иденттүүлүк сыяктуу эле мамлекеттин кызыкчылыгын көздөп, элдик биримдикти чындай турган көрүнүш экенин белгилейт [16].
Тилдик иденттүүлүк – күнүмдүк тилди туура колдонуп, байланыш куруудa бизди башкаларга тааныта турган жана таасирдүү абалга алып келе турган өзгөчөлүк [96].

Дүйнөдөгү улуттук өзүн-өзү аныктоо жана сепаратисттик жана улутчулдук маанай Кыргызстандан да четтеп өткөн жок. Тактап айтканда, Кыргызстандын түштүгүндөгү өзбек коомчулугунун радикалдуу лидерлеринин арасындагы сепаратисттик маанай этнос аралык кандуу кагылышууларга алып келди. 2010-жылдагы өлкөнүн түштүгүндөгү кайгылуу окуялардан кийин улутчулдук массаны мобилизациялоонун башкы идеологиялык аспабына айланып, ал саясий күрөштө да жигердүү пайдаланыла баштады. Натыйжада улут аралык негизде жаңжалдар, көбүнчө башка этностор чакан тобу менен жашаган жерлерде ар дайым чыга баштады.

Улут аралык мамилелер чөйрөсүн талдоо республиканын кээ бир аймактарында - өзгөчө Ош, Баткен, Жалал-Абад жана Чүй облустарында кырдаал абдан татаал, карама-каршылыктуу жана болжолдонууга мүмкүн эмес мүнөздө экендигин айгинелейт.

Улут аралык жаңжалдардын субъектилери катары көп учурда жаштар жана жашы жете электер боло баштаганы кооптондурат. Баткен облусунун Андарак айылында, Чүй облусунун Жаңы-Жер жана Маевка айылдарында кездешкен фактылар ар кандай улуттагы жашы жете элек мектеп окуучуларынын бейбаштык ниеттеринин айынан болгон.

Этнос аралык карама-каршылыктардын күч алуу коркунучу мурда болуп көрбөгөндөй реалдуу жана мамлекет, коом тарабынан чечкиндүү жана адекваттуу чараларды талап кылат. Ал коомчулуктун турмушундагы күч алган этноаймактык жана жердешчилик фактордун коштолушу менен тереңдейт, бул өкмөттүн Кыргызстандын элинин биримдигин чыңдоо боюнча күч-аракетине терс таасир этет.

Мына ошентип, жогоруда айтылгандар республикадагы улут аралык кырдаалдын татаалданышынын тенденциясы күч алгандыгын айгинелейт. Көп этностуу коом болуп саналган Кыргызстан үчүн улуттук биримдикти түзүү жана чыңдоо мамлекеттин туруктуулугун, коопсуздугун, аймактык бүтүндүгүн жана эгемендигин, анын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүндөгү стратегиялык артыкчылыктуу багыттарды ишке ашырууну камсыз кылуунун негизги шарттарынын бири болуп саналат.

# 2-БАП. ГЕОСАЯСАТ ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ГЕОСАЯСИЙ ФАКТОРЛОРДУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## *2.1. Геосаясат жана геосаясий процесстер*

Учурда дүйнөдө болуп жаткан геосаясий процесстер тигил же бул өлкөлөрдүн улуттук коопсуздук системасына жана улуттук кызыкчылыктарына карата жаны чакырыктардан болуп саналат. Арийне, геосаясат жаңы эле жарала калган жок, ал тамыры тереңге кеткен процесс жана ошол эле учурда көрүнүш. Акыркы жылдары «геосаясат» биздин саясий лексиконубузда эң популярдуу терминге айланды. Бирок бул анын маанисин түшүндүрүү милдетин эч кандай жеңилдете албайт. «Геосаясат» дегенде саясий илим үчүн салттуу болуп калган тышкы саясатты изилдөө багытын түшүнүшөт. Бул дисциплина катары геосаясат ата мекендик жана эл аралык саясий илимдин көңүл борборунда турган заманбап дүйнөлүк

коомчулуктун негизги маселелерин изилдегенине байланыштуу. Ошол эле учурда геосаясаттын маанилүү милдети - аны изилдөөнүн жаңы парадигмаларын, формаларын жана ыкмаларын иштеп чыгуу. Ошондо гана анын предмет катары эмес, илим катары маани-мазмуну аныкталат. Эмесе анын өнүгүү эволюциясына токтололу.

Геосаясий идеялар байкашымча тигил же бул формада мамлекеттик экспансия жана империялык мамлекет феномени менен бир убакта жаралса керек. Ал эми азыркыдай заманбап түшүнүктө XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында калыптанып, популярдуулукка ээ боло баштаган. Эл аралык мамилени жана дүйнөлүк коомчулукту изилдөө тутумунан геосаясий идеялардын жана геосаясаттын өзүнүн пайда болушунун же бөлүнүп чыгышынын дал ошол учурларга туура келишине бир катар факторлор түрткү болгон.

Биринчиден бул – ал учурда глобалдык соода-сатык, конуштар жышталып, дүйнөлүк мейкиндиктин «жабылышы» сыяктуу тенденциялардын акырындап калыптана баштаганына байланыштуу.

Экинчиден европалык аймактык экспансиянын жайбаракат тартышынын натыйжасында дүйнөнү бөлүштүрүү (иш жүзүндө бөлүнгөндөн калганын бөлүштүрүү) жаатындагы күрөштүн катаалдаша башташы менен түшүндүрүлөт.

Үчүнчүдөн ошол процесстердин натыйжасында европалык державалардын ортосундагы туруктуу эмес баланстын башка континенттердеги «жабык дүйнөлөргө» оошу да ушул себептердин катарына кирет.

Төртүнчүдөн образдаштырып айтканда тарых бир гана Европанын тарыхы болуудан калып, дүйнөлүк тарыхка айланышы.

«Геосаясат» (geo – жер, politike- мамлекетти башкаруу саясаты) термининин өзүнүн илимий жүгүртүүгө киришин швед изилдөөчүсү жана саясий ишмери (1846-1922-жылдары жашап өткөн) Р.Челлендин аты менен байланыштырышат. Ал өз өмүр жолунда күчтүү мамлекетти түзүүнүн

жолдорун табуу максатында башкаруу системасын изилдеген. Өзүнүн «Staten som Lifsform» деп аталган эмгегинде ал күчтүн анатомиясын жана анын географиялык негизин ар тараптуу талдоого аракет кылган. Челлен өз ара байланыштагы саясаттын беш элементинин органикалык айкашынын зарылдыгын жазган. Алар: экономсаясат, демосаясат, социосаясат, кратосаясат жана геосаясат.

Мында ал геосаясатты «мамлекетти географиялык организм же мейкиндиктеги феномен катары изилдеген илим» катары мүнөздөйт. Ал гермонафил окумуштуу катары Скандинавия өлкөлөрүнүн тышкы потенциалдуу коркунучтарга карата алсыздыгын моюнга алуу менен Германия империясы башында турган герман-нординд биримдигин түзүүнү сунуш кылган.

Челлен менен катар эле  А.Т.Мэхкен, Г.Макиндер, Дж. Фейргриф, Н.Спайкмендер геосаясаттын негиздөөчү аталары катары саналат. Ал эми XX кылымда Л.С. Эмери, лорд Керзон,  Й.Парч сыяктуу окумуштуулар да геосаясат боюнча өз көз караштарын билдирген, бирок алардын айткандары жогорудагы геосаясаттын дүйнөлүк классиктеринен анча деле өзгөчөлөнгөн эмес.

Эл аралык мамилелер жөнүндөгү салттуу көз караштар негизинен үч китке - тагыраак айтканда аймакка, эгемендикке, мамлекеттин коопсуздугуна таянат. Геосаясатты негиздөөчүлөрүнүн трактаттарында тигил же бул мамлекеттин эл аралык саясатын түшүндүрүүдө анын географиялык абалына негизги орун берилген. Геосаясаттын мааниси мейкиндик жана аймак башаттарын биринчи планга алып чыгуу менен көрүнгөн.

Баштапкы учурларда геосаясат тиешелүү аймактарга түздөн-түз көзөмөл кылуу, согуштук жана саясий басып алуу катары түшүнүлгөн.  Ал эми саясат менен географияны толук байланыштырып тигил же бул мамлекеттин саясатын анын географиялык жайгашкан аймагына  карап изилдөөгө германиялык географ Ф.Ратцел XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында аракет кылган. Анын пикиринде мамлекет «тынымсыз өсүүгө жана аймактык

кеңейүүгө умтулуучу, биогеографиялык организм» катары көргөзүлөт. Ф.Ратцелдин ою боюнча, мамлекеттин жашоосу ал ээлеген аймактын чегиндеги географиялык чөйрө менен шартталган. Мамлекеттердин эволюциясын ачып көрсөткөн бул концепциянын маанилүү түшүнүктөрү - «чек аралардын табигыйлыгы», «жашоо мейкиндиги», «мамлекеттик турмуштук маанилүү кызыкчылыктары», «географиялык абал». Алардын көбү биринчи басылышы 1897-жылы чыккан «Саясий география» аттуу Ф.Ратцелдин эмгегинде баяндалып, негизделген. XX кылымда Германияда, Улуу Британияда, АКШда геосаясий ой жүгүртүүнүн дүйнөлүк борборлору түзүлгөн. 1993-жылы бийликке фашизмдин келиши менен «жашоо мейкиндикти басып алуу» талабы Германиянын саясатынын башкы максаты деп жарыяланган. «Чоң мейкиндик», «Европалык жашоо мейкиндиги», «Чыгыш мейкиндиги» концепциялары «жашоо мейкиндиги» теориясынын курамдык бөлүгү болуп саналган. Генерал К.Хоусхофер геосаясий идеялардын өнүгүшүнө жана германдык геосаясий концепциянын негизделишине маанилүү салым кошкон. Ошондой эле геосаясий идеяларды англиялык жана америкалык окумуштуулар Х.Макиндер, Н.Спайкмен, А.Х.Мэхкэн жана башкалар интенсивдүү өнүктүрүшкөн. Англиялык географ Х.Макиндер дүйнө жүзүндө саясий жана экономикалык көзөмөлдү орнотуу үчүн алгач «ички коңгуроого» –Атлантика  океанын жээктеген аймактарга жана Батыш Европа өлкөлөрүнө ээ болуу зарыл экенин белгилеген. Муну «Хардлендди» –жердин жүрөгүн, б.а. Евроазиянын континенталдык мейкиндигин – Орусияны баш ийдирбестен ишке ашыруу мүмкүн эмес деген [Mackinder H. Demokratik Ideals and Reality. P242.].  Америкалык геосаясатта «панамериканизм», «күчтүн борбору», «көп уюлдуулук», «биоуюлдуулук», «аскердик деңиз кубаттуулугу» түшүнүктөрү иштелип чыгарылып, кеңири жайылтылган. Алар АКШнын саясатынын калыптанышына жана алардын эл аралык позициясына  зор таасир тийгизишкен. 40-жылдардын башында Берлин, Париж, Прага, София жактардагы орус эмиграциясынын

интеллектуалдык элитасы өзгөчө «Орусия-Евразия» концепциясын иштеп чыгышкан. Ал азыркы ушул учурда актуалдуу мааниге ээ болууда.

«Геосаясий мамилелер» түшүнүгүндө адекваттуу чагылдырылган «коом-жаратылыш» системасындагы өзгөчө өз ара байланыштар геосаясат концепциясында бурмаланган түрдө чагылдырылат. Политологияда ал саясий ишмердүүлүктүн, геомейкиндик шарттарынын жана натыйжалардын объективдүү биримдигин абстракттуу формада чагылдырат деп эсептелет. Түрдүү геосаясий концепциялардын келип чыгышында планетада чийкизат жана энергетика ресурстарын бөлүштүрүүнүн теңсиздигинин глобалдуу фактору чоң роль ойноду. Индустриалдык цивилизация шарттарында ал батыш окумуштуулары тарабынан геосаясий теориялардын негизинде жана эл аралык карама-каршылыктарды түшүндүрүш үчүн колдонулган. Көптөгөн политологдордун ою боюнча бир катар мамлекеттердин, айрыкча АКШнын эл аралык саясатында геосаясий мотивдердин ролу күч алууда.

Биз сөз кылган геосаясий процесстер мамлекеттер менен мамлекет аралык бирикмелердин тышкы саясаты аркылуу географиялык мейкиндиктин кучагында ишке ашырылары маалым. Тышкы саясат– ички саясаттын уландысы, анын түрдүү каражаттар жана ыкмалар аркылуу башка мамлекеттер менен болгон мамилесине өтүшү. Анын башкы максаты – бул же тигил мамлекеттин кызыкчылыгын жүзөгө ашыруу, анын элинин жыргалчылыгы үчүн абдан жагымдуу эл аралык шарттарды камсыз кылуу. Ошол эле учурда тышкы саясат түрдүү тармактарда дал келбей турган кызыкчылыктары жана программалары бар көптөгөн мамлекеттердин (азыркы учурда 200гө жакын) болушу менен шартталган, бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Бул болсо мамлекетке көз каранды болбогон, эл аралык укуктун алкагында аракеттенген субъектилердин тышкы саясатта макулдашуусунун зарылчылыгын да пайда кылат. Азыр айрыкча коопсуздукту камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү сактоо, экономикалык мамилелерди өнүктүрүү жаатында глобалдуу жана аймактык маселелердин ролу жана мааниси жогорулап бараткан чагы.

Ошондуктан бирдиктүү жана координацияланган аракеттер гана эмес, мамлекеттердин ички саясатына да кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүү киргизилиши зарыл. Ошону менен тышкы саясат ички саясатты улантып, бекемдөө менен эл аралык реалдуулукка, мыйзам ченемдүүлүктөргө, дүйнөлүк өнүгүштүн критерийлерине ылайык ага түзөтүү киргизет. Тышкы саясаттын башкы каражаты болуп дипломатия – мамлекет башчыларынын, өкмөттүн жана тышкы иштер боюнча атайын органдардын (мис. Тышкы иштер министрлиги) чет өлкөлөрдө мамлекеттердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча расмий ишмердүүлүгү эсептелет. Алардын тышкы саясий максаттары соода – экономикалык, илимий-техникалык, каржы-насыялык жана маданий байланыштарды орнотуу жана жайылтуу жолу менен ишке ашат. Алар расмий деңгээлде, ошондой эле коомдук жана жеке уюмдардын жана мекемелердин жардамы менен жүргүзүлөт. Көптөн бери чет жердеги мамлекеттердин кызыкчылыгы менен тышкы чалгындоо органдарынын ишмердүүлүгү да байланышкан. Азыркы шарттарда тышкы саясаттагы сүйлөшүүлөр саясий компромисстерге жетишүү чеберчилигине айланган.

Тышкы саясаттын түпкү маселелеринин бири – ар бир элдин жана бүткүл адамзаттын кызыкчылыгында дүйнөлүк иштерди жүргүзүүнүн универсалдык куралы катары мамлекеттердин тынч жашоосунун принциптерин ырастоо [10].

Геосаясий процесстер – континенталдык жана планетардык мейкиндиктерде болуп жаткан саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өз ара алакаларынын жыйындысы. Геосаясий процесстердин негизги элементтери катары дүйнөлүк, улуу жана регионалдык державалар, мамлекеттер жана эл аралык уюмдар көрсөтүлөт.

Геосаясий процесстеринин өзгөчөлүктөрү: 1) геосаясий процесстердин тез өзгөрүп турушу; 2) акторлордун мейкиндиктерге көзөмөл кылышы; 3) тышкы жана ички күч борбордоштуруунун стратегиясы [44].

Геосаясий процесстердин өзгөчөлүгү менен катар эл аралык системалардын өзгөчөлүктөрүн окууда ыкмалар ар түрдүү болот. Салттуу-тарыхий, тарыхий-коомдук, аралаш, фундаменталдык жана эмпирикалык ыкмалар бар.

Тарыхый мезгилде геосаясий процесстерди белгилеш үчүн, салттуу тарыхый мамиленин бир аймакта «геосаясий доор» түшүнүгү колдонулат. Мисалы, Европа системасы 1648-ж Вестфаль келишиминин негизинде түзүлгөн, анда Европа өлкөлөрү XIX кылымда тең салмактуулукта болгон. Биполярдык глобалдуу эл аралык система 1945-1990-жж. болгон [101].

Р.Арон эл аралык мамилелерди таануудa тарыхый-коомдук ыкманын негиздөөчүлөрүнүн бири болгон. XVII кылымда грек полиси менен Европа монархияларынын мамилелерин, XIX кылымдагы Европа өлкөлөрүнүн жана Батыш менен Чыгыштын ошол кездеги байланыштарын салыштырууда Р.Арон жалпы мыйзам ченемдүүлүктү издеген [103].

М.Каплан тарыхый маалыматтар теориялык жалпылоолор үчүн жетишсиз деп эсептейт. Ал ар бир системага таандык 5 өзгөрмөнү көрсөткөн: системанын негизги эрежелери; системанын кайра жаралуу эрежелери; акторлордун классификациясынын эрежелери, алардын жөндөмдүлүгү жана маалыматы ж.б [94].

Америкалык окумуштуу Р.Роузкранс тарыхый коомдук жана эвристикалык ыкмаларды синтездөөгө аракет кылган. Тарыхта өзгөчө кырдаалдарды изилдөөнүн негизинде, ал катары менен кеткен тогуз эл аралык системаны бөлүштүргөн: 1740-1789, 1789-1814, 1814-1822, 1822-1848, 1848-1871, 1871-1888, 1888-1918, 1918-1945, 1945-1960 жж. [54].

Андан кийин окумуштуу көрсөтүлгөн ар бир системага талдоо жүргүзгөн. Ал факторлорду аныктоодо системага таасир эткен туруктуулукту же тескерисинче, туруксуздукту аныктаган. Ушундай эле көз караш менен Дж.Френкел, Э.Луард жана Б.Корани эмпирикалык ыкма аркылуу белгилүү бир аймак чегинде эл аралык мамилелер жүзөгө ашырылып жаткандыгын аныкташкан [54].

Геосаясий процесстердин системасын окууда ар кандай ыкмалар колдонулат. Аларды аныктоодо Ф.Брайар, М.Р.Джалили, С.Хоффман, М.Николсон ж.б. изилдөөчүлөр иш алып барышкан. Алар геосаясий процесстерди жалпы планетардык (глобалдык), аймактык, экономикалык, саясий, социалдык, маданий аскердик-стратегиялык ж.б. деп бөлүштүрүшкөн. Изилдөөнүн объектиси болуп туруктуу жана туруксуз, чыр-чатактуу жана биргелеш ыкчам, ачык жана жабык геосаясий процесстер эсептелет [54].

Геосаясий процесстерди изилдөөдө саясий система маанилүү рол ойнойт. Саясий реализм саясий системанын биполярдык, мультиполярдык, тең салмактуулук жана империялык классификацияларын аныктайт.

Саясий реализмдин негизинде М.Каплан эл аралык системанын белгилүү 6 түрдөн турган системасын иштеп чыккан. Биринчи түрү-»Бийлик балансынын системасы» - көп тараптуулугу менен мүнөздөлөт. М.Капландын ою боюнча мындай системанын чегинде иш жүргүзүү 5 улуу державадан кем болбошу керек. Эгерде аз болуп калса система биполярдыкка өтүп кетет. Экинчи түрү - «Ийкемдүү биполярдык система» мамлекеттин катышуусу менен ишке ашат, жалпы катышуучулар (актор) - эл аралык уюмдар. Үчүнчү түрү - «Катуу биполярдык (бекемделген) система». Төртүнчү түрү - «Жалпы система». Бешинчи түрү-»Иерархиялык система» мааниси жагынан өзүнө дүйнөлүк мамлекеттерди камтыйт, улуттук мамлекет өз маанисин жоготкондо, жөнөкөй аймактык бирдикке айланат, бардык багыттар ошол замат токтоп калат. Алтынчы түрү-»Тыюу бирдиги». Башкача айтканда ар бир мамлекет өзүн каршылашынан коргой алат [100].

Геосаясий системанын түзүлүшү анын туруктуулугун камсыз кылуучу элементтердин ортосундагы байланышты билдирет.

Планетардык жана континенталдык геосаясий процесстерди изилдөөдө чөйрө түшүнүгү колдонулат. Чөйрө түшүнүгү системалык талдоодо фундаменталдык түшүнүк болуп эсептелет. Ал негизги методологиялык мааниге ээ. Системанын чөйрөсү - жалпы түрдө аны курчап турган нерселер. Социалдык чөйрө менен социалдык эмес чөйрө өзүнчө каралат. Техникалык

чөйрөнүн өзгөрүшү менен коом кээде таасирдин борбору катары каралат, кээде (экономикалык, аскердик, саясий, дипломатиялык ж.б чөйрөлөр менен бирге) социалдык чөйрөнүн элементи катары каралат. Сырткы чөйрө - системанын курчалышы, алар климат, жергиликтүү ландшафт, чектин оңдолушу, пайдалуу кендер ж.б. Ал мамлекеттер менен геосаясий мамилелердин өз ара байланыштарына таасир тийгизет. Азыркы убакта, өзгөчө экологиялык проблемалар заманында мындай таасир абдан көп. Ички чөйрө - элементтердин системасы каралган чектөөлөрдүн жыйындысы. Чөйрө түзүлүштөн айырмаланып системалык эмес мүнөзгө ээ.

Геосаясий процесстеринин чөйрөсүнүн өзгөчүлүктөрү - демографиялык көрсөткүч, башкаруу бутактарындагы лидерлердин психикалык абалдары, улуттун этнографиялык жана идеологиялык фактору, экономикалык жана материалдык факторлор жана ошондой эле геосаясий мейкиндикте виртуалдык тармакттардын жайылышы жана башкалар.

Мамлекет аралык системаны, чөйрөнү жана түзүлүштү аныкташ үчүн аймактык системаны колдонуу кыйла женил. Мисалы, Европа Биримдигинин түзүлүшүн экономикалык, дипломатиялык, аскердик, саясий, маданий уюмдардын, ошондой эле ага кирген 27 мамлекеттин өз ара байланыштары менен аныктаса болот. Европа Биримдигине карата чөйрө башка мамлекеттердин жыйындысы болуп эсептелет, ошлондой эле ар кандай эл аралык уюмдар жана башка аймактык географиялык (европалык), саясий (БУУ), экономикалык (Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму (ОЭСР) ж.б катышуучулар. Бул чөйрөлөрдүн ар бир элементи Европа Биримдигинин (ЕБ) өнүгүшүнө жана кызматына таасирин тийгизет. Натыйжада болуп жаткан системада өзгөрүүлөр болот жана бул таасирге Европа Биримдигинен жооп болот [89].

Ушуга байланыштуу америкалык окумуштуулар Гарольд жана Маргарет Спроут «экологиялык триада» деген идеяны көтөрүп чыгышкан, ал үчилтикке геосаясий процесстердеги актор, аны курчап турган чөйрө жана алардын бири-бири менен байланышы кирет дсп эсептешкен. М. Мерлдин

айтымында, глобалдуу геосаясий процесстердин тышкы чөйрөсүн табияттын курчап тургандарынан табууга болот: атмосфера, стратосфера, Күн системасы. Анда геосаясий мамилелер жөнүндө илим метерология же астрология менен дал келиши керек деп – Гарольд, Маргарет Спроут, Д.Сингер, Ф.Брайар, Дж.Модельски ж.б. изилдешкен [54].

Геосаясий процесстерди изилдөөдө дүйнөлүк цивилизациянын жана социалдык чөйрөнүн ролу да чоң мааниге ээ.

Дүйнөлүк тарыхта «цивилизация» түшүнүгү азамзат коомунун материалдык жана руханий дүйнө маданиятынын көп түрдүүлүгүн жана анын баалуулуктарын, жашоо турмушун жана эмгегин чагылдырат. Бүгүнкү күндө цивилизация түшүнүгү бири-бири менен байланышкан эки өңүттү карайт. Бир жагынан алганда, ар бир мезгил, ар бир коом, ар бир улут өзүнчө жеке системага, түзүлүшкө ээ. Башка жагынан алып караганда, ар бир мезгилде, ар бир коомдо, ар бир улутта жалпы адамзат үчүн мүнөздүү элементтер бар.

Геосаясат мамлекеттин державалык саясаттарынын бири-бирине көз карандылыгын жана байланыштарын, ошондой эле географиялык чөйрөнү окутат. Геосаясат мамлекеттердин эл аралык стратегиясына жана өкмөтүнө, эл аралык мамилелерди окууда таасирин тийгизип келген жана тийгизе бермекчи.

Акыркы жылдары глобалдашуу темасы геосаясий процесстерди изилдөөдө кеңири жайылган. Азыркы геосаясий илимдин глобалдашуусунун анализин баалоодо, анын негизги жаралышына бир нече факторлордун тобу кирет. Алар:

1) Экономикалык системанын жаралуу тенденциясы. Ал бүткүл планеталык масштабда бирдей эрежеде кызмат кылат. Ал түгүл өнүккөн өлкөлөр да бул эрежелерди эске албай кое албайт.
2) Мамлекеттик жөнгө салуу жана башкаруу боюнча көз каранды болбогон каржылык жана маалымат агымын көбөйтүү.
3) Мамлекеттин салттуу иш милдеттеринин жетишсиздиги. Айрыкча, калкты социалдык жактан коргоо чөйрөлөрү жана мамлекет аралык чек

аралардын ачыктыгынын жыйынтыгы катары улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүгүнүн эрозиясы келип чыгат.

4) «Ички» жана «тышкы» саясий, экономикалык, маалыматтык жана башка процесстердин ортосундагы чектин бузулушу.
5) Бүткүл дүйнөгө Батыштын жүрүм-турумун, жашоо мүнөзүн, стандарттарын жайылтуу.
6) «Глобализм» идеологиясын түзүү, чакырыктарга негиз болгон өзгөрүүлөр, алардын жакшы мүнөзүн камсыз кылууга макулдук берген коомдук пикир жана өздөрүнүн активдүү, кеңири социалдык жана саясий күчтөрүн түзүү Батыштын жана АКШнын жетекчилиги астында түзүлөт. Ошентип, ал чөйрө заманбап эл аралык системага жетиштүү таасир көрсөтөт [62].

Геосаясий чөйрө индивиддердин, топтордун, жамааттардын саясий аң-сезими менен тыгыз байланышкан. Адис саясатчылардын, идеологдордун аракети менен теориялык деңгээлдеги идея, окуу, концепция, доктрина сымал геосаясий аң-сезимдин конкреттүү формалары, ошондой эле эмпирикалык деңгээлде конкреттүү саясий, социалдык-экономикалык көйгөйлөр менен байланышкан программалар, уставдар жана башкалар түзүлөт.

Мындан сырткары, геосаясий мамилелер мейкиндик жана убакыт ченемдеринде ишке ашырылат. Геосаясий мейкиндик – бул саясий субъектилер, идеялар, теориялар, ураандар, процесстер аракеттенген чөйрө. Геосаясий мейкиндик социалдык мейкиндиктердин экономикалык, укуктук, идеологиялык, маданий ж.б.у.с. жалпы системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Коомдук мамилелердин өз алдынча чөйрөсү болуп саналган геосаясий мамилелердин өзгөчөлүгүн төмөнкү мүнөздөмөлөр аркылуу туюнтууга болот:

- геосаясий мамилелердин маңызы болуп субъектилердин (күч борборлорунун, топтордун) аймактык алкактагы геостратегиялык иш-аракеттерин геосаясий процесстерге таандык болгон көйгөйлөр жана кызыкчылыктар менен байланыштыруу эсептелет.

- геосаясий мамилелердин ишкер жана жигердүү мүнөзү коомго алардын жардамы менен өз жашоосунун көп сандаган тышкы жана ички параметрлерине таасир этүүгө мүмкүндүк берет;
- геосаясий мамилелердин өзгөчө каражаты болуп аймак эсептелет.

Автордун изилдөөсү боюнча, геосаясий процесстер мейкиндик гана эмес, убакыт да ченемине ээ. Геоаясий убакыт деп геосаясий субъектинин ишмердигинин убактысын, геосаясий окуялар менен процесстердин жүрүш мөөнөтүн, тигил же бул идеялардын эл аралык аренадагы жөндөмдүүлүгүн жана тийгизген таасирин белгилесе болот. Окуялардын жүрүшүнө жараша геосаясий убакыт ылдам же жай жүрүшү ыктымал.

Кыргызстандын географиялык жайгашкан абалы жана анча чоң эмес аянты мамлекеттин бардык экономикалык чечимдерине жана жеке менчик секторго терс таасир эткен кендирин кескен факторлордон. Кыргызстан деңиз коммуникацияларына түз чыга албайт, темир жолу Өзбекстан менен Казакстан аркылуу гана чыга алат. Өлкө ичинде жүк ташуунун негизги бөлүгү автотранспорт менен ишке ашырылат, түндүк менен түштүк аймактарынын байланышы темир жол менен Өзбекстан жана Казакстан аркылуу жүрөт.

Кыргызстандын 7 миллиондон ашык калкы бар, ар кайсы маалымат булактарына ылайык экономикалык активдүү калктын арасынан 200 жүз миңден 800 миңге чейин адам эмгек эмиграциясында жүрөт, расмий эмес маалыматтарга ылайык өлкөдөн тышта жүргөн эмгек мигранттарынын саны 1 миллион 200 миңдин тегерегинде. Ири эл аралык транспорт коммуникацияларына кеңири чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, ички жүк ташуудагы транспорттук чыгымдардын көптүгү, өлкө ичиндеги соода-сатыктын тардыгы көп векторлуу, дифференциациялашкан дүйнөлүк чарбалык байланыштарга жана тышкы соода-сатыкка багытталган ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга ар дайым өз кедергисин тийгизип келет.

Глобалдык экономиканын өсүш ыргагынын басаңдашы, дүйнөлүк экономикадагы ири проблемалар Кыргызстандын экономикасын алсыратпай

койбойт. Дүйнөлөшүүнүн шартында биздин өлкө дүйнөлүк экономиканын таасиринен сөзсүз түрдө четте калбайт. Азыркы учурда дүйнөлүк экономикада болуп жаткан каатчылык финансы тармагына эле эмес, банк системасына, турак жай курулуш тармагына, улуттук бюджеттин абалына, социалдык чыгымдарга жана калктын жашоо деңгээлине да таасир этүүдө. Мындай терс процесстер кыргыз экономикасына тыштан инвестициялардын тартылышына, ошондой эле Кыргызстандын негизги соода-экономикалык өнөктөштөрү болгон Казакстан менен Орусияга да болуп көрбөгөндөй терс таасир этүүдө.

Азыр дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде жүрүп жаткан кризис ого бетер оорлошсо, ал Кыргызстандын каржы рыногундагы абалды сезилээрлик татаалдаштырып жиберүүгө жөндөмдүү. Өлкө экономикасы үчүн кооптуулук тобокелчилиги банк системасынан финансылык ресурстардын тышка чыгып кетиши, бизнес үчүн заемдук каражаттардын кымбатташы, улуттук валютанын курсунун түшүшү жана инфляциянын өсүшү менен байланышкан. Кырдаалды татаалдаштырып жибере турган дагы бир маанилүү фактор - КМШнын аймагындагы эмгек мигранттарынан которулган каражаттардын кескин кыскарышы. Мындай абал 2015-жылдын башынан эле сезиле баштаган [105].

Акыркы жылдары Борбор Азия мамлекеттерине карата ири державалардын тышкы саясаты жандана баштады. Кыргызстан болсо Борбор Азияда геосаясий жактан эң маанилүү участокто жайгашкандыктан андай процесстерден тышта калышы мүмкүн эмес.

### *2.2 Геосаясий факторлордун мамлекеттин коопсуздугунун коомдук-саясий чөйрөсүнө тийгизген таасирлери*

«В любом случае отношения с Россией будут оставаться для нас приоритетными. Мы живем и мыслим, воспринимая два мира в одном: европейский и азиатский. Это – Евразия. Но многие не имеют понятия о том, что же такое Евразия: то ли географическое пространство, то ли политическое определение?

В моем представлении Евразия – это наша Средняя Азия, корабль с европейским килем, плывущий по океану, и киль этот – Орусия. От Средней Азии до Китая всего один шаг, тем не менее нам чужд китайский образ жизни. Мы находимся на орбите иной цивилизации», деп Ч.Т. Айтматов белгилегендей Орусия менен биз «Евразия» деп аталган бир кайыкта болгонбуз жана кала беребиз [8]. Бирок державалык дымагы өтө чоң жана ага ресурстук, аймактык потенциалы мүмкүндүк берген бул өлкө менен болгон алака-катышта улуттук кызыкчылыктарыбызды кантип коргоп кала алабыз деген чоң суроо жаралат.

Кыргызстандын геосаясий жана геоэкономикалык артыкчылыктарын КМШ менен БЕАдагы күчтөрдүн катышына карап аныктоо зарыл. Эксперттердин божомолунда 2025-2030-жылдарга карата эң көп ИДӨгө ээ өлкөлөр: АКШ, Германия, Жапония, КЭР, Корея, Индия, Индонезия болот. Дуйнөлөшүүнүн шарттарында ири державалардын жана бирикмелердин ролу күч алууда. Алардын ичинен Кыргызстанга, деги эле Борбор Азия чөлкөмүнө сезилээрлик таасири бар мамлекеттер жана бирикмелер – албетте, биринчи кезекте Орусия Федерациясы, АКШ, ЕБ, ЕАБ, КЭР жана Индия. Дүйнөдө лидердик кылган бир да өлкө өз кубаттуулугун түбөлүк сактап кала албайт. Өнүгүү анын жеткен чеги болот, аягы деградация менен аяктайт. Бул табияттын мыйзам ченемдүүлүгү. Дүйнө кайсы бир мезгилдерде, башка держава пайда болуп өз үстөмдүгүн орноткуча биполярдуу болушу мүмкүн, ошентип дүйнөлүк тарыхтын жаңы цикли башталат.

Биздин жакынкы коңшуларыбыз болгон КЭР жана Индия сыяктуу гиганттар XX кылымда Евразия континентинде потенциалдуу лидерлерден болуу менен бирге биздин тышкы саясатыбызда азырынча пропорционалдуу эмес азыраак мааниге ээ. Бирок бул өлкөлөрдүн энергияга жана энергияны алып жүрүүчүлөргө керектөөсү тездик менен өсүүдө.

Кыргызстан да, Индия да Ооганстандагы, Жакынкы Чыгыштагы, Украинадагы кырдаалдардын эртерээк жөнгө салынышына кызыкчылыгы бар. Индия өзөктүк держава болгондуктан Борбордук Евразиянын өзөктүк

куралсыз аймакка айланышы ал тараптан кепилдик болбосо реалдуулукка жатпайт. Ушул себептен улам Кыргызстан өзүнүн тышкы саясатында келечекте Индия менен Кытайдын  болушуна кызыкчылыгы болушу керек. Кыргызстан да, Индия да  ислам эктремизминин жайлышын каалабайт. Анын үстүнө Индия менен Кытайдын ортосунда Кашкар сыяктуу ислам экстремизминин потенциалдуу очогу жана Кытай Эл Республикасынын эң ири райондорунун бири болгон Синцзян-Уйгур автономисы жайгашкан. Дал ушул жерден Индия менен Кыргызстандын кызыкчылыктары КЭРдин кызыкчылыктары менен биригет. Ушул геосаясий кызыкчылыктар экономикалык кызыкчылыктар менен айкалышып, бул өлкөлөрдүн келечектеги тыгыз кызматташтыгын камсыз кылышы мүмкүн.

Анын үстүнө                  Борбор Азиядагы үч өлкөнүн аймагынан турган Фергана өрөөнүндө да диний экстремизмдин өртү дүрт этип кетүү коркунучу бар. Себеби Кыргызстандагы, Тажикистандагы, Өзбекстандагы СССР кулагандан кийинки социалдык-экономикалык процесстер калк турмушун жакырчылыкка кептеп, анын натыйжасында бул өлкөлөрдөгү калктын сезилээрлик бөлүгү ишенимди мамлекеттен эмес, динден издеп, диний фанатизмге жергиликтүү кыртыш даяр болуп калган. Кыргызстан Кытай үчүн Фергана жана Синьцзян-Уйгур автономдуу округунун ортосундагы буфердик зона болгондуктан геосаясий жактан КЭР үчүн чоң мааниге ээ. 90-жылдардын башында эле дүйнөлүк экономика эксперттер келечекте Азия- Тынч океан (АТР) аймагында курамына Кытай, Тайван, Сянган (Гонконг) Аомен (Макао), Сингапур кирген кудурети күчтүү «Жалпы Кытай рыногу» пайда болорун жана бул чөлкөм XXI кылымдын биринчи 10 жылдыгында эле дүйнөлүк экономиканын маанилүү звеносуна айланаарын болжолдошкон.   Глобалдык экономиканы изилдөө жаатындагы дүйнөдөгү алдыңкы борборлордун адистеринин божомолу ашыгы менен ишке ашып жатканы жыл өткөн сайын айгине болууда. Бирок, ошол эле эксперттердин Кытай азиялык коңшу өлкөлөр менен бир бүтүндүктү түзүп калат деген пикири азырынча туура келген жок. Ал жылдарда кризистен жаңы гана боорун көтөрө баштаган

Кытайга салыштырмалуу 90-жылдардын башында эле экономикалык өнүгүүнүн эң жогорку көрсөткүчтөрүн камсыз кылып «чыгыш жолборстору» атыккан Малайзия, Тайван, Таиланд, Сингапур сыяктуу өлкөлөр Кытай менен улуттук маданий жактан жалпылыктарга ээ болсо да экономикалык жактан жуурулушуп кете алган жок. Себеби, Кытайдын азыркы экспорттук потенциалынын эбегейсиз өсүшү ал мамлекеттердин экономикасын оңбогондой эле эңшерүүдө. Жада калса мындай тагдырга азыр Жапония да туш болуп олтурат. Мындан беш жыл мурун эле Кытайдын ички дүң өнүмү 9% өсүп, 1400. млрд долларды түзүп, киши башына эсептегенде 1000 доллардан ашкан. Тышкы соода жүгүртүүсү 600 млрд. долларды чамалап, дүйнөдө 4-орунга, тыштан инвестициалардын тартылышы боюнча АКШны басып өтүп, валюталык резервдери боюнча жалгыз Жапонияга орун бошоткон. Мындан беш жыл мурунку КЭРдин бул көрсөткүчтөрүн глобалдык экономика эксперттери «ИДӨнүн мындай тез өсүшүн жасалма жол менен болсо да түшүрбөсө акыр түбү Кытай экономикасын бүлгүнгө учуратышы мүмкүн» дешкен. «Бир кездеги Англиядагы «өнөр жай революциясындагыдай» болуп, Кытайдын өнүгүшү өз товарлары менен коңшу өлкөлөрдү басып, тумчуктурат» деп Азиядагы жогоруда сөз болгон бир катар коңшулары КЭРден чочулашкан. Бирок дал ошол Азия мамлекеттери Кытайдын өнүгүшүнүн пайдасын тез эле көрө баштаган. Эл турмушу тездик менен оңоло баштаган кытайдын импортко болгон талабы башында өтө тез өскөн. Мисалы, жапон экспортунун 70%, Тайвандын 90%, Түштүк Кореянын 40% экспортун Кытайга экспорттолгон товарлар түзгөн. Ошентип, КЭРдин экономикасынын тездик менен өнүгүшүнөн убагында Жапония жана «чыгыш жолборстору» аталган мамлекеттер жакшы эле марып алышты.

Дүйнөдөгү экономикалык улуу держава болгон Жапониянын АКШ менен болгон товар алмашуусу 197 млрд. долларды түзсө, КЭР менен болгон соода алакасы мындан беш жыл мурун эле 213 долларды чапчып, Кытай Жапониянын №1 соода өнөгүнө айланган. Улуу Ата Мекендик согуштан дээрлик 2000-жылдарга чейин Америка рыногу үчүн жапондордун

«Тойотасынан» «Сони» телевизорлорунан тартып Интернет үчүн «чиптерге» чейин негизги ролду ойноп келгенин эске алсак, бул албетте, дүйнөлүк экономикада чоң өзгөрүү [22 МБС].

Бирок жапондордун ал кубанычы  көпкө созулган жок. Эмгекчилдик, изденүүчүлүк  жана көчүрүп алуу жагынан алдына киши салбаган  кытайлар ошондой эле техникалык өндүрүмдүн түрүн сапаты жагынан кем калбаган, баасын да кыйла арзан кылып дүйнөлүк соода-сатыкка чыгара баштады. Эми жакындан бери Кытай ишкерлери Жапониянын жогорку технологиялык компанияларын дүңүнөн сатып алууга өттү.

Кытай өкмөтүнүн мындай саясатында бир эле максат жатат. Ал «ширпотреб» өндүрүүчү Кытайды жакынкы жылдарда дүйнөлүк индустриянын чыныгы лидерине айландыра турган чет өлкөлүк жогорку технологияларга ээ болууга болгон өжөр аракети. Бул багытта ийгиликтерге КЭР азыр эле жетише баштады десек болот.

«Учурда кытайлыктар өздөрү чыгарган өндүрүмдү дүйнөлүк соода-сатыкка арзан гана сунуш кылбастан, сапатына да басым жасашууда» дейт баштарын шылкыйткан жапон эксперттери. Демек Кытай Азия-Тынч океан аймагындагы ири соода-сатыкты оп тартууну Жапониядан баштады. Албетте, бул башталышы гана. Эгер АТР аймагындагы бул ажыдаар багытын Чыгыш Азиядан Батышты көздөй бурса экономикасы чабал Орто Азия өлкөлөрү экономикалык экспансияга көпкө деле туруштук бере албайт. Орто Азия чөлкөмүндө кандайдыр бир деңгээлде лидерлик позицияны карманган Казакстандын учурда кирешелүү ишканаларына Кытай ишкерлери ээлик кыла баштаганын эске алсак, Борбор Азия да жакында кытайдын араанында калбайбы деген кооптонуу бар.

Бир аз эле жылдар мурун ИДӨнүн көлөмү боюнча Кытай АКШ менен Жапониядан кийин үчүнчү орунда болсо, учурда Жапонияны артка калтырып, экинчи орунга чыкты.  Натыйжада Кытай акыркы 150 жылда биринчи жолу эл аралык аренада Орусиядан экономикалык жактан күчтүү мамлекет катары чыга алды.

Союз тарагандан кийин дээрлик 2012-2014-жылдарга чейин Кыргызстан менен КЭРдин толук кандуу кызматташуусу болгон деген пикир жаңылыштык. Себеби иш жүзүндө кыргыз-синьцзян мамилеси болуп келген. Кыргызстандын КЭР менен болгон товар айлануусу негизинен Үрүмчү, Кулжа, Кашкар шаарлары менен чектелген.

Биздин чөлкөмдө мунай кызыкчылыгынын жоктугунан жана аралыктын алыстыгынан улам АКШ менен Түркиянын экономикалык кызыкчылыгы жок. Арийне, АКШ геосаясий кызыкчылыктардан улам негизги атаандаштары болгон Кытай менен Орусиянын чөлкөмдө таасири артышынан чочуйт, ушул себептен улам Борбор Азиядан, анын ичинде Кыргызстандан жүз бурушу мүмкүн эмес [21 МБС].

1. Дүйнөлүк өнүгүү маселелери жана Кыргызстандын эл аралык абалы

Эл аралык валюта фондунун маалыматтары боюнча орточо мөөнөттүү келечекте мамлекеттик карыз каатчылыгынан жана кээ бир өнүккөн өлкөлөрдүн банк чөйрөсүндөгү көйгөйлөрүнөн улам дүйнөлүк экономиканын өсүшү басаңдашы мүмкүн.

Азыркы учурда Европа өлкөлөрү финансылык туруксуздуктун тереңдешинен көрүнгөн кыйла кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат.

Өзгөчө бул Грекия, Испания жана Португалия сыяктуу өлкөлөрдө байкалып жатат. Түзүлгөн абалдан улам эл аралык финансы уюмдарынын жана салттуу донор-өлкөлөрдүн Борбор Азия чөлкөмүндөгү, атап айтканда, Кыргызстандагы жигердүүлүгүнүн төмөндөшү күтүлүүдө.

Дүйнөдө экономикалык өсүштүн басаңдашын эске алганда, келечекте Кытайда экономикалык өсүш арымынын төмөндөшү мүмкүн. Ушундан улам республикага кыйла пайда алып келип жаткан аймакта Кыргызстандын транзиттик ролу өзгөрүшү мүмкүн [35].

Кыргызстан Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) мүчөсү болуп саналганы менен биздин экономиканын жана анын экспорттук потенциалынын начарлыгынан, ошондой эле дүйнөлүк экономикалык процесстерге анча көп тартылбагандыгынан улам, глобалдык каатчылыктын кесепеттери негизги

тышкы экономикалык байланыштар жүргүзүлгөн коңшу мамлекеттер - Орусия, Кытай жана Казакстан аркылуу республикага да тийиши мүмкүн.

Орусия менен Казакстан Кыргыз Республикасынын стратегиялык соода өнөктөрү болуп саналат, биздин экономикага отун-энергетика ресурстарын, азык-түлүк товарларын, техника жана жабдууларды берүү, ошондой эле ал өлкөлөрдө иштеген кыргыз эмгек мигранттарынын акча которушу аркылуу олуттуу таасир көрсөтүүдө. Мунай менен газдын дүйнөлүк баалары төмөндөп кеткен учурда, алардын экономикасы олуттуу кыйынчылыктарга туш болот, ал биздин экономикага да терс таасирин тийгизет.

Иран Ислам Республикасы планетанын маанилүү чөлкөмүндө - Жакынкы жана Орто Чыгыш, Кавказ, Каспий деңизинин зонасы жана Борбор Азия кирген Батыш Азияда маанилүү ролдордун бирин ээлейт. Ошентип, бир эле учурда Орто Чыгыш да, Кавказ тарап да, Борбор Азия тарап да, Каспий тарап да чектешкен, ошондой эле Инд океанынын Перс жана Оман булуңдарынын суусу чайкаган өлкө. Иран Европа менен Азиянын ортосундагы деңиз жана кара жер жолдорун тескөөгө мүмкүндүк берген маанилүү аскердик-стратегиялык абалды ээлейт.

Ошондуктан бул аймакта эл аралык абалдын курчушу Борбор Азия өлкөлөрү үчүн да белгилүү бир кесепеттерди алып келет.

Ооганстандагы кырдаал Борбор Азияда туруктуулукка негизги коркунучтардын бири бойдон калууда. Анткени ушул мезгилге чейин бул өлкөнүн бийлиги социалдык-экономикалык, саясий жана аскердик чөйрөдө негизги маселелерди чечүүдө зор кыйынчылыктарга туш болууда.

Ошондой болсо да Евразияда жана бүтүндөй дүйнөдө геосаясий атаандаштыкка олуттуу таасир тийгизген анын географиялык ыңгайлуу абалы көп алдыңкы өлкөлөрдүн Ооганстанга болгон стратегиялык кызыгуусун аныктап жатат. Эл аралык күчтөрдүн контингентин Ооганстандан чыгарылып кетиши бара-бара Пакистанда түзүлгөн кырдаалга да өзгөрүү киргизиши мүмкүн, анткени «Талибан» кыймылы Ооганстан менен чектешкен,

Пакистандын аймагындагы провинцияларга – Белуджистанда жана Вазиристанда жигердүүлүгүн көрсөтүп жатат.

Республиканын компетенттүү органдарынын маалыматтары боюнча ушул провинциялардын аймактарында «Талибандын» үстөмдүгү астында Борбор Азияда операцияларды жүргүзүүчү «Өзбекстан ислам кыймылынын» жана башка диний-экстремисттик уюмдардын баскынын даярдоо боюнча базалары жайгашкан.

Аймактык коопсуздукка коркунуч келтирген жогорудагы жагдайлар эл аралык кызматташтык системасын туруктуу өркүндөтүүнү талап кылат. Кыргызстан бул боюнча маселелерди КМШга, ЖККУга жана ЕАЭБге мүчөлүгүн мүмкүн болушунча пайдалануу менен чечип жатат, алардын ишмердиги туруктуулукту сактоо жана туруктуу өнүгүү маселелерин чечүүдө өнөктөр менен достук мамилелерди өнүктүрүүгө жана ар тараптуу кызматташтыкты өркүндөтүүгө багытталган.

Учурда БУУ, Европа Биримдиги, НАТО, ЕККУ, ШКУ өңдүү эл аралык уюмдар Борбор Азияда коопсуздук маселелериндеги белгилүү бир роль ойношот. Бул багытта көбүнчө НАТОнун «Тынчтык үчүн өнөктөштүк» программасы жана Евро-Атлантикалык Өнөктөштүк Кеңеши (СЕАП) активдүүлүк көрсөтүшүүдө [26 МБС].

Европа Биримдиги негизинен көбүнчө Европа өлкөлөрүнө энергия ресурстарын жеткирүнү диверсификациялаш үчүн энергетикалык коопсуздук чөйрөсүндө иш жүргүзөт. ЕККУ көбүнчө чөлкөмдүн мамлекеттери тарабынан адам укуктарынын сакталышына байкоо жүргүзөт жана ар кандай шайлоо жүргүзүүдө демократиялык эрежелерге жана жол-жоболорго мониторинг кылат.

Көз каранды эмес Мамлекеттер Шериктештигинин (КМШ) чегинде улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарынын атайын бөлүмдөрүнүн, коопсуздукту камсыз кылган башка министрликтер менен мекемелердин биргелешкен командалык-штабдык, тактикалык-атайын жана антитеррордук машыгууларын өткөрүү зор мааниге ээ болот. Учурда Жамааттык Коопсуздук

жөнүндө Келишим Уюму (ЖККУ) белгилүү даражада КМШ мейкиндигинде улуттук жана аймактык коопсуздукту камсыз кылуу механизми болуп саналат. Борбор Азияда экстремизм менен терроризмге каршы күрөшүүдө ЖККУ жана ШКУ менен кызматташуу да өнүгүп жатат. Ушуга байланыштуу 2011-жылы 14-июнда эки уюмдун ортосунда кызматташтык жөнүндө протоколго кол коюлган, бул экстремисттик ишмердикке каршы туруу боюнча күч-аракетти кыйла натыйжалуу координациялоого мүмкүнчүлүк берет [17 ЭРД].

ЖККУну өнүктүрүүнүн кийинки этабы ыктымал коркунучтарга жана ЖККУга катышкан мамлекеттердин улуттук, ошондой эле жамааттык коопсуздугуна карата өбөлгөлөргө тез арада жооп кылуу жана алдын алуу жагында уюмдун натыйжалуулугун арттырууга жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

Шанхай Кызматташтык Уюмун (ШКУ) түзүү жөнүндө чечим анын мүчөлөрү тарабынан аймактагы өнөктөштүк мамилелерди тереңдетүү жолунда стратегиялык жактан такталып жасалган кадам болгон. ШКУнун өсүп жаткан ролунун көрсөткүчү болуп анын эл аралык коомчулук тарабынан таанылышы кызмат кылат. БУУ ШКУга байкоочунун статусун берди жана аны менен кызматташтык жөнүндө меморандумга кол койду.

Азыркы учурда Евразия мейкиндигинде коопсуздукту камсыз кылуунун таасирдүү механизми катары ШКУнын ролу кыйла салмактуу болуп бара жатат. Кыргыз Республикасы үчүн ШКУнун чегинде аймактык өз ара аракеттенүүнүн кыйла артыкчылыктуу багыттары болуп экономикалык кызматташтык жана аймактык коопсуздукту камсыз кылуу саналат [31].

Борбор Азиянын маанилүү стратегиялык ролун аңдап-түшүнүү менен Кыргызстан аймактык интеграцияны андан ары тереңдетүү маселесине биринчи иретте маани берет, бул социалдык-экономикалык туруктуу өнүгүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Аймак боюнча бардык коңшулаш өлкөлөр менен түбөлүк достук жана жакын коңшулаштык жөнүндө келишимдер түзүлгөн. Эл аралык терроризмге, баңгизат бизнесине жана кылмыштуулукка каршы күрөш, жалпы социалдык-экономикалык жана

экологиялык көйгөйлөрдү жана башка аймактык көйгөйлөрдү чечүү коңшу мамлекеттердин бул багыттагы күч-аракеттерин бириктирүүнүн негизи болуп эсептелет.

Ошону менен бирге, Борбор Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелердин сакталып турган маселелери, эгерде өз убагында чечилбесе, келечекте интеграциялык процесстердин жолундагы бөгөт болуп калышы мүмкүн.

КМШга кирген мамлекеттердин ортосундагы мамилелерде белгилүү бир маселелер коркунучтардын булактары менен шартталган, ага чек ара маселелери, Тянь-Шань жана Памирдин гидроэнергетикалык ресурстарын, Каспий деңизинин көмүр, суу ресурстарын пайдалануу, алардын геосаясий жана геоэкономикалык таламдарынын ар багыттуулугу кирет.

Мунайдын, газдын, көмүрдүн жана урандын ири запастарына ээ болуу, ошондой эле аларды казып алууга алдыңкы чет өлкөлүк компаниялардын тартылганы менен Борбор Азия энергетика коопсуздугунун системасында маанилүү роль ойнойт.

Глобалдык энергетикалык туруксуздуктун учурунда жергиликтүү ресурстар чөлкөмдөгү энергетикалык балансты камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт, ага аймакта көбөйүп жаткан экспорттук маршруттардын ар түрдүүлүгү көмөк көрсөтөт.

Кытай - Кыргызстан - Өзбекстан темир жолу республика үчүн түштүк багытты карай көмүрдү экспорттоо каналдарынын бири болуп калат. Жалпысынан алганда бул жол Борбор Азия республикаларынын, эң оболу Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүш үчүн белгилүү түрткү катары кызмат кылат [35].

Ошону менен бирге чөлкөмдүн географиялык жакындыгы жана континенттин ичинде жайгашуусу Борбор Азиянын энергетика ресурстарын керектөөчү коңшулаш өлкөлөр үчүн деңиз маршруттарына караганда энергетикалык ресурстарды ташуунун жогорку коопсуздук деңгээлин камсыз кыла тургандыгынын фактысын эске алуу керек.

Гидроэнергетика чөйрөсүндө инвесторлор аймактын суу ресурстарынын 90% жакыны калыптанган өлкөлөргө - Кыргызстан менен Тажикстанга зор кызыгуу көрсөтүп жатат. Чет өлкөлүк компаниялардын гидроэнергоресурстарды өздөштүрүүгө катышуусу аймакта суу-энергетикалык маселелердин чечилбегендиги менен бөгөт коюлууда.

Ошентип, дүйнөдө жана чөлкөмдө түзүлгөн кырдаалды талдоо көрсөткөндөй, бүтүндөй алганда Кыргызстан достук маанайдагы мамлекеттер менен соода-экономикалык жана саясий чөйрөлөрдө жигердүү кызматташуу менен алардын курчоосунда турат.

Ошону менен бирге белгилей кетүүчү нерсе, эл аралык жана аймактык коопсуздук чөйрөсүндө бузуучу элементтер жана анык экстремисттик факторлор күч алып жатат.

Аймактык коопсуздуктун натыйжалуу системасын калыптандыруу Борбор Азиянын бардык өлкөлөрүнүн күн тартибинде кала берет. Ошондуктан коопсуздуктун колдо бар түзүмдөрүнөн сырткары чыгуу менен Борбор Азияда өнөктөштүк саясатын диверсификациялоо зарылчылыгы бышып жетилди [34].

Бул чөлкөм бардык кызыккан тараптар коопсуздук маселелеринде кызматташа ала турган, туруктуу иштей турган аянтка муктаж. Бул боюнча сунуштар өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында эле Казакстан тарабынан киргизилген, бирок Азиянын  башка мамлекеттери тарабынан колдоого алынган эмес. Кыргызстан бул чөйрөдө чечим кабыл алуунун аймактык борбору болуп калыш үчүн бардык шарттарга ээ, ал жерде ЕККУ сыяктуу борбор азиялык уюм орун ала алмак. ЕККУ XX кылымдын 70-жылдарында Европадагы жана дүйнөдөгү коопсуздук маселелерин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Республиканын эл аралык мамилелеринин бүтүндөй комплексин кайрадан форматтап чыгуу жана тышкы саясатка жаңы көз караштарды иштеп чыгуу зарылчылыгы эл аралык мүнөздөгү жаңы коркунучтардын жана Борбор

Азиялык мамлекеттердин ортосунда сакталып калган ар кандай чечилбеген маселелердин чекке жеткен айкалышуусу менен шартталган.

Сууну пайдалануу, энергетика, миграция процесстери, чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо, терроризм жана баңгизаттар сыяктуу коркунучтарга каршы туруу сыяктуу аймактык маанилүү маселелерге бирдиктүү мамиленин жоктугу мамлекеттердин тышкы саясаты ар кайсы багытта экендигин аныктайт. Албетте, республика чөлкөмдө эл аралык процесстердин башка катышуучуларынын кызыкчылыктарын да эске албай кое албайт, бирок, алар да эсептешүүгө тийиш болгон өзүнүн улуттук кызыкчылыктары жөнүндө ачык билдирүүгө тийиш. Ушундан улам Кыргыз Республикасы Борбор Азиядагы коопсуздук боюнча ачык-айкын сүйлөшүүлөрдү өткөрүүчү аянтчаны түзүүнү колдойт, бул болсо ушул чөйрөдөгү маселелерди ачык жана калыс кароого мүмкүндүк берет.

Бул Кыргызстандын коопсуздугуна тигил же бул коркунучтарды жана чакырыктардын келип чыгышынан улам ар бир конкреттүү учурда улуттук таламдарды коргоо каражаттарын жана ыкмаларын тандоодо алар менен өзгөрүп турган мамилелердин динамикалуу мүнөзүн аныктайт.

Ооган жана наркотрафик фактору Кыргыз Республикасынын коопсуздугу жана улуттук кызыкчылыктары үчүн кооптуу факторлордон болуп саналат.

Биздин заманга чейинки 500-жылдан баштап көптөгөн мамлекеттердин басып алуусуна кабылган, 1747-жылдагы саясий биримдиктен кийин Ооганстан бүгүнкү күндө Ооганстан Ислам Республикасы болуп Орто Азия, Түштүк Азия, Орто Чыгыш жана Кавказдын ортосунда турган, 30 миллионго жакын калкы ар кандай улуттардан турган мамлекет болуп саналат.

Оонганстан Орто Азия менен Түштүк Азиянын ортосундагы көпүрө болуп эсептелет. Аймактагы тасирлүү өзөктүк держава болгон Орусия үчүн Түштүк Азияга, андан ары Инд океанына ачылган жол катары геосаясий мааниси чоң. Ооганстандын тарыхта басып өткөн жолу өлкөнүн азыркы күндөгү артта калышынын негизги себептерин ачык көрсөтөт. Советтер Союзу 1979-жылы Ооганстанга аскердик жардам берүү максатында кирген.

Ушул эле жылдары АКШ дагы Ооганстанга жардам катары миллион доллар берген.

Бирок АКШнын бул жардамы Ооганстандын СССРге көбүрөөк ыктоосуна тоскоол боло алган эмес. СССРге жакындоо менен бирге бул өлкөдө солчул идеологиялык пикирди тутунган адамдар көбөйгөн. Карапайым калк исламга тооп кылса, колунда бар бюрократтар, аткаминерлер балдарына чейин марксисттик, атеисттик идеяга каныгышты. 1970-1973-жылдары Ооганстанда марксизимди жактагандар менен исламды жактагандардын ортосунда абдан катуу ажырым жаралган. Мамлекеттик жумуштарда марксизм идеологиясын колдогондор иштеген.

1973-жылы июль айында премьер-министр Давут Хан Захир Шах кансыз көтөрүлүш менен бийликке келип, Ооганстанды республика катары жарыялайт. Давут Хандын бийлиги 1978-жылы коммунист көтөрүлүшчүлөр тарабынан кулатылып, алар Демократиялык Афган Республикасын жарыялашат. Коммунисттик идеологияны колдогондор бийликте турган кезде Ооганстандагы саясий абал чегине жете курчуйт да, бийликте турган коммунистердин колдоочулары өлкөдөгү исламий уюмдардын башчыларын Иран менен Пакистанга качууга мажбур кылышты. Ошондон улам бул өлкөнү башка тышкы күчтөрдүн башкаруусуна оңой шарттар түзүлгөн.

1992-жылы 28-апрелдеги исламий күчтөрдүн биригүүсүнүн натыйжасында Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосу астында Ооганстан Ислам мамлекети жарыяланды. Бирок өлкөдө абал тынчыган жок, сырттан келген күчтөр менен исламий түшүнүктү колдогондордун ички келишпестиктери күчөп турду.

1994-жылы Кандагар шаарынын медресе студенттеринен куралган, кыргызчага которгондо «студент» деген маанини билдирген «Талибан» аттуу тайпа, өтө кыска убакыт ичинде өлкөгө өз бийлигин орнотууга жетишкен.

Натыйжада Ооганстанда өндүрүлгөн наркозаттардын Батыш Европага жеткирилүүсүн камсыз кылган бир катар күчтөр пайда болду. Айрыкча Орто Азияда жана Пакистандын айрым аймактарында бийлик жүргүзгөн бир саясий авторитеттердин колдоосуна ээ болгон наркосоодагерлер үчүн бул

аймак эң кооптуу аймакка айланды. Өзгөчө Ооганстандын түндүгүндө өндүрүлгөн наркотикалык заттар өлкөнүн түндүгүндө жайгашкан, саясий жана экономикалык туруксуздуктун мекени болгон Пакистан, Өзбекстан, Кыргызстандын чек араларында жайгашкан Фергана өрөөнүнө, Казакстан аркылуу Орусия жана Европанын ар кайсы бөлүгүнө таралууда. Пакистандын түндүк-батышындагы Инд океанына чейин алынып келинген заттар бул жерден Йемен жана Сауд Арабиясы аркылуу Египеткке чейин жеткирилет. Ал жерден кайрадан кемелерге жүктөлгөн баңгизаттар деңиз жолу менен Түштүк Кипр жана Грекия аркылуу Европа базарына кетет. Жылына миллиондогон киреше алып келген баңгизат аткезчилиги Ооганстанда көбүнчө аймактык лидерлер тарабынан башкарылып келет. Борбордук өкмөттө да өз адамдары болгон бул лидерлер наркотрафикти оңой эле көзөмөлдөй алышат. Өзгөчө «Талибан» кыймылынын күч-кубатынын наркотрафик менен байланышта экендиги көп айтылып жүрөт. Акыркы эле эки жылдан берки эл аралык уюмдардын Ооганстандагы наркотрафикти азайтууга багытталган аракеттери жокко чыкты десек болот. Ошондуктан аймактагы наркобарондор маселеси Ооганстандагы көптөгөн маселелер чогуу каралышы керек деп эсептейт жергиликтүү саясат таануучу Мухаммад Исмаил Каюм [34МБС].

БУУнун жана Наркотрафик жана кылмыш офисинин (UNODC) Ооганстан жөнүндөгү рапортунда, Ооганстанга жакын жайгашкан аймактардагы бүткүл дүйнө үчүн кооптуу экендиги баса белгиленген.

### *2.3. Кыргызстандын тышкы саясатынын эволюциясы жана геосаясий процесстердин изилдениши*

Кыргызстандын тышкы саясатын комплекстүү көрүнүш катары талдоо менен анын өзүнө гана тиешелүү мүнөздөмөсүн белгилөө зарыл. Азыркы этапта жүргүзүлүп жаткан тышкы саясий иш-чаралардын мүнөзүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн салыштырып талдоонун жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын эволюциясын эки этапка бөлүп кароого болот.

Эгемен Кыргызстандын тышкы саясатынын биринчи этабын 1991-жылдын 31-августунан 1999-жылдын 17-майына чейинки аралыкты киргизүүгө болот. Ал мезгил жаш мамлекеттин өзүнүн тышкы саясатынын негиздерин иштеп чыгуу жана дүйнөлүк коомчулукка көргөзүү жана презентациялоо мезгили катары мүнөздөлөт.

Дал ошол 1991-жылдын 31-августунда Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысы эместиги жөнүндө декларацияны» кабыл алган. Жогорку Совет башка союздук республикаларды Кыргызстандын эгемендигин таанууга чакырган жана өлкөнүн Президентине, Жогорку Советтин Президиумуна эл депутаттарынан, окумуштуулардан турган комиссия түзүшүн жана алар ыкчам аралыкта эгемен Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясий көз карандылыксыздыгын шарттаган чараларды иштеп чыгуусун табыштаган. Бул демилгенин башында легендарлуу парламенттин спикери, саяий илимдердин доктору Медеткан Шеримкулов башында турган коомдук ишмерлердин салымы зор болгон [112].

Бул окуя Кыргызстандын тышкы саясий курсунун негизи болуп калган, анткени Декларация тышкы саясат багытындагы Кыргызстанды эл аралык укуктун принциптерине жакындаткан алгачкы мыйзамдык документ болгон.

1991-жылдын аягында Кыргызстандын эгемендигин биринчилерден болуп 24-декабрда Түркия Республикасы, 26-декабрда Австралия, 27-декабрда Америка Кошмо Штаттары тааныган. Кийинки эле 1992-жылы дүйнөнүн 59 мамлекети Кыргызстан менен дипломатиялык байланыштарды түзүү ниетин билдиришкен. Алардын ичинде Европа Биримдигине мүчө болгон бардык өлкөлөр, Швейцария, ошондой эле Орусия, Кытай, Жапония, Индия, Иран жана Түштүк Корея болгону жаш Кыргызстан мамлекетинин калыптанышында чон мааниге ээ эл аралык моралдык колдоо болгон.

Ал эми ошол эле 1992-жылдын 2-мартында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 46-сессиясында Кыргызстан бир добуштан бул уюмга мүчө болуп кабыл алынган [37].

Эгемендиктин алгачкы жылдарында республиканын жетекчилигинин алдында өлкөнүн тышкы саясий курсун, анын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана аны ишке ашыруунун механизмдерин иштеп чыгуу милдети турган.

Кыргызстанда финансылык, материалдык-техникалык камсыздыктын жетишсиздиги, кадрдык таңсыктык сыяктуу бир катар татаал шарттар стандартка төп келген тышкы саясатты жүргүзүүгө өз кедергисин тийгизбей койгон жок. Жаңы эгемен мамлекеттин тышкы саясатынын ресурстук чектелүүсү баштапкы учурларында анын динамикалуу өнүгүшүнө бир топ эле тоскоол болгон.

Мамлекетибиздин тышкы саясатынын негизги принциптеринин өнүгүшүндөгү дагы бир маанилүү окуя 1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы болуп калды. Ага ылайык Кыргыз Республикасы эгемен, унитардык, укуктук принциптерди туу туткан, жарыкчыл демократиялуу мамлекет катары жарыяланган.
Конституциянын кабыл алынышы Кыргызстандын тышкы саясатын ишке ашыруу боюнча концептуалдуу негиздерди жана конкреттүү иш-аракеттерди камтыган. Ага ылайык өлкөнүн тышкы саясатынын негизги багыттары катары: курамдык элементеринин жыйындысы инсандын кызыкчылыгы, коом жана мамлекет болгон улуттук кызыкчылыктарды коргоо белгиленген.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташтыгынын өнүгүшүндө КМШнын чектериндеги ишмердүүлүк негизги маанилүү багыт катары каралган. Республика жетекчилигинин бирдиктүү саясий, социалдык-экономикалык, маданий мейкиндикте кызматташуу багытындагы жигердүү позициясы өлкөбүздүн объективдүү керектөөлөрү менен шартталган. Өлкөнүн дүйнөлүк коомчулукка кошулуусунда БУУнун сезилээрлик потенциалын колдонуу республикабыз үчүн принципиялдуу мааниге ээ болгон. БУУга мүчө болгондон баштап Кыргызстан тышкы саясий ишмердүүлүк багытында бир катар иш-чаралардын демилгечиси катары чыгып, ал тараптан колдоо тапкан.

Алар: өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо, тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүү маселелери, улуттук жана аймактык коопсуздукту сактоо.

Ошондой эле Кыргызстан башка Борбор Азия мамлекеттери сыяктуу эле 1992-жылдын январь айында ЕККУга (ОБСЕ) мүчөлүккө кабыл алынган жана ошол эле жылдын 8-июлунда ЕККУга негиз болгон документтерге кошулган. Ал эми 1994-жылдын 3-июнунда республика Европалык Коопсуздуктун Париж Хартиясына кол койгон.

90-жылдардын ортосунда Кыргызстандын тышкы саясатынын ийгиликтүү калыптанышына Европа Биримдиги менен кызматташуусу да чоң роль ойногон. 1992-жылы 3-апрелде Кыргыз Республикасы менен Европа Комиссиясынын ортосунда «Өз ара түшүнүүчүлук жөнүндө меморандум» кабыл алынган, бул документ өз кезегинде эки тараптуу кызматташтыктын өзөгүн түзгөн келишим эле [39].

«Жамааттык коопсуздук кызматташтык жөнүндөгү келишим» уюмуна кирүү да Кыргыз Республикасы үчүн принципиалдуу мааниге ээ болгон.

Өлкөнүн 1996-жылы «Шанхай кызматташтык уюмуна» кириши да аймакта жана өлкөдө коопсуздукту камсыз кылуу максатында ишке ашырылган [6 ЭРД].

Кыргызстан үчүн дүйнөнүн белдүү өлкөлөрү менен болгон эки тараптуу кызматташтыгы да чоң мааниге ээ болчу. Өлкө жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Орусия, Кытай Эл Республикасы, АКШ менен болгон эки тараптуу кызматташтыгына өзгөчө маани берилген. Аталган мамлекеттердин дүйнө түзүмү, аймактагы тынчтык жаатындагы позицияларында айырмачылык чоң болсо да Кыргызстан өзүнүн көп тараптуу дипломатиясынын аркасында алардын ар бири менен эки тараптуу ийкемдүү мамилелерди жакшыртып кетүүгө жетишкен.

Кыргызстан дипломатиясынын өзүнчө маанилүү бутагы катары Борбор Азия өлкөлөрү менен болгон эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкты чыңдоону жана бул багытта жүргүзүлгөн иштерди

белгилөөгө болот. Бул өлкөлөр менен болгон мамилелерде негизги басым ички интеграция жаатына жасалган. Андай аракеттердин практикалык жыйынтыгы катары 1994-жылы 30-апрелде түзүлгөн курамында Казакстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кыргыз Республикасы кирген Борбор Азия Биримдиги түзүлгөн (Кыргызстан, Чолпон-Ата шаары).

Тышкы саясаттын биринчи этабынын логикалык жыйынтыгы президент А.Акаев тарабынан сунушталган «Жибек жолу дипломатиясы» доктринасынын дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылышы жана анын Кыргызстан үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачкан базалык тышкы саясий документ болуп калгандыгы эсептелет.

Эгемен Кыргызстандын тышкы саясатынын экинчи этабы 1999-жылдын 17-майында Тышкы саясий концепциясынын кабыл алынышынан башталып азыркы кезге чейин уланууда десек болот. Ал концепция курчап турган геосаясий мейкиндикте Кыргызстандын позициясын андан ары чыңдоого багытталган.

Кыргызстан менен дүйнөлүк коомчулуктун ортосундагы мамиленин экинчи этабынын чектеринде мурдагы тышкы саясатты иштеп чыгуу жана презентациялоо деңгээлинен көтөрүлүп, аны аткарып, андан ары бекемдөө боюнча жаңы ыргакка ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын БУУга мүчө болгон жылдарынын ичиндеги дагы бир маанилүү окуя – Миң жылдыктын саммитине өлкө делегациясынын катышуусу (2000-жылдын 6-8 сентябры, Нью-Йорк шаары).

Делегациянын жетекчиси М.Иманалиев дүйнөлүк коомчулукту глобалдык коопсуздуктун чакырыктарына жана коркунучтарына биргелешип каршы туруу боюнча аракеттердин программасын кабыл алууга үндөгөн [50].

Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп дагы эле КМШ өлкөлөрү менен мамилени чыңдоо болууда. Европа Биримдиги менен кызматташуу акыркы жылдары эки тараптан тең кызматташтыкты ирээти менен үзгүлтүксүз улантуу кызыкчылыктарына негизделген. Кыргызстан менен Европа Биримдигинин узак мезгил

кызматташуусунун негизи– өлкө үчүн актуалдуу болгон коомду демократиялык жана экономикалык кайра уюштуруу жана аймактык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы системасын евразиялык мамлекеттердин кызыкчылыктарын эске алып түзүү [1МБС].

Дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери менен болгон Кыргызстандын эки тараптуу кызматташтыгы алгачкы калыптануу этабын ийгиликтүү өтүп, учурда туруктуу мүнөзгө өтүп калды десек болот.

XXI кылымдын башында Кыргыз Республикасы баш-аягы болуп 100дөн ашык мамлекет менен дипломатиялык байланыштарды түзүп, 50гө жакын универсалдуу институттардын жана форумдардын катышуучусу болгон, чет өлкөдө 19 дипломатиялык өкүлчүлүк жана 3 консулдук ачууга жетишкен. Кыргызстанда эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү жана дипломатиялык миссиялар аккредитацияланган.

Ал эми 2005-жылдын 24-мартындагы окуялар Кыргызстандын тышкы саясатында сезилээрлик өзгөрүүлөрдү жаратты десек болот. Республиканын жаңы жетекчилиги Кыргызстандын эл аралык милдеттемелерге карата сый мамилесин билдирип өлкөнүн тышкы саясий курсу өзгөрбөстөн кала берээрин жарыялаган. Ошол эле учурда өлкөнүн салттуу өнөктөштөрүнө карата болгон тең салмакталбаган мамиленин натыйжасында дүйнөлүк аренада Кыргызстандын имиджинин кандайдыр бир денгээлде начарлаганын моюнга алуу кажет. Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай - эл аралык шериктештик чөйрөсүндө жаңы жетекчилик тандап алган тышкы саясаттагы аракеттердин стратегиясында кантип болсо да экономикалык дивиденд алууга гана багытталаганы ачык эле байкалып калган. Бул фактор « 24-марттан кийинки» өнүгүнүн алдын-ала жыйынтыктары көрсөткөндөй өлкөнүн ишенимдүү тышкы саясий өнөктөш экендигине карата күмөнсүнүүнү жаратты. Бул өлкө жетекчилиги алган өнүгүү курсуна карата КМШ лидерлеринин жана дүйнөнүн абройлуу өлкөлөрүнүн бир жактуу эмес баа берүүсүндө кыйыр түрдө болсо да байкалган.

2008-жылы көп векторлуу тышкы саясатты формалдуу түрдө сактоо менен Кыргызстан үчүн КЭР жана АКШ менен болгон байланышты бекемдеп алуу милдети турган. Анын артында өлкө жетекчилиги үчүн принципиалдуу болгон эки маселени жөнгө салып алуу маанилүү эле. Бул максатта ШКУнун Бишкек саммитин өткөрүү менен өлкө жетекчилиги өз элинин, эл аралык коомчулуктун алдында имиджин көтөрүп алуу жагы пландалган.

Ал эми экинчи жагынан АКШ жетекчилиги менен «Манас» аэропортунда «Ганси» аскердик базасынын жайгашышы боюнча маселени чечип алуу милдети да турган. Мында аталган авиабазаны чыгаруу менен орус тараптын көңүлүн алып, бирок кайра эле «Миң жылдыктын чакырыктары» долбоорунун чектеринде базанын статусун өзгөртүп сактап калуу жолдору караштырылган.

Ошентип ШКУнун Бишкек саммитинин өткөрүлүшү Кытай Эл Республикасынын аймактагы ролун арттырган К.Бакиев бийлигинин тышкы саясатындагы маанилүү окуялардын бири болуп калган. Мындай ири иш-чарага расмий өкүлчүлүк жагын Кыргызстан алганы менен анын уюштуруу, материалдык-техникалык жагын камсыз кылууда Кытайдын тышкы саясий мекемесинин ролу чоң болгон [6].

Арийне, бул иш-чара КЭРдин жеке кызыкчылыгына да төп келген жана Кыргызстандын мындай чоң иш-чараны өткөрүү жөндөмүнө карата айрым коңшу өлкөлөрдүн шек саноосуна чекит койгон. Бирок кыргыз тараптын саммитти өткөрүү учурунда демилгени толук колго алып, иш-чараны өз пайдасына буруп алуу мүмкүнчүлүгүн өткөрүп алганын моюнга алышыбыз керек. Саммитке даярдык көрүү учурунда 9-июлда Бишкекте ШКУнун курамындагы өлкөлөрдүн тышкы иштер министрлеринин кеңешмеси болуп, анда уюштуруу жана жыйындын күн тартибинин акыркы вариантын тактоо маселелери талкууланган [35].

2007-жылдын 16-августунда саммит өткөнгө чейин саясатчылар жана эксперттер тарабынан карама-каршылыктуу **божомолдор** айтылган. Алардын айрымдары «бул саммиттен кийин ШКУ жаңы деңгээлге көтөрүлөт, б.а.

жалпы коопсуздукту камсыз кылган жана келечекте НАТОго тең салмак түзө турган аскердик-саясий блок түзүлөт» дешкен [6].

Жыйынтыгында андай болгон жок, катуураак интрига да болгон жок, бул чоң өзгөрүштөрдү күтүп жаткан саясатчылардын жана эксперттердин шаабайын суутту.

Анткен мен жыйында маанилүү документ кабыл алынды, ал – ШКУнун курамындагы өлкөлөрдүн узак достугу жана ак ниеттүү кызматташтыгы жөнүндөгү келишим. Документте жеке Кытай тарап жөнүндө сөз болбосо да бул келишим КЭР өз потенциалдуу каршылаштарына карата күрөштө позициясын бекемдеп алууга кеңири шарт түзгөн. Дал ушул себептен улам Кытай жетекчилиги акыркы жылдары өз чек арасын айланта «коопсуздук тилкесин» түзүүгө аракет кылып келген. Негизи эле Кытайдын Борбор Азия өлкөлөрү менен кошо ишке ашырып келген долбоорлорунун көпчүлүгү аймакта туруктуулукту жана болжолдоого мүмкүн болгон өнүгүүнү камсыз кылууну максат кылат. Жыйынтыгында бул ШУАРда мүмкүн болчу тобокелчиликтердин алдын алууга мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде Орусиянын президенти В.Путиндин «ШКУнун чектеринде антитеррористик тилке» калыптандыруу демилгеси менен үндөш чечим болгон. Албетте, бул КЭР, Орусия жана Борбор Азия мамлекеттеринен турган бул өлкөлөргө коопсуздукту камсыз кылган «үчилтикти» жараткан десек болот [23ЭРД].

Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай АКШ дипломаттарынын ийкемдүү жана сабаттуу аракети болду десек болот. Себеби алар атайылап жана кылдаттык менен саммит ишин жуп жыйынтыктап жаткан учурга тууралап Кыргызстандын «Миң жылдыктын чакырыктары» долбооруна кабыл алынгандыгын сүйүнчүлөп «Жагымдуу белек» кылышкан.

Финансылык кыйынчылыкта тургандыктан жана убакыт өткөн сайын өсүп жаткан тышкы финансы агымдарынын киришинен көз карандылыгынан улам америка авиабазасын өлкөнүн аймагынан чыгарууну саммиттин расмий бөлүгүндө четке каккан Кыргызстандын абалын да түшүнсө болот.

2007-2008-жылдары Кыргыз-Казак ишкер кеңеши жана Кыргыз-Орус бизнес форуму ийиликтүү өткөн. Ушул эле 2007-жылдын 19-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 78-пленардык жыйынында «Туруктуу тоолуу өнүгүү резолюциясы» бир добуштан кабыл алынган. Эске сала кете турган нерсе - дал ушул темага байланышкан иш-чара 2002-жылы Бүткүл дүйнөлүк тоо жылын белгилөөнүн алкагында Бишекекте өткөн [5] .

Кыргыз мамлекети көз каранды эместикке жетишкенден берки геосаясий процесстерге баам салып талдоо жүргүзгөндө өлкөбүз балка менен дөшүнүн ортосунда калгандай элес жаратат.

Кыргызстанда эле эмес, Борбор Азияда төрт ири дүйнөлүк оюнчу аракетте жана алар аймакта «чоң шахмат» оюнун ойношуп, «чоң саясат» жасаган геосаясий лөктөр болуп саналат. Алар - Орусия, Кытай, АКШ жана Евробиримдик. Булар Борбор Азия аймагында эле эмес, дүйнөнүн келечегин аныктап коё турган ооматы арткан «дүйнөлүк киттер» десек болот.

Булардан тышкары Түркия, Иран сыяктуу аймактык оюнчулар да бар. Биз ушул күчтөрдүн таасир этүү жана өз ара аракеттенүү талаасында жайгашканбыз.

Ал эми Бажы биримдигинин (ЕАЭБ) Орто Азия мамлекеттериндеги жана Кыргызстандагы орду жөнүндө сөз кылганда төмөндөгү процесстердин хронологиясы чоң мааниге ээ болгонун белгилей кетүү өзгөчө зарыл.

2015-жылы 1-январдан тартып Евразия Экономикалык Биримдиги (ЕАЭБ) тууралуу келишим күчүнө кирди. Бул тууралуу Евразия экономикалык комиссиясынын (ЕЭК) маалымат кызматы билдирди. Келишим биримдиктин алкагында товар жүгүртүү, кызмат көрсөтүү, акча жана эмгек күчү эркин болушун камсыздап, экономика тармагында макулдашылган жалпы саясат болуусун бекемдейт. Евразия Экономикалык Биримдигин түзүү тууралуу келишимге 2014-жылы 29-майда Орусия, Казакстан жана Беларусь кол койгон, кийинчерээк Армения кошулду. 2014-жылы 23-декабрда биримдикке ошол кездеги Президент Алмазбек Атамбаев кол койгондон кийин, Кыргызстан

ратификациялык процедуралардын бүтүшү менен расмий түрдө 12-августта 2015-жылы биримдиктин толук укуктуу мүчөсү болду [6].

Евразия Экономикалык Биримдиги аймактык экономикалык интеграция уюму болуп саналат. Ал өзүнө кирген мамлекеттердин экономикасын туруктуу өнүктүрүүгө шарт түзүү менен бул мамлекеттердин элинин жашоо деңгээлин көтөрүүнү максат кылат.

Жалпы эмгек рыногунун ишин улантуу ЕАЭБ өлкөлөрүнөн Орусияга болгон эмгек миграциясын тездетүүнү камсыздады. Ушул эле жерде белгилүү бир атаандаштыктын өсүшү, экономикалык көз карандылык (бул өнөктөш өлкөлөрдөгү кризистик кырдаалдын шартында өзгөчө коркунучтуу), мындай кызматташтыктын пайдасынын жана чыгымдарынын ассимметриялык бөлүнүшү, натыйжада ЕАЭБдин экономикалык өсүүсүнүн сандык жана сапаттык мүнөздөмөсүнүн начарлашы сыяктуу коркунучтар бар. Мындан тышкары, бир чөйрөдөгү тоскоолдукту жөнгө салуу башка чөйрөнү да көтөрмөлөөнү күчөтүүгө алып келиши мүмкүн, мисалы, өнөктөш өлкөлөр тарабынан жаңы демпингге каршы жана компенсациялык чараларды, техникалык тоскоолдуктарды киргизүү.

Европалык интеграциянын тажрыйбасы көрсөткөндөй, Европа өлкөлөрүнүн тигил же бул чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарын жакындаштыруу процесси татаал болуп, узак убакытка созулган. Мисалы, 1957-жылдагы Рим макулдашуунун негизинде түзүлгөн Европалык экономикалык биримдик (ЕЭБ) 1980-жылдардын аягы 1990-жылдардын башында гана бирдиктүү социалдык мейкиндикти, бирдиктүү валютаны, бирдиктүү сырткы саясатты түзүү маселесин көтөрүп чыккан.

Муну менен, бүгүн сөз кылууга мүмкүн болгон чакырыктар жана тобокелдиктер кайсы бир деңгээлде – бул өсүүнүн маселеси. Жана да, ал бир гана ЕАЭБдин жетектөөчү институттары менен эмес, улуттук деңгээлде процесстерди башкарууну жакшыртуу менен дагы байланыштуу.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасынын Борбор Азияда эл аралык мамилелердеги негизги багыттары, эки тараптуу өз ара пайдалуу жана

узак мөөнөттүү саясий, экономикалык жана башка тармактарды өстүрүүгө, ошону менен биргеликте эл аралык уюмдардын механизмин улуттук кызыкчылыктарды эске алуу менен колдонуп ишке ашырууга арналган. Негизги көңүл ШКУ, ЖККУ жана ЕАЭБ уюмдарынын алкагында алгылыктуу иштерди жүргүзүүгө бурулган [6].

Эл аралык мамиле саясий илимдин объектиси болуп саналат. Ага ылайык эл аралык мамиле – бул дүйнөлүк коомчулуктун негизги субъектилеринин саясий, экономикалык, социалдык, дипломатиялык, укуктук, аскердик жана гуманитардык өз ара мамилелеринин жыйындысы. Андай субъектилер болуп элдер, мамлекеттер, коомдук күчтөр, кыймылдар, уюмдар саналат.

Азыркы замандын глобалдык көйгөйлөрү XX кылымдын аягындагы эл аралык мамилеге социалдык оорчулукту алып келүүдө. Ага Кыргыз Республикасынын суу ресурстарын пайдалануу боюнча кыргыз-өзбек мамилелери мисал болот. Бир жагынан алганда бул маселе эки өлкөнүн эле эмес, бүтүндөй Борбор Азиянын келечегине байланышкан көйгөй болсо да Кыргызстан ар дайым уттурган абалда турат. Анткени аталган аймактагы өлкөлөр жетишээрлик маани бербейт же бул Кыргызстандын гана жеке маселеси, кызыкчылыгы катары карап маани беришпейт. Мындай кайдыгер же текебер мамиле эртеби-кечпи Борбор Азияда ири масштабдагы келишпестиктерге себеп болуп берет. Себеби XXI кылымда эле таза суунун жетишсиздиги дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүндө чоң көйгөйгө айланууда. Наполеон Бонапарт айткандай «улуттар өз географиясына ылайык саясат жүргүзүшөт», суу ресурстарынын 80% ээлик кылган Кыргызстан Борбор Азияда эртеби-кечпи өз талаптарын таңуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн. Буга олуттуу себеп, жагдайлар бар.

Белгилүү болгондой, Кыргызстанда мунайзат, газ сыяктуу байлык жок болгон менен суу ресурстарына өтө бай. Өлкө аймагынын 85% пайызы асман тиреген тоолордон турат, ал эми дал ошол тоолордон 35 миңдей дарыялар, суулар агып түшөт. Алардын баары тоолордогу кардын жана муздун

эришинен калыптанат. Адис эксперттердин аныктаганы боюнча жер үстүндөгү суулар 51 млрд, жер астындагы суулар 13 млрд, көлдөрдө 1745 млрд, түбөлүк муздарда 650 млрд. куб метрди түзөт. ( Оторбаев К. Экономическая социальная и политическая география Кыргызстана 1998 г)

Өтө чоң көлөмдөгү суулар Кыргызстандын, Өзбекстандын, Казакстандын жана Тажикстандын түздүктөрүнө, өрөөндөрүнө жашоо берип турат. Эгер бул суулар жок болсо биздин аймактын климаты күтүүсүз жана тездик менен өзгөрүп, адамзаттын нормалдуу жашоосун камсыз кыла албай калмак.

## 3-бап. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын коргоонун жана коопсуздугун камсыз кылуунун артыкчылыктуу багыттары

### *3.1.Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалынын шарттарында улуттук кызыкчылыктар жана коопсуздук маселелери*

Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктары узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ жана өзүнүн тарыхый жолунда негизги максаттарды аныктайт, мамлекеттик ички жана тышкы саясатынын стратегиялык жана күндөлүк милдеттерин түзөт. Алар органикалык түрдө өзүнө инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын камтыйт. Инсандын кызыкчылыктары конституциялык укуктарын жана эркиндигин ишке ашырууда, жарандардын жеке коопсуздугун камсыз кылууда, жашоонун сапатын жана деңгээлин жогорулатууда, адамдын жана жарандын дене тарбия, руханий жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүндө турат.

Коомдун кызыкчылыгы демократияны бекемдөөдө, укуктук мамлекетти түзүүдө, коомдук макулдашуусуна жетишүүдө жана аны колдоодо, Кыргыз Республикасынын руханий - адеп-ахлактык жаңылануусунда жатат.

Мамлекеттин кызыкчылыгы конституциялык түзүлүштүн бекемдигинде, Кыргыз Республикасынын эгемендигинде жана аймактык бүтүндүгүндө, саясий, экономикалык жана социалдык туруктуулукта, мыйзамдуулуктун милдеттүү камсыз болушунда жана укук тартибин колдоодо, тең укуктуу жана өз ара пайдалуу эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүдө турат.

Ошондой эле эл аралык, маалыматтык, аскердик, чек аралык, экологиялык, маданий, миграциялык жана башка чөйрөлөрдөгү кызыкчылыктар каралат.

Кыргызстандын улуттук коопсуздугун улуттук таламдарды коргоо боюнча өз ара байланыштуу көз караштардын жана идеялардын жыйындысы катары калыптандыруу чон мааниге ээ. Андай чон максаттын айрым идеялары же жоболору убакыттын өтүшү менен ички жана сырткы кырдаалдын өзгөрүшүнөн улам актуалдуулугун жоготушу мүмкүн, бирок бул улуттук таламдарга тиешелүү эмес.

Убакыттын белгилүү бир тарыхый мезгил аралыгында улуттук кызыкчылыктардын бүтүндөй комплекси коомду жана мамлекетти сактоонун жана өнүктүрүүнүн чечүүчү маанисине ээ болгон, алардын ичинен бир нечесинде топтоштурулган түрдө чагылдырылышы мүмкүн. Азыркы учурда төмөнкү кызыкчылыктар алардын объективдүүсү болот.

Башка мамлекеттер жана эл аралык институттар менен мамиле түзүүдө, ошондой эле интеграциялык процесстерге катышууну кеңейтүүдө эл аралык укуктун универсалдык принциптеринин негизинде эгемендикти жана аймактык бүтүндүктү сактоо Кыргызстандын улуттук коопсуздугу үчүн негизги мааниге ээ болот [109].

СССР ыдырагандан кийин Борбор Азиянын мурдагы союздук республикаларынын ортосундагы чек аралар мурдагы бир мамлекеттин алкагында аларды аныктоодогу катачылыктардан улам алардын аймактарынын бүтүндүгүнө коркунуч келтирген жагдай болуп калды. Жаш мамлекет катары Кыргыз Республикасы үчүн аймактардын бүтүндүгү өз коопсуздугун камсыз кылуунун негизи болуп саналат жана биринчи даражадагы көңүл бурууну талап кылат. Бул коңшу мамлекеттердин чектеш аймактарында элдин жыштыгы жана алардын жарандарынын биздин аймакка жылып кириши менен шартталган, ал акыр аягында республиканын аймактык бүтүндүгү жөнүндө маселени коюп жана ал өлкөлөр менен мамилелердин курчушун пайда кылышы мүмкүн.

Бир бүтүн эгемендүү мамлекетти ийгиликтүү куруу анда жашаган адамдардын жана элдердин ортосундагы тилектештик жана

интернационализмдин негизиндеги адептик баалуулуктарына жана өз ара мамилелерине таянуу менен гана мүмкүн болот.

Кыргызстан калкыаз, бирок көп улуттуу мамлекет болуп саналат, ошондуктан глобалдык коркунучтар жана коопсуздук чакырыктары күч алган, ошондой эле Борбор Азиянын айрым аймактарында ресурстар жана жашоо мейкиндиги үчүн катуу атаандашуу жүрүп жаткан шартта өз элинин биримдигин жана ынтымагын камсыз кылыш үчүн колдон келгендин баарын кылышы керек. Кеп көп улуттуу мамлекетти куруу жөнүндө гана болушу мүмкүн, анда улуттук, тилдик, диний жана башка белгилери боюнча кодулоо болбоого тийиш.

Жалпы улуттук идеянын жоктугу, коомду баш коштуруу деңгээлинин төмөндүгү, республиканын ар кайсы улуттагы тургундарынын жалпы жарандык идентификациясынын начарлыгы улут аралык мамилелерде дайыма оорчулукту пайда кыла берет. Мамлекет улут аралык жана аймак региондор аралык араздашууну тутандыруу фактылары боюнча улутуна жана тилине карабастан катуу чара көрүшү керек.

Соңку жылдары элдин биримдиги регионализм саясатынын терс таасирине туш болуп, айрым саясий күчтөр тарабынан өздөрүнүн тар мүдөөлөрү үчүн гана пайдаланылып, ал коомдун социалдык негизине орноп жана көп учурда аймактардын ортосундагы карама-каршылыктарды жаратып, акыр аягында мамлекеттин бүтүндүгүнө шек туудурууда. Коомдо көңүл борборундагы көрүнүштөрдү жоюу мамлекеттин жана бүткүл кыргыз элинин биринчи даражадагы милдети болуп саналат, анткени ар кандай коркунучтар күчөп жаткан шартта биримдик жана баш кошуу гана алардын жолундагы бөгөт боло алат [7].

Биздин республиканын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Кыргызстандын улуттук таламдарын жүзөгө ашыруу жана коргоо бүткүл калктын катышуусу менен гана турмушка ашырылышы мүмкүн. Ал эми бул калктын татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылып, коомдо туруктуулуктун негизи болгон жогору өнүккөн экономиканын негизинде гана мүмкүн болот.

Кыргызстандын экономикасы калктын киши башына ИДӨнү өндүрүү боюнча дүйнөнүн жогору өнүккөн өлкөлөрүнөн гана эмес, ошондой эле коңшу мамлекеттерден, өз кезегинде өнүгүү деңгээли боюнча болжол менен бирдей болгон мурдагы союздук республикалардан да кыйла артта турат.

Эгерде орто мөөнөттөгү келечекте өндүрүш түзүмүн жакшы жагына кайра кура албаса, б. а. алардын эсебинен экономиканын жогору өсүш арымын камсыз кылууга мүмкүн болгон өнөр жайынын, кайра иштетүү тармактарынын үлүшүн көбөйтө албаса, анда республика көпкө чейин өнүгүп келе жаткан, перманенттик кризистерде жашаган өлкөлөрдүн катарында кала берет. Кыргызстанда жогору өнүккөн экономикага альтернатива жок, анткени республика оңой табыла турган жаратылыш ресурстарына ээ эмес, андай болгондо аларды сатуунун эсебинен коопсуздуктун кепилдиги катары калктын жогорку жашоо деңгээлин кармап турууга болмок. Ал эми колдо бар пайдалуу кен байлыктары өтө татаал жерлерде жатат жана аларды иштетүү зор каражатты талап кылат, ал бизде жок жана коомчулуктун кендерди иштетүүгө карата терс маанайы калыптанган.

Республика адам факторун, болгондо да коңшу өлкөлөргө салыштырмалуу сан жагынан кыйла чектелүү болгон адам факторун натыйжалуу пайдалануунун эсебинен гана утушка жетише алат.

Ошондуктан экономикалык саясат дал ушул фактордун өсүшүнүн белгилүү көрсөткүчүнө жетишүүгө - жумуш орундарынын түзүмүн индустриалдык сектордун пайдасына өзгөртүүгө, эмгекке жарамдуу калктын иш менен камсыз болушун көбөйтүүгө, тышкы миграцияны азайтууга жана эң башкысы, жумушчу күчүнүн жогорку сапатына жетишүүгө багытталууга тийиш. Ал эми бул калктын тийиштүү жашоо деңгээлинде жана анын реалдуу билимдүүлүгүндө гана мүмкүн.

Башка жагынан алганда экономиканы кескин көтөрүүдөн тышкары коомдо кирешелерди жана жыргалчылыктарды текши бөлүштүрүү маселесин чечүү зарыл. Анткени акыркы жылдары кыргыз коому катмарларга бөлүнүп, жакырлар менен байлардын ортосундагы ажырым көбөйүп, байлар байыгандын үстүндө ал эми карапайым массанын кирешеси жыл өткөн сайын азайып, башкаруу чөйрөсү олигархташып жана коомдун муктаждыктарын оң жагына чечип адилеттүү башкарууну камсыз кыла албай жатат [26МБС].

Ушул контексттен алганда калктын жашоо деңгээлинин жана сапатынын мүнөздөмөсү катары орточо көрсөткүчтөргө гана багыт алууга болбойт, социалдык тепкичтин төмөнкү баскычтарында турган калктын басымдуу бөлүгүнүн жашоо деңгээлин жогорулатууга жетишүү зарыл. Пенсионерлердин кыйла бөлүгү өздөрүнүн жашоо минимумунан төмөн пенсия алышат, бул алардын негиздүү нааразылыгын пайда кылууда.

Эгерде жогору өнүккөн экономика түзүлбөсө жана аз камсыз болгон жарандардын көпчүлүгүнүн татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кыла албасак, анда мамлекет өзүнүн эмгекке жарамдуу калкынын кыйла бөлүгүнөн жакынкы эле жылдарда ажырап калат. Коомдун жумушка жарамдуу бөлүгү башка өлкөлөргө жапырт эмиграцияга кетип жана чет мамлекеттердин жарандыгын массалык түрдө ала берет.

Азыркы учурда эле эмгекке жарамдуу калктын үчтөн бири башка өлкөлөрдүн экономикасы үчүн иштеп жатат. Акыр аягында адам ресурстарынын «жок болушунун» жана калктын бардык аймактардан чыгып кетишинин кесепетинен кыргыз мамлекетинин өзүн сактап калуу жөнүндө маселе күн тартибине коюлушу мүмкүн.

Коопсуздукту камсыз кылуу механизминде чечүүчү роль мамлекетке жана анын башкаруу органдарына таандык. Республикада мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу системасынын болушу стратегиялык ресурстардын чектелүү болгондугунан улам социалдык-экономикалык өнүктүрүү маселелерин чечүү жана аймакта жана дүйнөдө өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу биринчи кезектеги шарты болуп саналат.

Муну менен бирге ИДӨнүн 90%га жакынын жеке сектор өндүрүп жана жарандык коом социумдун ичинде көп маселелерди чечип жаткан коомдо мамлекеттин ролунун өзгөрүшүн эске алыш керек.

Бирок азыркы учурга чейин Советтер Союзунан мураска калган мамлекеттик башкаруу системасы өзгөрүүсүз кала берген, бул жаңы шарттарга ылайык келбегендиктен улам анын натыйжалуу эместигин көргөзүп койду. «Советтик» институттарга жаңы жеке менчик түзүмдөр кошулган, мунун натыйжасында Кыргызстанда дүйнөдөгү эң чоң мамлекеттик аппараты пайда болуп, ага өлкөнүн бюджетинин кыйла бөлүгү чыгымдалып келе жатат [87].

Натыйжалуу башкаруу системасын түзүү иш милдеттерин өркүндөтүүнү, ошондой эле эркин соода-сатык экономикасынын шартында андагы министрликтер менен мекемелердин ордун жана ролун оптималдаштырууну караган түп-тамырынан берки өзгөрүүлөрдүн жолу менен кетиши зарыл. Алар удаалаш, бирин-бири кайталаган түзүмдөрдү жоюу жана борбордук органдар менен алардын аймактык бөлүктөрүнүн ортосунда чектелген иш милдеттерди бөлүштүрүү, ошондой эле алардын көп бөлүгүн жарандык коомдун ролунун жогорулаганына ылайык жергиликтүү башкаруу органдарына өткөрүп берүү менен коштолууга тийиш [10].

Кыргызстандын объективдүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен экономикалык жана социалдык өнүктүрүүдөгү демилге өкмөткө гана эмес, жигердүү жарандык коомго жана анын айрым мүчөлөрүнө да таандык болуп эсептелет. Ошону менен бирге азыркы убакта Кыргызстандын жарандык коому калыптануу мезгилинде турат жана өзгөчө активдешип жаткан этнорегионализмдин көрүнүшүндө ар кандай күчтөрдүн (саясий, урук-туугандык, кландык ж.б.) жана тышкы (геосаясий күрөштүн негизги күчтөрүнүн) терс таасирине кабылууда.

Кыргызстандык жарандык активисттер кээде коомдук, мамлекеттик кызыкчылыктарды көздөгөн талаптар менен чыгып бийликтин саясий чечимдерине таасир эте алат. Буга Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Кызыл-Омпол уран кенин иштетүүгө каршы чыккан жана айрым коррупцияга

малынган аткаминерлерге чара көрүүнү талап кылган акциялар мисал болушу мүмкүн. Ошол эле учурда кыргыз элинин түшүнүгүнө, каада-салтына жат гендерлик теңчиликти ашкере жактаган, ал эле эмес бир жыныстуулардын үйлөнүүсүн жактаган акцияларды Бишкекте өткөрүп жүрүшөт. Жарандык активисттердин иш багыттарындагы мындай карама-каршылыктуу учурлар алардын ашкере либералдашып, кыргыз коомуна жат көрүнүштөрдү таңуулоого аракет кылып келишкени ашкере батышчыл идеялардан коргой турган, тышкы күчтөрдүн бузукулук, бөлүп жаруучулук саясатына туруштук бере турган улуттук имунитетти жаратуунун зарылжыгы бышып жетилди.

Ошондой эле башкаруу системасынын көңүлүнүн борборунда адам ресурсунун, анын саламаттыгынын жана интеллектуалдык абалынын сапатынын маселеси Кыргызстандын шарттарында өсүп-өнүгүүнүн башкы фактору катары дайыма туруугa тийиш [27МБС].

Айылдан шаарга оогон калктын миграциясы сапаттуу ичүүчү сууга жеткиликтин азайышы жана канализациянын адекваттуу системаларына болгон муктаждыктын күчөшү, стационардык булактардан жана автоунаалардан чыккан зыяндуу заттардын айынан абанын булганышы, жер ресурстарынын, экосистеманын жабыркашы, жалпысынан тиричиликтин катуу калдыктарынын топтолушу, табигый жана техногендик кырсыктардын көбөйүшү жана масштабынын кеңейиши менен коштолууда.

Адам жашаган чөйрөнүн сапатынын начарлашы, жаратылыш ресурстарынын жетишсиздиги адамдын саламаттыгына жана коопсуз өнүгүшүнө коркунуч жаратып, калктын оорусун күчөтүүдө. Өлкө калкы улам ар башка оору-сыркоолорго учурап, саламаттык сактоого болгон жеткилик жана анын сапаты төмөн бойдон калууда. Республика боюнча жыл сайын саламаттык сактоо уюмдары тарабынан 2,6 млн. ашык оорулар катталат, оорулардын жайылышынын көрсөткүчү калктын 50% жакындайт, башкача айтканда, республиканын ар бир экинчи тургуну ар түрдүү ооруга чалдыккан. Алардын арасында биринчи орунда жүрөк-кан тамыр оорулары турат, ага республикада бардык өлүм-житимдердин жарымынын көбү туура келет.

Аскерге чакырылуучулардын дээрлик 80% ар түрдүү ооруларга дуушар болгон, бул өз кезегинде республиканын куралдуу күчтөрүнүн күжүрмөн жөндөмдүүлүгүнө терс таасир тийгизет. Мына ушундай көрүнүштөрдүн баары өнүгүүнүн адамдык ресурсун кыйла тарытып, буга ошондой эле калктын билим деңгээли жана анын сапаты да олуттуу таасир тийгизет.

Республиканын экономикасынын түзүмүн натыйжалуу өндүрүштөрдүн пайдасына карата кайра куруу инновациялык технологияларды жапырт ишке киргизүүнү жана көптөгөн инвестицияларды өздөштүрүүнү талап кылгандыктан, жумушчу күчүнүн сапатына талаптардын деңгээли да тийиштүү түрдө жогорулайт. Эгерде Кыргызстан инвесторлорго ушундай кызматкерлерди сунуштай албаса, анда аларды чет өлкөлүк жумушчу күчү менен алмаштыруу керек болот, бул сөзсүз түрдө республиканын коопсуздук абалына терс таасир этет. Тилекке каршы, учурда мындай тенденция даана байкалууда. Атап айтканда, акыркы жылдары жеңил өнөр жай тармагында жана башка чөйрөлөрдө Пакистандан келген жумушчулар иштегени байкалып жатат.

Билим берүүнүн деңгээли жана анын сапаты кийинки жылдарда кыйла начарлап кетти. Мектепте жана жогорку окуу жайларында окуу процессин начар педагогикалык кадрлар жүргүзүп, коррупция жана ар кандай жыйымдар өсүп, мектеп рэкети иш жүзүндө аларды криминалдык жамаатка айландырып жиберген учурлар кездешет.

Кыргызстандын мектеп окуучулары интеллектуалдуулук жөндөмдүүлүгү боюнча эл аралык тестирлөөнүн натыйжасында акыркы орунда калды, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү кесиптик даярдыгынын сапаты боюнча эмгек рыногунун заманбап талаптарына дал келбейт, ошондуктан мигранттардын жана жумушсуздардын армиясын толуктоо менен ишке орношуу кыйынга турууда [23МБС].

Мындай жагдайдын башкы себептерине билим берүүнү жетишсиз каржылоо, мугалимдердин жана билим берүү системасынын башка кызматкерлеринин эмгек акысынын салыштырмалуу төмөндүгү, окуу

жайларынын материалдык-техникалык базасынын деградациясы киргизсе болот. Эгерде жакын арада мындай процесс токтобосо, анда Кыргызстан башка мамлекеттерге сабаты начар, арзан жумушчу күчтөрдү берүүчү өлкөгө биротоло айланат. (Сыдыкбаев Ч.М. Билим берүү системасын талкалоо мамлекетке каршы диверсия менен барабар. Журнал «Наука и новые технологии»).

Ар кандай диний жана жалган диний уюмдар, ошондой эле чет өлкөлүк ЖМКлар күчтүү жана ар түрдүү таасир этип жаткан шартта сапаттуу маданий чөйрөгө жана сапаттуу билимге жеткиликтин жоктугу калктын жалпы деградациясына жана идеологиялык жактан туура эмес багытка алып келет, анын натыйжасы экстремизм, терроризм, сепаратизм көрүнүштөрүн пайда кылат жана кылмыштуулукту күчөтөт.

Өсүп келе жаткан муунду кыргыз элинин улуттук духунда тарбиялоо жана ал аркылуу улуттун рухун көтөрүү боюнча альтернативалуу мыкты идеялар, сунуштар бар экенине карабай, андай прогрессивдүү демилгелерге өкмөт кайдыгер мамиле кылып келатат. Мисалы, улуттук баалуулуктарды сактоону жана жайылтууну максат кылган «Бакдөөлөт» коомунун жаштарды тарбиялоо багытындагы эң мыкты демилгелерине мамлекеттик деңгээлде көңүл бурган, аны жүзөгө ашырууга аракет кылган киши мамлекетте, өкмөт жетекчилигинде жок болуп жатат.

Кыргызстанда адам фактору коомдун, мамлекеттин жана экономиканын өнүгүшүнүн, саламаттыгы чың жана билимдүү калктын өнүгүшүнүн башкы таянычы экенин эске алсак, бул бүткүл мамлекеттик жана коомдук саясаттын негизги багыты болмок.

Демек, азыркы мезгилде, ошондой эле узак келечекте Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары төмөнкүлөр болуп саналат:

- өлкөнүн аймактык бүтүндүгү;
- улут аралык жана аймак аралык карама-каршылыктардан арылган Кыргызстандын бирдиктүү калкы;

- жогорку өнүккөн экономика жана калктын жашоо турмушунун татыктуу деңгээли;
- мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу тутуму жана мамлекеттик башкаруу системасында коррупцияны минималдаштыруу;
- жигердүү жарандык коом жана бул институтту өлкөнүн өнүгүшүндө жигердүүлүгүн артыруу.

Кыргызстандын шартында адамдык фактор коомдук өнүгүүнүн башкы факторуна айланууда, аны жигердүү пайдалануу менен гана республика өзүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат.

Адамдык капитал ишмердүүлүктүн ар түрдүү чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылуучу, калк топтогон дене күч менен адеп-ахлактын, жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүктүн, чыгармачылык, ишкерлик жана жарандык жигердүүлүктүн топтомун камтыйт.

Колдо турган финансы жана кадр ресурстарын жетишсиз пайдалануу, билим берүүнүн тепкичтери менен деңгээлдеринин, шаардагы жана айылдагы мектептердин ортосундагы сапаттык ажырым, кесиптик билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнүн компетентциясынын, педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги, билим берүү системасы кыйла динамикалуу эмгек рыногунун талаптарына жетише албай жатканы бул чөйрөдөгү коркунучтардын негизги себептери болуп саналат.

Калктын социалдык жактан корголбогон катмарынан чыккан балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгү акыркы жылдардагы коомдун өнүгүшүнүн актуалдуу маселелеринин бири болуп калды. Республикада мектепке жана башка окуу жайларына барбаган балдардын белгилүү бир үлүшү сакталууда. Үй-бүлөлөрдүн начар социалдык-экономикалык абалы балдардын мектепке барбай жатканынын себептеринин бири болуп саналат.

Айылдык китепканаларды, маданият үйлөрүн, музейлерди, музыкалык мектептерди жана башка мекемелерди өзүнө камтыган маданий-агартуучулук база аймактардын тургундарын маалымдоонун жана агартуучулук деңгээлин жогорулатуунун альтернативалуу булагы болуп саналат. Бир катар

объективдүү себептерден улам калкты маданий тейлөө чөйрөсүндө айылдык маданий үйлөрдүн бүтүндөй системасы азырынча курула элек.

Азыркы учурда калктын маданий-агартуучулук жана интеллектуалдык потенциалынын төмөндөшүнүн айынан республикадагы диний кырдаал чет өлкөлүк ислам жана христиан диндеринин салттуу эмес агымдарынын таасиринин күч алышы менен мүнөздөлөт.

Бул жагдай сыйынуу үйлөрүнүн, мечиттердин, диний окуу жайларынын көптүгү, калк арасында Мун чиркөөсү, Иисус Христос чиркөөсү сыяктуу сектанттык христиандык агымдардын, ошондой эле исламдын тынчтык мүнөзүн расмий үгүттөгөнү менен, иш жүзүндө анын түшүндүрмөлөрүн экстремисттик мүнөздө чечмелеген «Хизб ут-Тахрир», «Акрамия», «Салафия» жана «ваххабизм» сыяктуулардын сүңгүп кириши жана таралышы менен шартталган. Бул багытта Борбор Азияда Европадан, Америкадан жана Перс булуңунун өлкөлөрүнөн келген эмиссарлар менен фонддор өз ишин күчөтүшү күтүлөт. Ушуга байланыштуу мамлекеттин миграциялык саясатынын натыйжалуулугун арттыруунун эсебинен алардын республикага келишине көзөмөлдү күчөтүш керек. Жалпысынан бүгүнкү күндө Кыргызстанда миграциялык процесстерди жөнгө салуу улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги маселелеринин бири болуп саналат [110].

Экономикалык реформаларды жүргүзүүдөгү мамлекеттин жаңылыштыгы ички чаржайыт миграцияга жана калктын республикадан сырткары кетишине негизги себеп болууда. Айылдагы кайра уюштуруу жер үлүштөрүн, мүлктү пайдалануунун жана аймактардын экономикасын өнүктүрүүнүн, анын ичинде айыл чарба өндүрүмүн кайра иштетүүнүн натыйжалуулугун камсыз кыла алган жок.

Өнөр жай ишканаларын реструктуралаштырууну жана менчиктештирүүнү кыянаттык менен пайдалануу жана одоно мыйзам бузуу өндүрүштүн азайышына жана шаар калкынын арасындагы жумушсуздукка алып келди.

Ички миграциянын натыйжасында стратегиялык жактан маанилүү чек ара аймактарынын калкы азаюуда, ири шаарлардын агломерациясынын инфратүзүмүнө күч келип, республиканын аймактарынын өнүгүшүндө дисбаланс күчөп баратат. Бул жагынан чек арага жакын райондордогу миграция, коңшу мамлекеттердин жарандарынын республиканын түштүк чек арасына «жылып кирген» миграциясы курч көйгөй болуп турат [108].

Тышкы эмгек миграциясы жумушсуздуктун залакасын азайтуу жана чет өлкөдө иштеген жарандардан келип жаткан валюта каражаттары сыяктуу шарапатынан сырткары өлкө үчүн бир топ кесепеттери да бар. Бул калктын квалификациялуу жана кыйла жигердүү бөлүгүнүн чет өлкөгө кетишине, демографиялык кырдаалдын начарлашына, үй-бүлөдөгү ажырашууга, төрөттүн жана калктын өсүш ыргагынын азайышына алып келип жатат. Кыргызстанга көптөгөн мигранттар биротоло кайтып келбей калуу коркунучу бар, анткени алар өздөрү иштеген өлкөлөрдүн жарандыгын жапырт кабыл алып жатат. Мындай кырдаал адамдарды мыйзамсыз ташып чыгууну уюштуруу жана сатуу фактылары менен кошо алганда Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына зыян келтирет.

Кыргызстанга чет өлкөлүк жарандардын белгилүү бир категориясынын келиши жана жүрүшү менен байланышкан бир катар көйгөйлүү маселелер бар, алар республикада тездик менен көбөйүүдө. Либералдуу миграциялык мыйзам жана иммиграциялык көзөмөлдүн жетишсиздиги чет өлкөлүк жарандардын республикага олуттуу экономикалык зыян алып келүүчү, мыйзамсыз эмгеги жана ишкерлиги үчүн шарт түзүүдө. Экинчи жагынан, бул жергиликтүү эмгек ресурстарынын сүрүлүп чыгышына жана республиканын экономикасында квалификациясыз чет өлкөлүк жумушчу күчүн пайдалануунун масштабынын кеңейишине алып келип жатат.

Мына ошентип, калктын тышкы жана ички орун которушунун, чет өлкөлүк жумушчу күчүнүн көзөмөлсүз агымынын маселелерин чечүүнү Кыргызстандын улуттук коопсуздугун камсыз кылуунун маанилүү элементтеринин бири катары кароо зарыл. Республиканын эл аралык жана

аймактык мамилелер системасында жайгашкан ордун эске албастан мамлекеттин миграциялык саясатын жүргүзүү өлкөнүн коопсуздугуна орду толгус зыян алып келиши мүмкүн.

Республикада башкаруу системасынын жетишсиз натыйжалуулугу да чоң мааниге ээ болгон терс факторлордон болуп саналат.

Мамлекетти башкаруу системасы коомдун өнүгүшүнүн жана анын коопсуздугун камсыз кылуунун негизги каражаты болуп саналат. Бирок эгерде бул милдетти артта калгандыгынан улам аркалай албаса жана коррупциянын, уруучулдуктун жана компетентсиздиктин айынан деградация болсо, ал тескерисинче коом үчүн коркунучка айланат. Ушул себептерден улам республикада башкаруу системасы акыркы убакта бийликтин күч менен алмашуусуна алып келип, алар аз жерден жарандык согушка айланып кете жаздады.

Жагымсыз социалдык-экономикалык шарттарга байланыштуу республиканын жарандарынын сыртка жапырт кетиши да башкаруу чөйрөсүндөгү жагымсыз нерселердин индикатору болуп саналат. Бул мурдагы башкаруу системасы республиканы өнүктүрүү боюнча өз мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен түгөткөндүгүнөн кабар берет.

Мамлекеттик аппарат өлкө көз карандылыктан чыккандан бери туруктуу өсүүдө. Мамлекеттик бюджеттин кирешелери чыгашалардан аз болгонгу, туруктуу бюджет тартыштыгы - мамлекеттик башкаруу системасынын натыйжасыздыгынын көрсөткүчтөрүнүн бири.

Аткаминерлердин эбегейсиз сандагы армиясы, мыйзамдардын, мыйзам алдынагы актылардын, нускамалардын көптүгү, алар тарабынан уруксат берүүчү ыйгарым укуктардан кыянаттык менен пайдалануу, укук коргоо жана сот органдарынын чабалдыгы - мунун бардыгы жыйындысында Кыргызстандын натыйжасыз башкаруу системасынын белгиси. Бул чет өлкөлүк да, ата мекендик да инвесторлорду чочутуучу жогорку административдик жана коррупциялык бөгөттөрдү түзөт.

Анын үстүнө мамлекеттик кызматчы сапаттуу эмгекке кызыкчылыгы жок, анын ишинин акыркы натыйжасы көп учурда чачыранды жана аныкталган эмес.

Өкмөттүн өз активдерин башкаруу боюнча саясаты жигерсиз, анда өнүгүүнүн натыйжалуу пландары жок жана аларды пайдаланууга көзөмөл жүргүзүлбөйт. Мамлекеттик ишканалар өздөрүн өздөрү билгендиктен, алардын ишинен мамлекетке жетиштүү киреше түшпөй калган учурлар көп. 2018-жылдын январ айында суук катуу болуп, Бишкектин Жылуулук электр борборунда (ЖЭБ) кырсык болуп, баш калаа кычыраган кышта бир жума бою жылуулуксуз калды. Эң өкүнүчтүүсү - ЖЭБ эки жыл мурун эле 386 миллион долларга реконструкцияланган. Демек көзөмөлдүн жоктугунан жана жогорку жетекчиликтин жоопкерчиликсиздигинен улам ири корупцияга жол берилген [14МБС].

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, мамлекетти башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү боюнча иш-аракеттердин алкагында бул же тигил багытта тийиштүү реформалардын багытын аныктап алуу маанилүү. Кийин аларды ишке ашыруу менен администрациялык-аймактык түзүм боюнча, укук коргоо жана сот системаларында жана башка чөйрөлөрдө мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу зарыл.

Азыркы учурда мамлекетти башкаруунун натыйжалуу системасын түзүш үчүн конституциялык шарттар түзүлгөн. Ошондуктан эгерде бул көйгөй жакынкы убакта чечилбесе, дүйнөдөгү жана аймактагы катуу атаандаштык шартында башкаруучулук факторунун ылайыксыздыгы андан да чоң деңгээлде Кыргызстандын коопсуздугуна коркунуч жаратат.

Экономиканын абалы жана республиканын энергия менен камсыз кылуу системасынын чабалдыгы. Кыргызстандын экономикасы бир катар тышкы жана ички факторлордун ыңгайсыз таасири астында турат, бул экономикалык өсүүгө жана калктын көпчүлүгүнүн турмуш шартын жакшыртууга тоскоолдук кылат. Дүйнөлүк экономикадагы, ошондой эле негизги соода өнөктөш болгон Орусиядагы жана Казакстандагы каатчылык, азык-түлүк товарларынын жана мунай өндүрүмдөрүнүн кымбатташы, ЕАЭБдин шарттарын колдонууга киргизүү тышкы факторлорго кирет. Ички рыноктун азык-түлүк товарларынын жана отундун импортунан көз карандылыгы, ишкерликти өнүктүрүш үчүн насыялардын жогорку пайыздык чендери, азык-түлүк товарларына баалардын сезондуу өзгөрүүлөргө байланышкан инфляциялык секириктер, электр жана жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тариф саясатынын жоктугу ички факторлорго кирет.

Реалдуу сектор Кыргызстандын экономикалык системасынын өтө начар бөлүгү болуп турат. Өнөр жайы да, айыл чарбасы да республиканын экономикасында кеңейтилген кайра өндүрүү процессинин базасы жана ыкчам экономикалык өсүштүн негизи боло албады. Бул жерде кызмат көрсөтүү чөйрөсү басымдуулук кылат, анда кытай товарлары менен масштабдуу реэкспорттук тышкы соода операциялары башкы ролду ойнойт. Бирок дүйнөлүк каатчылыктын жана Кытайдын тышкы экономикалык жигердүүлүгүнүн төмөндөшүнүн шартында Кыргызстандын ушул транзиттик ролу биздин экономикабыз үчүн өз маанисин жоготушу мүмкүн.

Эгемендик жылдарында өнөр жайы өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө олуттуу деле салым кошкон эмес - СССР ыдыраганы жатканда ал ИДӨнүн түзүмүнд 46,2% болсо (1990-ж.), ар кандай жылдарда 13-19% ээлеген. Өнөр жайынын бул салыштырмалуу аз үлүшү көп учурда «Кумтөр» алтын кенинин аркасы менен гана сакталып турат [7].

Республиканын айыл чарбасы узак убакыт бою жөнөкөй кайра өндүрүү менен чектелип, динамикалуу өнүкпөй жатат. Бул тармакта импорттук өндүрүм менен атаандаша албаган, учурдагы технологияларды жана жабдууну колдонууга жөндөм майда товардык өндүрүш көптүк кылат. Ошондой эле айыл чарбасы менен кайра иштетүү өнөр жайынын ортосундагы байланыш тиешелүү деңгээлде жөнгө салынган жок, бул жерде мамлекет жетектөөчү роль ойноого тийиш болчу.

Айыл чарба өндүрүмүн абдан тереңдетип кайра иштетүүнүн эсебинен Кыргызстан экологиялык жактан таза өндүрүм борборуна айланышы мүмкүн болчу. Бирок тиешелүү инфратүзүмдүн жоктугу бул маселени чечүүгө тоскоолдук кылууда.

Ушунун бардыгы ар кандай мафиялык түзүмдөргө мамлекеттик башкаруу системасындагы коррупцияланышкан элементтер менен тил табышып, фермерлерден өндүрүмдү төмөндөтүлгөн баада алууга, андан кийин аны үч эсе кымбат сатууга, өндүрүштү өнүктүрүүгө белсенген дыйкандардын демин басып, алардын ала турган кирешесин өз пайдасына кайра бөлүштүрүүгө жардам берет.

Натыйжада ар кандай товарлар менен калктын керектөөлөрүн канааттандырууда ата мекендик өндүрүштүн ролу мурдагыдай эле төмөндөп баратат. Күндөлүк керектөөчүлүк товарлардын үлүшү акыркы жылдары чекене товар жүгүртүү көлөмүндө 35-36% түзөт. Ички соода-сатыкты аткезчиликтин эсебинен толтурууну эске алганда ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн үлүшү андан да төмөн болушу мүмкүн.

Мындай кырдаалдын уланышы республиканын керектөө базарында азык-түлүк коопсуздугуна терс таасир этип, масштабдуу социалдык катаклизмдерге алып келиши мүмкүн. Негизги капиталга инвестициялардын азаюусу менен коштолгон өнөр жай өндүрүшүнүн ролунун кыйла кыскарышы республиканын кайра өндүрүү мүмкүнчүлүктөрүн тарытып турат, натыйжада экономикада кеңири эмес, жөнөкөй гана кайра өндүрүү мүмкүн болбой турат. Мындай тенденция узак убакыттан бери байкалып келе жатат.

Кыргызстан бул көрсөткүч (негизги капиталга инвестициялар) боюнча КМШда көп жылдар бою акыркы орундарда турган. Андан начар абалда Армения гана болчу, бирок премьер-министр Никол Пашиняндын өкмөт башына келиши менен ал жакта абал оң жагына өзгөрө баштады. Кыргызстандын экономикалык саясатында негизги басым чет өлкөлүк түз инвестицияларга, аларды өндүрүш чөйрөсүнө тартууга жасалышы керек. Чет өлкөлүк түз инвестицияларды тартууга коррупция эң чоң тоскоол болуп келатат - чет өлкөлүк инвесторлор коррупционерлердин кысымы астында республиканын экономикасына өз каражаттарын салуу боюнча пландарынан баш тартууга аргасыз болушат [7].

Ошентип, кыргыз экономикасынын учурдагы абалы өзүнүн кайра өндүрүү базасынын туруксуздугун ачык көрсөтүп турат, бул болсо азыркы шарттарда улуттук коопсуздуктун олуттуу коркунучу болуп саналат. Экономикадагы мындай кырдаал отун-энергетика комплексиндеги татаал абал менен терендеп жатат.

Постсоветтик мезгилде Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык балансы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул мезгил аралыгында көмүрдү, жаратылыш газын, отун мазутун керектөө кыйла (бир нече эсе) азайып, теңдештирилбеген тариф саясатынан улам электр энергиясын керектөө арбыган, ал эми электр энергиясынын тарифтери күйүүчү-майлоочу материалдарга, газга жана отун мазутуна болгон бааларга караганда өтө төмөн.

Бул электр тармактарына жана бүтүндөй электр энергетикасынын тармактарына оорчулук келишинин негизги себеби болгон. Электр энергетикасынын тармактарында жабдуулардын эскириши 60% чейин жетет. Бөлүштүрүүчү компаниялардын өткөн кылымдын 60-70-жылдарында колдонууга киргизилген электр берүү чубалгылары дээрлик жаңыртылган эмес. Мунун баары жыл сайын көп сандаган авариялык өчүрүүгө алып келүүдө.

Өчүрүүнүн көпчүлүгү кыш мезгилине туура келет, анткени тармактардагы оорчулук жайкы мезгилден үч эсе күчөйт. Кыш мезгилинде электр менен жабдуунун ишенимдүүлүгү олуттуу төмөндөйт.

Республиканын электр менен жабдуусу Борбор Азиянын Бириккен энергосистемасынан жана Казакстан менен Өзбекстандын аймагы боюнча өтүүчү электр берүү чубалгыларынан көз каранды болуп келсе, экс-президент А.Атамбаевдин демилгеси менен ишке ашырылган «Датка-Кемин» көмөк чордонун куруу өлкөнү энергетикалык көз карандылыктан бошотконун акыйкаттык үчүн айта кетиш керек.

Органикалык энергия алып жүрүүчүлөр чөйрөсүндө абал андан да кооптуу. Кыргыз Республикасы газдын жана мазуттун, ошондой эле бөлүгү менен көмүрдүн импортунан толук көз карандылыкта турат. Ошону менен монополиялык жеткирүүчүлөр бааларды үзгүлтүксүз жогорулатышат жана өзгөчө кыш мезгилинде жеткирүүнүн ишенимдүүлүгүнө кепилдик беришпейт. Ал эми Кыргызстандын көмүр өнөр жайынын мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз түрдө пайдаланылып келет.

**3.2. Кыргызстандагы демографиялык абалдын улуттук коопсуздукка тийгизген таасирлери**

XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башындагы постсоветтик мейкиндиктеги ири масштабдуу процестердин бири миграциялык процесс болду. Учу-кыйры чексиз кеңирсиген Орусиянын чыгыш тарабынын калкы өлкөнүн батыш бөлүгүн көздөй агылса борбордук бөлүгүндөгү калктын бир бөлүгү батышка конуш которду. Кыргызстанда да интенсивдүү ички жана тышкы миграцияны 70- 80 жылга чукул аралыкта калыптанган демографиялык абалдын көрсөткүчтөрүнүн кескин өзгөрүшүнө алып келди [45].

Мурунку кылымдарда Чыгыш Азия мейкиндигинде көчүп-конуп, улуу журт которуунун алкагында Алтайдан Орто Азияга агын суудай жылып жүргөн көчмөн кыргыз эли үчүн миграция балким жанылык эмес.

Арийне өлкө эгемендикке ээ болгон 30 жылдан ашуун убакыт ичинде коомдун мурдагы катмарларынын бирине да кирбеген сегмент (катмар) пайда болгону айныгыс факт. «Эмгек мигранттары» деп аталган ал катмар бүгүн мамлекет экономикасын ишенимдүү таянычы жана жөнөкөй калктын жалгыз социалдык тиреги болуп калды десек болот. Айлык акы жана жөлөк пул жашоонун минималдык керектөөсүнө жооп бербеген, жумушсуздук өкүм сүргөн Кыргызстандын шартында калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн жапырт бакыт издеп четке чыгып кетиши бир чети мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Ооба, эмгек мигранттары сыртта жүрсө да өлкө экономикасына эбегейсиз салым кошуп жатканын алардын Кыргызстанга бир жылда банк аркылуу салган акчасы эле мамлекеттин бир жылдык бюджетине чамалаарын эсептеп жүргөн эксперттер бар. Бирок көп учурда ошол акча келечектүү долбоорлорго эмес, аш-той өткөрүүгө, кыймылсыз мүлк сатып алууга жумшалат.

Калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн сыртка чыгып кетиши айрым өлкөлөрдө улуттук трагедия катары каралып, аларды өз мекенине кайтаруу боюнча мамлекеттик ири программалар иштелип чыгып, ишке кирет. Эл аралык практикада мындай тынчсызданууга толук негиз бар. 1991-2015 жылдары тышкы миграциянын алкагында калктын ишке жарамдуу бөлүгү тышка кеткен сайын Кыргызстандын ИДӨсү жыл сайын 2,3 пайызга (кээде 3,5% чейин) эңшерилип турган.

Тилекке каршы, Кыргызстандын саясий жетекчилиги алардан келген акчанын эсебин алгандан жана эмгек мигранттары барган өлкөлөрдө аларга колдоо көрсөтүү аракеттеринен башка сезилээрлик салмактуу иш алып барбай келет.

Таң калыштуусу, Миграция жана жумуштуулук комитети тышка чыгып кетип жаткан эмгек мигранттарынын агымын токтотуу жаатында алгылыктуу иш алып барыштын ордуна аларды кайра тышка жөнөтүүнү жөнгө салган, аларды легалдаштыруучу гана иш алып барууда. Андан керек болсо өлкө экономикасы канчалык очурулуп улуттук коопсуздукка коркунуч туулуп

жатканы толук эске алынган жок. Мисалы Баткен жана Нарын облустары ички жана тышкы миграциянын натыйжасында баштапкы демографиялык көрсөткүчтөрүн өтө төмөндөтүп жабыр тарткан. Аталган эки облус тең чек арада жайгашаарын жана ал аймактардагы калктын жыштыгынын кескин суюлушу улуттук коопсуздукка чон коркунуч туудура турган факт экенин эске алганда тышка чыгып кетип жаткан мигранттарды азайтуу улут коопсуздугу үчүн канчалык маанилүү экени айгине болот.

Статистикалык маалыматтар боюнча тышкы миграциянын жана негизинен Чүй облусунан агылган ички миграциянын айынан жогоруда аталган эки облустун калкынын саны 10 пайыздын 12 пайызга чейин кемиген [110]. Ички мигранттардын негизги агымына өлкөдө негизинен үч шаар - Бишкек, Ош, Жалал-Абад сыяктуу шаарлар кабылып, анын айынан бул шаарларда социалдык чыналуу дайым сакталып келет. Ал эми социалдык чыңалуу өкүм сүрүп, калк маргиналдашып, социалдык катмарлардын ортосундагы материалдык айырма кескин күчөп кеткенде ал чоң саясий маселеге айланып, тез эле саясий-социалдык жарылуу болуп кетиши мүмкүн экенин жана мындай абал өкүм сүргөн жерде улут аралык араздашуу башталып кетсе кырдаал тез эле көзөмөлдөн чыгып кетээрин 2010-жылкы Бишкек, Ош, Жалал-Абаддагы окуялар көргөздү.

Өзгөчө мындай окуялардан кийин тышка агылган мигранттар эки эсе көбөйүп кетээри белгилүү.

Улуттук статистика комитетинин 2022-жылдагы маалыматына ылайык, Кыргызстан калкынын 1 млн 94 миңдейи өлкөдө убактылуу жашабайт. Ал эми башка өлкөгө чыгып кеткендердин 27 пайыздан ашууну жумушка жарамдуу жарандар.

Кыргызстандын калкынын саны 2022-жылы октябрда 7 миллион адамга жеткен. Эмгек мигранттарынын саны өлкөнүн жалпы туруктуу калкынын болжол менен 16 пайызын жана эмгекке жарамдуу калктын дээрлик 28 пайызын түзөрүн көрсөткөн.

Статком Кыргызстанда туруктуу жашабай жаткан жарандардын себептерин дагы белгилеген. Негизги бөлүгү жумуш издеп башка өлкөгө чыгып кетсе, окууга, үй-бүлөлүк шартка жана башка себептер менен кетишкен.

Тышкы иштер министрлигинин 2023-жылдын соңундагы маалыматына караганда, Орусияда эмгектенген кыргызстандык мигранттардын саны акыркы 1-2 жылда дээрлик 200 миңге жакын кыскарган. Ал эми миграциялык каттоого тургандардын саны 60% азайган. Учурда бул өлкөдө иштеп, жашап жаткан кыргызстандыктардын саны 400 миңдин тегерегинде экенин, жалпы 800 миңдей жаран миграцияда жүрөт.

(шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32799256.html )

Тышка чыгып кетип жаткандардын дээрлик 90% мүмкүн болсо эле ошол жактын атуулдугун алып, калып калууну көздөшөт, түбөлүккө орун-очок алып калып да жатышат. Арасында айрым саналуу мекенчилдер гана кайтып келип бизнесин бул жакта да улантып, ал жак менен да кол үзбөй, керек болсо өкмөттүк деңгээлде аткарылбаган опол тоодой иштерди аткарып келет.

Орусиялык философ Ю.Борев эмигранттардын үч модел менен жашап жүрөөрүн белгилейт: биринчиси ностальгиялык, б.а. таштап кеткен Ата журтун сагынып, элинин салттарын сактап жүргөндөр, экинчиси – космополиттик, башкача айтканда өз мекенин, салтын унутуп, өздөрүн жалпы адмзатка таандык көрүп, кайсы гана цивилизация болбосун кошулуп кете берүүчүлөр; үчүнчүсү – адаптацияланган, башкача айтканда кайсы жер, эл болсо да аларга ыңгайлашып, эл-журт болуп кеткендер [28].

Демек Орусия эле эмес, дүйнөнүн туш тарабына кеткен мекендештерибиздин кыйла бөлүгү ошол жакта барган өлкөлөрүн мекендеп калаары белгилүү.

Орусияга жана Европа өлкөлөрүнө, АКШга, Түркияга кетип жаткан эмгек мигрантарынын ичинен акыл эмгегинин ээлери, башкача айтканда жогорку квалификациялуу адистер да басымдуулук кылат. Бул көрүнүш да улут коопсуздугуна коркунуч туудурган факторлордун бири.

Азыркы Кыргызстанда болуп жаткан оор социалдык-экономикалык жана саясий процесстер эмгекке жөндөмдүү калктын туруктуу миграциясы

менен мүнөздөлөт. Көптөгөн эмгек мигранттарынын үй-бүлөсү, балдары бар. Эреже катары, башка өлкөдө иштөөнү чечкен ата-эне балдарын үй-бүлөсүнүн улгайган тууган-туушкандарына (чоң атасына, чоң апасына) багууга калтырат же аларды балдар интернаттарына берип салат. Оокат кылууга каражат издөө максатында чет жакка кеткен мигранттардын үй-бүлөлөрү коомдун чыныгы көрүнүшүн чагылдырат.

Үй-бүлө баланын өнүгүшүндө маанилүү жана негизинен алмаштыргыс социалдык институт болуп саналат. Бул аны менен бирдиктүү ритмде жашаган социалдык организмдин бир клеткасы. Үй-бүлөдө дени сак эмоционалдуу чөйрө болуп, бала турмуштун бекемдигине, өзүнүн жолу ачыктыгына жана жада калса түбөлүккө жашай тургандыгына ишениши, келечекке карай умтулушу маанилүү. Аны буга ишенүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуунун кереги жок. Ошондуктан үй-бүлөдө эртеңки күндөгү коркунуч менен капаланбаган, жаркыраган келечек сезими турушу керек. Жакшы сезимдер чөйрөсүндө гана бала оптимисттик багыт алат.

Баланын калыптанышынын кандайдыр бир багытында үй-бүлөнүн жөнөкөй эле таасиринин жок болушу көбүнчө терс таасирин тийгизе баштайт. Үй-бүлө жакшы көрүү, боордоштук, кечиримдүүлүк сыяктуу адеп-ахлактык сезимдерди тарбиялоодон эч качан четтебеши керек. Үй-бүлөдө гана милдет, ар-намыс, уят, жарандуулук жана мекенчилдик деген түшүнүктөр калыптанат.

Ошондуктан эмгек мигранттарынын көбүнүн үй-бүлөсү өзгөчө трансформацияга, ал эми балдарды социалдаштыруу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болот. Көпчүлүк ата энелер балдары алардан алысыраак жашай турса эч нерсе болуп кетпейт деп туура эмес эсептешет жана аларды көпкө чейин таштап кетишет. Бирок бала ата-энесинин жоктугун кыйынчылык менен башынан өткөрөт, анын калыптана элек психикасы ал баштан өткөрүп жаткан сезимдерге чыдабай кетиши мүмкүн.

Психологдор ар бир айрылуу баланын көңүлүн калтырат, бала ыза болуп, анда өзүн эч кимги кереги жок деп ойлогон түшүнүк пайда болот деп эсептешет.

Бул проблеманын айрым өңүттөрү каралган изилдөөлөр  пайда болду. 7 жашка чейинки балдардын көпчүлүк бөлүгү чет жакка иштөөгө убактылуу кетип жаткан ата-энесинен бөлүнүү кризисин башынан өткөрөөрү аныкталаган (балдардын 9% көпкө чейин эмоционалдык жашоосунда жана жүрүм-турумунда кыйынчылыктарга туш болот, 38% кыска мөөнөттүү эмлционалдык кризиске дуушар болот, 14% жүрүм-турумунда проблемаларга кабылат).

Мигрант ата-энелердин 10-11 жаштагы балдары психологиялык жана социалдык проблемаларды башынан өткөрөөрү белгиленген.  Убактылуу атасыз калган балдар атасын бир кадыр-барктуу адам деп эсептеп, аны коргой турган адам жоктугун ойлошот, ошондуктан өзүнө көп ишенбей, курдаштары менен мамиледе көбүрөөк кыйынчылыктарга дуушар болушат. Улуу балдары болсо мурдагы ата-энесинин милдеттерин аткарышат, өзүнүн ини-карындаштарын багам деп кээде мектептен да чыгып калышат. Ата-энесинин бирөөсү же экөөсү тең кеткенде балдарын чоң ата-чоң апасы жана башка туугандары бага баштайт, алар карылыктан же жумуштан бошобогондуктан балага жетиштүү көңүл бурулбайт. Ошентип, акыркы жылдары түрдүү өлкөлөрдө жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары баланын убактылуу кеткен ата-энесинен бөлүнүшү курч социалдык-педагогикалык проблема болуп жаткандыгын көргөзүп жатат.

Бир нече жылдан кийин үй-бүлөнү кайта бириктирүү учурунда ата-энесинен алыста жүргөн балдар менен мамиледе проблемалар жаралат. Жагымсыз натыйжалар ата-энеге да, алар жок өскөн балдарга да таасир этет. Эреже катары, мигранттардын балдары ата-энесине болгон мээримин жоготуп, өз үй-бүлөсүндө чоочун болуп калат.

Мындай процесс үй-бүлө институтунун деградацияланышына алып келет, ал болсо өз кезегинде мамлекетти алсыратат. Себеби кыргыз эли да, Кыргызстанда жашаган элдин басымдуу бөлүгү да жамаатчылыкка ыктаган чыгыш менталитетинде өмүр кечирет. Үй-бүлө, очок кыргыз эли үчүн социалдык баалуулук эле эмес, ыйыктык да катары каралаарын тануга

акыбыз жок. Демек, бул улуттук кызыкчылыкка түздөн-түз тиешеси болгон улуттук иденттүүлүк маселеси.

Акыркы жылдары миграция маселесинде дагы бир жагымсыз тенденция байкалууда. Ал - эмгек мигранты болгон аялдар көбөйгөнү. Алар Кыргызстандан барган мигранттардын дээрлик 40% түзөт, ошол эле учурда тажик жана өзбек аялдары өз мигранттарынын 20% жетпеген бөлүгүн гана түзөт. Аялдар, айрыкча төрөт курагындагы аялдар өлкөдөн чыгып кетсе, алардын көпчүлүк бөлүгү кыргыз аялдары болсо, алардын бир топтору барган жеринин жарандыгын алып, ошол жактан төрөп жатса, бул ошончо аялдын баласы кыргыз жараны болбой калды деген кеп.

Демография маселесинин жалпы тенденцияларын талдай келгенде Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешелүү төмөнкүдөй чукул өңүттөрү бар экени көзгө урунат.


Биринчиден, Кыргызстандагы миграция жалпысынан эки агым менен мүнөздөлөт. Бири элет жеринен шаарларга көчкөн урбанизациялык агым болсо, экинчиси жалпы эле Кыргызстандан чет мамлекеттерге, биринчи иретте Орусияга кеткен багыт. Айылдардан шаарга жана башка мамлекеттерге жер которгондордун ичинен чек ара маселелери чечилбеген түштүк аймактарынын эли басымдуулук кылат. Өзгөчө чек ара аймактарындагы маселелери курчуп турган Баткен облусунда 2023-жылдын он айынын жыйынтыгына ылайык жумушсуздуктун көрсөткүчү киши башына алганда жалпы республика боюнча эң жогору. Улуттук статистика комитети кабарлагандай, Баткенде 14 380 адам жумушсуз катары каттоого турган. Жалал-Абад облусунда 18 418 адам, Ош облусунда 17 130, Чүй облусунда 4 095 адам, Талас облусунда 3 251, Нарын облусунда 2 013 адам жана Ош шаарында 2 954 адам расмий жумушсуз (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32712587.html ).

Баткен облусундагы Тажикстандын 2022-жылдагы агрессиясынан кийин чек ара аймактарынан көчүп кеткендер мурдагыдан да көбөйгөнүн статистикалык маалыматтар көрсөтүп турат. Атап айтканда, 2022-жылы Улуттук статистика

комитетинин маалыматтарына ылайык, убактылуу өлкөдө жашабагандардын же миграцияда жүргөндөрдүн саны боюнча Баткен, Жалал-Абад жана Талас облустары алдыда турат. Өлкөдө туруктуу жашабагандардын 22 пайыздан көбү Баткенге туура келет. Ал эми бул аймактан миграция кеткендердин 42,1% ишке жарамдуу жарандар. Кыргызстандын калкынын саны 2022-жылы октябрда 7 миллион адамга жеткен. Эмгек мигранттарынын саны өлкөнүн жалпы туруктуу калкынын болжол менен 16 пайызын жана эмгекке жарамдуу калктын дээрлик 28 пайызын түзөрүн көрсөткөн (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32799256.html ).

Мындай тенденция биринчи иретте чек ара аймактарындагы калктын азайышына, өз кезегинде ал жактагы калктуу конуштарга коңшулаш мамлекеттердин жарандарынын мыйзамсыз жайгашуусуна алып келет. Бул чек арада коңшулаш мамлекеттердин таасирин күчөткөн жылма миграцияга түздөн-түз шарт түзөт (1-сүрөт).

1-сүрөт. Кыргызстандагы миграция агымынын негизги тенденциясы




Бул агым чек ара аймактарынын гана калкын азайтпастан, жалпы эле аймактардын өнүгүшүнө да терс таасир этет. Анткени өлкө жалаң шаарлары гана эмес, аймактары да тегиз жана жакшы өнүксө коопсуздугу бекемделет, ар кандай демографиялык дисбаланстан жана анын кесепеттеринен оолак болот.

Экинчиден, эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстандан орустар жана башка улуттагылар көп кеткен болсо, акыркы жылдары эмгек миграциясына кеткендердин арасында кыргыз улутундагылардын үлүшү көптүк кыла баштаганы байкалат. Бул бир жагынан, жалпы эле Кыргызстанда кыргыз улутундагы жарандардын үлүшү азайышынын коркунучун жаратса, экинчи жагынан кыргыздар иштегиси келбей калган жумуш орундарын коңшулаш жана жакын мамлекеттердин жарандары ээлешине жол ача баштады. Алардын бир бөлүгү 2017-жылы Өзбекстан менен чек ара ачылгандан кийин келе баштаган. Алар тууралуу парламентте сөз козголуп, тышкы эмгек мигранттарын патент алууга милдеттендирүү маселеси көтөрүлгөн. Эркин экономист Эркин Абдразаковдун пикиринде, коңшу өлкөдөн канча мигрант келип жатканы расмий изилденген эмес. Анын айтымында, «курулушта иштегендерден тышкары кафе-ресторанда иштеген ашпозчулар бар. Коомдук жайларды, дүкөндөрдү кооздогонго да өзбекстандык усталарды алып келишет. Автоунаа оңдогон жерлерде иштешет. Бирок анын эч кимиси Кыргызстанга мигрант катары кирбейт». Ошол эле учурда 2018-жылыошол учурдагы  парламент депутаты Кенжебек Бокоев коңшу өлкөлөрдөн келген мигранттардын саны жүз миңден ашаарын айткан (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_migration_new_rules/29898281.html ).


Кыргызстанда иштеп жаткан чет өлкөлүк жарандардын дагы бир чоң бөлүгү акыркы жылдары Түштүк Азиядан келе баштаган. Алардын көбү Пакистандан, Бангладештен, Шри-Ланкадан жана Филиппинден келип жатышат. Бишкекте чет өлкөдөн жумушчуларды алып келип, аларды ишке орноштуруу менен алектенген бир нече агенттик бар. Аларга кайрылгандардын басымдуусу тигүү цехтери жана тейлөө тармагындагы ишкерлер. Бирок бул көрүнүш жумуш үчүн виза берүүнүн расмий абалына дайыма эле туура келе бербейт. Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2023-жылдагы маалыматында, 17 миңге чукул чет өлкөлүк жаранга Кыргызстанда иштөөгө уруксат берилген. Анын алты миңден ашууну

кытай жарандары, 1500дөй түркиялык, 500дөн ашык пакистандык мигранттар. (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/uch-zhyl-ishteybiz-bishkekke-kelgen-bangladeshtikter/32825423.html )

Жогоруда аталган өлкөлөрдөн келген эмгек мигранттары тиешелүү тармактардагы кыргыз жумушчуларына салыштырмалуу атаандаштыкка алда канча жөндөмдүү экенин көрсөтүүдө. Анткени алардын өз өлкөсүндө жумушсуздук Кыргызстандагыдан да алда канча катаал. Ошондуктан алар кыргыз жумушчулары иштегиси келбеген жумуш орундарында иштегенге даяр. Мындан тышкары, Кыргызстанга бул боюнча кыйла тажрыйбалуу жана жогорку квалификациялуу жумушчулар келүүдө.

Алардын канчасы келечекте Кыргызстандын жарандыгын алары жана өлкө аймагында мыйзамдуу турак-жай сатып алып, дагы башка объектилерге ээ болушу азырынча белгисиз. Бирок эгерде бул өлкөлөрдөн Кыргызстанга агылган утурумдук эмгек миграциясы расмий миграцияга айлана турган болсо, жакынкы жылдары өлкөнүн демографиялык жагдайы улуттук кызыкчылыкка кайчы келген өзгөрүүлөргө алып келиши толук мүмкүн (2-сүрөт).

2-сүрөт. Кыргызстандагы жумуш орундары боюнча айрым тенденциялар




Үчүнчүдөн, чоң шаарларда элдин көбөйүшү ал шаарлардын инфратүзүмүнө күч келтирет. Анткени Кыргызстандын шаарларынын баары совет мезгилинде гана заманбап калыпка салынган, бир топтору ошол убакта гана пайда болгон. Андан бери эгемен Кыргызстандын тарыхында бир да жаңы шаар салына элек. Урбанизация күчөгөндөн кийинки жүктөмгө ири шаарлардын системалары эсептелген эмес. Бул айрыкча Бишкек шаарынын мисалында даана сезилет.

Атап айтканда, 2023-жылдын 1-январына карата Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, Бишкек шаарында жашаган элдин саны 1 млн. 145 миң кишиге жеткен. 2023-жылы «Peshkom» долбоору акыркы 25 жылда Кыргызстандын баш калаасы кантип өскөнүн талдап чыгып, Бишкектин жана анын ичинде жаңы конуштардын өсүш ыргагына «муниципалитет эмитен эле жетишпей баратат» деген жыйынтыкка келген. Андыктан долбоор «курулуштарды көзөмөлгө алуу жана инфратүзүмдү пландоо» зарыл экенин эскерткен. Жыл башындагы шаардык кеңештин жыйынында шаардын аймагы дээрлик үч эсе – 13 миң гектардан 38 мин гектарга чейин жете турганы айтылган.

«Арча» демилгеси» коомдук фондунун адиси, эколог Дмитрий Переяславскийдин пикиринде, «жашыл аймактарга, социалдык объектилерге жана башкаларга жеткилик берүү ченемдери болгон Фрунзе мынчалык тыгыз курулушка эсептелген эмес жана баш калаанын азыркы инфратүзүмү – мейли жолдору болсун, мейли суу түтүктөрү бар канализация болсун – колдонуучулардын азыркыдай көлөмүн көтөрө албайт... Ал эми Бишкектин чек арасында, атап айтканда жаңы конуштарда, муниципалдык карыз деген нерсе пайда болот. Аны менен мен эмнени айтып жатам? Бул аймактарда мектеп, оорукана, бала бакча, парк сыяктуу социалдык объектилердин тартыштыгы келип чыкты. Аларды шаар инфратүзүмүнө киргизип жатып, шаардыктарды социалдык кызматтар менен камсыз кылыш керек болот». Аталган адис бул райондорду «салык алып келгенге жарактуу» деп эсептебейт, андыктан Бишкектин бюджети анча арбып кетпейт, ал эми чыгаша бөлүгүн көбөйтүүгө байланыштуу тартыштык пайда болушу мүмкүн (шилтеме - https://rus.azattyk.org/a/32761505.html ).

2023-жылы «Настоящее время» долбоору тарткан тасмаларга ылайык, суунун тартыштыгынан улам жеке сектордун эле эмес, шаардын түштүк бөлүгүндөгү көп кабаттуу үйлөрдүн да жашоочулары жабыркачу болду. Айрым райондордо адамдар жумалап суусу жок отурушат. (шилтеме - https://rus.azattyk.org/a/32449803.html ) Чечилбей жаткан маселелер биринчи

иретте курулуш, транспорт, электр энергиясы, суу менен камсыз кылуу жана социалдык багыттагы мекемелер менен камсыз кылууга тиешелүү. Алардын ар бири өз кезегинде башка да кыйынчылыктарга себеп болууда (1-таблица).

1-таблица. Бишкек жана Ош шаарларына байланышкан маселелер жана алардын кесепеттери

| Тармак | Абалы | Кесепети |
|---|---|---|
| Суу менен камсыз кылуу системалары | Эски, эң негизги жабдуусу совет мезгилинен калган, калктын азыркы санына эсептелген эмес | Эгерде түп тамырынан жаңыртылбаса, шаарлар суусуз калышы мүмкүн |
| Электр энергиясы менен камсыз кылуу системалары | Калктын азыркы санына эсептелген эмес | Трансформаторлордун жана ЖЭБдердин авариялары |
| Жолдор | Автоунаалардын азыркы санына эсептелген эмес | Тыгын, жол кырсыктары |
| Социалдык багыттагы мекемелер (оорукана, мектеп, бала бакча, маданий жайлар) | Калктын азыркы санына эсептелген эмес | Өкмөт жана мэриялар үчүн үчүн кошумча жүк, чыгаша |
| Курулуш | Көзөмөлсүз, жогорудагы параметрлердин бирине да эсептелген эмес | Сейсмикалык коркунуч, социалдык наразылык |

Төртүнчүдөн, Кыргызстандагы демографиялык абалдын, анын ичинде эмгек миграциясынын геосаясий да өңүтү бар. Атап айтканда, Орусияда кыргыз мигранттарынын көптүгү Кыргызстанга басым кылуунун эң ыңгайлуу рычагы катары кызмат кылышы толук ыктымал. Салыштыра келсек, Кыргызстанда күч менен бийлик алмашкан учурлардын баарында Бишкектин борбордук аянтында ар кандай маалымат булактарына ылайык 3 минден 10 миңге чейин адам болгон. Демек, Орусия ар кайсы маселелер боюнча Кыргызстанга геосаясий басым көрсөткүсү келсе бир учурда 20-30 миң эмгек мигрантын чыгарып жиберип, анын себебин кыргыз бийлигинин чечимдери менен түшүндүрүшү жетиштүү.

Бешинчиден, башка Борбор Азия мамлекеттерине салыштырмалуу Кыргызстанда калктын аздыгы геосаясий жана коопсуздук өңүтүнөн алганда өлкөнүн талуу жерине да айланууда. Анткени чек ара чатактарына, Кыргызстандын аймагына көзөмөлсүз агып кирип жаткан миграцияга себеп болгон жагдайлардын бири – түштүктөгү коңшулаш өлкөлөрдүн калкынын

жыштыгы экенин эстен чыгарбаш керек. Бул жагынан алганда ар кайсы маалыматтар боюнча Өзбекстандын калкы 2022-жылдын 9-декабрына карата 36 млн. адамдан ашканын, Тажикстандын калкы 2023-жылдын 1-январына карата 10 млн. адамдан ашканын эске алыш керек. Ошол эле учурда Өзбекстандын аянты 448 миң 924 чарчы чакырым, Тажикстандын аянты 142 миң 970 миң чарчы чакырым деп эсептелип жүрөт. Кыргызстандын аянты 199 миң 951 чарчы чакырым. Кыргызстандын калкынын жыштыгы 1 чарчы чакырымга 26,8 киши, Өзбекстандыкы 82 киши, Тажикстандыкы 48 киши. Көрүнүп тургандай, Тажикстандын калкынын жыштыгы Кыргызстандыкынан дээрлик эки эсе, Өзбекстандыкы 3 эседен ашык көптүк кылат (2-таблица).

2-таблица. Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын калкын, аянтын, калкынын жыштыгын жана демографиялык басым потенциалын салыштыруу

| Өлкө | Аянты, миң чарчы чакырым | Калкынын саны, млн. | Калкынын жыштыгы, чарчы чакырымга 1 киши | Чектеш өлкөлөргө демографиялык басым потенциалы |
|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 199 951 | 7 | 26,8 | Жок |
| Өзбекстан | 448 924 | 36 | 82 | Өтө көп |
| Тажикстан | 142 970 | 10 | 48 | Көп. Негизги табигый вектор - Кыргызстан |

Бул параграфты жыйынтыктап жатып, Кыргызстандан өлкө жарандарынын, биринчи иретте кыргыз улутунун өкүлдөрүнүн эмгек миграциясына азыркыдай ыргак менен кетиши, аймактар өнүкпөй жаткан шартта ири шаарларга күч келиши өлкөнүн стратегиялык кызыкчылыгына каршы келет, ошол эле учурда улуттук коопсуздукка коркунуч келтирет деп жыйынтык чыгарганга толук негиз бар.

### *3.3. Кыргызстандын улуттук коопсуздугунун айрым өңүттөрүндөгү абал тууралуу кыскача маалымат*

Кайсы өлкөдө болбосун мамлекеттүүлүктүн ажырагыс бир бөлүгү, экономика, социалдык тармак сыяктуу приоритеттүү деп аталган тармактардан да өзгөчө мааниге түшүнүк - улуттук коопсуздук маселеси. Дүйнөлөшүүнүн шартында жана маалымат алмашуу анчалык кыйынга турбай калган өзгөчө азыркы учурда бул чөйрө мамлекеттер (мейли алар экономикалык, аскердик жактан кубаттуу болсо да) үчүн орчундуу маселеге айланган кез.

Улуттук коопсуздук системасы түпкүлүгүндө саясий илимдин изилдөө объектиси жана маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ага ылайык бул түшүнүккө саясий илимде төмөндөгүдөй аныктама берилет: улуттук коопсуздук – бул душмандык аракеттердин же жөн гана окуялардын жүрүшүндө мамлекеттин негизги баалуулуктарына терс таасирин тийгизе турган абалда коопсуздукту сактоо.

Арийне, бул аныктама менен анын көп кырдуу табиятына толук мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес. Же болбосо коопсуздук коркунучу ар дайым бар, өзгөчө азыркы шартта коопсуздукту камсыз кылуунун деңгээли өзүнүн эң жогорку чегине жете албайт. Демек улуттук коопсуздук - бул жөн гана түшүнүк эмес, азыркы учурдун реалдуу жана потенциалдуу чакырыктарына субъектилердин туруштук бере алышы жана ошондой эле бул багыттагы зарылчылыктарды, маалыматтарды кайра-кайра текшерүү, аныктоо, тең салмактоо жана талдоо.

Салттуу улуттук коопсуздук алгач тышкы күчтөрдүн куралдуу кол салуусунан сактануу абалы катары каралса, мындай түшүнүк кийинчерээк өтө эле чектелүү экендиги ачыкка чыгып, системанын алдында жаңыча ар тараптуу ыкчам аракет көрүү максаттарын койгон [17МБС].

Саясат изилдөөчү окумуштуулар улуттук коопсуздук түшүнүгүнө комплекстүү мамиле кылуу менен анын бир нече багыттарын аскердик, саясий, экономикалык, экологиялык-техногендик, рухий, криминалдык,

демографиялык, маалыматтык, азык-түлүктүк, социалдык жана жеке инсандык деп бөлүп көргөзүшкөн.

Эгер булардын ар бирине токтолуп, кыскача мүнөздөмө берип, жогорудагы коопсуздуктун түрлөрүнүн кайсынысы боюнча коопсузбуз, кайсыларына келгенде алсызбыз деп талдап көрсөк, улуттук коопсуздугубуздун башкалардыкына салыштырмалуу начарлыгы айгине болот.

**Аскердик коопсуздук** – бул мамлекеттердин ортосундагы басып алуучулук жана коргонуу күчүнүн жана коркунучтарды аскердик аракет менен кабыл алуунун өз ара көз карандылыгынын абалы.

Кыргыз аскерлеринин саны тууралуу маалыматтар коопсуздук максаты менен ачык айтыла бербейт. Коопсуздук кеңеши жана Коргоо министрлиги өлкөнүн жаңы Аскер доктринасынын долбоорун иштеп чыгып, ал 2023-жылдын 13-июнунда талкууга түшкөндө Куралдуу күчтөрдүн Башкы штабынын башчысы Эрлис Тердикбаев 1992-жылдан 2020-жылга чейин Куралдуу күчтөрдүн саны 50% чейин азайганын, 2021-2023-жылдары алардын саны кайра көбөйтүлгөнүн айткан.

Учурда өлкө жаңы аскердик курал-жарактарды жана аскердик техниканы сатып алганын билдирүүдө. Бул жылыштар өлкөнүн аскердик коопсуздугу үчүн жакшы жаңылык болгонуна карабастан, аны ачык жарыялоо мындай каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугун кемитип, ыктымал душмандардын даярдыгын арттырышы мүмкүн экенин эске салыш керек.

Бул доктринанын долбоору талкууланган жыйында адатта чыр-чатактарды дипломатиялык жол менен чечүүгө адистешкен Тышкы иштер министрлигинин башчысы Жээнбек Кулубаев доктринанын долбооруна «тышкы агрессия» деген түшүнүктү киргизүүнү сунуш кылды. Бул 2021-2022 жылдары Тажикстандын Кыргызстанга кол салышынан кийин кыргыз дипломатиясы жалаң эле тынчтык сүйлөшүүлөрүнө ишеним артпастан, зарыл каражат катары аскердик күчтүн да өнүгүшүнө мурдагыдан бир аз көбүрөөк маани бере баштаганын айгинелейт.

**Аскердик коопсуздук** Кыргызстан үчүн актуалдуу маселе болуп баратканына армияны каржылоонун көлөмү да кыйыр түрүндө мисал боло алат. Сөз болуп жаткан жыйында Куралдуу күчтөрдү каржылоо боюнча Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаровдун маалыматы боюнча, мамлекеттик коргоого, укуктук жана коопсуздукка жумшалган каражаттын көлөмү 2010-жылы 8,2 млрд. сом болсо, 2021-жылы 31,2 млрд. сом, 2022-жылы 52,2 млрд. сом сарпталган.

(Шилтеме - https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-zhangy-askerdik-doktrinasyn-dayardady/32457194.html )

Бул талкууга түшкөн Аскердик доктрина КР президентинин 2023-жылдын 6-июлундагы №170 жарлыгы менен кабыл алынган. Анда азыркы учурдагы аскердик коркунучтун бир катар жагдайларанына маани берилген. Атап айтканда, «Аскердик кооптонуулар жана аскердик коркунучтар» аттуу 2-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасы мындан ары да мамлекеттик чек аранын макулдашылбаган жана талаштуу участоктору боюнча маселелерди күч менен чечүү аракеттерине жана ресурстарга, анын ичинде суу-жер ресурстарына жана пайдалуу кен чыккан жерлерге ээлик кылуу үчүн күрөшүүгө туш келиши мүмкүн» экени ачык айтылат. Андан ары «Кыргыз Республикасынын айрым аймактарын басып алуу максатында аскерлердин же мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрдүн катышуусу менен операцияларды жүргүзүүнү күтсө болору» белгиленет.

«Айрым мамлекеттердин карама-каршылыктарды аскердик күчтү колдонуу менен чечүүгө умтулушу» тышкы кооптуулук катары бааланат. Гибриддик согуш, ассимметриялык аракеттер, калкты айматык коргонууга тартуу сыяктуу баалуу, жаңы реалдуулукка төп келген көп түшүнүктөр киргизилген. Бирок дагы эле түздөн-түз коңшулаш мамлекеттердин ыктымал агрессиясынын коркунучуна караганда эл аралык террорчулук менен экстремизм сыяктуу көрүнүштөргө, КМШ жана ЖККУ сыяктуу уюмдар менен кызматташууга пропорциясыз көп маани берилген.

(Шилтеме - https://cbd.minjust.gov.kg/435095/edition/1270847/kg )

**Саясий коопсуздук** мамлекеттик жана өкмөттүк институттардын легитимдүүлүгү жана өлкөдөгү туруктуулук менен бааланат. 2005, 2010 жана 2020-жылдары бийлик күч менен алмашкан. Ошол учурларда мамлекеттүүлүгүбүздүн түркүгү кычырап барып, кыйрап калбай аз-аз жерден оңолгонун эске алсак, мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү жана коомдогу туруктуулук б.а. саясий коопсуздугубуздун бекемдиги жөнүндө сөз кылууга азырынча эрте. Өлкөнүн саясий түзүмүн аныктаган Башмыйзам бир нече жолу алмашканы да башкаруу системасында туруктуулук жоктугунан кабар берет. Албетте, саясий коопсуздук дегеле коопсуздуктун башка өңүттөрү менен ажырагыс байланышта.

**Экономикалык коопсуздук** – бул ресурстарга жана финансы булактарына ээлик кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен инсандын жеке жашоосун бакубатчылыкка жеткирүү жана ал аркылуу коомдун туруктуулугун камсыз кылуу. Бул боюнча Кыргызстандын абалын эки көрсөткүч менен бааласа болот. Бири – киши башына киреше, экинчиси – тышкы карыздын көлөмү.

2023-жылдын тогуз айында Кыргызстанда калктын киши башына эсептелген кирешеси (милдеттүү төлөмдөрдөн кийин) 9425 сомду түзгөнү айтылат (шилтеме - https://sputnik.kg/20240224/kyrgyzstan-kireshe-kanchaga-ostu-statistika-1082946192.html ). Бул чындап келсе 100 доллардан бир аз ашкан акча.

**Тышкы карыз** маселесине келсек, 2023-жылдын 30-сентябрына карата Кыргызстандын жалпы мамлекеттик карызынын көлөмү 5 млрд. 987 млн. долларга жетти. Финансы министрлигинин маалыматына караганда, мунун ичинен 4 млрд. 486 млн. доллар тышкы карыз, 1,5 млрд. доллар ички карыз.

Булардын ичинен Кыргызстан эң көп Кытайга карыз, 1 млрд. 734,58 млн. долларды Бээжинге төлөп бериши керек. (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32687059.html )

Тышкы карыздын жалпы тутумунда бир өлкөгө болгон карыз башкаларына салыштырмалуу пропорциясыз көптүк кылышы, ал өлкө чектеш жайгашканы улуттук кызыкчылык үчүн анча жакшы эмес.

Кытай – ушу тапта Кыргызстанга эле эмес, дүйнөнүн көп эле өлкөлөрүнө саясий режимине, бийликтин түрүнө жана башка чен-өлчөмдөргө карабастан, ошол эле учурда эң арзан насыя берген мамлекеттердин катарына кирет. Бирок бул насыялардын расмий Бээжинди үстөмдүк абалга койгон бир нече шарты бар – мисалы, алар боюнча талаш-тартыштар чыкса териштирүү Кытайдын сотторунда жүрөт. Жалпысынан Кытай кийин өзүнүн экономикалык кызыкчылыгына туура келе турган долбоорлор үчүн көбүрөөк карыз берет. Бул Кытай бийлигинин «Бир алкак – бир жол» демилгесинин философиясына ылайык келет. Ал демилгенин максаты Кытай коңшулаш мамлекеттерге экономикалык жардам берүү менен аймактагы туруктуулукту камсыз кылуу экени айтылып жүрөт. Бирок эгерде карыз убагында төлөнбөсө, кытай соттору кандай чечим чыгарары белгиси. Эмнеси болсо да так ушул демилгенин 10 жылдыгына арналган жыйында Кыргызстандын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Кытай Эл Республикасынын Гонконг жана Макао аймактарынын резиденттери болгон кытай жарандары үчүн визасыз режим киргизилгени жөнүндө билдирүү жасаганы көп нерседен кабар берет. Андай визасыз режимден Кытайдын Евробиримдикке, АКШга жана Улуу Британияга ачык визасы бар жарандары да бир жумалык мөөнөткө колдоно алары айтылган.
(шилтеме - https://rus.azattyk.org/a/32632664.html ) Визасыз режим бир тараптуу киргизилген. Кытай жарандарынын киришин гана эмес, убагында өлкөдөн чыгышын кыргыз укук коргоо органдары канчалык так көзөмөлдөй аларын убакыт көрсөтөт.

**Социалдык коопсуздук** – улуттун тилдик, маданий, диний чөйрөлөрдө улуттук өзгөчөлүктү сактоо жөндөмдүүлүгү жана ага ылайыктуу прогресске жеткирүүчү социалдык мейкиндиктин камсыздалышы. Бул тармакта кыргыз элинин улуттук иденттүүгүн сактоо жагынан өтө көп маселелер бар экенин турмуш өзү көрсөтүп турат. Алардын катарына (1) ар кандай диний агымдардын, аларга байланышкан кыймылдардын, (2) чет мамлекеттердин идеологиялык үгүт борборлорунун жана (3) кыргыз элинин тарыхый жактан

калыптанган менталитети үчүн зыяндуу идеологиялык агымдардын таасири түздөн-түз кирет.

Азыр жарандар арасында китепкана, башка маданий жайларга баруу сыяктуу көрүнүштөр  өтө сейректеп баратканы байкалууда. Рухий таяныч болуп, калктын калың катмары үчүн маяк болчу улуттук идеологиябыздын жоктугу да буга кошул-ташыл болуп жатат.

**Экологиялык-техногендик коопсуздук** - жергиликтүү, о.э. глобалдык биосфераны, жаратылыш системаларын коргоо жана алардын бүтүндүгүн, табигый иш милдеттерин коомдун туруктуу өнүгүшү үчүн колдонуу менен жашоонун сапатын, калктын ден соолугун жана демографиялык абалын жакшыртуу.

Кыргызстан – бийик тоолордун өлкөсү. Республиканын аянтынын 94% көбү  деңиз деңгээлинен 1500 метр бийикте жайгашкан. Бул азыркы муз каптаган тоолуу аймактардын ириси болуп саналат. Анын аянты өлкө аймагынын 42% түзөт, анын үчтөн бири көп жылдык музга капталаган, ал аянттын жарымынан көбү  көчкү жана жер титирөө коркунучу бар аймакка кирет.  Табият кырсыктары кыргыз тоолорунда туруктуу кубулуш болуп саналат, 772 көчкү коркунучу бар, 2500 жер көчкү, 3900 сел коркунучу бар басейндери, 200 мөңгүлүү тоолору бар өзгөчө участоктор бар. (Атлас 1-т)
Кыргызстан мурунку Советтер Союзунун аскердик өнөр жайы жана энергетикалык комплекси үчүн уран жана оор металлдарды ташып келүүчү өлкө болгон. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 70 миллион тонна радиоактивдүү, зыяндуу таштандылар суу жээктеринде сакталууда. Эгерде кандайдыр бир кырсык болсо, көмүлгөн уран таштандылары Нарын, Сырдарыя сууларына агып түшүп, анын натыйжасында радиациянын таасири бүткүл Фергана өрөөнүнө, ал тургай алыскы Арал деңизине да жетүү коркунучу бар.
Тоолордо бирден-бир айыл чарба үчүн пайдаланууга жарактуу суугa жакын түздүк жерлер болуп, тоолордун эңкейиши, селден, суу ташкынынан кийин пайда болгон дөбөчөлөр, суу жайылмалары, б.а. мындай кооптуу табигый процесстердин жогорку коркунучтагы участоктору эсептелет.

Экологиялык маселелердин канчалык курч экени **абанын булганышынан** даана көрүнөт. Алсак, 2023-жылы дүйнөдөгү абанын сапатын иликтеген IQAir сайтынын 13-декабрдагы индексинде Бишкек күндүз 192 көрсөткүч менен алдыңкы үч сапка кирген. Бул демек Кыргызстандын элинин кыйла бөлүгү жашаган баш калаа дүйнөдөгү эң булганч абасы бар шаарлардын алдыңкы саптарында турат деген сөз (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32729196.html )

**Криминалдык коопсуздук** – уюмдашкан топтордун жана жарым-жартылай криминалдашкан, демек мамлекеттик органдар менен жалгашкан, саясий-экономикалык бийликтин таасирдүү өкүлдөрү аралашкан абал.

Кыргызстандын кылмыш дүйнөсү тышкы таасирден өз алдынча эмес. Өлкөнүн кылмыштуулук чөйрөсүндө үстөмдүк кылган «мыйзамдагы ууру», «положенец» жана башка түшүнүктөр кыргыздын улуттук табиятына чоочун жана ал СССР убагында түзүлгөн системадан мураска калган. Азыр да анын күч борбору катары Орусиянын кылмыш дүйнөсү кызмат кылат. Бул Кыргызстандын кылмыш дүйнөсү КМШнын, биринчи иретте Орусиянын кылмыш чөйрөсүндөгү чечимдерге көз каранды болуп жатканын билдирет. Бул укук коргоо органдарынын кылмыштуу түзүмдөрдү көзөмөлгө алышына жолтоо боло турган олуттуу жагдайлардын бири.

**Демографиялык коопсуздук** - төрөттүн кескин азайышы, улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы, улуу муундун пайдасына оогон теңсиздик (дисбаланс) менен байланыштуу. Бүгүнкү күндө биздин өлкөнүн демографиялык коопсуздугуна төрөттүн азайышы эле эмес, ички жана тышкы миграцинын негизиндеги калктын жумушка жарамдуу, «болуп-толуп турган, репродуктивдүү (тукум улай турган куракта)курактагы бөлүгүнүн» чет өлкөлөрдөн массалык түрдө бакыт издеп кетүүсү кошул-ташыл болууда. Бул боюнча тиешелүү параграфта жетиштүү айтылды, андыктан ага токтолуп отуруунун кажети жок.

**Энергетикалык коопсуздук** – өлкөдө энергоресурстардын болушу же мамлекеттин тыштан алынуучу энергоресурстарга көз карандылыгынын

деңгээли. Кыргызстанда экономика толугу менен электр энергиясына көз каранды эмес. Айыл чарбасы, транспорт сыяктуу тармактар дээрлик толугу менен мунайдын жана газдын импортунан көз каранды.

Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-июнундагы №328 токтому менен бекитилген, «2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында энергияны үнөмдөө жана энергиянын натыйжалуулугу саясатын киргизүү» программасында айтылган маалыматка ылайык 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча отун-энергетикалык балансta электр энергиясынын импорту 2,2%, жаратылыш газынын импорту 93,4%, күйүүчү мазуттун импорту 40%, автоунаа бензинин импорту 87,5%, дизелдик отундун импорту 85,2%, мунайдын импорту 0,53% ж. б. түзгөн. Ошентип электр энергиясын жана көмүрдү кошпогондо, республиканын импорттолуучу энергия ресурстарына көз карандылыгы өтө жогорку деңгээлде. Ошол эле учурда электр энергиясын өндүрүү чөйрөсүндө электр энергиясынын бир түрүнөн - ГЭСтен (90% ашык) көз карандылык жогору.

(шилтеме - https://cbd.minjust.gov.kg/160277/edition/1264523/kg )

Суунун тартыштыгынан жана керектөө күчөгөнүнөн улам электр энергиясынын импорту да жыл өткөн сайын көбөйүүдө. 2023-жылы Кыргызстан 17 млрд. кВт/саат керектесе, өзү анын 14 миллиардын гана өндүргөнгө чамасы жетти.

(шилтеме - https://www.azattyk.org/a/energetikadagy-abal-suu-tartysh-kerektoo-kop/32722435.html )

**Азык-түлүк коопсуздугу** – мамлекетте өзгөчө кырдаалдарда же жай турмушта деле кескин түрдө азык-түлүк каатчылыгына кептелүү же кептелбөө мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли. Эгерде анын статистикалык көрсөткүчтөрүнө таянсак, Кыргызстан бул багытта көбүнчө тыштан келген импортко көз каранды экени байкалат. Атап айтканда, Улуттук статистика комитетинин «Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча маалымат бюллетенинин» 3/2023 санында 2023-жылдын январь-сентябрь айларында тамак-аш өнүмдөрүнүн импорту 580,8 млн. долларды,

экспорту 183,8 млн. долларды түзгөн. Андан мурунку жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрү андан да көп болгон – импорт 652,9 млн. долларды түзсө, экспорт 250,6 млн. доллар болгон. (шилтеме - Информационный бюллетень Кыргызской Республики по продовольственной безопасности и бедности. №3 / 2023. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. Бишкек, 2023). Бул азык-түлүк өнүмдөрүнүн импорту экспорттон эки эседен ашык көптүк кылат, Кыргызстан азык-түлүк менен өзүн камсыз кылбастан, чет мамлекеттерге көз каранды болуп турат деген кеп.

Анын объективдүү себептери бар. БУУнун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү менен Борбор Азиядагы Америка университети биргелешип жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча аналитикалык тилкатта (2019) айтылган маалыматтарга караганда, айыл чарбасынын өнүгүш ыкчамдыгы өлкөнүн жалпы экономикасынын өнүгүшүнөн артта калып жатканын көрсөткөн. Анткени тармактагы негизги капиталга жумшалган инвестициялар өлкө экономикасына жумшалган инвестициялардын 1% жакынын гана түзөт.

Азык-түлүк коопсуздугуна калк керектеп жаткан тамак-аштын экономикалык өңүттөрү гана эмес, сапаты да кирет. Аталган тилкатта көрсөтүлгөндөй, жашоо мүнөзү жана тамак-аштын сапаты менен шартталган инфекциясыз оорулар көбөйүп баратат. Инфекциясыз оорулардан көз жумгандар жалпы өлүм-житим учурларынын 80% ашат.

(шилтеме – «Продовольственная безопасность и питание в Кыргызстане: проблемы и возможные пути решения». Март, 2019) Бул абдан кооптондуруучу көрсөткүч.

**Инсандын жеке коопсуздугу** – инсандын жеке турмуштук кызыкчылыктарынын мамлекет тарабынан сакталышы, адамдын укуктарынын, эркиндигинин камсыз болушу, социалдык коргоонун жана коопсуздукту камсыз кылынышынын кепилдениши. Коопсуздуктун бул түрү анын жогорудагы башка түрлөрүнүн камсыздалышы менен тыгыз байланышта. Коопсуздуктун башкаларын камсыз кылбай туруп, жеке

инсандын коопсуздугу жөнүндө кеп кылуу мүмкүн эмес. Учурда бул биз үчүн мүнөздүү көрүнүш.

**Диний коопсуздук.** Кыргызстан - көп улуттуу жана көп конфессиялуу өлкө. Расмий булактарга караганда республикада 2864 диний уюм жана диний багытта иш алып барган объекти катталган. Алардын пайыздык катышы төмөндөгүчө: ислам (86%), христианчылык (13%), жаңы диний багыттагы кыймылдар (0,48%), буддизм, иудаизм (0,02%). Учурда Кыргызстанда 2476 мусулман диний уюмдары катталса, анын көпчүлүгү Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарында катталып, аймактарда тең салмактуулук жок. Мында белгилей кетүүчү жагдай мусулман уюмдарынын санынын башка конфессияларга тиешелүү уюмдарга салыштырмалуу интенсивдүү түрдө өсүп жатканы жана алардын көпчүлүгү исламдык билим берүүнү өнүктүрүп жатканы байкалат. 1991-жылдан азыркы учурга чейин 2321 мечит салынып, учурда иштеп жатат. Бир ислам университети 67 медресе менен иш алып барып, диний билимди таратуу боюнча постсоветтик аймакта жана Борбор Азияда өлкөбүз биринчи орунга чыкты. Борбор Азия мамлекеттеринин биринде да исламдашуу Кыргызстандагыдай тездик менен өсүп жаткан жок.

Бул жүрүмдүн опурталдуу жагы акыркы жылдары ачык эле көрүнүп турат. Диний аң-сезим улуттук жана жарандык аң-сезимден жогору туруп, ага үстөмдүк кылып кеткен шартта улуттук жана жарандык иденттүүлүк начарлайт, бара-бара өлкөнүн жарыкчыл мүнөзүнө доо кетүү коркунучу пайда болот, өлкө тышкы таасирдин, асыресе белгилүү бир диний агымдардын борбору болгон өлкөлөрдүн же уюмдардын объектисине айлана турган жагдайлар көбөйөт. Өз кезегинде бул улуттук кызыкчылыкка түп-тамырынан бери каршы келет.

**Улуттук коопсуздукту камсыз кылуу системасынын абалы.** Азыркы дүйнөлүк процесстердин чакырыктары керек болсо коопсуздук кызматтары дүйнөдө эң күчтүү деп эсептелген АКШ, Орусия, Түркия, Израил сыяктуу өлкөлөрдүн атайын кызматтарынын шаштысын кетирип, бул системаны

ыкчамдык менен модернизациялап, илимий-аналитикалык жактан камсыз кылып туруунун зарылчылыгын жаратууда.

Ошол эле учурда эгемен Кыргызстандын атайын кызматтарынын өнүгүш тарыхында башынан бери келаткан өтө чоң маселелер бар. Алардын бир бөлүгү өткөн чактан мураска калган жагдайлар менен, экинчиси эгемен мамлекеттин саясатындагы туура эмес багыт менен байланыштуу.

Кыргыз атайын кызматтары 1991-жылы өлкөнүн эгемендигин СССР КГБсынын бир бөлүгү катары тосуп алганы белгилүү. Башкача айтканда жаңы түзүлгөн мамлекеттин атайын кызматынын жамааты СССР деген чоң мамлекетке кызмат кылууга, андан бөлүнүп чыгуу идеяларын сепаратизм катары кабыл алып, дароо ага каршы чара көрүүгө атайылап даярдалган адамдар болгон. Ошону менен катар атайын кызматтын түпкү табиятына туура келген иш милдеттерин жана кесиптик талаптарын эң жакшы түшүнгөн адамдар да ошол эски команданын мүчөлөрү болгонун эске сала кетиш керек. Алардын канчасы Кыргызстандын эгемен мамлекет катары бөлүнүп чыгышын чын дилинен колдогонун, канчасы каршы чыкканын, канчасы реалдуулук катары гана кабыл алганын айтыш мүмкүн эмес. Бирок бул эң маанилүү маселе, анткени жашыруун кызматтын ишинин натыйжалуулугу биринчи иретте анда иштеген кызматкерлердин чыныгы ниетинен жана саясий көз карашынан, кимге жана кайсы системага жан тартканынан көз каранды. Чындап келсе атайын кызматтагылар улуттук кызыкчылыкты эң мыкты түшүнгөн, аны бардык кызыкчылыктардан жогору койгон адамдар болууга тийиш.

Ал эми Кыргызстан эгемен мамлекет катары бөлүнүп чыккандан кийин ушул критерийлер менен УКМКнын жамаатында атайын текшерүү жүргүзүлгөн-жүргүзүлбөгөнү да белгисиз. Анткени улуттук кызыкчылык тууралуу жалпы түшүнүктөр 30 жылдан ашуун убакыт бою кечигип, эми гана коомдук-саясий чөйрөдө аздыр-көптүр кеп боло баштады.

Бүт дүйнө жүзүндө атайын кызматтардын эң маанилүү милдеттери – чалгын, контрчалгын жана конституциялык түзүлүштүн коопсуздугун камсыз

кылуу. Бирок СССР ыдырап, Кыргызстан өз алдынча мамлекет болгондон тартып коңшулаш жаңы мамлекеттердин объективдүү түрдө өз улуттук кызыкчылыгы пайда болгонуна карабастан, 1992-жылы Алма-Ата шаарында КМШ мамлекеттери бири-биринин аймагында чалгын иштерин жүргүзбөй тургандыгы тууралуу келишимге кол коюшкан (шилтеме - https://tass.ru/politika/1628392 ). Тиешелүү түрдө Кыргызстан үчүн бул тизмеге кирбеген (коңшулаш өлкөлөрдүн арасынан КМШнын курамында болбогон) Кытай мамлекети гана калган. Демек, бул келишимдин мазмуну ошол кезде эле Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына туура келген эмес, азыр да туура келбейт. Анткени Кыргызстан андагы өз милдеттенмелерин аткарып, башкалар аткарбаса - ал УКМКнын колу-жолун байлаган бөгөткө гана айланат. Чындап келсе бул келишим – «чек ара чатактарынын жана башка куралдуу кагылышуулардын ыктымалдуулугу эң жогору болгон мамлекеттердин алдыдагы пландарын билбешиң керек, эгемен мамлекеттин атайын кызматы катары негизги милдетиңди аткаруудан баш тартышың керек» деген, эч кандай логикасыз талап менен барабар. Эң негизгиси - башка өнөктөштөр анын жоболорун аткарып жатканына эч кандай кепилдик жок. Андыктан атайын кызматтар үчүн мындай келишимдердин шарты эмес, эгемен мамлекетинин кызыкчылыктары биринчи орунда болууга тийиш. Ансыз деле чалгын иштери канчалык аксаганын акыркы жылдардагы Тажикстандын агрессиясы даана көрсөттү.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында УКМКдагы кесипкөйлөрдүн аракети менен президентке караштуу Стратегиялык изилдөөлөр боюнча улуттук институт түзүлүп, улуттук кызыкчылыкка туура келген бир топ изилдөөлөрдү жүргүзө баштаган. Бирок кийин ал ачык институтка айланып, ал тургай түздөн-түз сырттан алынган гранттар менен иштей баштады.

Улуттук кызыкчылык тууралуу жетиштүү түшүнүктөр күч түзүмдөрүндө гана эмес, өлкө жетекчилигинде да болбогонунун, болсо да негизги максат катары жетекчиликке алынбаганынын кесепети биринчи иретте УКМКга тийди. Бул орган эң жашыруун иштерди жүргүзүүгө тийиш болгон табиятына карабастан,

аны ушул күнгө чейин пиар-менеджерлерден тартып партиялык саясатчыларга чейин башкарып келатышат.

УКМКга тергөө багытындагы кадрларды даярдоо да Орусия менен түзүлгөн келишимдердин алкагында жүргүзүлүүдө. Бул да эгемен мамлекеттин атайын кызматынын логикасына туура келбейт. Анткени атайын кызматтарда ким эмне милдет аткарарын сырткы байланыштары бар адамдардын арасынан эч ким билбеши керек. Бул органга адистерди даярдоо толугу менен жашыруун форматта жүргүзүлүп, ага кабыл алуунун негизги шарты да Кыргызстандын эгемендигин жана эгемен мамлекет катары улуттук кызыкчылыгын баарынан жогору койгон саясий көз караш болушу зарыл.

Тилекке каршы, мындай талаптардын аткарылышына УКМКга жүктөлүп келген иш милдеттери да жолтоо болууда. Жогоруда айтылгандай, УКМКнын негизги табигый иш милдети чалгын, контрчалгын жана конституциялык түзүлүштүн коопсуздугу болгонуна карабастан, ага милицияга, финансы полициясына жана башкаларга мүнөздүү иш милдеттери (коррупцияга, ар кандай, кээде майда-барат эле масштабдагы экономикалык кылмыштарга, ал тургай сойкулукка каршы күрөш боюнча) артылып келатат.

Эң негизгиси – өлкөнү башкарган адамдарга, алар түзгөн ар кандай саясий режимге кызмат кылуу менен өлкөнүн улуттук кызыкчылыгына кызмат кылуу **таптакыр эки башка нерсе** экенин айырмалай турган учур небак бышып жетилди. Бул айырмачылык тууралуу түшүнүк туруктуу калыптанмайынча жана УКМКга кадр тандоонун негизги критерийлеринин бирине айланмайынча бул багытта иш жылышы кыйын.

**Маалымат коопсуздугу** маалыматтарды техникалык коргоонун системасынан тартып (техникалык мааниде) кайсы бир өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарынын маалымат айдыңында корголушунун деңгээлине (саясий мааниде) чейинки түшүнүктөрдүн кеңири топтомун камтыйт (шилтеме - file:///C:/Users/user/Downloads/razvitie-ponyatiya-informatsionnaya-bezopasnost-v-nauchno-pravovom-pole-rossii.pdf ). Биз да бул изилдөөдө анын экинчи, саясий маанисин колдонобуз.

Коопсуздукка карата коркунучтар талданып жатканда андан тартыла турган зыян, ал зыянды тарта турган чөйрө же тарап сөзсүз каралышы мыйзам ченемдүү (3-таблица).

3-таблица. Кыргызстандын маалымат чөйрөсүндөгү коркунучтар

| **Коркунуч** | **Зыяны** | **Зыян тарткан чөйрө** |
|---|---|---|
| Мамлекеттик, аскердик, кызматтык сырды ачыкка чыгаруу | Мамлекеттин пландарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү | Мамлекеттик, аскердик түзүмдөр, улуттук кызыкчылык |
| Зомбулукка үндөгөн чакырыктар | Кагылышуу коркунучу | Коом, туруктуулук, улуттук кызыкчылык |
| Жалган маалыматтар | Жаңылыш кабыл алынган чечимдер | Коом, улуттук кызыкчылык |
| Бийлик адамдарынын, бийлик органдарынын бир эле факты боюнча ар башка маалыматтары | Чыр-чатактардын көбөйүшү, жаңылыш кабыл алынган чечимдер | Жеке адамдар, коом, мамлекет, улуттук кызыкчылык |
| Чет элдик же чет мамлекеттерге жан тарткан ЖМКлардын маалымат саясатынын айрым өңүттөрү | Сырткы идеологиялык таасир | Улуттук, жарандык иденттүүлүк, улуттук кызыкчылык |
| Тышкы платформаларды көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу | Маалымат саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн азайышы | Мамлекет, коом, улуттук кызыкчылык |
| Нарк-насилге, адамгерчилик ченемдерге каршы келген материалдардын жайылышы | Нарк-насилге каршы келген адаттардын жайылышы, кадимки ченемге айланышы | Улуттук иденттүүлүк, коомдун моралдык абалы, улуттук кызыкчылык |
| Башка тилдердеги контенттин көптүгү, кыргыз тилиндеги контенттин салыштырмалуу аздыгы | Кыргыз тилинин чөйрөсүнүн тарышы | Мамлекеттик тил, улуттук жана жарандык иденттүүлүк, улуттук кызыкчылык |

Бул айтылгандар – Кыргызстан туш келип жаткан маалымат чөйрөсүндөгү коркунучтардын эмпирикалык түрдө көзгө урунгандары. Аны тереңирээк талдаш үчүн атайын изилдөөлөр талап кылынат.

Көрүнүп тургандай, алардын баарын жалпылоочу бир белги – бул коркунучтардын баары улуттук кызыкчылыктар үчүн зыян. Ал зыянды жокко чыгарып же таасирин азайтыш үчүн мамлекет гана чара көрүп тим болбостон, кыргыз ЖМКлары да улуттук кызыкчылыктар темасына көбүрөөк көңүл буруп, жарандык журналистиканы өнүктүрүшү зарыл. Кийинки бөлүм ушул багытта жагдай кандай экенин түшүнүүгө жардам берет.

## 4-бап. Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын ЖМКда чагылдырылышын изилдөөнүн илимий негиздери

### *4.1. Улуттук кызыкчылыктарды туюндуруудагы кыргыз интеллигенциясынын жолу жана ролу*

Ар бир эле мамлекеттин, элдин өзү басып өткөн тарыхый жолу, улуттук баалуулуктары жана улуттук кызыкчылыктары, ошондой эле коопсуздугу үчүн опурталдуу жактары бар. Улуттук баалуулуктар, улуттук кызыкчылыктар керек болсо бардык мыйзамдардан жогору турушу керек. Кайсы учур болбосун, кандай режим болбосун аларды сүрөп, актуалдаштырып коомго коомдой, бийликке бийликтей жеткирип туруу чоң милдет. Андай вазыйпаны аткарыш үчүн кесипкөй, мекенчил, руханий-нравалык жогорку талаптарга жооп берген катмар болушу зарыл. Ошол катмардын дараметинен көп нерсе көз каранды. Азыр саясий лексикондо «элита», «жогорку чөйрө» ж.б. терминден көбөйдү. Бирок классикалык жактан интеллигенция түшүнүгүн колдонуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Ал катмар руханий жактан бай, моралдык-нравалык жактан туруктуу, принциптерди туу туткан жана саясий эрктүү болушу өзгөчө маанилүү.

XXI кылымда Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын коргоо көп жагынан кыргыздардын рухий дараметине байланыштуу. Азыр рухий баалуулуктарга, улуттук кызыкчылыктарга жеке инсандын эркин шартта жеткиликтүүлүгүн камсыз кылган мамлекеттик жөнгө салуу өзгөчө зарылдыкты туудурууда. Анткени ал модернизациялык процесстердин шартында кыргыз коомунда экономкалык жана рухий коопсуздукту камсыз кылуунун маанилүү негизи болуп саналат. [16]
(Сыдыкбаев Ч.М. Модернизационная роль государства в обеспечении безопасности Кыргызстана. Вестник современной науки. Город Волгоград. Стр95,№10, 2016г.)

Улуттук кызыкчылыктарды коргоо жаатында маселе көтөрүү, бийликке жеткирүү, укпай баратса мээге чапкандай кайрылуу, илимий-публицистикалык макалалар менен көзгө сайып көрсөтүп туруу өзгөчө маанилүү.

Ар бир эл, коом өз тарыхында, басып өткөн жолунда социалдык бир катмардын дараметине, рухий-интеллектуалдык көрөңгөсүнө жараша кылымдан-кылымга өнүгүп-өсүп эволюцияланат.
Коомдогу негизги массадан бир катар сапаттары менен өзгөчөлөнүп турган ал катмар XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башынан баштап «интеллигенция» деген термин менен белгилене баштады.

«Интеллигенция» (лат. Intelligens – акылдуу, түшүнгөн, билген, ойлонгон) – акыл эмгеги, көбүнчө татаал чыгармачылык эмгек менен кесип кылып, маданиятты өнүктүргөн жана жайылткан элдин коомдук катмары. Билимдүүлүк жана интеллигенция - жакын, бирок бирдей эмес түшүнүктөр. Интеллигенция жогорку адеп-ахлактуулук, гумандуулук, терең сезимдер, жарандык жетилүү, социалдык тажрыйба, эмгектин, турмуш-тиричиликтин, жүрүм-турумдун маданияты, өнүккөн психологиялык касиеттер сыяктуу сапаттарга ээ катмар. Өзгөчө социалдык катмар катары интеллигенция акыл эмгегинин кара күч эмгегинен бөлүнүшүнөн тартып калыптана баштаган. [68]
Мадалиев М. Политическая элита Кыргызстана. Бишкек, 2002.

Биздин баамыбызда, кайсы өлкөдө, кайсы доордо болбосун интеллигенцияны коомдун өзгөчө катмары катары айырмалап турган бир катар белгилер бар. Алардын негизгилери: 1) Акыл эмгегиндеги жетишкендиктери. 2) Пикир айтуунун, жүрүм-турумдун бийик маданияты. 3) Чындыктан тайбастыгы, карманган позициясына бекемдиги.

Бирок интеллигенция жалаң эле совет коому жараткан социалдык катмар эмес экенин белгилей кетишибиз керек. Кайсы гана эл болбосун, өзүнүн аристократиялык, илимий-чыгармачылык, саясий элитасына, мыктыларына ээ болгон.

Адам баласы жашаган ар бир доорго мүнөздүү өзгөчөлүгү, кийинки муундарга үлгү боло турган, жашоо турмушуна керектүү, табылгыс пайда келтирүүчү, жемиштүү таасир берүүчү жана да жашоого туура багыттоочу касиеттери, артыкчылыктары болот.

Кыргыз элинин, кыргыз мамлекетинин тарыхындагы интеллигенциянын ролун аткарган катмардын тарыхын төмөнкүдөй этаптарга бөлүп карасак болот.

***Көчмөн доор***

Кылымдарды карыткан кыргыз эли да улут, мамлекет катары сакталып эл билгилерине, улуттун көрөңгөсүн сактаган эл жакшыларына, улуттун чыгармачыл жашоосун даңазалаган акындарына, өнөр адамдарына азыркыча айтканда «өз улуттук интеллигенциясына» ээ болгон. Дүйнөдө тендеши жок уулу баян «Манаста» Бакай, Кошой, Акбалта баштаган, Ырамандын ырчы уулу Жайсаң, алтымыш тилде сүйлөгөн Ажыбай сыяктуу акыл, билимге ээ болгон даанышмандар жана алардын улуттук кызыкчылыкка кошкон салымы баяндалат. «Манасты» жомок, эпикалык чыгарма деп айрымдар улуу баянды канчалык абстрактташтыргысы келсе да андагы окуялар, кадимки турмуштук мамилелер жөн жерден эле ойдон чыгарылып калбаганы, анда мамлекеттүүлүктү, улуттук кызыкчылыктарды коргоонун, коопсуздукту сактоонун идеялары камтылганын аны окуган ар бир адамга айгине болот.

Андан берки доорлордо Кет Бука, Асан Кайгы сыяктуулар кыргыз интеллигенциясынын башаты болгон десек болот.

Ырас, кыргыздар Октябрь революциясына чейин жарым көчмөн турмушту баштарынан өткөргөн эл. Окуганы да, кат тааныганы да саналуу болгону да чын. Ошол элдин кылымдар бою өнүгүп, калынтанып калган элдик маданияты болгон. Кыр-кырда, асман тиреген тоолордо өскөн кишилер чыгармачылык акыл-эс, рухий жактан аскадай бийик болуп рухий-маданий көрөңгөсүн бөксөртпөй келишкен. Ырды, мукам обондорду, жомокту, легендаларды сүйгөн, күү чыгарган элдик комузчулары, обончулары, ырчылары көп болгон. Курч, так, философиялык мааниси терең макал-лакаптарды чубуртуп сүйлөгөн кишилер жетиштүү болгон.

Улуу менен кичүүнүн ортосунда, аял менен эркектин арасында сакталган абийирдүүлүк, кичи пейилдик, сылыктык, уяттуулук, олтуруп-туруу да, тамак берүүдө, тамак ичүүдө өз ара мамилелерде сакталган элдик адеп, өзүнчө мазмундуу жөрөлгөлүү жана баалуу турмуш кечирүүнүн өзүнчө этносистемасы болгон. Ал тургай эки адам урушуп калса түз эле мушташа кетчү эмес. Союлдан мурда сөз менен жүйөлөшүү, бирин-бири сөзгө жыгуу мүнөздүү болучу. Орундуу, күчтүү айтылган сөздү баалап, сөзгө жеңилген тарап эрдин кунун кечип жиберген учурлар көп болгон. Бир нече жылдар бою чабышып жүргөн эки урууну баш коштуруп жүйөлүшкөн кездерде кеп сөздүн кыябын таап, терең ойду, чындыкты таамай айткан чечендер эки тарапты сөз менен элдештирип койчу. Айтор журттан чыккан баш ийбес тентектер, октон, оттон жалтанбас өжөрлөр орундуу айтылган күчтүү сөзгө баш ийип беришчү. Баягы баатырдык салтты сактап аны али унута элек биздин эл бир жагынан ишенчээк болсо, бир жагынан митаамдык, алдамчылык, кумарпоздук, зөөкүрдүк сыяктуу жаман өнөкөттөрдөн салыштырмалуу таза эле. Эгер бир айылда багар-көрөөрү жок кары же бечара мусаапыр болуп калса тегеректеги башка айылдагылар ал айылдагылар менен кудалашчу эмес. «Бир карыны же мусапырды боюңарга батырып, асырап албай тентиттиңер» деген сөз эле ал айылдын жашоочуларынын жылдызын түшүргөн, жууса кеткис күнөө болгон.

Тилекке каршы, азыр карылар, балдар үйлөрү кыргыздарга толгон, ал эми уул-кызы, бир туугандары туруп карылар үйүн байырлап калгандар ар айылдан чыгат.

Азыр элибизде сөздүн касиетине баа берип, сөзгө жыгылып, ыйбаа кылган сапат жоголуп, кеп жебес кежир, айкырчаак ажаан, күнөөнү моюндабаган бетпактык басымдуулук кылып калды. Мындай көрүнүштү байкаш үчүн соцтармактардагы ар кандай маселелер боюнча ой-пикирлерди  карап чыгуу жетиштүү.

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында улуу инсандар, акылман-көсөмдөр көп болгондугу белгилүү. Айтылуу «Манас» эпосунда акылман Бакай, улуу ойчулдар Арстанбек, Калыгул, касиеттүү Көл кылаасында төрт аке – кыргыз элинин дөөлөтү, нравалык-рухий уюткусу. Булар жөнүндө баса белгилеп кетүү «кыргыз интеллигенциясы XX кылымдын 20-жылдарынан баштап гана калыптанып баштаган» деп  улуткка көлөккө түшүргүсү келген пикирлерге» каршы эң жакшы аргумент болот.

«Ушундай өзгөчөлүктөрү, улуттун рухий көрөңгүсү кылымдан-кылымга, муундан-муунга өтүп жүрүп келечектеги улуттук интеллигенциянын көрөнгөсүн бөксөртпөй сактап келген. Андан бери карай келе турган болсок көлдүк Сарт аке, Моют аке, Тилекмат аке сыяктуу акелердин даңазалары, чиеленишкен татаал маселелерди камырдан кыл сууругандай чече билгенин, алар тубаса саясатчы, тубаса дипломат болгонун белгилей кетүү маанилүү. Алардын ар биринин жашоо образы, турмуштук принциптери, акылман ойлору кыргыздын интеллигенциясы ар дайым болгонун айгинелеп турат. Акелер эл турмушунун бардык жагына каралашып, турмуштун татаал маселелерине ташка тамга баскандай зор акылмандык менен баа беришкен. Бул жагынан акелердин асыл осуяттарын кыргыз турмушунун толук энциклопедиясы десек чындыкты айткан болобуз. Алардын осуятында терең философия, эстетика менен этиканын маселелери, эл тарыхынын таасын чындыгы кеңири камтылган» (С.Касманбетов. Нарк куржундан 2023-ж).

Аракеттеги мамлекеттик катчы Сапарбек Касманбетов буга чейинкилерден айырмаланып жигердүү иштеп кыргыз элинин нарктуулугун казып, ачып берип ал аркылуу улуттук баалуулуктарды уютууга аракет кылып жатканын белгилей кетүү зарыл.

Демек, акелердин чыгармачылыгы көптөгөн илимдин, анын ичинде саясат илиминин да объектиси болууга татыктуу. Акелер көркөм сөздүн маңызын, маанисин терең өздөштүргөн улуу таланттар болушкан. Алардын чыгармачылыгынын көркөм, маданий мааниси да зор. Акелердин акыл сөздөрү, улуу мазмундагы ой толгоолору да уникалдуу, оргиналдуу, кайталангыс жалпы адамзаттык мааниге ээ. Акылман акелер жашаган доор, мезгил бизге алыс, түшүнүксүз көрүнгөнү менен, алардын калтырып кеткен улуу мурасы биздин турмушка, биз жашаган доорго өтө эриш-аркак, бөтөнчө жакын.

Бүгүнкү оомал-төкмөл дүйнөдө эл-жер, мекен, адамдык асыл сапаттар, акыл-эс, элдик мыкты салттар, түшүнүктөр, улуттук кызыкчылык, улуттук коопсуздугубузга байланышкан ой толгоолор түн уйкубузду, күн тынчыбызды алып, миң толгонтуп турган учур. Бирок бул көйгөйлөр, ой-толгоолор бир-эки кылым бизден мурун жашап өткөн элдик даанышмандардын да тынчын алып, аларды терең санаага чөмүлткөнү бизди таң калтырат. Анткени жашоонун зор маселелери түбөлүктүү, дайыма актуалдуу. Ошол кыйын замандарда деле акелер дөөлөттүүнүн көзүн карап, мансаптуунун сөзүн сүйлөп калган эмес, кандай кырдаал болсо да чындыкты, адилеттикти туу тутуп, баалуу кеп-кеңештерди, тагдыр чечээр маселелерди абийирдүүлүк, аруулук менен чыгарышкан.

Акелердин улуу мурасындагы эң башкы, олуттуу проблема – бул эл тагдыры, элдин тынч, бейпил турмушу жөнүндөгү камкордук, жалпы элдик биримдик, ынтымак. Бул азыркы заманбап тил менен айтканда улуттук кызыкчылыкты коргоо.  Дал биз сөз кылган интеелигенциянын азыркы коомдогу функциясы да ушунда жатат. Өз доорундагы интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болгон айтылуу бул акелердин коомдогу кадыр

баркы азыркы айрым академиктерден да бийик, сөзү өтүмдүү, кадыры бийик болгон десек болот.

Буга бир мисал катары жогоруда сөз болгон Көл боюндагы акелер доорундагы эки мисалды келтирсек ылайык келет. Биринчиси – колунда расмий бийлиги деле, ашынган байлыгы деле жок, бирок түз сүйлөп, маселени чечүүнүн эл үчүн ылайык жолун так айта билген Көкөтөй чечен өзүн жыйынга чакырып келген жигитке: «Аа, чакырса барайын, балам. Бара жүргөн Каркыра, катыша жүргөн чоң жыйын, сүйлөшө жүргөн Чыныбай», - деп, бул кадыресе иш экенин айгинелеп турганы. Экинчиси – ошол эле Чыныбай болуш бугулардын бир уругун айыпка жыгып көчүрүп жибере турган болгондо насили калмак Карач акенин: «Оой, Чыныбай! Каңгайдан келип мен билсем, капкайдан келип сен билсең, деги булардын өзүнө да бийлик беребизби же жокпу?» деген суроосуна Чыныбай болуш сөзгө жыгылып, өз чечимин өзгөрткөнү.

*Көчмөн доордогу кыргыз интеллигенттерине тиешелүү жагдайларды жыйынтыктап жатып, бул доордун үч өзгөчөлүгү жалпылоочу белги болгонун эске салгыбыз бар.*

Биринчиси – ошол кездеги коммуникациянын өзгөчөлүгү. Жазуу кеңири тарабагандыктан, көчмөн коомдо **оозеки кеп үстөмдүк кылган**. Тиешелүү түрдө даанышмандардын, элчилердин, эл адамдарынын айткан сөзү, киргизген сунушу ооздон оозго тарап, аны эске тутуп, башкаларга так жеткирүүнүн жоопкерчилиги бийик болгон.

Экинчи, балким эң маанилүү өзгөчөлүк – салттуу эрежелер менен жашаган жалпы кыргыз коомундагы **жүйөлүү сөздүн ыгына көнүү** маданияты. Бул туура жүйө келтире билген кишилердин сөзүн өтүмдүү кылган негизги шарт болгон.

Үчүнчү өзгөчөлүк – ал кездеги айтылган сөздүн **тышкы таасирден эркиндиги**. Кыргыздардын жыйындарына башка бирөөлөр келип кийлигишкен эмес. Ал тургай уруулар да өз маселесин өзү чечкен. Ушунун өзү

көчмөн доордогу даанышмандарды бийлик менен элдин ортосунда улуттук кызыкчылыктарды туюндурган көпүрөгө айландырып турган.

***Алгачкы революционерлер мезгили***

Октябрь революциясы болгондон кийин элибиз илимге, маданиятка тегиз баш буруп, баардык тармактарда билимди, илимди эңсеген келечекте «кыргыз интеллигенциясын түзө турган муун калыптана баштаган. Мында улуу жол башчы В.И.Лениндин эмгегин камкордугун тануута акыбыз жок. «Окуу, окуу жана окуу» деген белгилүү осуяты, «Интеллигенциясыз илим, маданият, искусство, билим берүү өнүгүшү мүмкүн эмес» деген бекем ишеним менен бул максаттарды өз ишмердигинин негизги бөлүгү кылып, аны ишке ашырууда өтө бекем саясий эркти, өжөрлүктү көргөзгөн. (Исаев К. 2009. Кыргыздар-көчмөндөр цвилизациясын жараткан улуу эл. //Эркин Тоо, 2-январь.)

Анын бардык элдерге тең карап, кичинеби, чоңбу, ар бир эл билим, илим алууда, маданиятта, искусводо баары тең укукта болушуна жан үрөп, айрым бир гана улут бардык элдерге үстөмдүк кылып, башка майда элдер улуу элдин артынан, алардын көлөкөсүндө  жүрүш керек дегендердин дымагын ооздуктап, бардык элдерде улуттук интеллигенция текши калыптанышына шарт түзгөн.

Ошонтип, Улуу Октябрь революциясы жаңыча калыптана баштаган интеллигенция  үчүн бөлүп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү ачып берген. Деги эле Октябрь революциясы болбосо кыргыз элинин, мамлекеттин тагдыры кайсы нукта кетери белгисиз болчу.

Мугалим, дарыгер, агроном, инженер, техник, конструктор, окумуштуу ,адабият жана искусство ишмерлеринен турган советтик интеллигентердин чыгармачыл эмгеги советтик коомдун ыргактуу өнүгүшүндөгү зарыл шарттардан болуп калган десек болот. Советтик Кыргызстандын интеллигенциясы көп улуттуу советик интеллигенциянын курамдык бөлүгү болуп, келечектеги Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө татыктуу салым

кошо алды. Совет бийлигинин тушунда Советтик Кыргызстандын турпаты түп-тамырынан бери өзгөргөнүн адилеттик үчүн айтып коюшубуз керек. Себеби аз убакыттын ичинде эле артта калган агрардык, колониалдык Кыргызстан өнүккөн индустриалдык-агрардык өлкөгө айланган. Эгерде 1912-жылга карата Кыргызстандын түштүгүнүн көп бөлүгү кирген Фергана өрөөнүндө түпкүлүктүү улуттардан болгону 805 бала гана мектептерде окуп, алар жалпы окуган балдардын болгону 0,5% гана түзгөн.

1914-1915-жылдары саналуу гана кыргыз орто билимдүү болуп, ал эми жогорку билимге бир да кыргыз ээ болгон эмес. Дал ушул жылдары сабатсыздыкты жоюу боюнча советтик бийликтин күрөшү башталган. Бул күрөш аз убакытта эле көзгө урунарлык жыйынтыктарды алып келген. 1939-жылы эле республиканын калкынын сабаттуулугу 70% көтөрүлүп, 3200 жогорку билимдүү адам пайда болгон, алардын 847си аялдар эле.

1920-жылдарда жана 1930-жылдардын башында саясий турмуш сахнасында тубаса таланттуу, келечекти кеңири ойлогон инсандар чыгышкан. Алар ошол учурдагы жаш мамлекеттик ишмерлер, өз элине жаштык жалын жана шыктануу менен кызмат кылышкан Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Иманалы Айдарбеков, Баялы Исакеев, Эркинбек Эсенаманов, Касым Тыныстанов жана башкалар болгон. Чындыгында эле алар күч-кубаттуу, жаркын, бири-бирине окшобогон, жаш, таланттуу, өз заманынын эң бир мыкты билимдүү инсандары эле. Дал ошолор улуттук кызыкчылыкты туу туткан мамлекеттик ишмерлер болушкан. Алар ошол учурдун саясий-агартуучу интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрү эле болбостон, кыргыз интеллигенциясынын калыптанышына, демек мамлекетти кызыкчылыкты коргоого эбегейсиз чоң күч жумшашкан. Таланттардын мындай мууну - кандай гана коом менен мамлекет болбосун, анын абийири, ар-намысы болуп, ар кандай өкмөттүн көркүн чыгарышмак. Себеби аларда элим деп күйүп-жанган мекенчилдик, илим-билимге сугарылган дарамет, тубаса интеллектуалдык сапаттар жетиштүү болчу.

Кыргыз интеллигенциясынын жылдыздай жанган мууну катары булардын ар биринин өмүр жолу, элине кылган эмгектери жөнүндө кыскача айта кетүү маанилүү. Алардын айрымдарын мисалга тарта кетели.

Абдыкерим Сыдыков - бул даңктуу топтун ичмндеги алгачкы ысым. Анын ата-энеси бай адамдардан болуп, уулуна жакшы үй-бүлөлүк тарбия, андан кийин артыкчылыктуу окуу жайда – Верныйда (азыркы Алматыда) эркектер гимназиясында билим беришкен. Абдыкерим Сыдыков бир канча мезгил В.И.Ленин революцияга сапарын баштаган атактуу Казань университетинде окуган. Турмуштук тажрыйбага бай жана билимдүү адам катары А.Сыдыков партиянын Жети-Суу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп бекиген жана бул кызматта 1920-жылга чейин иштеген.

1922-жылдын мартында Советтердин Бүткүл Түркстандык XII съездинде ал **биринчи жолу Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө маселени ачык коюп**, өз сунушунун колдоого алынышына жетишкен. А.Сыдыковдун өмүрү тууралуу ойлогондо, бул улуу инсандын адамдык жана атуулдук туруктуулугуна таң каласың. Ал өзүн күтүп турган коркунучту билсе да, кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоого аракет кыла берген [108].

Жусуп Абдрахмановдун ысмы жана иштери элибизде зор сүймөнчүк менен аталат. Ата-энеси менен 1916-жылкы Үркүндө Кытайга качууга аргасыз болгон. Азаптуу кыйынчылыктардан улам ата-энеси жана жакын туугандары жолдо каза болушкан. Ал өзүнүн жаштыгына карабастан ишмер, акылман болгон. Ж.Абдрахманов кыргыз комсомолунун башында турган. 1927-жылдын мартында Кыргыз АССРинин Совнаркомунун төрагалыгына бекиген. Кыргыз элинин улуттук кызыкчылыктарын коргоодогу Жусуп Абдрахмановдун эстен кеткис эмгеги жана эрдиги – **ошол жылдары кыргыз элин массалык ачарчылыктан сактап калган.** Анткени союздук борбордон түшкөн көрсөтмөлөргө карабастан, Кыргыз ССРи азык-түлүк боюнча план толтурууга даяр эмес экенин далилдеп, элди эбегейсиз жүктөн куткарган. Салыштыруу иретинде азык-түлүк боюнча план толтуруу милдети коңшулаш Казак ССРинде массалык ачарчылыкка алып келип, андан жан талашып

качкан казак элинин бир бөлүгү Кыргызстанга келип баш калкалап, аларга Ж. Абдрахмановдун көрсөтмөсү менен камкордук көрүлгөнү белгилүү. Ал жылдары Казакстанда Ашаршылык («Ачарчылык»), Украинада Голодомор деп аталган улуттук трагедиялар азыр да бул элдердин эстутумунда сакталууда. Кыргыз эли үчүн 1916-жылдагы Үркүн кандай азап-тозоктун, жоготуунун, адилетсиздиктин символу болсо, казак жана украин элдери үчүн жогоруда сөз болгон окуялар да андан кем калышпайт. Жусуп Абдрахманов бул аракеттери кийин өз башына тийген муш болорун эң жакшы түшүнүп турса да, кыргыз элинин аманчылыгы жана кызыкчылыгы үчүн керт башын садага чапкан.

Кандай гана өлкөнүн кандай гана өкмөтү болбосун, аны көрккө бөлөй турган биринчи «жол салгыч» кыргыздардын катарына **Иманаалы Айдарбеков** кирет. Ал 1884-жылы туулуп, 1916-жылы жана андан кийиинки жылдары кыргыздардын үлүшүнө тийген бардык кыйынчылыктарды өз башынан өткөргөн. Кадрлардын таңкыстыгынан И. Айдарбеков кызмат тепкичинен тез көтөрүлүп Бишкек шаардык кеңштин төрагалыгына шайланган. Ошол кездеги Таш Худайкуловдун кыйраткыч аракетинин натыйжасында **Тоолуу Кыргыз областын түзүү** маселесинин тагдыры кыл көпүрөдө калган оор кырдаалда И.Айдарбековдун көз карашы чечүүчү мааниге ээ болгон.

Революциядан кийин биздин мамлекеттүүлүгүбүздүн негизин түзгөн жаркын инсандарыбыздын тизмеси **Касым Тыныстановдун** ысымысыз толук болбой калат. Акын, драматург, прозачы, тилчи, адабият таануучу, фольклорчу, агартуучу жана котормочу Касым Тыныстанов өз мезгилинин көрүнүктүү мамлекеттик ишмерине айланган.

Улуттук аң-сезимдин жаңыруу доорунда, улуттук кайра жаралуунун мезгилинде жаңы башталыштардын башатында турууну дал ушундай көп кырдуу таланттуу инсандарга тагдырдын өзү буюрган окшойт. Анткени ал кезде жаш бөбөктөн тартып чоң кишиге чейин бүтүндөй билимсиз эл

сабатсыздыгын жоюп жаткан ошол учурду улуттук кайра жаралуу деп айтуу гана туура болот.

Кыргыз элинин тагдырындагы дал ушундай тарыхый учурда Касым Тыныстанов бир гана республиканын бүткүл агартуу иштеринин башында турбастан, ошондой эле алгачкы мыкты окуу китептерин жазып чыккан. Азыркы кыргыз орфографиясынын негизги принциптерин иштеп чыгып, тилибиздин туңгуч окуу китептерин, алгачкы грамматикасын жана тил илими боюнча кыргызча терминологияны түзөт. Кыргыз тилин алгач араб алфавитине, андан соң латынчага жана акыркы болуп орус тамгаларына ылайыкташтырууга алгачкылардан болуп үндөп, бул багытта эбегейсиз иштерди жасаган. 1924-жылы «Окуу китебин» түзүп, андан соң «Чоңдор үчүн алиппени», «Эне тилибиз», «Социалдык-экономикалык сөздүк», «Кыргыз тилинин морфологиясы» жана «Кыргыз тилинин синтаксиси» сыяктуу фундаменталдуу эмгектерди жараткан. Алгачкы кыргыз профессору, **кыргыз жазма адабиятынын жана тил илиминин негиз салуучусу** катары Касым Тыныстановдун эмгеги баа жеткис.

Жалпысынан заманбап кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө эбегейсиз салым кошуп, көпчүлүгү кандуу репрессиянын чеңгелине кабылган бул инсандарды кыргыз интеллигенциясынын күзгүсү десек толук жарашат.

Кыргызстан үчүн XX кылымдын тагдыр аныктаган башталышы менен аякташынын ортосундагы, 20-жылдарда биздин мамлекеттүүлүгүбүздүн эстафетаны улантуунун зор жоопкерчилиги тарых тарабынан ишенилип берилген биздин ортобуздагы терең, ажырагыс байланышты ырастады.

Тиешелүү түрдө бул муундагы интеллигенция өкүлдөрүн жалган жалаа менен жок кылган **репрессия кыргыз элинин улуттук кызыкчылыктары үчүн орду толгус жоготуу болгон** десек жарашат. Анын масштабы кыргыз элитасынын деңгээлиндеги геноцид менен барабар деп баа берүүгө толук негиз бар.

*Демек, бул мезгилдеги кыргыз интеллигенциясынын абалын төрт жагдай бириктирип турат:* 1) идеологиялык күрөш, полемика жалаң эле

оозеки эмес, заманбап каражаттар, анын ичинде ошол кездеги басма сөз аркылуу жүргүзүлө баштаганы; 2) улуттук кызыкчылыктарды туюндуруунун негизинде СССРдин жетекчилиги менен кыргыз элинин ортосунда интеллектуалдык жана саясий көпүрөнүн ролун аткарганы; 3) СССР доорунда эле Кыргызстан өз алдынча республика болушуна жетишип, анын болочок эгемендигинин, заманбап мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөп кеткени; 4) басымдуу көпчүлүгү репрессияга туш келип, жок болгону; 5) ондогон жылдар бою аттары аталбай, эмгеги эске алынбай, элдин эсинен чыгарып салуу аракетине туш болгону.

***СССР күчкө кирген убак***

Кийинчерээк республика жетекчилигине келген Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиевдер ата мекендик интеллигенциянын андан ары өнүгүшүн шарттай турган материалдык-техникалык базаны түзүүдө ат көтөргүс эмгек кылышкан. Кийинки жылдарда да республиканын калкынын маданий деңгээли тездик менен өсө баштаган. Мисалы, эгер 1939-жылы 1000 кишиге 56 жогорку жана атайын орто билимдүү киши туура келсе, бул көрсөткүч 1959-жылы 429 кишиге чыккан.

Ал эми 1966-жылдары республиканын эл чарбасында 106 миңге жакын атайын орто жана жогорку билимдүү адистер эмгектенип калган. Ушул эле жылдарда республиканын илимий кадрларын даярдоо жолго коюла баштаган. Алсак, ошол учурда 34 илимдин доктору, профессорлор, 645 илимдин кандидаты, 645 илимий кызматкер, жогорку окуу жайларынын 351 окутуучусу, 3337 мектеп мугалими, 1154 инженер техник, 1248 айыл чарба адиси, 1162 дарыгер пайда болгон.

Бул жылдардагы көрсөткүчтөр сандык жактан эле эмес, сапаттык жагынан да өзгөчөлөнгөн. Мугалимдер институтунун Кыргыз мамлекетттик университети болуп кайра түзүлүшү, Кыргыз илимдер академиясы, Фрунзе политехникалык институту, Кыз-келиндер институту, Медициналык институт

ж.б. окуу жайлар түзүлүп, бир катар маданий жайлар ишке берилгени өлкөнүн интеллигенциясынын дараметин тездик менен өстүргөн. Мында улуу инсан Исхак Раззаковдун эмгеги зор болгонун, өлкөнүн илимий чыгармачылык чөйрөсүн көтөрүүгө ал өзгөчө жан үрөгөнүн танууга акыбыз жок.

Бул жерде баса белгилей кетүүчү жагдай - биринин артынан бири түзүлүп, иш алып бара баштаган билим берүү, илимий, маданий мекемелер көп өтпөй эле өз жемишин бере баштаган десек болот. Республиканын агартуу системасы үчүн аба менен суудай зарылдыкты жараткан илимий даражалуулар көбөйгөн, театр сахналарында дүйнөлүк класика жогорку денгээлде коюлуп, таланттуу артисттердин, акын-жазуучулардын жаңы толкуну биринин артынан бири ийгиликтерди жарата башташкан.

Өкмөттүк массалык маалымат каражаттарында – гезит-журналдарда, телекөрсөтүүдө, радиодо интеллигенциянын жол баштоочуларынан болгон журналисттер жигердүүлүк менен иштеп, тармактын түйшүгүн көтөрүп эл чарбасынын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошушту.

Ага удаа эле «кыргыз киносунун керемети» деп аталган мезгил да келип, республикада кино өнөрү союздук деңгээлге ийгиликтүү көтөрүлө алды.

Кыргыз адабиятында жаралган ийгиликтер, жетишкендиктер акын-жазуучуларды союздук эле эмес, керек болсо дүйнөлүк деңгээлге көтөрүп, Чыңгыз Айтматовдун ысмы дүйнөлүк адабиятта жарык жылдыз болуп жанды десек болот. Дүйнөнүн булуң-бурчунан окурмандар Айтматовдун чыгармалары аркылуу кыргызды тааныды, кыргыз эли, интеллигенциясы, кыргыз дүйнө таанымы жөнүндө кабар алышты. Анын адабиятта жараткан ийгилиги, даңгыр жолу миллиондогон дүйнөлүк окурмандарды ойго салып, өз артынан ээрчитсе, анын өз мекендештерин сөз менен айткыс сыймыкка бөлөп, интеллигенцияны болсо татыктуу болууга, чоң ийгиликтерди жаратууга шыктандырды.

<u>*Бул мезгилдеги интеллигенциянын басып өткөн жолу төмөнкү белгилер менен мүнөздөлөт:*</u> 1) коммуникация каражаттары негизинен жазуу жүзүнө өтүп бүтүшү жана өнүгүшү; 2) СССРдин жалпы идеологиялык үстөмдүгүнүн

толук орношу; 3) интеллигенция өкүлдөрүнүн кыйла бөлүгүнүн орусташуусу; 4) интеллигенция катмарынын ар кайсы багыттары (чыгармачыл, илимий) бөлүнүп чыгып, өнүгүшү.

***СССРдеги «кайра куруу» өнөктүгү жана Кыргызстандын эгемендигинин алгачкы жылдары***

80-жылдардын аягындагы бүткүл Советтер Союзун кучагына алган демократиялык кыймылдар союздук интеллигенциянын да, ата мекендик интеллигенциянын да алдына зор жоопкерчилик жүктөдү. Дээрлик бардык кыймылдардын башында интеллигенция өкүлдөрү басымдуулук кылып, алар керек болсо чечүүчү күч болгонун танууга акыбыз жок.

Дал ошол интеллигенция өкүлдөрүнүн жигердүүлүгү, турмуштук бекем позициясы барып-барып «темир көшөгө» аталган тоталитардык системанын кыйрашына алып келди.

Ал мезгилдерде Кыргызстандын интеллигенция өкүлдөрү Кыргызстан демократиялык кыймылы (КДК) деп аталган саясий биримдикти түзүп, өлкөдөгү саясий-экономикалык кайра түзүү аракеттеринде чечүүчү күч катары кызмат кылышты.

*Бул мезгил:* 1) кыргыз тилинин ролун жогорулатуу үчүн күрөш, ага интеллигенция өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусу; 2) кыргыз жаштарынын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн элдик кыймылдардын күч алышы, алардын кызыкчылыктарын туюндуруш үчүн улуттук интеллигенция өкүлдөрүнүн элчи болушу; 3) Кыргызстанды өз алдынча мамлекет катары бөлүп чыгуу жана анын эгемендигинин пайдубалын бекемдөө аракеттери; 4) мезгилдүү басма сөз каражаттарынын эркин статуска өтө баштаганы; 5) эркин ЖМКда эгемен Кыргызстандын өнүгүү жолу туурасындагы кызуу талкуулар жана сунуштар, жаңы концепциялар менен мүнөздөлөт.

***Интеллигенция үчүн жаңы сыноолор***

Кыргызстан эгемендигин жарыялаган мезгилден баштап интеллигенция өкүлдөрү өлкөнүн саясий жетекчилигине келишти. Тагыраагы Аскар Акаев баш болгон илимий интеллигенция саясий элитаны түзүп, эгемен Кыргызстанды таанытууда алгач жакшы иштерди жүргүздү. Бирок бара-бара бийлик кумарына, байлыктын азгырыгына берилип кетип 70 жыл топтолгон мамлекеттин бир ууч топтун тоношуна, жыйынтыгында өлкөнү итке минген абалга жеткиргенин белгилей кетүү да маанилүү деп эсептейбиз.

Эгемендик жылдарында жалпы эле интеллигенция өкүлдөрү чоң деградацияга кабылганын айта кетишибиз керек. Ага чейин мамлекеттин камкордугунда материалдык абалы салыштырмалуу туруктуу сакталып келген интеллигенция өкүлдөрү айлыктын кескин азайганынан, материалдык байлык моралдык жана рухий байлыкка үстөмдүк кылып калганынан улам бир тобу кескин жардыланса, башкалары өңдү көрсө жүз тайды жалтак, күн карама катмарга айланды. Кайсы бийлик болбосун айга-күнгө теңеп, жагалданып, а кокус ал бийликтен оомат кетсе кийинкисинин колтугуна баш калкалап баягы ырын кайталаган интеллигенция өкүлдөрүнүн жоруктары коомчулукту ирээнжиткен учурлар болгон.

Бирок калыс сөзүнөн тайбай бийлик каарын төгүп кастарын тиксе да чындыктан тайбаган Чоюн Өмүралиев, Сатыбалды Жээнбеков, Дооронбек Садырбаев, Топчубек Тургуналиев, Ишенбай Абдразаков, Кусейин Исаев, Салижан Жигитов, Оморбай Нарбеков, Анатай Өмүрканов, Дастан Сарыгулов, Эсенбай Нурушев, Кубан Мамбеталиев, Шайлообек Дүйшеев, Жыпар Жекшеев, Эсенбай Нурушев, Жумагул Сааданбеков, Аалыбек Акунов, Каныбек Осмоналиев, Азиза Абдирасулова, Түгөлбай Казаков, Бакыт Орунбеков, Жыргалбек Касаболотов, Папан Дүйшөбаев сыяктуу ж.б. жана аларды ээрчиген интеллигенциянын жоон тобу кандай кырдаал болбосун өз жүзүн сактап келди.

*Акыркы 20-25 жылдан берки интеллигенциянын абалы:* 1) акыл эмгеги менен алектенген адамдардын материалдык абалынын, коомдо ээлеген ролунун начарлашы, идиректүүлөрдүн миграцияга кетиши; 2) мамлекеттик маалымат

каражаттарын (КТР) башкарууга катышуу үчүн ар кандай саясий күчтөрдүн ортосундагы күрөш; 3) ЖМКнын техникалык жактан өнүгүшү жана идеологиялык көз караш, кийин кызыкчылыктар боюнча тараптарга бөлүнүшү; 4) социалдык тармактардын пайда болушу жана өнүгүшү; 5) кыргыз элинин эң чоң баалуулуктарынын бири болгон **жүйөлүү сөздүн** салмагын атайылап кетирүү боюнча ыплас саясий ыкмалардын (ОБОН топтору, атайын уюштурулган сүрмө топтор) жана медиа технологиялардын (кара пиар, троллдор фабрикалары жана фейк аккаунттар) пайда болушу жана күч алышы; 6) сырткы идеологиялык таасирдин күчөшү (диндин жана чет өлкөлүк пропаганда борборлордун таасири); 7) интеллигенциянын бир катар өкүлдөрү өздөрү көп жагынан ар кандай идеологиялык таасирге кабылышы менен мүнөздөлүп калды.

«Улуттук коопсуздукту чыңдоо күч түзүмдөрүнүн, улуттук кызыкчылыктарды коргоо Тышкы иштер министрлигинин же өлкөнүн саясий жетекчилигинин милдети болсо, интеллигенциянын буга кандай тиешеси бар?» деген пикирлер болушу мүмкүн. Чындыгында түздөн-түз тиешеси бар. Себеби биздеги калыптанган саясий элита бул милдетти аркаламак турсун жеке, кландык, олигархиялык жана саясий кызыкчылыктардын деңгээлинен өйдө көтөрүлө алган жок. Саясий элита коомдун таянаар тоосу, тиреги боло албай калды. Аларга карата коомдо ыраазычылыкка караганда ирээнжиген, көңүл калган мамиле басымдуулук кылат.

Ошол эле учурда жогорудагы этаптардын баарын талдай келгенде көчмөн доордогу даанышмандар да, репрессияга кеткен заманбап кыргыз мамлекетинин негиздөөчүлөрү да, эгемендик жаңыдан түптөлүп келаткан жылдардагы интеллигенция өкүлдөрү да колунан келишинче, тарыхый контекстке жараша бийлик менен элдин ортосунда табигый көпүрө, улуттук кызыкчылыктарды туюндуруунун локомотиви болгону көрүнүп турат. Ал этаптардын ичинен Совет мезгилиндеги цензура, идеологиялык басым ошол кездеги жалпы системанын үстөмдүгү менен түшүндүрүлөт. Бирок азыр Кыргызстан – эгемен мамлекет, ал эми маалымат каражаттары, анын ичинде

социалдык тармактар, заманбап медиа платформалар илим-билими жетиштүү интеллигенция өкүлдөрүнө эле эмес, дегеле баарына жеткиликтүү. Сөз эркиндиги совет мезгилинде үч уктаса түшкө кирбеген деңгээлде, ал эми ой-пикирлерди жеткирүүнүн нарктуу, маданияттуу ыкмалары интеллигенциянын табигый мүнөзү гана болбостон, үлгү катары заман талабы да болуп турат.

Мындай шартта интеллигенциянын озуйпасы, орду өзгөчө. Жогорку билимди тастыктаган диплом интеллигенциянын түпкү мазмунуна шайкеш келиш үчүн жетишсиздик кылат. «Интеллигенция» деген сөздүн өзү эле өзүн бул катмарга тиешелүү деген адамды көп нерселерге милдеттендирет. Алардын ичинен эң негизгиси – интеллигенция өкүлдөрү өз өлкөсүнүн жарандары катары бийликке да, оппозицияга да, башка өлкөлөрдүн кызыкчылыктарына да жан тартпастан ар кайсы тармактардагы **улуттук кызыкчылыктарды туюндуруп, аны бийликке да түшүндүрүп, элге да туура жеткириши**. Бул үчүн жогоруда саналып өткөн сыноолордон тышкары, саясий да, техникалык да мүмкүнчүлүктөр жетиштүү.

**Бул үчүн эки маселени чечүү маанилүү.**

Биринчиден, коомдук илимдер менен алектенген окумуштуулар, чыгармачыл интеллигенция өкүлдөрү өз эмгегин карапайым адамдарга жеткиликтүү, популярдуу тилде туюндурууга үйрөнүшү зарыл. Китептер мурдагыдай окулбай, көлөмдүү жана татаал тексттер кабыл алынбай, аларды окутууга мажбурлаган системалар иштебей калган азыркы мезгилдин өзгөчөлүгү ушуну талап кылат.

Экинчиден, интеллигенция өкүлдөрү заманбап медиа каражаттарын, популярдуу платформаларды өздөштүрүшү зарыл. Мисалы, «YouTube» платформасындагы жеткиликтүү тил менен окулган тематикалык лекциялар, атайын каналдар, блогдор чоң акчаны да талап кылбайт, интеллигенцияны элге да жакындатат. Атап айтканда, тарыхчылардын, саясат таануучулардын, экономисттердин ж.б. саналуу гана кишилер окуган жана түшүнгөн том-том китептерине караганда ошол эле темада видео платформаларда жатык тилде лекция окушу улут үчүн агартуучулук вазийпа аткарып, практикалык жактан

алда канча көп пайда алып келет. Мындай тажрыйба Орусия, Түркия жана башка өлкөлөрдө кеңири колдонулуп келатат.

Интеллигенция өкүлдөрү ошондо гана азыркы заман талабына жараша бийлик менен элдин, билим жана чыгармачылык менен аудиториянын ортосундагы көпүрө катары ролун калыбына келтире алат. Бул милдет аткарылбаса аны башка тараптар (диний радикалдар, чет мамлекеттердин пропагандисттери, саясатчылардын пиарчылары ж.б.) өз кызыкчылыгына пайдаланат, ал эми алардын көбү улуттук кызыкчылыктарга каршы келет. Ошондуктан улуттук кызыкчылыктарды туюндурууда, улуттук жана жарандык иденттүүлүктү бекемдөөдө, элди агартууда интеллигенциянын да, маалымат таратуу каражаттарынын да ролу азыркы заманда болуп көрбөгөндөй күч алууда.

### *4.2. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынын ЖМКда чагылдырылышын изилдөөнүн контексти менен теориялык жана методикалык негиздери*

#### *Улуттук кызыкчылыктар менен ЖМКнын өз ара байланышына тиешелүү маселелер*

Улуттук кызыкчылыктар тууралуу түшүнүктүн пайда болушунун өзү, өзгөчө Европанын тарыхый шартында, басма сөздүн өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Британиялык саясат таануучу жана социолог Бенедикт Андерсон «Ойдон чыгарылган коомдор» («Воображаемые сообщества») аттуу китебинде заманбап европалык маанидеги улуттардын пайда болушун эки маданий системанын – династиялык мамлекеттин жана диний коомдун кыйрашы менен байланыштырат (Бенедикт Андерсон. Воображаемые сообщества. Размышления об истоках и распространении национализма. Москва, «Кучково поле», 2016. 55-бет). Диний (христиандык жана исламдык) жана маданий (кытай империясы) цивилизациялардын кубаттуулугунун бир булагын алардын жазуусунун жайылышынан көргөн илимпоз алардын


кыйрашынын бир себебин да улуу географиялык ачылыштар, экинчи себебин басма сөздөгү капитализмдин ыкчам өнүгүшү менен байланыштырат. Анын маалыматы боюнча, «1501-жылы Парижде басылган 88 басылманын сегизинен башкасынын баары латынча болсо, 1575-жылдан кийин китептердин көпчүлүгү француз тилинде басылып калган. Контрреформация доорунда убактылуу кайра кайтып келгенине карабастан, латын тилинин үстөмдүгүнүн доору аяктап калган болчу... Айтор, латын тилинин кыйрашы алда канча кеңири процесстин айрым көрүнүшү болгон, анда эски ыйык тилдер менен бириккен ыйык деп саналган коомдор бара-бара бөлүнүп, плюралисттешип жана аймактарга ажырай баштаган» (Ошол эле жыйнак, 63-65). Бул фундаменталдуу жыйнактын «Улуттук аң-сезимдин булагы» аттуу бөлүгү китеп басып чыгаруу ишинин жана анын натыйжасы катары жергиликтүү тилдердин ролунун жогорулашына арналган. Аны жыйынтыктап жатып, окумуштуу «адам баласынын тилинин табигый ар түрдүүлүгүнүн түйүнүндө капитализм менен китеп басуу технологиясынын кесилиши ойдон чыгарылган коомдун жаңы формасына мүмкүнчүлүк ачып, анын түпкү морфологиясы заманбап улут үчүн кыртыш даярдаган» деген жыйынтык чыгарат (Ошол эле жыйнак, 103).

Андерсон улуттун ачыкка чыгышы үчүн Европада XVIII кылымда гүлдөп өнүгө баштаган роман жана газета улуттун кайра чагылдырылышы үчүн техникалык каражаттарды камсыз кылган деп эсептейт (О.э.ж., 73). Күнүмдүк товарлардын башка түрлөрүнө салыштырмалуу китептин бөлүнбөстүгүн жана өзү өзүнө жетиштүүлүк кыларын эске салган окумуштуу, бул жагынан газетаны романдын эле өтө кеңири масштабда сатылган, бирок популярдуулугу бүдөмүк бир түрүнө салыштырат. Бир тилдеги гезиттердин белгилүү бир учурда жалпы окурмандар тарабынан окулушу жана аны окугандардын анонимдүүлүгү заманбап улуттардын эң маанилүү сапатын түзгөн деп эсептейт (О. э. ж, 87-88).

Көрүнүп тургандай, кеңири масштабда китеп, кийин гезит басып чыгаруу иши дегеле улуттук кызыкчылык түшүнүгүнүн биринчи шарты

болгон заманбап улуттардын калыптанышында эң маанилүү роль ойногон. Буга мезгилдүү басма сөздүн табиятындагы үч жагдай шарт түзгөн. Биринчи жагдай – жогоруда айтылгандай, гезиттердин тили. Анткени тил – улуттун эң негизги белгилеринин бири. Гезиттердин иши улуттун тилин турмуш-тиричилик деңгээлинен жогору көтөрүп, жок эле дегенде коомдук-саясий терминологияны иштеп чыгууга түртөт. Экинчи жагдай – капитализм доорунда гезиттер ишкерликтин элементи болгону. Ушунун өзү гезиттин жамаатын тиражды көбөйтүп, көбүрөөк пайда табыш үчүн жана башка басылмалар менен атаандаштыктан утуп чыгуу максатында коомчулуктун талабына, коомдук-саясий турмушта коюлган маселелердин күн тартибине абдан ийкемдүү жооп берүүгө мажбурлайт. Ал эми коомчулук табиятынан дайыма кайсы бир конкреттүү түзүм, анын ичинен көбүнчө мамлекет менен алака-катыш түзүүгө мажбур. Өз кезегинде бул гезиттердин үчүнчү маанилүү өзгөчөлүгүн – бийлик менен коомдун ортосундагы көпүрө катары ролун же сөздүн толук маанисиндеги жарандык коомдун сакчысы катары иш милдетин шарттайт. Улуттук кызыкчылык үчүн мамлекет менен коомдо үстөмдүк кылган саясий көз караштардын тыгыз алака-катышы, ар түрдүү кызыкчылыктардын, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарын уюштурган күчтөрдүн да кызыкчылыгынын ширелиши зарыл. Андыктан мезгилдүү басма сөз баш болгон жалпыга маалымдоо каражаттары улуттук кызыкчылыктарга байланышкан окуяларды чагылдыруу, ал тууралуу маселелерди көтөрүү, талкуулоо, кабыл алынуучу чечимдерге таасир этүү жана түшүндүрүү жагынан башынан бери абдан чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ал тургай демократиялык коомдо жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекет менен коомдун ортосундагы негизги, табигый ортомчунун ролун аткарып, бейформал лексикада «төртүнчү бийлик» деп да аталып жүрөт (3-сүрөт).

3-сүрөт. ЖМКнын мамлекет менен коомдун ортосундагы классикалык ролу



Албетте, биз сунуш кылып жаткан бул модел коомдун, ЖМКнын жана мамлекеттин өз ара институционалдык мамилелерин өтө жалпылаштырылган, шарттуу түрдө гана чагылдырарын моюнга алуу зарыл. Иш жүзүндө алардын алака-катышы саясий режимге, бийликтин түрүнө жана саясий кырдаалга карата ар бир өлкөдө ар башка өзгөчөлүктөргө ээ. Ушул жана башка көптөгөн себептерден улам, ал тургай Орусия жана АКШ сыяктуу өнүккөн мамлекеттерде да илимий чөйрөдө ЖМКнын улуттук кызыкчылыктарды калыптандыруудагы жана чагылдыруудагы ролу жетиштүү изилдене элек экенин белгилеген адистер бар. Алсак, орусиялык окумуштуу, филология илимдеринин кандидаты Юлия Белозерованын пикиринде, «саясат илиминин алкагында бул тема каралбайт. Улуттук кызыкчылыктарды калыптандыруудагы ЖМКнын ролу журналистиканын, коммуникативистиканын жана журналистика социологиясынын теоретиктеринин эмгектеринде гана сөз болот, бирок андан ары өнүкпөйт». Ал журналистиканын институт катары ролуна эмес, аң-сезимдүү жаран катары ар бир журналисттин улуттук кызыкчылыктар тууралуу түшүнүктөрүнүн деңгээлине көбүрөөк маани берет. (Шилтеме - Национальные интересы как предмет отображения и

как фактор самоорганизации прессы (сравнительный анализ

публикаций прессы России и США. Сайт - https://www.dissercat.com/content/natsionalnye-interesy-kak-predmet-otobrazheniya-i-kak-faktor-samoorganizatsii-pressy-sravnit)

Мындан тышкары, объективдүүлүк үчүн өнүккөн капитализм заманынан тартып эле ЖМКнын ролу күч алган сайын ал бизнестин элементи гана болбостон, кайсы бир мамлекет үчүн башка мамлекеттерге өз маалыматын, баалуулуктарын, идеологиясын жайылтуунун да геосаясий куралы боло баштаганын эске сала кетиш керек. Мында ал мамлекеттик түзүмдөр тарабынан каржыланат жана көзөмөлдөнөт, иш жүргүзгөн тили геосаясий максатына жараша аныкталат. Атап айтканда, АКШнын «Америка үнү», «Эркин Европа/Азаттык» радиолору жана Орусиянын ОРТ, РТР телеканалдары ЖМКны ушундай максатта жана форматта колдонуунун типтүү мисалдары боло алат.

Бирок Кыргызстанда адегенде мезгилдүү басма сөздүн, кийин башка жалпыга маалымдоо каражаттарынын пайда болушу жана өнүгүшү классикалык моделден таптакыр башка шартта жүргөнү маалым. Советтик Кыргызстандын алгачкы мезгилдүү басылмасы болгон «Эркин-Тоо» гезити жарык көргөн 1924-жылдын 7-ноябрынан тартып эгемендик келген 1991-жылга чейин жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишинин мазмунунда бир нече орчундуу өзгөчөлүгү болгонун белгилей кетүү зарыл (4-таблица).

4-таблица. Советтик Кыргызстандагы ЖМКлардын өзгөчөлүктөрү

| **Чен-өлчөм** | **Көрсөткүч** | **Типтүү мисалдар** | **Натыйжасы** | **Улуттук кызыкчылык үчүн пайда-зыяны** |
|---|---|---|---|---|
| Идеологиялык багыт | Компартиянын монополиясы | Бардык коомдук-саясий чөйрөдө | Улуттук аң-сезимдин артта калышы | Зыян |
| Менчик | Мамлекеттик | Баары | Атаандаштыктын, коомдук пикирди эске алуу зарылдыгынын жоктугу | Зыян |
| Кыргыз элинин улуттук | Жокко эсе | Биринчи беттеги жаңылыктар | Улуттук аң-сезимдин начарлашы | Зыян |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| кызыкчылыктардын чагылдырылышы | | (СССР), жаңылыктар | | |
| Тили | Кыргызча, орусча | ТАССтын материалдары, СССРдин жетекчилеринин сөздөрү, ОРТ, РТР каналдары. «Правда», «Комсомольская правда», «Известия» гезиттери | Кыргыз адабий тили пайда болгон, бирок орусча каналдар, берүүлөр, гезиттер, журналдар басымдуулук кылган. Саясий багыттагы материалдардын түп нускасы жалаң орусча даярдалып, кыргызчага которулган | Пайда/Зыян |
| Багыттар, жанрлар, темалар | Көп түрдүү | «Кыргызстан маданияты» гезити, «Ала-Тоо» журналы | Улуттук тилдин байышы | Пайда |
| Жайылтуу системасы | Ыктыярдуу жана мажбурлоочу | Эмгек жамааттарында, мектептерде мажбурлап жаздыруу | Альтернативанын жоктугу | Пайда/Зыян |
| Натыйжалуулугу | Жогору | Көрүлгөн чаралар тууралуу ЖМКга жооп жазуу тууралуу талап жана анын аткарылышы | ЖМКдагы сын материалдардын таасирдүүлүгү | Пайда |
| Техникалык мүмкүнчүлүктөр | Ошол учурдагы ЖМКнын бардык негизги түрлөрү | Телекөрсөтүү, радио, гезиттер, журналдар, альманахтар, облустук, райондук басылмалар | Кыргызстан эгемендик алган убакка карата ЖМКнын негизги техникалык базасы түптөлүшү | Пайда |

Мында сөз болуп жаткан жагдайлар Кыргыз ССРиндеги ЖМКлардын абалын толук чагылдырбайт, бирок анын негизги көрсөткүчтөрүнөн, алардын кыргыз элинин улуттук аң-сезимине жана СССРдин курамындагы Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына тийгизген жалпы таасиринен жетиштүү кабар берет деген ойдобуз. Көрүнүп тургандай, алардын үчөө пайдалуу, үчөө зыяндуу, экөө пайдалуу да, зыяндуу да жагы бар деп бааласа болот. Ал кездеги журналистиканын идеологиялык багыты жалаң Компартияга баш ийгени көбүнчө зыян деп бааланганынын жөнү бар. Анткени ал кезде союздук республикалардын улуттук кызыкчылыктары дегеле өз

алдынча баалуулук катары каралган эмес. Балтика боюндагы республикаларда, Грузияда, Украинада, Өзбекстанда байкалган улуттук аң-сезимдин элементтери жалпы союздук идеологиянын жана ЖМКда түзүлгөн системанын эмес, ошол республикалардагы элдин өзүнүн тарыхый мамилеси менен шартталган. ЖМКнын жалаң мамлекеттик менчикте болушу расмий идеологиядан башка ой-пикирлерге, айрыкча республикалардын өз кызыкчылыгын коргоого багытталган материалдарга жол берген эмес. Жергиликтүү улуттук тилдеги маалымат каражаттары орус тилиндеги борбордук маалымат каражаттарынан кийинки экинчи планда турган. Бул телеканалдарга да, радиого да, гезит-журналдарга да тиешелүү. Ошондон улам көп материалдар орусча даярдалып, кыргызчага которулган, бул кыргыз тилинин грамматикасын ошол кезде эле орус тилине ылайыкташтыра баштаган. Бирок кыргыз адабий тили, кыргызча коомдук-саясий терминология ошондой шартта да өнүгүп жүрүп турган. Айрыкча СССР түзүлүп келаткандагы терминология ушул күнгө чейин колдонулуп келатат.

Кыргыз ССРинин убагында программалардын, жанрлардын, рубрикалардын кыйла көп түрдүүлүгүнө жол берилип, журналистиканын адистешүүсү камсыз болгону факт. Атап айтканда, жаштар үчүн «Ленинчил жаш», балдар үчүн «Кыргызстан пионери» гезиттери, аялдар үчүн «Кыргызстан аялдары», адабиятчылар үчүн «Ала-Тоо» журналы, «Кыргызстан маданияты» гезити, медицинага кызыккандар үчүн «Ден соолук» журналы, сатира сүйүүчүлөр үчүн «Чалкан» журналы ж.б. чыгып турганы белгилүү. Телекөрсөтүүдө, радиоуктурууларда да тиешелүү программалар, рубрикалар болгон.

ЖМКнын материалдарын жайылтуу системасы кыргыз элинин улуттук кызыкчылыгы үчүн пайдасы да, зыяны да болгон деп айтууга негиз бар. Анткени союздук идеологияны жайылткан басылмалар мажбурлоо жолу менен таркатылган. Бул алардын эл чындап кызыккан гезит-журналдарга жасалма атаандаштыгын камсыз кылып турганы маалым. Ошону менен катар эл өзү кызыккан гезит-журналдарды алышына, аларга жазылышына эч ким тоскоол болгон эмес.

Маалымат каражаттарында жарыяланган сын материалдардын натыйжалуулугу Кыргыз ССРинде азыркыга салыштырмалуу алда канча жогору болгон десек болот. Анткени сынга кабылган тараптар (чарбалар, мекемелер, ишканалар) белгилүү бир мөөнөт ичинде сын материал жазылган маалымат каражатына ал боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу жооп берүүгө расмий милдеттендирилген. Бирок негизсиз сын үчүн жоопкерчилик да катуу болгон. Бул бир эсе ошол кездеги субъектилерди ЖМК менен эсептешүүгө аргасыз кылган, экинчи жагынан журналистиканын жоопкерчилигин күчөткөн.

Эгемендик заманына Кыргызстандын ЖМКлары ошол учурдагы бардык техникалык арсеналдын көп түрдүүлүгү менен кирип келгени байкалат. Бул бир катар ЖМКлардын техникалык базасын талдоодон көрүнөт (5-таблица).

5-таблица. Кыргыз ССРинен калган ЖМКлардын мүлкү

| **ЖМК** | **Мүлк** | **Мураскору** | **Эгемендиктин алгачкы жылдарындагы таасири** |
|---|---|---|---|
| «Ленинчил жаш» («Жаштык жарчысы») гезити | Имарат | «Асаба» гезити | Өтө чоң (Көп жыл бою бирден-бир оппозициялык басылма болгон) |
| «Советтик Кыргызстан» гезити | Имарат | «Кыргыз туусу» гезити | Чоң (Бийликтин позициясын жактаган ири гезит) |
| Кыргыз телерадиокомпаниясы | Имарат, жабдуу | УТРК, ЭЛТР | Өтө чоң (2005, 2010-жылдары бийлик алмашууда талаштын предмети болгон) |
| КырТАГ | Имарат, жабдуу | «Кабар» маалымат агенттиги | Чоң (Чет өлкөлөргө, айрыкча КМШга жаңылыктарды таратууда чоң роль ойногон) |
| «Кыргызстан маданияты» гезити | Имарат | «Кыргызстан маданияты» гезити | Чоң (Маданий чөйрөдөгү таасири) |

Кыргызстан эгемендик алгандан берки мезгилдеги ЖМКдагы жана анын тегерегиндеги мамилелерди төмөнкү этаптарга бөлсө болот:

1) Бийлик/Оппозиция тиреши. Бул этап негизинен Аскар Акаев менен Курманбек Бакиев бийликте турган убактарга тиешелүү. Аталган мезгил ЖМКлардын бийликти жактаган жана ага каршы чыккан тараптар болуп жаатташканы менен мүнөздөлөт. Мында мамлекет каржылаган маалымат каражаттары автоматтык түрдө бийлик башындагы топтордун кызыкчылыгын коргосо, оппозиция тарабында бир катар гезиттер болуп, айрым чет өлкөлүк маалымат каражаттары, мисалы «Азаттык» радиосу ошол учурда өзүн оппозиция катары эсептеген саясий күчтөрдүн өкүлдөрү тарабынан трибуна катары кеңири пайдаланылган.
2) Саясий күчтөр же саясатчылар, ири бизнес ээлери өз ЖМКсын түзгөн жана өнүктүргөн этап. Мында бийлик/оппозиция багыты боюнча тирешүү алсырап, ар кайсы конкреттүү саясатчыга же мүлк ээсине таандык ЖМКлардын атаандаштыгы биринчи планга чыккан. Техникалык жактан алганда бул ЖМКлар гезит, телеканал жана сайт түрүндө өнүккөн. Бул этап Интернеттин ролу күчөй баштаганы менен мүнөздөлөт.
3) Соцтармактар доору. Ага кызыкчылыктардын дээрлик атомардык деңгээлдеги бытырандылыгы, троллдордун кеңири колдонулушу, салттуу ЖМКларга болгон кызыгуунун азайышы, институционалдык мамлекеттик көзөмөлдүн начарлашы, фейк маалыматтардын, диний үгүттүн, геосаясий таасирдин күчөшү жана башка жагдайлар мүнөздүү.

Жалпысынан Кыргызстан СССРдин курамында турган мезгил болобу, андан кийин келген эгемендик заманы болобу, ЖМКнын табиятынын эволюциясы жана техникалык өнүгүшү жагынан алганда кыргыз маалымат каражаттарын дүйнөлүк контексттен ажыратып кароо мүмкүн эмес. Анткени бир жагынан Кыргызстан эгемендик алганына деле 30 жылдан ашуун убакыт өтүп баратат. Ушу тапта Кыргызстанда маалымат алмашуу жана таратуу каражаттарынын жайылуу масштабы дүйнөнүн эң алдыңкы өлкөлөрүнөн кем калбайт. Экинчиден дүйнөлүк ЖМКнын техникалык өнүгүшү коомдук аң-сезимге таасир этүүнүн каражаттарына эбегейсиз өзгөртүүлөрдү киргизип,

анын ичинде улуттук иденттүүлүк, улуттук аң-сезим, улуттук кызыкчылыктар үчүн олуттуу чакырыктарды пайда кылды. Бүгүнкү күндө жалпы адам баласынын тарыхындагы ЖМКнын өнүгүш мезгилин шарттуу түрдө басма сөз доору, телекөрсөтүү менен радио доору, Интернет доору жана соцтармактардын доору деп төрт этапка бөлүп карасак болот. Алардын ичинен акыркы экөө Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки мезгилге туш келет. Бул доорлордун улам кийинкилери Кыргызстандын ЖМК багытындагы улуттук кызыкчылыктарына улам көбүрөөк таасир этип жатканы көзгө урунат (6-таблица).

6-таблица. ЖМКнын техникалык өнүгүш доорлору

| ЖМКнын өнүгүшүндөгү доор | Негизги натыйжасы | Маалымат таратуунун тездиги | Масштабы | Мазмунуна таасир этүү жагынан мамлекеттин мүмкүнчүлүгү |
|---|---|---|---|---|
| Мезгилдүү басма сөздүн (гезиттер, журналдар) пайда болушу | Заманбап улуттардын пайда болушу, бизнестин элементи катары өнүгүшү | 1 айдан 1 суткага чейинки убакыт | Өлкөлөр/Сабаттуу окурмандар | Толук мүмкүнчүлүгү бар |
| Телекөрсөтүү менен радиоуктуруунун пайда болушу | Визуалдаштыруу, үндөштүрүү аркылуу маалыматтын сапатынын жогорулашы | Көбүнчө 1 сутка ичинде | Өз өлкөсү жана башка өлкөлөр | Таасир этүү мүмкүнчүлүгү көп |
| Интернеттин пайда болушу | ЖМКлардын сайттарга көчүшү | Дээрлик онлайн режимде | Дүйнө жүзүндөгү тиешелүү тилди билген аудитория | Жарым-жартылай. Бир мамлекет башка мамлекетте катталган сайтты жаап сала албайт. |
| Соцтармактардын пайда болушу | Маалымат булагы менен аудиториянын ортосундагы чектин жоюлушу, троллдордун пайда болушу | Толук онлайн режимде | Дүйнө жүзү (техникалык котормо каражаттары) | Соцтармак катталбаган өлкөлөрдө андай мүмкүнчүлүк жокко эсе. |

Бул этаптардын ар бири өзүнчө эволюциясы менен мүнөздөлөт. Атап айтканда, Кыргызстанда гезит басуу иши стереотиптен офсетке, тиешелүү түрдө кол менен терүүдөн компьютердик жайгаштырууга, андан сайттарга көчтү. Телеберүүлөрдү тартуу кинотасмадан видеотасмага өтүп, андан санарипке кирди. Интернеттин өнүгүшү башында сайттар аркылуу болсо, кийин соцтармактарга жана платформаларга айланды.

***Кыргыз ЖМКларынын учурдагы абалы***

Бул талдоо жүргүзүлүп жаткан учурга карата Кыргызстандын медиа тармагы тууралуу эң акыркы кеңири изилдөө 2023-жылдын 19-декабрында чыккан. Аны «М-Вектор» компаниясы USAID, «Freedom House» жана «Internews Kyrgyzstan» уюмдарынын колдоосу менен жүргүзгөн. Изилдөө социологиялык сурамжылоо жолу менен жүргүзүлүп, ага жалпы Кыргызстандын аймагы боюнча 14 жаштан улуу 3636 киши катышкан (шилтеме - https://m-vector.com/ ).

Сурамжылоонун жыйынтыгы активдүү ТВ көрүүчүлөр 2017-жылы 69% болсо, 2023-жылы 37% чейин түшкөнүн көрсөткөн. Көрүүчүлөрдүн 49% кыргыз тилине, 44% орус тилине, калгандары башка тилдерге артыкчылык берерин билдирген. Улуттук статистика комитетинин 2021-жылдагы маалыматына ылайык, кыргыздар өлкө калкынын 73,8% түзөрүн эске алганда, мындай жагдай кыргыз улутундагы телекөрүүчүлөрдүн кыйла бөлүгү орус тилине артыкчылык берерин көрсөтөт. Орус тилдүү телекөрсөтүүгө артыкчылык бергендердин арасынан айрыкча Бишкек шаары (67%), Чүй облусу (60%) жана Ош шаары (48%) көптүк кылат.

Радиоугуучулар 2017-жылы 61% түзсө, 2023-жылы бул көрсөткүч 34% чейин түшкөн. Радиоугармандардын 71% кыргыз тилине артыкчылык берет, бул негизинен жогоруда кеп болгон кыргыз улутундагы жарандардын демографиялык үлүшүнө туура келет.

Салттуу маалымат каражаттарынын ичинен басма сөз каражаттарын 2017-жылы респонденттердин 7% колдонсо, 2023-жылы бул көрсөткүч 2% чейин түшкөн. Кийинки сурамжылоого ылайык 14 жаштан 24 жашка

чейинкилердин арасында басма сөз каражаттарын маалымат булагы катары колдонгондор таптакыр жок (0%).

2017-жылы маалымат булагы катары телекөрсөтүү биринчи орунда болуп (65%), Интернет андан кийинки орунда турган болсо (41%), 2023-жылы соцтармактар биринчи орунга чыгып (53%), телекөрсөтүү экинчи орунга түшүп жана мурдагы көрсөткүчтөн дээрлик эки эсе азайып (36%), үчүнчү орунга интернет-басылмалар (32%), төртүнчү орунга мессенжерлер (WhatsApp, Telegram ж.б.) (20%) чыккан. Радио 2017-жылы респонденттердин 6% үчүн маалымат булагы катары кызмат кылса, 2023-жылы бул көрсөткүч 3% болгон. Кызык жери, маалымат булагы катары 2023-жылы «достор, тааныштар, туугандар» кошулуп, үлүшү 13% чейин жеткен.

Соцтармактардын ичинен биринчи орунга «Instagram», экинчи орунга «TikTok», үчүнчү орунга «Facebook» жана башкалар чыккан.

2017-жылы өлкө боюнча ушундай эле сурамжылоого катышкандардын 59% Интернетти колдонорун айтса, 2023-жылы бул көрсөткүч 91% жеткен. Анын ичинен 83% Интернетти күн сайын колдонорун айткан. 90% Интернетке смартфондон кирерин билдирген. «Сиз «YouTube» платформасын колдоносузбу?» деген суроого респонденттердин 83% оң жооп берген.

2023-жылдын көрсөткүчтөрүнө ылайык, калктын 79% жаңылыктарга (кабарларга) кызыгат. Анын ичинен саясатка кызыккандары 44% түзүп, баарынан көптүк кылат. Бирок 21% жаңылыктарга таптакыр кызыкпай турганын айткан. Сурамжылоого катышкандардын 40% кабарлардын булагы катары соцтармактарды көрсөтсө, дагы 40% кыргызстандык телеканалдарды белгилеген. Калган респонденттер кабарлардын булагы катары кыргызстандык сайттарды (18%), чет элдик телеканалдарды (8%), чет элдик жаңылык сайттарын (5%), басма сөздү (2%) ж.б. айткан.

Кыргызстандык интернет-ЖМКлардын ичинен «Азаттык» радиосу биринчи орунга чыгып, ага көз саларын айткан респонденттер 9% түзгөн. Бул анын сунуштаган контенти кыргыз тилинде болгону менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Ошондуктан бул иштин алкагындагы улуттук кызыкчылыктарды ЖМКда чагылдыруунун мисалдары болгон материалдарга баа берүүдө да, бул багыттагы мындан кийинки изилдөөлөрдү пландоодо да ушул айтылган жагдайлардын толук эске алынышы өтө маанилүү.

***Кыргызстандын ЖМКларында улуттук кызыкчылыктардын чагылдырылышын изилдөөнүн ыкмалары***

***Изилдөөнүн масштабы жана анын чен-өлчөмдөрү***

Коомдук-саясий маселелерди изилдөөдө предметти масштабдоо чоң мааниге ээ. Талдана турган предметтин ар кандай алкактарын конкреттештирүү талдоонун тактыгын камсыз кылууга, ага тиешеси бар тараптарды, алардын кызыкчылыктарын жана алака-катышын туура аныктоого, демек, тиешелүү түрдө алда канча туура жыйынтык чыгарууга жардам берет. Бул изилдөөнүн алкагында талдана турган предметти масштабдоодо төмөнкү чен-өлчөмдөр эске алынды.

**Мезгил чеги.** Кыргызстан 1991-жылы эгемендигин жарыялагандыктан, ЖМКда анын улуттук кызыкчылыктарын чагылдыруу жүрүмүн (процессин) изилдөөдө ошол жылдардан тартып азыркыга чейинки мезгил эсепке алынышы керек деген ойдобуз. Анткени биринчиден, мамлекет эгемендикти жарыялашынын өзү анын өз алдынча кызыкчылыктары бар экенин же жакынкы жылдары объективдүү түрдө пайда болорун айгинелейт. Анын канчалык деңгээлде туюндурулганы, чагылдырылганы, талданганы жана жетекчиликке алынганы башка маселе. Экинчиден, буга чейин айтылгандай, 1991-жылы Кыргызстанда классикалык үлгүдөгү маалымат каражаттарынын баары (гезиттер, журналдар, телеканалдар, радиостанциялар, маалымат агенттиктери) болгон. Башкача айтканда, бул теманы чагылдырыш үчүн ЖМКнын материалдык-техникалык базасы жетиштүү болгону белгилүү.

Анын үстүнө эгемендик жарыялангандан көп өтпөй эле менчик маалымат каражаттары пайда боло баштаганын да эске алышыбыз керек. Үчүнчүдөн, сөз эркиндиги да, өлкө тагдыры тууралуу ар түрдүү пикирлердин полемикасы да эгемендиктин келиши менен дээрлик бир учурда кирген.

**Географиялык чеги жана ЖМКнын масштабы.** Изилдөөдө Кыргыз Республикасынын аймагында иш жүргүзгөн, башкача айтканда өлкөнүн аймагында юридикалык жак катары катталган ата мекендик жана чет элдик ЖМКлардын гана материалдары талдоого алынды. Ошондуктан мисалы «Азаттык», ВВС радиолору жана алардын сайттары, «Sputnik» агенттиги материалдары талданган ЖМКлардын тизмесине кирди, ошол эле учурда Орусиянын ОРТ, РТР телеканалдарынын материалдары кирген жок. Тематикалык өзгөчөлүгүнөн улам облустук жана райондук ЖМКлардын материалдары да бул изилдөөнүн предмети болгон жок.

**ЖМКнын тилдери.** Изилдөөдө кыргыз жана орус тилдериндеги материалдар талданды. Анткени Кыргыз Республикасында бул эки тил мамлекеттик жана расмий статуска ээ. Мындан тышкары, буга чейин сөз болгон «М-Вектор» компаниясынын изилдөөсү көрсөткөндөй, кыргызстандык аудиториянын да басымдуу көпчүлүгүнүн негизги тилдери ушулар. Башка тилдердеги материалдар талдоого негиз болгон жок.

**ЖМКнын тематикалык багыттары.** Улуттук кызыкчылыктар же универсалдуу ЖМКларда, же коомдук-саясий ЖМКларда чагылдырылгандыктан, изилдөөдө да ошондой багыттагы медиада жарык көргөн материалдар каралды. Тиешелүү түрдө кууш аудиторияга адистешкен (аялдарга, балдарга арналган, оюн-зоок форматындагы, музыкалык, тармактык, илимий ж.б.) ЖМКлардын материалдары талданган жок.

**ЖМКнын түрлөрү.** Изилдөөдө мисал катары пайдаланылган материалдар мезгилдүү басма сөздөн (гезиттер), телеканалдардан же радиоканалдардан, Интернетте катталган сайттардан алынган. Ошол эле учурда соцтармактарда,  жарыяланган материалдар бул изилдөөнүн негизин түзбөйт.

Бир караганда бул медиаданын техникалык өнүгүшүндөгү соңку тенденцияларга каршы келгендей көрүнүшү мүмкүн. Анткени жогоруда айтылгандай, Кыргызстанда гезиттер ЖМКнын түрү катары дээрлик жок болуп, тескерисинче соцтармактар күнүмдүк жашоодо салттуу ЖМКлардан алда канча басымдуулук кылып баратканы чын. Бирок чындыгында тескерисинче мындай тандоо изилдөөнүн объективдүүлүгүн камсыз кылат. Ал гезиттердин тарыхый ролуна да, соцтармактардын табияты менен техникалык өзгөчөлүгүнө да байланыштуу.

Гезиттер ЖМКнын түрү катары эскиргенине карабастан, 1991-жылдан бери улуттук кызыкчылыктар тууралуу материалдардын кыйла көлөмдүү жана кызыктуу бөлүгү мезгилдүү басма сөздө, айрыкча эгемендиктин алгачкы жылдарындагы эркин гезиттерде жарык көргөн. Кыргызстан эгемендик алгандан бери аларда айтылгандар актуалдуулугун жоготкон жок. Тескерисинче, айрымдарыныкы мезгилдин өтүшү менен күчөп баратат. Андыктан алардын баарын учурдагы тенденцияга гана таянуу менен көңүлгө албай коюу биринчи иретте бул изилдөөнүн мезгилдик чегине, демек объективдүүлүк принцибине каршы келет.

Ал эми соцтармактардын табияты тууралуу талаш-тартыштар Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө да уланууда. Аларды ЖМК деп эсептеш керекпи-жокпу деген маселе илимий чөйрөдө да, саясий чөйрөдө да бир жаңсыл чечиле элек. Анткени соцтармактын техникалык өзгөчөлүгүнөн улам анын колдонуучулары өзү жайгаштырган контентти жарыкка чыккандан кийин деле толуктоого же тескерисинче кыскартууга, таанылгыстай кылып өзгөртүүгө, алып таштоого, ал тургай өз аккаунтун толугу менен жаап салууга же тескерисинче бир нече аккаунт ачууга, өз атынан же таптакыр башка бирөөнүн атынан же толук анонимдүү негизде иш алып барууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Мындай өзгөрмөлүү контентти туруктуу объект катары талдоо дээрлик мүмкүн эмес. Мындан тышкары, колдонуучулардын басымдуу көпчүлүгү чыгарган материалдар, посттор, комментарийлер журналисттик материал деген аныктамага туура келе бербейт.

**<u>Жанрдык чектөө.</u>** Бул изилдөөдө ЖМКдагы жаңылыктар талдоого алынган жок. Биринчиден, буга алардын өзгөрмөлүү табияты себеп болот. Экинчиден, жаңылыктар кайсы бир окуя тууралуу маалымат гана берип, теманы толук ачпайт. Үчүнчүдөн, жаңылыктар журналисттик материалдардын ичинен баарынан көптүк кылат.

**<u>Тематикалык алкак.</u>** Изилдөөгө Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешелүү деп эсептелген материалдар гана тандалып алынды. Алардын ичинен негизгилери экинчи жана үчүнчү бөлүмдө жетиштүү баяндалган.

***Изилдөөнүн принциби жана анын негиздемеси***

Өңчөй теориялык деңгээлде ой жүгүртө келгенде, бул изилдөөнү жүргүзүүнүн эки варианты болгон. **Биринчисине** ылайык, 1991-жылдан тартып азыркыга чейинки мезгил аралыгында жогорудагы талаптарга жооп берген материалдардын <u>баары, бири калбай</u> сүрөттөлүп, классификацияланып чыгышы зарыл болчу. Бул варианттын артыкчылык жагы - ал илимий мамиленин талабына көп жагынан жооп берип, өтө көп сандагы материалдарды топтоого мүмкүнчүлүк бермек. Бирок бир катар объективдүү себептерден улам, изилдөөнүн бул тоталдык вариантын колдонуу максатка ылайык деп табылган жок.

Биринчиден, 1991-жылдан берки бул темадагы материалдардын баарын таап чыгуунун өзү – бир кишинин эмес, бүтүндөй институттун, жок эле дегенде илимий долбоордун алкагындагы чоң бир команданын масштабында жасала турган көп жылдык иш. Себеби ал үчүн Кыргызстандын эгемен тарыхындагы ЖМКлардын баарынын архивин таап, анда чыккан материалдардын баарын сыдырып чыгышка туура келмек. Ал эми бул изилдөө бир адистин мүмкүнчүлүгү менен жасалган.

Экинчиден, көп жагынан алганда бул вариантты аткаруу техникалык жактан да мүмкүн эмес. Анткени санарип форматтагы бир катар ЖМКлар жоюлуп, архивдери кошо жок болгон. 2005 жана 2010-жылдары бийлик күч менен

алмашып жатканда өлкөнүн эң ири телеканалы болгон КТР каналынын архивдери тонолуп, бүлгүнгө учураган. Болгондоруна да жеткилик алуу атайын уруксат кагаздарын жана толгон-токой техникалык мүмкүнчүлүктөрдү талап кылат.

Демек, изилдөөнүн бул варианты колдонулган күндө деле жогоруда айтылган себептерден улам материалдардын толуктугун камсыз кыла алмак эмес.

Ушундан улам, изилдөөнүн **экинчи варианты** – ЖМКдагы улуттук кызыкчылыктар тууралуу топтолгон айрым архивдик материалдарды пайдалануу жана санарип форматтагыларын бир катар чен-өлчөмдөр менен сапатына жараша иргеп алып, алардын типтүү мисалдарын гана көрсөтүү жолу максатка ылайык деп табылды. Изилдөөнүн предмети боюнча баштан-аяк маалымат бербесе да, бул ыкма каралып жаткан предмет тууралуу жалпы түшүнүк алып, жыйынтыктарды чыгарыш үчүн да толук жетиштүү, диссертациянын көлөмүнө коюлган талаптарга да ылайыктуу деп эсептейбиз.

***Изилдөө үчүн материалдарды тандоо ыкмалары***

Улуттук кызыкчылыктар тууралуу кыргыз ЖМКларында чыккан материалдарды тандап алууда бирин бири толуктаган бир нече ыкманын жыйындысы колдонулду. Алар төмөнкүлөр:

***Окуялар боюнча издөө.*** Бул үчүн Кыргызстандын тарыхында улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз тиешелүү негизги окуялар катары төмөнкүлөр тандалып алынды: 1) Кыргызстандын эгемендик алышы; 2) Орус тилинин расмий статусунун кабыл алынышы; 3) 1999 жана 2000-жылдары болгон Баткен окуялары; 4) 2005, 2010 жана 2022-жылдардагы бийликтин алмашуусу; 5) Жерге болгон жеке менчиктин толук орношу; 6) Кыргызстанды HIPC программасына киргизүү аракеттери; 7) 2010-жылы түштүктө болгон улут аралык жаңжал; 8) Кыргызстандын ЕАЭБге кириши; 9) Каркыра жайлоосунун бир бөлүгүнүн Казакстанга, Үзөңгү-Кууш жайлоосунун Кытайга, Кемпир-Абад суу сактагычынын Өзбекстанга өтүшү; 10) Кумтөр боюнча талкуулар,

митингдер, чечимдер; 11) Тажикстандын 2021 жана 2022-жылдары Кыргызстанга каршы куралдуу агрессиясы ж.б.

***<u>Маселелер боюнча издөө.</u>*** Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына тиешелүү төмөнкү маселелер ЖМКдагы материалдарды издөөнүн негизи катары тандалган: 1) Эгемендиктин баалуулугу жана аны коргоонун зарылдыгы; 2) Кыргыз тилинин абалы; 3) Миграция жана демография; 4) Чек ара жана анын коопсуздугу; 5) Маалымат саясаты; 6) Улуттук иденттүүлүк; 7) Жарандык жана жарандык коом маселелери; 8) Кумтөр маселеси; 9) Тышкы карыз; 10) Ата мекендик өндүрүшчүнү колдоо, экспорт жана импорт, Кыргызстандын геоэкономикалык абалы; 11) Дин жана диний фундаментализм; 12) Экология; 13) Коррупция; 14) Улуттук коопсуздук; 15) Соцтармактардын таасири ж. б.

***<u>Авторлор боюнча издөө.</u>*** ЖМКдагы материалдарды тандоодо улуттук кызыкчылык жаатында эмгектери менен белгилүү болгон авторлордун эмгектерине көңүл бурулду, мисалы: Чоюн Өмүралиев, Алым Токтомушев, Эсенбай Нурушев, Сапар Орозбаков, Алмаз Кулматов, Али Токтакунов, Улан Эгизбаев, Жыргалбек Касаболотов, Эрнист Нурматов, Лейла Саралаева ж.б.

<u>Сөздөр жана сөз айкаштары боюнча издөө.</u> Улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү ЖМКдагы материалдарды издеш үчүн «Кыргызстан» деген сөз менен жана/же тиешелүү ЖМКнын аталышы менен бирдикте төмөнкү сөздөр жана сөз айкаштары колдонулду: эгемендик, улут, улуттук кызыкчылык, мамлекеттик кызыкчылык, Кыргызстандын кызыкчылыгы, экономикалык кызыкчылык, улуттук иденттүүлүк, улуттук баалуулуктар, жаран, жарандык коом, дин, диний фундаментализм, диний экстремизм, диний радикализм, геосаясат, геоэкономика, импорт, экспорт, ата мекендик өндүрүүчү, жарандык аң-сезим, жарандык коом, адам укуктары, чек ара, аймактык бүтүндүк, Кемпир-Абад (түрдүү жазылыштары), Каркыра, Үзөңгү-Кууш, миграция, демография, тышкы карыз, кыргыз тили, мамлекеттик тил, орус тили, расмий тил, Кумтөр, НІРК, ХИПИК, жер, жеке менчик, экология, коррупция, улуттук коопсуздук, чалгын, контрчалгын, дипломатия, курал, курал-жарак, аскер,

аскердик техника, утулду, утту, товар, бажы, уран, кен, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Кытай, Орусия, Европа, Түркия, АКШ ж.б.

Орус тилиндеги материалдарды издеш үчүн ушул эле сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын орусча котормолору пайдаланылды.

***Баяндоо ыкмасы***

Кыргызстандын ЖМКларындагы улуттук кызыкчылыктарга тиешеси бар материалдардын мазмунун баяндоодо алар тууралуу кыскача маалымат берип, андан үзүндүлөрдү келтирүү менен негизги маанисин түшүндүрүү ыкмасы колдонулду.

Материалдар проблематикага жараша хронологиялык ыраатта берилди.

## 5-бап. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын ЖМКда чагылдыруунун мисалдары

### *5.1. Эгемендиктин идеологиялык негиздерин бекемдөө маселелеринин Кыргызстандын ЖМКларында чагылдырылышы*

Кыргызстан эгемендик алган 1991-жылдан тартып эле өлкө кандай жол менен өнүгөрү, мамлекет кандай негизде түзүлөрү жөнүндө ой-пикирлер, талаш-тартыштар мезгилдүү басма сөздө жарык көрө баштаган. Алардын ичинен «Асаба» гезити өтө жигердүү иш алып барганы белгилүү. Бул гезит мурда Кыргызстан комсомол комитетинин органы болгон «Ленинчил жаш» гезити болсо, кийин аталышы «Жаштык жарчысы» деп өзгөртүлүп, андан соң жалаң жаштар аудиториясынын алкагынан чыгып, «Асаба» деген аталыш менен коомдук-саясий гезитке айланган. Башкача айтканда гезиттин адегенде башкы редактору болуп, кийин кожоюнуна айланган Мелис Эшимканов ошол кездеги жаштар аудиториясынын саясатка кызыгуусун пайдалана алган десек болот. «Асаба» гезитинде 1990-1995 жылдары бирде либералдардын, бирде улутчулдардын, бирде динге жан тарткандардын пикирлери байма-бай жарык көрү, Шералы Назаркулов, Кубатбек Жусубалиев, Чоюн Өмүралиев, Бекеш Салан сыяктуу авторлордун арааны жүрүп турган кези болчу. Булардын арасынан улуттук идея, улуттук идеология, улуттук кызыкчылыктар тематикасында айрыкча Чоюн Өмүралиев абдан жигердүү иштеп, бул басылмада кыргыз дүйнө таанымы тууралуу сандан санга басылган

макалалары кийин «Теңирчилик. Аккан Дүйнө же Көчмөндухка бир кайрык» деген аталыш менен китеп болуп басылып чыккан жагы бар. Дегеле эгемендикке баш койгон Кыргызстандын өз алдынча кызыкчылыктары, кыргыз элинин улуттук менталитети, улутту философиясы, улуттук иденттүүлүгү тууралуу 1990-2000 жылдары чыккан эмгектердин басымдуу көпчүлүгү Чоюн Өмүралиевдин чыгармачылыгы менен тыгыз байланыштуу.

Аталган гезитте 1991-жылы «Кумурсканын да Кудайга бергис укугу бар» деген макаласында автор элдердин өз тагдырын өзү аныктоо укугун эске салып, СССР жок болуп жаткан соң мындан ары Кыргызстан эл аралык маселелерге өз кызыкчылыгынан карашы керек экенин алгачкылардан болуп билдирген:

*«Герцен айтса керек эле, кумурсканын да кудайга бергис укугу бар деп. Акыркы индеецтин, акыркы негрдин, акыркы папуастын, акыркы чукчанын да Буш менен Горбачевго (ал турсун айымдары менен бирге алганда да) бергис укугу бар, өз артыкчылыгы бар. Ошондуктан канчалык реалист бололу десек да, муну тек, алы жетпеген акыретчилдик деп койсок да айтылаар сөз баары бир айтылыш керек. Жөн эмес, кылычтай шылып айтылыш керек. «Оболу СӨЗ болгон» деген кудуретинде айтылыш керек. Кастронун капиталистти кастрациялаган канжар сөзүндөй айтылыш керек. Кенен акыл гана эмес, терең саясатчыл да Акаевге БУУнун (ООНдун) бийик трибунасы бекер сунушталып жаткан жоктур жана ал канжар сөздүн эки мизин эбинде калчап, айтар сөздүн дал өзүн кебездей жумшак созултуп, булуттай аппак жошултуп айтаарынан күмөн кылбайм… Мамлекетибиздин азаттык жарыялашы, президенттин дүйнө коомчулугунун алдына чыгып жатышы, сырткы саясатыбыздын улам активдешиши, ушунун баары биригип бизди мурдагы чен-өлчөмдөрдөн бийик болууга, чээнибизден чечкин чыгууга түртөт. Дүйнөгө мурдагы СССРдин гана алкагына эмес, өлкөбүздүн Ала-Тоонун аймагынан карай билүүгө чакырат».*

(Шилтеме – Чоюн Өмүралиев. Кыргыз мамлекеттиги: кечээ, бүгүн, эртең. Бишкек, «Кыргыз жер» басмасы, 2021. 44-45 бет).

Эске сала кетсек, 1991-жылы СССРдин курамындагы көп мамлекеттер өз эгемендигин жарыялап, ошол эле учурда бул өзгөрүүлөрдү, жаңы өлкөлөрдүн өз алдынчалыгын таанығысы келбеген күчтөр Орусияда да, ал республикалардын өзүндө да кыйла коркунуч келтирип турган. Андыктан ушул эле басылмада ошол эле жылы чыккан «Өрт өзөктөн чыкпасын» аттуу макаласында автор Орусияда да, Кыргызстанда да СССРди калыбына келтирүүгө умтулган күчтөр тууралуу ой толгоп, эки кишинин кооптуу деп эсептеген пикирин салыштырат:

*««По моему глубокому убеждению происшедшее в нашей великой стране, это страшная катастрофа в жизни многомиллионного, многонационального советского народа, отбросившая нас всех назад на десятилетия. …Как вытекает из истории, время – судья, и оно обязательно вынесет свой суровый приговор тем, кто привел СССР к развалу, а его народ к бедственному положению, которое все больше осложняется и усугубляется…» Жок. Бу кекээр бүгүнкү күндүн чүмбөтсүз шовинисттери Бабуриндин, же жаалданган полковниктер Петрушенко менен Алкнистердин, болбосо демократиянын тонун жамынган Травкин менен Аксючистердин айтканы эмес, өзүбүздүн эле… Апсамат акенин (Масалиев) сөзү.*

*Бузуп-жарып албайлы деп жакында «Слово Кыргызстана» гезитине чыккан макаласынан өзгөртпөй бердик. «Мы должны возродить Российское государство в его исторических границах. Что предстоит сделать для этого в первую очередь? Сменить правительство Ельцина, весь состав президентских советников и провозгласить новый политический курс. Вслед за этим ВС обязан конституировать Российскую Федерацию как правопреемницу Российской империи и Советского Союза…» А мобул мурдагы 1917-жылга чейинки империялык Россияны дал өзүндөй калыптоого чакырык таштаган ураан, ушу таптагы өтө таасирдүү оппозиция – «Россия элдик жыйынынын» башкармасынын председатели Аксючиске таандык. Байкап*

*багыңызчы, баш терилери окшойбу? Биз адатыбызча кенебестикке салып, же пикирлердин көп түрдүүлүгүнө шылтап коюп, ичтен чыккан иритки сөздөргө да ашмалтай көнүп бараткандайбыз. Бир карасаң өлүмүш болгону мындай «айыпсыз» жеке пикирлердин чын эле айыбы жоктой да көрүнөт. Бирок чындыгында жалпы саясий кырдаалдын, көз караш – багыттардын контекстинде кармай берсең иритки эле эмес аша зыяндуу маңызы дырдай ачылып чыга келет»*. Публицист жаңы түптөлгөн кыргыз мамлекети үчүн ошол учурда ачыкка чыккан коркунучтарга мындай баа берген:

*«Империячыл күчтөрдүн экинчи бир чоң багыт, таянычы – ар кайсы жумурияттагы орус тилдүү калктардын маанайы активдүү пайдалануу экендигин турмуш күн санап ырастап атат го. Днестр боюндагы окуялар империализмдин жүзү канчалык уятсыз, ыплас экендигин көзгө сайып көрсөтүп туру го. Боордош Казакстанда «Славян кыймылы» күн санап күч алып, ушу зактардын тарыхый мекенине көчүп келүүсүнө айыгышып каршылык көрсөтүүдө. Орустардын жан саны арбын түндүк райондордо бир гана орус тилин мамлекеттик тил деп таанып, акимдерди текши орустардан гана коюуну көшөрө талап кылып чыгышууда»*.

Бул оюн автор «Эртең нетет?» деген макаласында төмөнкү жүйөлөр менен бекемдейт:

*«Бу күндө мурдагы империянын башкы калкы орустардын төрттөн бири РСФСРдин аймагынан сырткай жашаары белгилүү, ал эми кай бир жумурияттарда алардын саны түпкү калктыкынан да жогору. Ал жерлерде орустун өз сөзү менен айтканда «погоданы» түзгөн ошолор. Ал, өзүбүзгө келсек, мамлекетибизде кыргыздардын кийин эле экинчи орунда орустар турат. Бизде адамдын укугу бардык тарабынан корголгон. Эми ага кошумча улуттук азчылыктын укугун коргоо боюнча атайын мыйзам кабыл алынаары күтүлүүдө. Дал биздегидей эле абал башка жумурияттарда да орун алган. Анан мына ошонун баарын көрмөксөндүккө салып, орустардын тагдыры кантет деп кара күчкө жер сабай бергенде, анык жүзү кайсыл?»*

(Ошол эле жыйнак, 62, 63-64).

Кийинки жылдарда болгон окуялар автордун бул божомолдорун ашыгы менен далилдеди. Орусташкан Днестр боюн Молдовадан бөлүп алуу аракеттери азыр да уланууда. Казакстандагы орусиячыл күчтөр жикчил маанай жаратқандыгынан улам казак президенти Нурсултан Назарбаев борборду Астанага көчүргөнгө мажбур болгонун көп эле саясат таануучулар айтып келишкен. Орус тилдүү калктын кызыкчылыгын коргоо зарылдыгы деген шылтоо менен 2014-жылы Украинанын Донецк жана Луганск облустарына Орусиянын гибриддик согуштун элементтери менен ачыктан ачык кийлигишүүсү, Крымды каратып алышы, 2022-жылы толук аскер күчү менен бастырып кириши буга айкын далил.

Бул оюн ал ушул эле жылы ушул эле гезиттеги «Турандын жолборстору жортоор бекен?» деген макаласында андан ары өнүктүрүп, *«Россия бизге стратегиялык зор коңшу бойдон кала берет. Бирок аны такыр эле абсолютташтырып, ансыз өзүн как талаада каңгып калчудай, таланчу тарптай эсептегендик, биринчиден, өз кадырын сыйлабастык, түбөлүккө жандооч кул болуп калууга ыктыярдуу макулдук. Аал, кулдун руху чамгарактан ары ашпайт. Кулчулук психологиянын өзүн курутмайын эл руху жарыбайт. Кулчулуктан куткаруучу дем өзүңдүн гана кыртышыңда – карт тарыхка эгедер канаты жайылган калк өкүлү экениң сезгениңде, эски союздун мыйзамдуу мураскорлорунун бири катары ядролук кубатка сенин да ээ экениңде»,* деп бүтүм чыгарган. Ал бүтүм азыр да актуалдуу.

Чоюн Өмүралиев ошол жылдары басма сөз каражаттарына автор катары гана эмес, талдоочу катары да тартылып, бир катар маектерде өлкөнүн тагдыры, анын алдында турган сыноолор тууралуу ойлорун айтып келатат. Атап айтканда, 1994-жылы 27-январда «Асаба» гезитинде чыккан «Конфуций кыргыз болгон» аттуу кереге кеңеште ал мындай дейт:

*«Биздин Конституциябызга, мыйзамдарыбызга батыштын үлгүлөрү кыйла кирди. Бир эле мисал: Чыгышта адам укугу элдин укугунан, улуттун укугунан бийик болгон эмес. «Адам укугу баарынан бийик!» - дегендин артында мина каткан саясат бар да. Бул экинчи бир өлкөнүн ички иштер кийлигишүүчү*

*геосаясаттын бир элементи болуп аталат. Адам укугу мамлекет укугунан бийик болбойт, экөө бирин-бири толуктап гармонияда болуш керек».*

Ушул эле маекте ал Кыргызстан эгемендик заманында туш болгон, азыр да уланып жаткан үч чоң таасир – Батыштын таасири, Орусиянын таасири жана ислам дүйнөсүнүн таасири тууралуу маселе козгогон:

*«Кыргыздар өзүнүн руханий жолуна кайрылышы керек дебедикпи. Бирок «ойлогонду кыстаган турмуш жеңет» дейт. Жакшы эле ойду ойлоп турасың, ошого мүмкүнчүлүк беришпейт. Батыш бирди таңууласа, Орусия дагы бирди таңууласа, бияккa кириш үчүн, ислам дүйнөсү өзүнүкүн таңууласа, өзүңдүн төнтөгүң жыртык болсо, айла канча, ортосунда бир маневр жасаганга аракет кылабыз да. Бирок баары бир туруш керек. Экономиканын артында улуттук мораль деген керек. Экономикалык жолуң улуттук моралдын уңгусун талкалабагандай болуш керек».*

(Шилтеме - К.Иманалиев. Конфуций деген кыргыз болгон. («Асаба») 27-январь, 1994-ж).

«Аалам» гезитинин 2008-жылы 20-майда чыккан №49 санында «Келечек муундун, ыймандын сурагы бар» аттуу маекте Чоюн Өмүралиев: *«Эми өзүбүзгө келсек, биз унитардык мамлекетпиз. Улутчулдук маселеси ушул ыңгайда ачык, так, ырааттуу жана принципиалдуу жүргүзүлүшү керек. Кыргызстан көп улуттуу мамлекет эмес. Ал көп улуттун өкүлдөрү жашаган, «Кыргыз эли-мамлекети» алкагында бириктирген моноунитардык мамлекет. Мамлекетибиздеги бардык улут өкүлдөрүнүн иш-аракети мына ушул Кыргызстан же кыргыз өлкөсүнүн кызыкчылыгына баш ийдирилиши керек. Туу түбүндө турган калктын (титульная нация) экономикалык дагы, рухий да жактан сакталышы, өсүп-өнүгүшү үчүн ырааттуу багытталышы керек. Анткени, «кыргыз» деген эл сакталбаса, Кыргызстан деген өлкө да калбастыгын бардыгы моюндагыдай болушу керек»* деп унитардуу мамлекеттин шартындагы жарандык биримдиктин формуласын сунуш кылат да, мындай модел аткарылбай келатканына мамлекеттик жана расмий тилдердин маселесин мисал келтирет:

*«Мисалы, ушул эле 17 жылдан бери айтылып бүтпөй келаткан мамлекеттик тил маселеси. «Расмий тил» дегенди мурдагы президент 2003-жылы референдумда орус тилдүү элдин маанайын пайдаланып кетиш үчүн эле, эч бир коомдук суроо-талап, зарылдыгы жок туруп, өз демилге менен, кокустан Конституцияга киргизип жиберген. Ошондон бери орустун айбалтасынан өзүбүз улам жалтактап, ашыкча саксынып атып, ал статья бүгүн Конституцияда Кытай сепилиндей козголгус бек орноп алды. Натыйжасы - мамлекеттик тилдин толук кандуу өнүгүшүнө кедергисин тийгизип турат бүгүн. Экинчи мисал, эгерде Чөдөңдүн баласы (Чудинов) мамлекеттик тилде жок дегенде чала-моңол сүйлөп турса, бир эле ушунун өзү мамлекетибиздеги өзгө тилдүү жарандарыбыздын алдында кыргыз тилинин кадырын канчалык көтөрүп коет эле. Жок, мамлекеттик бийик жетекчилик, аны үндөбөй бекитип берген парламент мамлекеттик тил мыйзамынын талабын өзүлөрү басмырлап, тебелеп таштады. Анан кантип кыргыз тилине карата сый-ызаат ойгонот?*
*... Кечээ тил жамынып келген орус шовинизмден бүгүн дин жамынып, ичибизге ургаал кирип жаткан араб шовинизмдин айырмасы канчалык? Соңкусу атургай коркунчутуурак. Анткени ал ата-баба ишенимин соодалап, ошого жамынып кирет. Тоонун таптаза комуз ритмин чөлдүн аптап муңкан ритмине эритип, куйкалап... Мына ушунун баарына биз ата-бабалардын түптүү маданиятын, улуу «Манасын» тосмо коюп гана каршы тура алабыз».*

Тил маселеси кыргыз ЖМКларында эгемендик келген күндөн тартып эле көтөрүлүп келатат. Алардын бир мисалы катары журналист Жыргалбек Касаболотовдун «Nazarnews» онлайн-басылмасындагы «Asia News» гезитинен алынган «Биздин тилибиз орусташып жана арабдашып баратат» деген маегин карасак болот. Анда журналист орус тилинин расмий статусу иш жүзүндө кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары өз ролун аткарышына жолтоо болуп жатканын белгилеп, аны мындайча түшүндүргөн:
*«Ушул тапта кыргыз тилинин маселелери аябай көп. Эң эле биринчи маселе орус тилинин расмий статусуна байланышкан маселе. Орус тилинин расмий*

*статусу алына элек болгондуктан, иш кагаздарынын көбү орус тилинде даярдалып, андан соң кыргызчага которулуп жатат.*

*Ушунун өзү эле кыргыз тилинин иш кагаздарына айланышына чоң кедергисин тийгизүүдө. Бизде негизги маалымат берүүчү тарап басма сөз кызматтары болгондуктан, адегенде орусча даярдап, андан соң гана кыргызча беришет.*

*Башкача айтканда, аудиторияга начар варианты жетет. Мыйзамдардын көбү дагы орусча даярдалып, элге жеткиреерде гана айла жоктон кыргызчага которуп коюп жатышат. Бул – иш кагаздарын кыргызча түзүүнүн практикасы таптакыр жок деген сөз.*

*Экинчиден, мунун кыйыр дагы таасири бар. Кыйыр таасири мындай: кыргыз тилинин грамматикасы орус тилине баш ийип калууда. Которулган сүйлөмдөрдүн көбү орус тилине баш ийген сүйлөмдөр. «Тил котормолор агенттиги» деген сыяктуу тантык котормолор көбөйдү. Же болбосо «акча которуулар» деген сыяктуу.*

*Эми ушундай акыбалда кыргыз тилинин ролун көтөрө албай кыйналсак, кыргыз тилин иш кагаздарынын тилине айландыра албай жатсак, ансыз деле кыргыз мектептер, бала бакчалар аз экендигин эске албастан дагы 44 орус мектебин ачууга белсенип жаткандары кандай?*

*Негизи бул кыргыз тилинин келечегине зыян. Бишкектин көп жерин түрө кыдырып отуруп, алгылыктуу деңгээлде тарбия бере турган кыргыз тилдүү бала бакчаларын таппайсын. Эң эле ашып кетсе аралаш же көпчүлүгү орусча. Мунун саясый, экономикалык дагы себептери бар.*

*Өкмөттүн экономиканы өнүктүрүү программасы жок болгондуктан, же болбосо ишке ашпай жаткандыктан, Кыргызстан жалаң мигранттарды чыгара турган өлкөгө айланды.Азыр көпчүлүк ата-энелер «Россияга эле барсын» деп балдарын орусча окутканга аракет кылып жатышат. Бул тилге да, экономикага да, Кыргызстандын демографиясына да зыян.*

*Ошондуктан, эки чоң маселени чечүү шарт. Биринчиси – кыргыздар Кыргызстанда жүрүп, экономикалык маселесин чечкидей шарт түзүш керек. Миграциядагылар кайтып келгидей болушу зарыл.*

*Экинчиден, орус тилинин расмий статусун алып салуу – мезгилдин талабы. Иш кагаздарын толугу менен кыргызча түзүп, маалымат өзү кыргыз тилинде даярдалып, андан кийин гана каалаган тилине которулгудай болушу шарт. Ошого өтмөйүнчө кыргыз тилинин келечеги болбойт. Кыргыз тилине тескери таасир тийгизип жаткан 2-3 чоң маселе бар.*

*Бул биринчиден, орус тилинин жана араб тилинин таасири. Биздин тилибиз орусташып жана арабдашып баратат. Ушул нерсени эске албасак болбойт. Бул үчүн мамлекеттин башында тургандардын саясый эрки керек. Бирок андай эрк, мекенчилдик отуз жылдан бери байкала элек».*

(шилтеме - https://www.nazarnews.org/posts/zhyrgalbek-kasabolotov-bizdin-tilibiz-orustashyp-zhana-arabdashyp-bara-zhatat#! )

Бирок кыргыз тилдүү гезиттер менен орус тилдүү гезиттердин тил маселеси боюнча позициясы Кыргызстан эгемендик алгандан бери эле басымдуу көпчүлүк учурда диаметралдуу карама-каршы болуп келгенин белгилей кетүү зарыл. Мунун акыркы типтүү мисалы катары 2024-жылдын 11-мартында «Вечерний Бишкек» гезитинде жарык көргөн «Русский язык в Кыргызстане как необходимость для единства и процветания» аттуу макаланы карасак болот. Анда мамлекеттик тилдин ролун күчөтүү аракеттери «улутчулдардын» жоругу, Кыргызстандын кызыкчылыгына каршы келген көрүнүш катары бааланган.

Макала *«противники русского языка в Кыргызстане не оставляют попыток лишить его официального статуса, который он имеет с мая 2000 года. Часто откровенная дискриминация русскоязычного населения прикрывается продвижением и защитой кыргызского языка, который, безусловно, должен занять свое место»*, деп башталат. Мында кыргыз тили эгемен өлкөнүн мамлекеттик тили экени көзгө илинбей, тескерисинче «өз ордун билиши керек» болгон тил катары көрсөтүлгөн.

*«В целом проблема дискриминации русского языка в стране усилилась после принятия в 2023 году закона о государственном языке. Согласно ему, вся документация в стране, в госучреждениях, и в частных компаниях будет вестись только на кыргызском языке»*, деген автор мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын өзүн орус тилин дискриминациялоо катары баалаганы көрүнүп турат.

Журналист андан ары орус тилинин ролун кыргыз мигранттарынын КМШдагы абалына байланыштырып, *«между тем русский язык имеет неоспоримую практическую ценность для граждан Кыргызстана, особенно в сфере трудоустройства и торговли. Владение русским языком обеспечивает кыргызским трудовым мигрантам конкурентные преимущества на рынках труда России, Евразийского экономического союза и Содружества Независимых Государств. Без хорошего владения русским языком люди могут оказаться в невыгодном положении при построении успешной карьеры, особенно в таких областях, как бизнес и финансы.*

*С учетом того, что Кыргызстан является членом многих межгосударственных объединений, того же ЕАЭС, ОДКБ, СНГ - везде в этих межгосударственных структурах русский язык является рабочим. Переговоры ведутся на нем и достигаются важные, нужные для нашей республики соглашения. В том числе, русский язык используется и в переговорах с тем же Китаем, Казахстаном, Узбекистаном»* деп жыйынтык чыгарган.

(шилтеме - https://www.vb.kg/doc/435760_rysskiy_iazyk_v_kyrgyzstane_kak_neobhodimost_dlia_edinstva_i_procvetaniia.html )

Бул жалаң «Вечерний Бишкектин» позициясы эмес. Өлкөдөгү орус тилдүү ЖМКлардын басымдуу көпчүлүгү тил маселесине кайрылган учурда сөзсүз орус тилинин гана таламын талашары байкалат. Мисалы, бул изилдөөнүн жүрүшүндө орус тилдүү ЖМКларда орус тилинин расмий статусун алып таштоого, мамлекеттик тил катары кыргыз тилинин ролун күчөтүүгө, кыргыз

тилин бирден-бир улут аралык баарлашуу тилине айландырууга багытталган бир да материал табылган жок.

Жалпысынан кыргыз жана орус тилдүү ЖМКлардын тил маселеси боюнча позициялары бир нече чен-өлчөм боюнча айырмаланат (7-таблица).

7-таблица. Кыргыз жана орус тилдүү ЖМКлардын тил маселеси боюнча позицияларынын айырмачылыктары

| | Кыргыз тилдүү ЖМКлар | Орус тилдүү ЖМКлар |
|---|---|---|
| Таламын талашкан тил | Кыргыз тили | Орус тили |
| Мыйзамдык статуска таянган жүйөсү | Кыргыз тили – мамлекеттик тил | Орус тили – расмий тил |
| Тилдин маселесине таянган жүйөсү | Кыргызстанда кыргыз тили өнүкпөй жатат | Кыргызстанда орус тили кысымга алынып жатат |
| Саясий жүйөсү | Кыргыз тили – көпчүлүк элдин тили | Орус тили – КМШнын, илим-билимдин, эл аралык байланыштын тили |
| Саясий контржүйөсү | Кыргыз тили болбосо Кыргызстан жок болот, орус тили эч качан жок болбойт | Кыргыз тилин үйрөнүү боюнча сапаттуу программалар, окуу китептери, курстар, экономикалык стимул ж. б. жок. |
| Улут аралык баарлашуу тили катары | Кыргыз тилин көргүсү келишет | Орус тилин көргүсү келишет |
| Саясий максаты | Кыргызстандын эгемендигин, дипломатиясынын өз алдынчалыгын, ар тараптуулугун бекемдөө | Кыргызстанда Орусиянын, КМШнын, ЖККУнун, ШКУнун ролун бекемдөө |

Эгемендик жылдары кыргыз ЖМКлары өздөрүнө да таасир этип жаткан маалымат коопсуздугуна байланыштуу маселени да көтөрүшкөн. Атап айтканда, 2016-жылы «Жаңы Агым» гезитинде «Кыргызстанда маалымат коопсуздугу коркунучтабы?» аттуу тегерек стол уюштурган. Талкуунун кириш сөзүндө айтылгандай, иш-чарада Кыргызстанда Кытайдын СС ТВ, Россиянын РТР, ОРТ, НТВ, РТР, Вести 24, ж.б. СТС, «Культура», РенТВ телеканалдары көрсөтөрү белгиленген. Казакстандын 24 KZ, КТК, «Казакстан» телеканалдары, Ош, Жалал-Абад облусунун чек арага жакын аймактарында – «Өзбекстан- 1», «Ёшлар», «Спорт» каналдары көрсөтөрү, бул республикалардын радиоберүүлөрү да уктурулары айтылган. Маданият министрлиги Орусиянын ОРТ жана РТР телеканалдарына өзгөчө статус берүү демилгеси менен чыкканы да маселеге негиз болгон. Материалда бул жыйынга

ушул маселе боюнча чакырылган мамлекеттин кызыкчылыгын коргоочу кишилер, ЖК депутаттары келбегени сөз болот. Талкууга экс-депутат Өмүрбек Абдырахманов, серепчи Эсенбай Нурушев, тележурналист Дүйшөк Мамбетөмүров, «Азаттык» радиосунан Айданбек Акмат уулу, коомдук уюмдардан Рита Карасартова, Назира Райымкулова, Адил Турдукулов, Тимур Саралаев, жарандык активист Болотбек Батилов жана ММК өкүлдөрү катышкан.

Талкуунун жүрүшүндө экс-депутат Өмүрбек Абдрахманов: *«Мисалы, менин үйүмдө телевизордон көрсөтүп жаткан 194 каналдын 140ы Россияныкы экен. Бир гана маалыматтык каналдардан Евроньюс бар. Биз бул тууралуу ойлонушубуз керек. Муну бийликте тургандар да ойлонуусу зарыл. Москвага абдан эле көз каранды болуп калдык. Азыр эле эмес бардык бийликтин тушунда ушундай болду»*, - деген оюн айткан.

Ал эми талкуунун башка бир катышуучусу, журналист Дүйшөк Мамбетөмүров: *«Бизде маалыматтык коопсуздук эмес, коркунуч бар. Кыргызстанда бир эле Россиянын эмес, Өзбекстандын, Казакстандын телеканалдары да көрсөтөт. Айрыкча маалыматтык коопсуздук өлкөнүн түштүгүндө. Эң негизги маселе бүгүн маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга даярбы? Маселе ушунда болуп турат»* деп маселенин башка да өңүтүн козгогон.

Кыргыз ЖМКларында диний экстремизмдин, диний фундаментализмдин коркунучу тууралуу кооптонгон пикирлер да кеңири орун алган. Мисалы, 2021-жылдын 16-июнунда «Рухэш» сайтында белгилүү дипломат, коомдук ишмер Алмаз Кулматовдун «Кезең: динге жамынып, улуттук дөөлөткө коркунуч жараткандар» аттуу макаласы жарык көргөн. Анда автор дүйнөдө кеңири кулач жайып келаткан диний фундаментализм кыймылынын негизги ыкмаларын сүрөттөйт:

*«Эң кеңири тараган ыкмалардын бири - бул учурдагы баардык терс көрүнүштөрдү (коррупция, паракорчулук), социалдык, экономикалык кыйынчылыктарды (жакырчылык, жумушсуздук, кымбатчылык ж.б.)*

*экологиялык жана табигый кырсыктарды, ал тургай пандемияны да колдонуп, мисал келтирип, исламга негизделбеген коомдук, саясий, укуктук, маданий системаларды (адатта алар «бузук», «куфр», «жараксыз», «чирик», «зулум», «каргыш тийген» саясий түзүмдөр деп аталат) дискредитациялоо, жек көрсөтүү жана исламга негизделген мамлекет - халифатты даңазалоо, аны орнотууга үгүттөө. Азыр интернеттеги, социалдык желедеги посттор, комментарийлер, интернет-мемдер ж.б. маалыматтардын көбү ушул теманын тегерегинде. Ансыз деле эл кыйналып турган чакта, билими тайкы, улуттук, жарандык иденттүүлүгү алсыз адамдарга мындай түшүнүктүү, жөнөкөй идея бат сиңип, тез ынандыруучу кудуретке ээ».* Автор андан ары мындай идеологиянын Кыргызстанга тийгизип жаткан таасирин диний радикалдардын саясатка жигердүү аракеттеринен көрөт:

*«Мындай аракет Кыргызстанда да өз жемишин бере баштады көрүнөт, тилекке каршы, себеби жергиликтүү кеңештерге, парламенттик шайлоолорго байланышкан саясий процесстерде «динаятчылардын» активдүүлүгү, көмүскө таасири тие баштаганына бир топ жыл болду. Алардын саясатка аралашуусуна саясатчы аталган бейжоопкер кыйындар буга чейинки бийлик шайлоо сайын пайдалана берип берип, эң сонун шарт түзүп берген эле.*

*Динге жакын саясатчылар президенттикке да ат салышып, колдоочулары калыптана баштады. Ал тургай жаңы конституциянын долбоору талкууланып жатканда айрым ишмерлер ачык эле «исламчыл» позицияны ээлеп, теократиялык моделди сунушташты. Мындай сунуштар ар кай аудиторияда бекем айтыла баштады. Албетте, адегенде светтик мүнөздү жок кылса, андан кийинкиси шыдыр кетерин жакшы билишет. Азырынча сунуш катары кеп чыгарышты. Качан таңуулана баштаары белгисиз.*

*«Исламчыл» деп аталган, а чындыгында ислам динин бийлик жана байлык үчүн күрөштө курал катары пайдаланган күчтөр диний гана иденттүүлүктү таанып жана башка баардык иденттүүлүктүн формаларын, улуттук*

*баалуулуктарды четке кагат, элдик каада-салттарды, расмий жөрөлгөлөрдү жана мыйзамдарды арам иш, жаңылыштык деп эсептейт».*

Ушундан улам автор: *«Кыргыз мамлекети, коомчулугу терең ойлонуп, дин, билим-тарбия берүү, идеология жаатында саясатын эски жана жаңы коркунучтарга жараша өзгөртүп, улуттук аң-сезимди, жарандык иденттүүлүктү бекемдөөгө арналган стратегиялык иштерди жүргүзүү абзел. Антпесек ыйык Куранды колунан келишинче бурмалап, шариятты өз кызыкчылыгы үчүн каалагандай калчаган, уюшкан кылмыш менен коюн-колтук алышкан, алар менен түп максаты бир күчтөр жана коомго, саясатка, экономикага таасири артып, колдоочуларынын катары улам арбып бараткан «исламчылар», «динаятчылар» түйшүгү арбын, багытын таппай кыйналган калктын, улам бир бийликтен көңүлү калып, ишеними бөксөрө түшкөн журттун башын айландырып, жаштарыбызды халифатка сүйрөп кирип, кырмызы кызыл туунун ордуна «ислам» байрагын желбиретүү үчүн туташ үгүт ишинен реалдуу ишке өтпөйт, куралдуу жихадга чыкпайт деген кепилдик жок»* деген жыйынтык чыгарган.
(шилтеме - https://ruhesh.kg/ky/category/show/news/1962/html )

Кыргызстандын маалымат каражаттарында акыркы жылдары улуттук кызыкчылыктын билим берүүгө байланышкан өңүтү боюнча да маселе козголо баштаганы байкалат. Акыркы жылдары чыккан мындай материалдардын бири катары 2023-жылдын 12-сентябрында «Кыргыз маданият борбору» (kmborboru.su) сайтында жарык көргөн публицист Жыргалбек Касаболотовдун «Гуманитардык билим берүүнүн жаңы парадигмасы» аттуу макаласын мисал келтирсек болот. Анда автор Кыргызстан эгемен мамлекет болгондон кийин анын билим берүү системасы да улуттук кызыкчылыкка туура келиши зарыл деп эсептейт. Серепчи тил, тарых, кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабият сыяктуу сабактардын мазмунун өзгөртүү боюнча өз ойлорун жазып, Кыргызстандын экономикалык географиясы сабагын, улуттук оюндарды, улуттук тарбия принциптерин киргизүүнү сунуш кылган.

Автор кыргыз тилин Кыргызстандагы кыргыздан башка улуттарга окутуунун программасын түп-тамырынан бери өзгөртүш керек деп эсептейт. Анткени, анын пикиринде, азыркы программа окуучуларды сүйлөтүүгө эмес, эреже жаттатуу, текст жаттатуу сыяктуу керексиз жүктөмдөргө негизделген.
*«Баштапкы максат – Кыргызстандагы мектепти бүткөн балдардын кимиси болбосун КҮНҮМДҮК жашоосунда кыргыз тилин эркин колдонууга жетиш керек. Айтматовдун чыгармаларынын үзүндүлөрүн окубаса койсун. Эрежени жатка билбесе койсун. Ыр жаттабаса койсун. Сүйлөсүн! Жөпжөнөкөй эле кыргызча учурашканды, коштошконду, жол сураганды, соода кылганды, документ толтурганды, күнүмдүк ишинде колдонгонду жакшы өздөштүрүп, дайыма колдонуп чыкса болду. Күнүмдүк турмушунда суудай сүйлөп, эркин колдонуп калганга жетишсе бизге эң керектүүсү ошол. Ал үчүн TOEFFL сыяктуу жөнөкөйлөштүрүлгөн стандарттарды киргизип, мектепти бүткүчө толугу менен өздөштүрүп чыкса бизге ашыгы менен жетиштүү. Айтматовдун кыргызчасын кызыкса кийин өзү окуп алат»,* дейт ал.
Макалада тарых сабагынын мазмунун төмөнкүдөй принцип менен өзгөртүү сунушталат: *«Тарыхый инсандарга баа берүүдө алардын аракеттери, кабыл алган чечимдери кыргыздын улуттук кызыкчылыгына, тактап айтканда: 1) Кыргыз тилине; 2) Кыргыз жерине жана; 3) Кыргыз элинин экономикалык абалына канчалык туура келгенин талдап, окуучуларга так, даана маалымат берүү зарыл. Бул айрыкча орус империясы келген мезгилден тартып азыркы убакка чейинки аралыкка тиешелүү. Ошондо биз мисалы совет мезгилинде көп имарат салдырды деп мактаган далай жетекчилерибиздин тилибизге, республиканын аймагына болгон кайдыгерлиги, Компартия үчүн кызмат кылган бир катар адамдардын улутка кылдай пайдасы тийбегени, тескерисинче репрессияланып кеткен бир топ адамдардын башкага жаман көрүнсө да кыргыз үчүн кылган эрдиги ордуна келет. ... Кыргызстандын тарыхын эң мыкты билүүдөн тышкары, бизге чектешпеген Орусияга караганда биз менен коңшулаш Кытайдын, Казакстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын, аларга байланышкан цивилизациялардын тарыхын*

*билүү биздин жарандар үчүн алда канча пайдалуу. Калган дүйнөлүк державалардын тарыхын дүйнөлүк тарыхтын жалпы контекстинде окутуш керек. Тарыхый фактылар, адамдар улуттук кызыкчылыктын позициясынан гана бааланууга тийиш. Кыргызга тийгизген пайдасы менен зыянын аныктап алып, окуучуларга туура түшүндүрсөк эле бир топторунун аң-сезиминдеги баш аламандык ордуна келе түшөт».*

Автор кыргыз адабиятын жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун жаңы принциптерин сунуш кылган: *«Жаңы окуу китептерине кире турган чыгармалардын тизмесин педагогдор менен акын-жазуучулар чогуу отуруп жаңыдан бирге түзүп чыгышы зарыл. Бирок анын критерийлерин түп-тамырынан бери өзгөртүүгө мезгил эчак жетти. Компартияга же кайсы бир режимге гана кызмат кылып, эстетикалык ырахат же тарбиялык маани тартуулай албаган чыгармалар ага дегеле кирбеши керек. Ар бир акындын, жазуучунун мезгил сынынан өткөн, улуттук тарбияга кызмат кылган, эстетикалык ырахат тартуулай ала турган чыгармаларын гана киргизүү – мезгил талабы. Алган сыйлыктары, наамдары, союзга мүчө болгон-болбогону эч кандай роль ойнобошу керек. Айрыкча азыркы заманда анын баары тышкы гана атрибуттар. Бул көз караштан алганда мисалы ошол эле Аалы Токомбаевдин: «Сүрөтүн тарт, кереметтүү Ильичтин, Кирпигимден кисти жасап берейин» деген саптары небак эскирди. Бирок ошол эле учурда «Мунарым», «Түшүмдө» ж. б. сүйүү лирикасы качан болбосун кала берет. Болбосо ошол кезде чоң эле наамдарды алып жүргөн башка бир акындын: «Сегизинчи март келди матырайып, Аялдар тосуп алды чатырайып» деген саптары биздин заманда эч кимдин жүрөгүн да козгобойт, үлгү да боло албайт. Ошондуктан бул жерде биз жетекчиликке ала турган нерселер – чыгарманын мезгил сынынан өтүшү, тарбиялык мааниси, эстетикалык бийиктиги. Көрүнүп тургандай, бул багытта да окуучуларга бере турган мурасыбыз баштан аяк ревизияга муктаж. Бул көбүнө жакпай турган оор иш. Далайынын таарынычын козгой турган, бирок зарыл иш. Ансыз биз өсүп келе жаткан муунга чийки руханий азык жедире беребиз. Туура эмес багыт*

*бере беребиз. Кийин аларды күнөөлөгөнгө укугубуз да болбой калат. Дүйнөлүк адабиятты окутууда да мен илгери байкаган бир орчундуу маселе бар. Ушу тапта маданияттын ар кайсы салааларын таануу көбүнчө европоцентристтик көз караштарга негизделген. Биз окуп жүргөндө «Чет элдик адабияттын тарыхы» деген сабак чү дегенде эле байыркы Грециянын, Римдин убагындагы чыгармалар менен башталчу. Кийин Европанын гана акын-жазуучуларын окутушчу. Бирок дүйнө ошол кезде деле жалаң эле антик цивилизациясынан турган эмес. Азыр деле жалаң Европадан турбайт. Чыгыштын, анын ичинде бизге географиялык жактан алда канча жакын жайгашкан бир катар элдердин мындан кем эмес маданий мурасы, руханий көрөңгөсү бар. Эгер чет элдик адабият жалаң Европанын үлгүлөрүнөн турат десек, капталыбыздагы Индиянын миңдеген жылдарды камтыган Ведалары, мантралары, мифтери, түркүн багыттагы йогасы каякта калат? Мусулман дүйнөсүнүн чок ортосунда жашап жүргөнүнө карабай ошол кезде эле эркин ой жүгүртүп керемет философиялык ырларды жараткан Омар Хаям баштаган акындар кайда калат? Башкасын кой, биздин эле Ала-Тоонун нары жагындагы килейген Кытайдын Ли Бо, Ду Фу, Бо Цзю-И баш болгон акындары, Чоюн Өмүралиев агайыбыз кыргызча окуган Ши Цзин баш болгон адабий мурасы кайда калат? «Балык жеп кеткен кыргыз» деп биз кээде тамашалап атаган жапондордун хоккулары, танкалары, прозасычы? Эмнеге биздин окуучулар адабиятты окуганда жалаң батыш адабияты менен чектелиши керек? Мындан келди, биз окуучуларга ушунун баарынын программасын түзүп беришибиз абзел. Ошондо алардын дүйнөгө чындап көзү ачылат. Азыр көбүнүн мээсин апийимдей ээлеп алган, «баары бир динден чыккан, кайра ошого баш ийиши керек» деген түркөй түшүнүктүн тамырына ошондо балта чабылат. Жаңырган эски дүйнөнүн ар кандай амалына даяр, баарын салыштыра билген, сынчыл көз караш менен карай алган билимдүү муунду ошондо тарбиялайбыз».*

(шилтеме - https://kmborboru.su/2023/09/12/gumanitardyk-bilim-beruunun-zhangy-paradigmasy/ )

Жогоруда сөз болгон макалалар - бул темалар боюнча жарык көргөн материалдардын айрым гана көрүнүктүү мисалдары. Анткени бул багыттагы маселелер туурасында Кыргызстан эгемендик алгандан тартып көп эле материалдар чыккан. Мындан тышкары, кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына арналган «Көк Асаба» гезити, УТРКда «Улутман» долбоору, кыргыз тилинин маселелерине арналган «Кыргыз тили» гезити, мугалимдер үчүн «Кут билим» гезити чыгып келатканы белгилүү. Бирок биринчиден, алардын көбүндө бул маселелердин саясий өңүтүнө багытталган конкреттүү сунуштар, аларды аткаруунун механизмдери дээрлик жокко эсе. Экинчиден эгемендиктин идеологиялык негиздерине арналган материалдардын үлүшү кыргыз ЖМКларында жарык көргөн ички саясат, шоу-бизнес сыяктуу темалардын жанында жалпысынан аздык кылат. Үчүнчүдөн, алардын башка материалдарга салыштырмалуу аудиторияга, анын ичинде чечим кабыл алуучу тараптарга тийгизген таасирин аныкташ үчүн өзүнчө изилдөөлөр талап кылынат.

### *5.2. Кыргызстандын ЖМКларында өлкөнүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарынын чагылдырылышы*

Кыргызстанда экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз тиешеси болгон бир нече маселе бар. Алардын айрымдары кыска мөөнөт аралыгында болуп өткөн окуяларга, башкалары узакка созулган процесстерге байланыштуу. Мындай темаларга Кумтөр кенинин тагдырын, Кыргызстандын тышкы карызын, андан куткаруу боюнча HIPC программасына киргизүү аракеттерин, Кыргызстандын ЕАЭБге киришин, өлкөдөгү жумушсуздук менен каатчылыктан улам күч алган эмгек миграциясын, тигил же бул өлкө менен тышкы соода алакаларынын пайда-зыянын, анын ичинде ата мекендик өндүрүшчүнү коргоо зарылдыгын киргизсек болот. Анткени алардын баарын сырткы дүйнө менен болгон мамиле бириктирип турат (8-таблица).

8-таблица. Кыргызстандын экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарына тиешелүү темалар

| Тема | Тышкы дүйнө менен байланышы | ЖМКдагы негизги лейтмотивдер | Актуалдуулук мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| Кумтөр кенине карата чет элдик компаниялардын ээлиги | Канада | Алыш керек/КРнын үлүшүн көбөйтүш керек | 1992-2022, бүткөн |
| Тышкы карыз | Донорлор | Кутулуш керек/Кооптуу | Бүтө элек |
| HIPC программасы | Донорлор | Кириш керек/Кирбеш керек | 2006-жыл, бүткөн |
| ЕАЭБ | ЕАЭБдин мүчөлөрү | Пайдасы/Зыяны | 2015-жылдан бери, бүтө элек |
| Эмгек миграциясы | Орусия, Казакстан, Европа, АКШ ж.б. | Мигранттардын укуктары/Келип түшкөн акча | Бүтө элек |
| Тышкы соода алакалары | Кыргызстандын экономикалык өнөктөштөрү | Пайдасы/Зыяны | Туруктуу |
| Ата мекендик өндүрүшчүнү коргоо | КРга экспорт жөнөткөн өндүрүүчүлөр | Көйгөй талаасы | Туруктуу |

Булардын ичинен Кумтөр боюнча ЖМКда өтө көп материалдар жарык көргөнү белгилүү. Анын объективдүү себептери бар. Анткени Кумтөрдүн тагдыры – Кыргызстандын экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарына байланышкан күрөштүн да эң даана үлгүсү.

Анын саясий таасиринин масштабын: а) эгемен Кыргызстандын тарыхындагы алгачкы, «легендарлуу» парламенттин тарашына түрткү берген негизги жагдайлардын бири болгону; б) бардык президенттердин тушунда башкы саясий маселелердин бири катары катары талкууланып келгени; в) өтө узак убакыт бою – 1992-жылдан 2022-жылга чейин - созулганы; г) азыркы президент Садыр Жапаровдун бийликке келгенге чейинки саясий ишмердигиндеги негизги темасы, бийликке келгенден кийинки негизги кадамы болгону айгинелеп турат.

Тиешелүү түрдө Кумтөр маселесине байланышкан материалдар, айрыкча сын материалдар экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарды ЖМКда чагылдыруунун да типтүү көрүнүшү боло алат. Себеби, анда бийлик канадалык компаниянын пайдасына чыгарган чечимдерге карата сын

пикирлердин баары ЖМКда улуттук кызыкчылыктын позициясынан айтылган. Аны кийинки окуялар толук далилдеди. Анткени бийликтин чыгарган чечимдери чын эле улуттук кызыкчылыктарга каршы болгонун алардын башында турган мурдагы президент Аскар Акаев 2021-жылы өзү мойнуна алып, Кумтөр үчүн кечирим сураган (шилтеме - https://vb.kaktus.media/doc/2935_askar_akaev_kyrgyz_elinen_kymtor_ychyn_kechirim_syrady.html )

Кумтөргө байланыштуу улуттук кызыкчылыктын позициясынан жазылган материалдарга Кубат Чекировдун 2011-жылы 22-августта BBC News сайтына чыккан «Эгемендиктин алтыны: үмүттөр жана күйүттөр» аттуу макаласы мисал боло алат. Анда автор: *«Эгемендиктин жылдары Кумтөрдөгү алтындын ири кенин иштетүүгө Кыргызстандын өзүнүн каражаты жана күчү жетпей, канадалык «Камеко» корпорациясына берип, аны биринчи беш жылга салыктан бошотуп, бапестеген шарт түзгөн. Бул кенден Кыргызстандын үмүтү зор эле. Кумтөрдөгү алтындын чалгындалган запасы беш жүз тоннадан ашык эле. Бирок жылына миллиондогон киреше түшөт деген үмүт-тилектер көп жылдар бою куру кыял бойдон кала берди. Мамлекеттик казынага жылына негизинен салык түрүндө гана төлөмдөр түшүп турду. 2010-жылдагы эсеп боюнча Кумтөр алтын кенинен 97-жылдан бери 237 тонна алтын казылып алынып, киреше 3,5 млрддан доллардан ашкан, бирок Кыргызстандын энчисине тийген сумма 370 млн гана доллар болгон»,* деп жазат. (шилтеме - https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2011/08/110822_gold )

Албетте, Кумтөр кени иштетиле баштаган, иштетилип жаткан кездеги материалдар өтө көп. Бирок бул теманын ЖМКда чагылдырылышын көрсөтүш үчүн алардын баарынан мисал келтирбестен, кен Кыргызстандын карамагына биротоло өткөндөн кийин, 2022-жылы 30-августта «Sputnik» маалымат агенттигинде жарык көргөн Мирбек Сакеновдун «Кумтөр 30 жыл мурун кантип иштетиле баштаган?» аттуу иликтөөсүн пайдалануу жетиштүү деп эсептейбиз. Анткени анда маселенин таржымалын баяндаган фактылар

менен катар бул маселеге байланыштуу пикир айткан адамдардын эскерүүлөрүнө орун берилген. Алардын бир топтору – ошол окуялардын негизги катышуучулары.

Атап айтканда, агенттик көп жылдар бою советтик Кыргызстандын жетекчиси болгон, легендарлуу парламенттин депутаты Турдакун Усубалиевдин сөзүнүн стенограммасын келтирген. Анда:

*«Башында «Сиабеко» Макмалга 22,5 миллион доллар салабыз деп сөз берген, бир жарым жылда бир да цент салышкан жок. Турсунбек Чыңгышевич, ушул маселе боюнча бир ойлонуп көрсөңүз. Экинчиден, биздин комиссиянын «Камеко» менен түзүлгөн макулдашуу байлыгыбызды тоногон келишимдер деп чыгарган тыянагыбызга сиз таарынбаңыз. Анткени чындыгында эле алар элдин байлыгын тоногон документтер болуп жатат. Медеткан Шеримкулович, мына мен бир эле мисал келтире кетейин, азыр Япония, Америка өңдүү өнүккөн мамлекеттерде унаадан чыккан уулуу түтүндөрдү азайтуу үчүн палладийден катализаторлорду иштеп чыгып, орнотуп жатышат. А биздин келишимдерде палладий боюнча бир да сөз жок. Кезинде изилдеген москвалык адистердин маалыматы боюнча, ал жакта 247 тонна палладий бар. Эми эсептеп көрөлү, азыр алтындын бир граммынын дүйнөлүк орточо баасы 11,5 доллар болсо, палладий үч доллар турат. Эми ошол «белекти» эмнеге, эмнеси үчүн «Камекого» берип жатабыз», - деген Усубалиев.*

Иликтөөдө ошол кезде Кумтөр боюнча парламентте түзүлгөн туруктуу комиссиянын да каты көрсөтүлгөн. Анда комиссия:

*«...макулдашууда аталган компаниялардагы абалга кыргыз тарап эч таасир эте албайт. Себеби, маанилүү чечимдерди «Камеко» тарап кабыл алат деп жазылган;*

*документтерде инвестициянын көлөмү ар түрдүү көрсөтүлгөн, айрымдары генералдык макулдашууда жазылган эмес;*

*эч бир документте концессиялык мүлктү баалоо жок;*

*техникалык-экономикалык негиздемени иштеп чыгууга кыргыз тарап, көз карандысыз эксперттер кирген эмес;*
*тараптардын дивиденддерди бөлүштүрүү шарты каралбаган. Өндүрүш менен алектенген компаниянын жоопкерчилиги, долбоорду башкаруунун майда-баратына чейин жазылган эмес. Ошондуктан кыргыз тарап оор зыян алып келе турган жагдайларды карап чыгышы керек;*
*эгер кыргыз тарап Кумтөр боюнча макулдашууну кайра талкуулай турган болсо, анда тараптардын катышуусу менен көз карандысыз адистерди жалдап, техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу зарыл. Алардын корутундусунан кийин гана биргеликте иш алып баруучунун уюштуруучулук-укуктук формасын тактоо керек;*
*кабыл алынган макулдашууну четке какпай, аны концепция катары кабыл алып долбоордун баасы, аткарыла турчу иштин мөөнөтү, чыгымы (салымдар), кирешелерди бөлүштүрүү маселелерин тактоо зарыл;*
*чечимдерди кабыл алууда тараптардын тең укуктуу болуусу үчүн кыргыз жактын ролун жогорулатуу керек»* деген тыянак чыгарганы айтылат. (шилтеме - https://sputnik.kg/20220830/kumtor-kenin-ishtetuu-algachky-araketter-taryh-baraktary-1067347129.html )

Кыргыз ЖМКларында тышкы карыз темасы да көп козголуп, көп талданууда. Бул маселенин улуттук кызыкчылыкка, ал тургай улуттук коопсуздукка болгон байланышы «Супер Инфо» гезитинин 2018-жылы 25-майда чыккан №812 санындагы «Кытайга болгон карыз өсүүдө» аттуу макаладагы мурдагы экономика министри Эмил Үмөталиевдин жообунда чечмеленген. Анда ал: *«Биринчиден, карыз мамлекеттин чечими, канчалык ИДПнын көлөмүн же пайызын түзөт деген суроолорду карайт. Коюлган чектен ашпашы керек. Экинчиден, улуттук коопсуздук үчүн карыздар кимден алынган деген суроону карайт. Карызы көп деп АКШны такай мисал келтиришет (ред: жалпы мамлекеттик карызы 21 триллион доллар). Бирок бул өлкө ички экономикалык субъекттерден алган карызы көп. Алар бир гана өлкөдөн көп карыз алган эмес. Ошондуктан карыздар кайсы ресурстардан*

*алынган, эгер күтүлбөгөн кырдаалдар чыгып кетсе кимден көз каранды болот дегенге көңүл буруш керек. Биз өтө көп карызды күчтүү, биз менен чек арасы бар мамлекеттен алып койдук. Бул коркунучтуу. Чек арасы чектешкен бир өлкөдөн карыз алганда коркунуч көбөйөт, анткени биздин мамлекетке басым кылуу кызыкчылыгы көбүрөөк болот»,* деп эскерткен. (шилтеме - https://www.super.kg/index.php/article/show/44643 )

Кытайга болгон карызга байланыштуу кооптонуу медиада эркин эксперттер тарабынан гана эмес, бийлик өкүлдөрү тарабынан да айтылган. Маселен, 2020-жылдын 26-ноябрында «Марал» радиосунун сайтында жарыяланган «Тышкы карыз: Кыргызстандын өтүнүчү – Кытайдын талабы» аттуу макалада ошол кезде Жогорку Кеңештин депутаты болуп турган, кийин кыргыз өкмөтүнүн башына келген Акылбек Жапаровдун: *«Кытайдын Эксимбанкынын эң коркунучтуу жагы – эгер бир долбоору боюнча бир саатка кечиге турган болсоң, банк бүт карызды пайызы менен төлөө шартын коет. Эгер төлөй албасаң, ошол долбоорлордун баары Кытай тараптын башкаруусуна өтөт. Алар энергетикага, ТЭЦке өздөрүнүн тарифтерин коет. Альтернативдик жолго да тарифтерин коюп, акысын чыгарып алганга чейин башкарат. Мурдагы бийликтер ушундай жагдайды түзүп коюп кетип калды»*, деген кооптонуусу жазылган. (шилтеме - https://maralfm.kg/archives/455658 )

Медиада Кыргызстандын тышкы карызынын кыйла олуттуу үлүшүн ээлеген Кытайдан алынган карыз башка өлкөлөрдүн эгемендигине зыян келтирген учурлар да жүйө келтирилген. Алсак, «Политклиника» гезитинде 2018-жылдын башында жарык көргөн, Кубатбек Айбашовдун «Кыргызстан Кытайдын карыз кылтагына кантип түшүп берди?» аттуу макаласында:

*«Жакында «Глобалдык өнүгүү борбору» эл аралык уюму Кытайдан ченемсиз карыз алган 8 мамлекетти атап, ага Кыргызстанды да кошкон. Уюмдун Quartz журналына чыккан маалыматы боюнча, Жибути, Тажикстан, Кыргызстан, Лаос, Мальдив, Монголия, Пакистан жана Монтенегро Кытайдын алдында карызы эсепсиз болгондуктан, эгемендүүлүгүнө коркунуч алып келиши мүмкүн. Шри-Ланка мамлекетинин Кытайга 1 миллиард*

*доллардан ашуун карызын кайтара албай калгандыктан, былтыр деңиздеги соода портторун Кытайдын өкмөтүнө таандык корпорациялардын башкаруусуна өткөрүп берген. Африкадагы Жибути өлкөсү да ошондой эле жагдайга тушугуп, натыйжада авиабазасынын башкаруу пакетин кытайлык компанияга алдырып коюу алдында турат»*, деген мисалдар бар. (шилтеме - https://pk.kg/news/inner/3986/ )

Тышкы карызга байланыштуу полемиканын эң кызыган учуру Кыргызстанды HIPC программасына киргизүү жөнүндө бийликтин сунушу талкууга түшкөн 2006-жылы күч алган. HIPC программасына кирүүгө ошол кездеги бир катар жаштар уюмдары, улутчул позициядагы саясий күчтөр наразылык акциялары аркылуу, бир топ публицисттер басма сөз бетиндеги талдоолору менен каршы чыкканы белгилүү. Алардын арасында белгилүү ойчул, публицист Чоюн Өмүралиев 2006-жылдын декабрында «Майдан» гезитинин №12 санында чыккан «Майдан: Хипиктелээр – кепектелеер заманга каршы – майдан!» аттуу макаласында бул программанын максатын жеке менчикке чыккан жерди тышкы күчтөргө тартып берүү коркунучу менен байланыштырган: *«Ырас эле бир миллиарддан кутулабызбы? Жон сергийби? Же бу дагы бир кезектеги чалмабы? Ооба, дал чалма! Эми бул чалмага чалуу үчүн «күтүлгөн кожоюндар» бир миллиардды эле эмес, бир жарым, бир жети… бир тогуз… акыры, бир токсон тогузду да кечип ийүүгө ичтен даяр. Бирок мунун баары тең Сары Азгырык. Бир токсон тогузду кечип ийип да, эпаадам, ичибизге бир эле эрмелип алса болгону, эгерим чыкпайт. Бир токсон тогузду бирар күн, ай, жылда бир нече токсон тогуздап ташып-ашып алгандан кийин да чыкайт. Кырк жыл кожоюндук менен да бүтпөйт. Кырк кылым болсо да кала берет, керек болсо. Анткени, ал эң башкы, эң негизги, эң түпкү принциптүү маселеде утуштуу турат. Анын Укугу биздин ичибиздеги «Жер Менчикке» аңылдап ачык!*

*ХИПИКтин тырмагына бир эле илинген мамлекеттин эгерим кутулушу кыйындыгы кыйла эле айтылууда. Ал эми ал кыйындык бизге, азыркы*

*Кыргызстанга алганда канча эселенип прогресстелип кетээри капарыбызда жок. Суроо туулат: бул эмне болгон «эсе прогресс?» Чечмелейли.*

*КМШ аймагындагы өлкөлөрдөн бир Армения менен бизде гана жер менчикке чыгарылган. Башка, эч бирinde! Айастандын жөнү өзүнчө, анын сырткы, катардагы эле бир миллиардери окус өбөктөй калган өлкөсүн дароо жөлөктөй алат. Кыргызга кыйын болбодубу, кыргызга. Жерге менчик мыйзамын жайдактөш Конституциялап алып! Маңституциялап алып! Эми ушул эле жетиштүү, ХИПИКке ушул эле жетиштүү.*

*Буга дейре жүз миң жолу какшана келгендей, Укукман Мамлекеттеги (ыя, «Укукмаң» дейсизби?!.) Дүйнөлүк Адамдын Укугу, жеке Менчиктин Дүйнөлүк Мыйзамы, Дүйнөлүк Мыйзамдын улуттук мыйзамдан улууланышы менен ХИПИК программасын бизге таңуулаган күч (антүүгө анын толук акысы бар, акча аныкы, кредитти алганың чын, бекер быштак чычкан капканда гана, жер референдумду да бир добуштуу сүрөп өткөргөнбүз, эмне гана кыла аласың? Аныкы чын!) жогорку сыяк жоболоң статьяларды өзүнө иштетип, эми Башкы Менчиктериңе балпая гана кирет, талпая гана отуруп алат, ага анын АДАМ мыйзамдуу жолу толук ачык! Конституциялык деңгээлде! Ал эми Жеке Менчик – Дүйнөлүк Закон! Аны дүйнөлүк закон коргойт. Дүйнөлүк Адамдын Укугу коргойт. Жеке Менчикке менчик ээсинин уруксаатсыз эч ким тап кылына тие албайт! ХИПИК ичке жөн эле кирбейт, жакынкы эле кездери Жеке Менчик Ээси катары киргени турат!»*

(Шилтеме – Чоюн Өмүралиев. Кыргыз мамлекеттиги: кечээ, бүгүн, эртең. Бишкек, «Кыргыз жер» басмасы, 2021. 117-118 бет).

Кыргызстандын экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктары талкууланган убактардын бири 2015-жылы өлкөнүн Евразия Экономикалык Биримдигине киришине туура келет. «Кыргызстан» деген сөз менен кошо ар кандай катышта жана жөндөлүштө «ЕАЭБ, ЕврАзЭС, ЕАЭС, пайда, зыян, утту, утулду, польза, вред, недостатки, преимущества» деген сөздөрдү жана сөз айкаштарын коюп, 2015-жылга чейинки издөөгө койгондо бир нече жагдай ачыкка чыкты.

Биринчиден, УТРК сыяктуу мамлекеттик ЖМКлар ЕврАзЭСке негизинен оң мамиледе экени байкалат. Атап айтканда, 2016-жылы 20-декабрда УТРКда чыккан «ЕАЭС: плюсы и минусы 2016 года» аттуу сюжеттин темасына карабастан, чек арадагы тоскоолдуктар дагы эле уланып жатканы жөнүндө гана учкай айтылганы болбосо, жалпысынан бул интеграцияга оң баа берилген. Буга эң негизги жүйө катары кыргыз мигранттарынын көпчүлүгү Орусияда жүргүзүлгөнү мисал келтирилген.
(шилтеме - https://www.utrk.kg/ru/news/s/9545)

Ушул эле каналдын кийинки, 2017-жылы 31-январында чыккан кыргызча сюжети «ЕАЭБ: экономикалык биримдиктин пайдасы» деп аталат жана анда ветеринардык көзөмөлдү алып салууга багытталган жана келечекте жасала турган иштер тууралуу маалымат берилген. Бул бирикмеге каршы пикирдеги эксперттердин пикирлерине орун берилген эмес.
(шилтеме - https://www.utrk.kg/kg/news/s/10499 )

Бул ЕАЭБге кирүү жана анын алкагында иш жүргүзүү Кыргызстандын жетекчилигинин расмий позициясы болгону менен чечмеленет. Бул чечимге жооптуу бийлик өкүлдөрү кийин да өз пикирин бекемдешкен.
Мисалы, ЕАЭБге өлкөнү киргизүү убагында өкмөттүн жетекчиси болгон Темир Сариев да «Кактус медиа» 2020-жылы 10-августта чыккан маегинде бул кадам туура болгонун билдирген. Ал муну Кыргызстан бул бирикмеге кирген өлкөлөр менен болгон экономикалык алака-катыштан толук көз каранды болгону менен түшүндүргөн:
*«Что касается импорта, то посмотрите на номенклатуру товаров, которые мы потребляем. По некоторым видам мы на 100% зависимы от наших партнеров по Таможенному союзу. Например, мы завозим из Казахстана и России зерно, импортируем из России металлы, древесину, химические продукты. Из стран - членов ЕАЭС завозим много продуктов питания. По нефтепродуктам мы полностью зависимы от России и Казахстана. С другой страны намного тяжелее и намного дороже будет завозить. Если бы мы не вошли в ТС, наши партнеры применили бы*

*экспортные пошлины, и сегодня ГСМ стоили бы гораздо дороже. Это надо учитывать. Когда мы делали анализ, все анализировалось на цифрах».*

Темир Сариев андан ары Казакстандын чек арасында Кыргызстандын товарларына коюлган чектөөлөрдүн уланып жатканын моюнга алса да, аны ЕАЭБдин кемчилиги катары көрбөстөн, бул уюмдун өнүгүшүнүн чыгашалары катары белгилеген:

*«То, что происходит на границе Кыргызстана и Казахстана, Беларуси и России - это издержки становления ЕАЭС. В какой-то момент преобладают национальные интересы или же клановые интересы. И все это, конечно, отражается на простом народе. Нельзя отрицать эту проблему, наоборот, ее надо обнажать и решать».*

(шилтеме - https://kaktus.media/doc/418534_piat_let_v_eaes._analiziryem_preimyshestva_i_ypyshennye_vozmojnosti_s_temirom_sarievym.html )

Жалпысынан ЕАЭБ боюнча Кыргызстандын орус тилдүү ЖМКларында чыккан материалдардын темаларын карай келгенде бейтарап позицияга караганда бул уюмду жактаган позиция үстөмдүк кыларын көрүүгө болот. Бирок анда Кыргызстан пайда көрдү деген айрым жагдайлар иш жүзүндө өлкөнүн ата мекендик өндүрүшчүсү зыян тартып жатканын билдирет. Буга эки мисал келтирсек болот.

Биринчи мисал. Knews.kg агенттигинде 2016-жылдын 19-августунда чыккан макала «Пять плюсов от вступления в ЕАЭС» деп аталат. Темасынан эле көрүнүп тургандай, материал толугу менен ЕАЭБге кирүүнүн артыкчылыктарын гана көрсөтүүгө багытталган. Анда Орусиянын илимдер академиясынын постсоветтик өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү секторунун башчысы, саясат илимдеринин кандидаты Елена Кузьмина буга бир нече жүйө келтирген. Бирок алардын ичинен Кыргызстан пайда көрдү деп эсептеген үчүнчү жүйөсү чындап келсе эгемен мамлекет катары Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына пайда алып келбей эле, ага каршы келе турган,

тескерисинче Орусия менен Казакстандын товар өндүрүүчүлөрүнө пайда алып келе турган жагдайлар экенин баса белгилегибиз келет:
*«В-третьих, <u>в Кыргызстане стало больше российской и казахстанской продукции,</u> а на некоторую из них, например на муку, даже несколько снизились цены. Не будем забывать, что мука – один из основных элементов продуктовой корзины. Также стали появляться белорусские товары. Все это ведет к конкуренции и улучшению качества, а иногда и появлению новых, ранее не присутствовавших на кыргызстанском рынке товаров»*.
(шилтеме - https://knews.kg/2016/08/19/pyat-plyusov-kyrgyzstanu-ot-vstupleniya-v-eaes/ ).
<u>Экинчи мисал.</u> 2023-жылдын 4-мартында «Вечерний Бишкек» гезитинин сайтында чыккан макала «Только вперед, или какая польза Кыргызстану от ЕАЭС» деп аталат. Макаланын автору Алина Мамаева ЕАЭБге кирүүнүн пайдасы катары келтирген мисалдардын арасында *«так, экспорт продукции Кыргызстана в страны ЕАЭС увеличился в 1,8 раза, импорт – на 17,4%»* деген жүйө бар. Чындап келсе мындай сандык катыш Кыргызстандын бул өлкөлөр менен соода алакасында тогуз эсе тескери сальдону, демек ата мекендик өндүрүшчү ошончо эсе зыян тартып жатанын билдирет. (шилтеме - https://www.vb.kg/doc/427736_tolko_vpered_ili_kakaia_polza_kyrgyzstany_ot_eaes.html )

Ал эми кыргыз тилдүү эркин ЖМКлар Кыргызстандын ЕАЭБдеги мүчөлүгүнө карата бейтарап же кооптонуу менен мамиле кылганы байкалат. Буга алардын темалары далил боло алат. Мисалы: «ЕАЭБ: Кыргызстандын даярдыгы кандай?» (Сапаргүл Абдинабиева, 2015-жыл, 10-июль, BBC News кыргыз кызматы), «ЕАЭБга кирдик, чек ара ачыла элек» (Айданбек Акматов, 2015-жыл, 6-август, «Азаттык» радиосу), «ЕАЭБ армяндарды деле «эркелетпеди»« (Али Токтакунов, 2016-жыл, 14-май, «Азаттык» радиосу), «ЕАЭБ жеңилдик берген мөөнөттө Кыргызстан эмнеге жетти?» (Азиза Марат кызы, 2017-жыл, 15-февраль, BBC News кыргыз кызматы), «Бажы кодексинин пайдасы жана зыяны» (Замира Кожобаева, 2018-жыл, 19-январь, «Азаттык»

радиосу), «Майдан: ЕАЭБдин Кыргызстанга пайдасы жана зыяны» (ГовориТВ, тогуздун айы, 2023) ж.б.

Мындан тышкары, «ЕАЭБ» деген сөз менен «чек ара, тыгын» сөздөрүн ар кандай катышта коюп көргөндө чыккан материалдардын темаларынан Кыргызстандын Казакстан менен чек арасында 2015, 2020, 2022, 2023, 2024-жылдары тыгындар болгонун көрсөтүп турат. Бул Кыргызстан ЕАЭБге киргенден бери уюмдун негизги максаты болгон товарлардын эркин өтүшү камсыз болбогон учурлар жетиштүү болгонун айгинелейт.

ЕАЭБдин Кыргызстанга тийгизген зыянын да кошо айткан пикирлерди көрсөтүү жагынан 2022-жылы 25-августта BBC News кыргыз кызматынын сайтында жарык көргөн «ЕАЭБ: өкмөт башчылардын жыйыны. Биримдиктин келечеги эмне болот?» аттуу макала көңүл бурууга арзыйт. Абдыбек Казиев менен Элдар Бакиров даярдаган бул материалда башка адистер жана аткаминерлер менен катар экономист Руслан Акматбектин оюна орун берилген.

*«Жети жылдан бери биз кандай баштасак, ошондой эле кетип жатабыз. Мисалы, көп эле буйрутмалар түшөт, биз дагы эле көлөм жагынан, стандарт жагынан, лабораториялык талаптар жагынан, көп нерседен жооп бере албайбыз, тилекке каршы. Экинчиден, биз өзүбүз ага даяр эмес экенибизди көрдүк. Үчүнчүдөн, азыр учурда бирдеме экспорттосок эле ошол эле коңшу Россия, Казакстанстандын мисалы, улуттук кызыкчылыгы буга дал келбесе, чектеп коюп жатат, эч кандай маселе жок эле тыюуларды салып коюуда.*

*Бирок ошол эле жаныбыздагы Өзбекстан ЕАЭБге кирбей эле, мына бүгүнкү маалыматы боюнча коон-дарбыздын экспорту 100 миң тоннага жетиптир. Былтыркыга салыштырмалуу эки эсеге көбөйтүптүр. ЕАЭБге кирбей эле укмуш киреше тапкан. Маселе өлкөнүн өзүндө. ЕАЭБге кирбей эле, Өзбекстан менен Тажикстан Россиядан инвестициясын тартып атат, коопсуздук жагынан кызматташууда. Экономикалык жактан кызматташуусун көрүп жатасыздар. Алардын мигранттары деле кадимкидей жүрүшөт.*

*Ооба, бизде жеңилдик бар. Биздин проблема - ЕАЭБдин алкагында биз өзүбүздүн көйгөйлөрүбүздү эркин көтөрө албай калдык, көтөргөндөн коркуп атабыз. Акыркы жолу Садыр Жапаров жакшы нерселерди айтты: ички чектөөлөрдү албайлыбы, ЕАЭБдин имиджине доо кетип жатат деп айтты, бирок ал декларация түрүндө эле калып калды. Казакстандай болуп өзүбүздүн кызыкчылыкты коргой албай жатабыз. Биз аягына чейин күрөшпөгөнүбүз үчүн мигранттар, ишкерлер жанагындай зыян тартууда. Болбосо биз ЕАЭБден тышкары, ЖККУ, ШОС сыяктуу бир топ уюмдарда мүчөбүз да. Стратегиялык партнер болгон соң, 300 жыл чогуу болобуз деп жаткан соң коркпой, үркпөй эле Россиянын алдында көйгөйлүү маселелерди көтөрүшүбүз керек»*, дейт ал. (шилтеме - https://www.bbc.com/kyrgyz/articles/ce758500dz2o )
ЕАЭБ менен болгон алака-катышка тиешелүү маселелердин ичинен Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына карата «Камбар-Ата-2» ГЭСинин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү үчүн Евразия өнүктүрүү банкынан алынган насыяга байланыштуу жагдай ЖМКнын көңүлүн бурган. «Азаттык» радиосунун сайтында 2024-жылдын 16-февралында Айбек Бийбосуновдун «10 млн. доллар насыя. Кыргызстан баштала элек долбоорго акча төлөйбү?» аттуу макаласы жарыяланган. Анда айтылгандарга караганда, *«кыргыз өкмөтү 2017-жылы Евразия өнүктүрүү банкынан 110 миллион доллар насыя алып, ага «Камбар-Ата-2» ГЭСинин экинчи гидроагрегатын ишке киргизмек. Анын кубаттуулугу 120 МВт боло турганы айтылган. Бирок ошондон бери долбоор ордунан жылбай, негизги карызды жоюу мөөнөтү келип калды.*

*Кыргыз өкмөтү 2024-жылы 30-марттан тарта жыл сайын эки жолу 3 млн. 548 миң 387 доллар төгүп турушу керек. Оштентип Кыргызстан баштала элек долбоор үчүн акча төлөй баштаганы турат. Ошол эле учурда кыргыз өкмөтү «Камбар-Ата-2ге» гидроагрегат орното турган компанияны аныктай элек».* (шилтеме - https://www.azattyk.org/a/mln-dollar-nasyya-kyrgyzstan-bashtala-elek-dolboorgo-akcha-toloybu-/32822271.html )

Кыргызстандын ЕАЭБге кириши үчүн келтирилген жүйөлөргө негиз болгон эмгек мигранттарынын абалы тууралуу материалдарда алардын укуктары жана которгон акчасы тууралуу маалыматтар басымдуулук кылат. Бул маселенин улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз байланышкан өңүтү журналист Жыргалбек Касаболотовдун «Арыба!» сайтында 2022-жылы 24-августта жарык көргөн «Кыргызды Кыргызстанга жыйнаган бийлик гана элине тирөөч болот» деген макаласында кеңири ачылган. Анда автор акыркы жылдары Орусияда кыргыз эмгек мигранттары туш болгон кырсыктарды кеп кылып, жалпысынан тышка агылган эмгек миграциясына шарт түзүүгө багытталган өкмөттүн саясатын сынга алат:

*«Биринчиден, маселе миграцияны ого бетер күчөтө турган кадамдар менен чечилбеши керек. Анткени «миграцияда жүргөндөрдүн жеңил иштешине шарт түзөлү» деген максаттын өзү туура эмес. Айрыкча кыргыз мигранттарын четке «эшелондоп жөнөткүсү» келген азыркы премьер-министрдин сөзү убагында абдан тескери резонанс жаратkан. Андан бери позициясы өзгөрбөсө иш чатак.*

*Себеби «мигранттардын тышта иштешине шарт түзөлү» дегендин түпкү мааниси - «кыргыз ого бетер тентисин» деген сөз. «Чек арадагы айылдар ого бетер жылаңач калсын» деген сөз. «Эл тыштан акча таап, өкмөттүн башын оорутпай, мыйзамдуу укугун талап кылып митингге чыкпай ошол жакта жүрсүн» деген сөз. «Кыргызстанда кыргыздар азайсын» деген сөз. Элди миграцияга түрткөн кадамдардын баары геосаясий жактан Кыргызстандын көз карандылыгын ого бетер күчөтөт. Мигранттар барган өлкөлөр каалаган учурда өз жарандарыбызды өзүбүзгө каршы коюп, бизди сүйлөгүс кылышына жол ачылат.*

*Көрүнүп тургандай, кайсы жагынан карабайлы, мигранттардын тышка азгырылышына шарт түзгөн кадамдардын артындагы натыйжалары улуттук кызыкчылык үчүн жакшы эмес».* Жыргалбек Касаболотов мигранттардын салган акчасы кайра чет элдик товарларды алыш үчүн сыртка чыгып кетип жатканын эске салган. Маселени чечүүнүн бир жолу катары

Кыргызстанда электромобилдерди жана күн менен шамалдан электр чыгаруучу шаймандарды өндүрүү боюнча ишканаларды ачууну сунуш кылып, автор аны мындайча негиздеген:

*«Биринчиден, дүйнө жүзү акыры баары бир ушуга өтөт. Мунай менен газдын казынасы түбөлүк эмес. Электромобилдер мындан 100 жыл мурун эле чыкканына карабастан дүйнөлүк мунай магнаттары анын ишке киришүүсүн акчанын күчү менен басып коюшканы айтылып жүрөт. Бирок акыры булактын көзү ачылды. Прогрессти токтотуш мүмкүн болбой калды. Ушу тапта Кытай баш болгон бир топ мамлекеттер электромобилдерди каалашынча чыгарууда. Албетте, мунай өндүрүүчүлөрдүн сүрөөнү (лобби) дагы эле күчтүү жана алар бир катар таасирдүү маалымат каражаттарына ээ. Бирок жалпы тенденция башталды. Бул багыттагы иштиктүү илимий изилдөөлөргө акча көбүрөөк жумшалса, андагы айрым техникалык маселелер да чечилет. Дүйнө жүзү баары бир ошого өтө турган болгон соң Кыргызстан эмне үчүн прогресстин башында эмес, куйругунда болушу керек экен?*

*Экинчиден, электромобилдер Кыргызстанда чыкса өлкөнүн өзүнүкү болгондуктан, аны сатып алган, минип жүрүш үчүн электр энергиясын сатып алган мекендештердин акчасы да өлкөнүн ичинде калат. Азыркыдай Кытайга же Орусияга кетпейт.*

*Үчүнчүдөн электромобил заводун ачуу электр өндүрүүчү жабдуулардын (күн жана шамал генераторлору) ишине муктаждыкты жаратат жана аларды чыгара турган ишканалардын зарылдыгын шарттап, Кыргызстанды толук электр өндүрүшүнө жакындата баштайт. Бул кыйыр, бирок объективдүү түрдө ишке аша турган таасири.*

*Төртүнчүдөн, үчүнчү себеп менен кошкондо бул чечим отун-энергетика секторунда башка мамлекеттерден болгон көз карандылыкты азайтат. Айталык, Бишкек ЖЭБин оңдогондон көрө күн жарыгы менен иштеген жаңы станцияны салдырып койсок жыл сайын көмүргө мынча акча коротмок эмеспиз. Бирок албетте, анда биздин коррупционерлер жыл сайын чуулгандуу*

*көмүр тендерине байланышкан схемалардан акча жей албай калмак... Андай мисалдар толтура. Тилекке каршы, коррупциялык кызыкчылыктар дапдаяр турган бир катар прогрессивдүү чечимдердин алдын тороп алып жатканына көп жерден күбө болуудабыз.*

*Бешинчиден, электромобилдерди жана электр өндүрүүчү шаймандарды чыгара турган ишканаларда жумуш орундары түзүлөт. Бул ошол эле мигранттардын бир бөлүгү кайтып келишине акырындап жол ачат.*

*Алтынчыдан бул экологияны тазарта турган технологияларды күчөтөт. Онкологиялык илдеттер, аллергия ж. б. бир катар оорулар жок болбосо да азаят. Менимче абанын булганышынына кесепетин көп эле мекендешибиз сезип жатса керек. Демек, бул жагынан да абдан актуалдуу.*

*Жетинчиден бул чечим ансыз деле мунайы менен газы жок Кыргызстан үчүн абдан туура келет. Араб мамлекеттери, Орусия же Түркмөнстан болсок бир жөн. Эгерде ушундай багытка бет алсак биз аларга эмес, алар бизге жалдырай турган убакыт жакындап келатат.*

*Сегизинчи себеби - экономикада энергетика өздүк наркты түзүүнүн эң башында турат. Өндүрүш жана товар ташуу үчүн зарыл болгон энергия четтен ташылып келгендиктен кымбатка турган булактардын (газ, мунай, көмүр) эсебинен алынса, чыгарылган өнүмдүн өздүк наркы да көкөлөп кетип, сатылгандагы пайданы азайтат. Эгерде Кыргызстан электр энергиясына толук өтсө, башкага сатпаган күндө да анын өндүрүшү атаандаштыкка туруктуу болот. Бул натыйжалуу ишканалардын ачылышын шарттап, ошол эле мигранттар үчүн жумуш орундарын түзүүгө жардам берет».*

(шилтеме - https://aryba.kg/koom/21058-kyrgyzdy-kyrgyzstanga-zhyjnagan-bijlik-gana-jeline-tirch-bolot.html# )

Кыргызстан көп мамлекеттер менен соода-сатык алакасында болгондуктан, ал мамилелердеги импорт менен экспорттун катышы да өлкөнүн экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешелүү. Бул жагынан журналист Эрнист Нурматовдун кыргыз-өзбек жана

кыргыз-казак соодасы тууралуу макалалары ЖМКда улуттук кызыкчылыктарды чагылдыруунун мыкты мисалы боло алат.

«Кыргыз-өзбек соодасы: Бишкек утулду» аттуу макала 2019-жылы 4-февралда жарык көргөн. Анда «Өзбекстан Шавкат Мирзиеёв президенттикке келген акыркы үч жылда Кыргызстанга экспортун беш эсе көбөйттү. 2016-жылы коңшулар Бишкекке болгону 67 миллион долларлык товар жөнөтсө, былтыр бул сумма 350 миллион долларга чукулдады. Ал арада Кыргызстандын Өзбекстанга жиберген товарынын көлөмү эч канча арбыган жок, ал тургай артка кетти. Ошондуктан эксперттер Бишкек соода алакасында Ташкентке уттурганын айтып, бул багытта саясатты оңдош керек экенин эскертишүүдө» деген жыйынтык чыгарылган.

Журналист өз маалыматын деталдаштырып, *«былтыр коңшу өлкө Кыргызстанга 348 млн. долларлык товар жиберсе, бул сумма 2017-жылы 163 миллион долларды түзгөн. 2016-жылы алардын экспорту 67 миллион эле долларга жеткен. Мындан биз акыркы үч жылда Өзбекстан Кыргызстанга импортун беш эсе көбөйткөнүн байкай алдык. Ал эми Кыргызстан Өзбекстанга 2016-жылы 125 миллион долларлык, 2017-жылы 146 миллион долларлык, 2018-жылы 132 миллион долларлык товар жөнөттү. Башкача айтканда коңшуларга экспорт 2016-жылга салыштырмалуу азыраак көбөйдү, 2017-жылга караганда артка кетти»* деген далилдерди келтирет.

Макаладагы эксперттердин арасынан академик Жамин Акималиев:

*«Чынын айтканда бул бизге чоң зыян болду. Себеби биздин өзүбүздө өндүрүлүп жаткан товарлар, өзгөчө түштүк облустардагы жашылча-жемиштер калып калды да, алардын экспорту өтүп кетти. Анын үстүнө буларда жашылча эрте бышат да. «Эл достугу жашасын» деп жатып, алар бизге товарын өткөрдү, бирок ошол эле кезде биздин товарларды өткөрбөй коюшту. Маселен, Өзбекстан «500 миң тонна картөшкөңөрдү алабыз» деп туруп, кези келгенде андан баш тартып коюшту. Себеби алар өздөрүнүн картөшкө өндүрүүчүлөрүн колдоду.*

*...Чек араны ачканда «силердикин биз өткөрөлү, биздикин силер өткөргүлө» деп шарт коюш керек эле. Мунун баары биздин базар экономикасынын жобосун билбегенибиз, бийлик башындагылардын сабатсыздыгы жана мамлекет тарабынан саясаттын жоктугу болуп жатат. Өзүбүздү өзүбүз коргогонду билбей, буларга уттуруп келе жатабыз»,* деген оюн айткан.

Автор Шавкат Мирзиёев 2016-жылы президент болуп шайлангандан бери Өзбекстан Кыргызстанга аба жана жол каттамын жандантканын эске салып, бирок мындан Кыргызстан тарап уттурганын көрсөткөн:

*«Статистика болсо кайра тескерисинче кыргыз-өзбек чек арасы дээрлик жабык турган Ислам Каримовдун доорунда Кыргызстан Өзбекстанга көп товар экспорттогонун көрсөтүп турат. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, 2008-жылдан 2015-жылга чейин Кыргызстан Өзбекстанга 1 млрд. 124 миллион долларлык товар сатып, кайра алардан 771 миллион долларлык товар сатып алган».*

(шилтеме - https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_uzbekistan_trade_economy/29742351.html )

Эрнист Нурматовдун «Кыргыз-казак соодасы: Бишкек утулду» аттуу кийинки макаласы «Азаттык» радиосунун сайтында ошол эле 2019-жылы, 22-майда жарыяланган. Анда автор мындай көрсөткүчтөрдү келтирет:

*«Эгер Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы товар жүгүртүүнүн көлөмүн жиликтесек, мунун көбүн коңшулардын экспорту түзөт. Башкача айтканда, чек арадан өткөн товарлардын 60-70% алар саткан болуп чыгат. Бир нече жылдан бери Казакстан Кыргызстанга экспортун көбөйтүп, көбөйтпөсө да артка кетирбей кармап келди.*

*Кыргызстандын Улуттук статистика комитетинин эсебин алсак, Казакстан Бишкекке 2013-жылы 558 миллион 618,4 миң, 2014-жылы 776 миллион 738,1 миң, 2015-жылы 553 миллион 165,1 миң 2016-жылы 437 миллион 203,8 миң, 2017-жылы 520 миллион 480,9 миң жана 2018-жылы 502,1 миллион долларлык товар сатты.*

*2019-жылдын январь-март айында эле коңшулар Кыргызстанга 125 миллион долларлык товар экспорттоду.*
*Ал эми Кыргызстандын ушул жылдарда бул өлкөгө жиберген экспорту тескерисинче артка кеткени байкалып турат. Маселен, Кыргызстан коңшусуна 2013-жылы 377 миллион 192,9 миң, 2014-жылы 367 миллион 713,4 миң, 2015-жылы 237 миллион 725,2 миң, 2016-жылы 265 миллион 476,3 миң, 2017-жылы 268 миллион 584,1 миң, 2018-жылы 247,2 миллион долларлык товар сатты. 2019-жылдын январь-март айларында Бишкек 67 миллион долларлык товар экспорт кылды».*

Энист Нурматов Кыргызстан ЕАЭБге киргенден кийин деле казак тараптын чек арадагы чектөөлөрү азайбаганын белгилеп, аны мындайча негиздеген:
*«Ал тургай президенттердин маанайынан же саясий жагдайлардан улам кырдаал тескерисинче оорлоп турат. Ошол эле 2017-жылдын күзүндөгү же быйыл жаздагы кыргыз-казак чек арасындагы көзөмөлдү күчөтүү, андан улам өтө албаган жүздөгөн автоунаалардын узун кезеги буга даана мисал».*
Макалада Кыргызстандын Канаттууларды багуучулар ассоциациянын төрагасы, ишкер Рустам Осмоналиевдин пикири келтирилген:
*«Биздин тоок заводдордун, фермалардын Казакстанга экспорту жокко эсе. Биздин тармакта бир да товар экспорттобойбуз. Мүмкүнчүлүгүбүз бар, бирок тоскоолдуктардан улам ал ишке ашпайт. Маселен асыл тукум тоокторду тирүүлөй сатууну Кыргызстан ЕАЭБге киргенге чейин ишке ашырып келген, бирок уюмга киргенден кийин Казакстанга сата албай калдык. Анткени Казакстан уюмдун бирдиктүү реестрине Кыргызстандын компанияларынынын киргизилишине жасалма түрдө бөгөт коюп жатат. Алар өздөрүнүн ата мекендик тоок өндүрүшчүлөрүн, бизге тоскоолдук кылуу менен колдоп жатат. Ошол эле кезде тескерисинче Казакстандан жумуртка, тоок эттерин бизге мыйзамсыз ташуу кескин көбөйдү. Алар тастыктамасыз, салыксыз Кыргызстанда сатылып жатат, үстөмдүк кылып жатат. Натыйжада биздин Кыргызстандагы канаттууларды*

*багуучулар, тоок фермалар жоголуп кетүү коркунучуна кептелип калды. Бул Кыргызстан менен Казакстандын соода алакасында Казакстан гана утуп жатканына бир далил».*

(шилтеме - https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-kazakhstan-trade/29954774.html )

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип, төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот.

1) Чет өлкөлүк ЖМКлардын түзүмдүк бөлүгү болгон, чет мамлекеттерден каржыланган, кыргыз тилинде иш жүргүзгөн ЖМКлардын уставдык миссиясына Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын чагылдыруу кирбейт. Бирок бул жагдай аларда мындай багыттагы материалдар өтө сапаттуу даярдалышына жолтоо боло албайт. Аларга жогорудагы Кубат Чекировдун, Мирбек Сакеновдун, Айбек Бийбосуновдун, Эрнист Нурматовдун макалаларынын мазмуну айкын далил. Мында экономика жаатындагы улуттук кызыкчылыктарды чагылдыруу аудиториянын кызыгуусу менен да, журналисттин тандоосу менен да түшүндүрүлүшү мүмкүн.
2) Экономикалык маселелер боюнча мамлекеттик ЖМКлардын позициясы негизинен улуттук кызыкчылык менен эмес, өлкө жетекчилиги кабыл алган чечимдер менен көбүрөөк негизделет. Бул алардын саясий жана экономикалык жактан бийликтеги чечим кабыл алуучу адамдарга көз карандылыгы менен шартталган.
3) Орус тилдүү ЖМКларда ЕАЭБге жан тарткан пикирлер үстөмдүк кылат. Мында алар Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгы катары көрсөткөн жагдайлар тескерисинче ага каршы келген мисалдар учурайт. Ал эми бул уюмга каршы айтылган жүйөлөр мындай ЖМКларда дээрлик кездешпейт. Ушундан улам Кыргызстандагы орус тилдүү ЖМКлардын позициясы Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгы менен эмес, ЕАЭБдин күч борбору болгон Орусияга жан тартуу менен мүнөздөлөт деп божомолдоого негиз бар.

### *5.3. Кыргызстандын коопсуздук жаатындагы кызыкчылыктарынын ЖМКда чагылдырылышы*

Кыргызстандын коопсуздук жаатындагы маселелери анын географиялык абалы, дүйнө жүзүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр, өлкө ичиндеги улут аралык мамилелер жана саясий процесстер менен объективдүү түрдө байланыштуу. Анткени Кыргызстан төрт мамлекет менен чектешет, алардын ичинен Кытай жана Казакстан менен чек арасы такталган, ал эми Өзбекстан жана Тажикстан менен чек ара маселеси чечилип бүтө элек. Ушундан улам түштүктөгү чек араларда коңшулаш өлкөлөр менен жер, суу талаштын айынан маал-маалы менен мамлекет аралык куралдуу кагылышуулар болуп турат.

Дүйнө жүзүндө диндин таасиринин күч алышы Кыргызстанга да тиешелүү. Улуттук негиздеги жергиликтүү масштабдагы чатактарды эске албаганда да, акыркы 40 жыл ичинде Кыргызстандын түштүгүндө эки жолу улут аралык кагылышуу болгон. Бул изилдөө жүргүзүлүп жаткан учурга карата эгемендик алгандан тартып бийлик үч жолу күч менен алмашылган. Өлкөдө кылмыш дүйнөсүнүн ири өкүлү саясатка ачык аттанып, башка бир өкүлү жаза аткаруу мекемесинен күч түзүмдөрүнүн коштоосунда мамлекеттин чегинен чыгарылган. Коррупцияга байланышкан маселелер бийликтин күч менен алмашуусуна себеп болгон жагдайлардын катарында болгон, аларда аты аталган адамдар менен байланышкан саясий партиялар түзүлгөн. Мунун баары окуя катары да, күч түзүмдөрүнүн аларга карата даярдыгы да ЖМКдагы коопсуздукка байланышкан материалдарга негиз болгону мыйзам ченемдүү. Ошондуктан коопсуздук тармагындагы кайсы бир маселелердин багытына тиешелүү мисалдарды келтирип, алардын натыйжасына же резонансына жараша ЖМКда чагылдырылышын талдоо бул изилдөөнүн системалуулугуна жардам берет деген ойдобуз (9-таблица).

9-таблица. Кыргызстандагы коопсуздукка байланышкан маселелер жана аларга байланышкан окуялардын ЖМКда чагылдырылышы

| Маселелердин багыты | Ага байланышкан окуялардын мисалдары | Натыйжасы жана/же резонансы | ЖМКдагы негизги пикирлер |
|---|---|---|---|
| Чек ара маселелери | Үзөңгү-Кууштун Кытайга өтүшү | Аксы окуялары (бийликтин алмашуусунун себептеринин бири) | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, бийликке болгон сын, ага каршы жүйөлөр |
| | Каркыра жайлоосунун Казакстанга өтүшү | Бийликке болгон сындын күчөшү, митингдер жана антимитингдер, орточо резонанс | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, бийликке болгон сын, ага каршы жүйөлөр |
| | Кемпирабад суу сактагычынын Өзбекстанга өтүшү | Бийликке болгон сындын күчөшү, митингдер жана камакка алуу, чектелүү резонанс | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, бийликке болгон сын, ага каршы жүйөлөр |
| | Өзбекстан менен чек ара чатактары | Чектелүү резонанс | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, күч түзүмдөрүнүн даярдыгы, бийликке карата сын |
| | Тажикстан менен чек ара чатактары | Баткен облусунун тургундарын колдоо боюнча бардык облустардагы митингдер, Интернеттеги маалымат согушу, кеңири резонанс | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, күч түзүмдөрүнүн даярдыгы, бийликке карата сын |
| Диний фактор | 1999, 2000-жылдардагы Баткен окуялары | Баткен облусунун түзүлүшү, эл аралык резонанс | Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү, күч түзүмдөрүнүн даярдыгы, бийликке карата сын |
| Улут аралык мамилелер | 2010-жылы түштүктө болгон улут аралык кагылышуу | Эл аралык резонанс | Өлкөнүн бүтүндүгү, мамлекеттик тилдин ролу, жарандык биримдик/Адам укуктары |
| Бийликтин алмашуусу | 2005, 2010 жана 2020-жылы бийликтин алмашуусу | Бийликтин алмашуусу, баш мыйзамдардын өзгөрүшү, эл аралык резонанс | Кулатылган бийликти сындаган жана колдогон пикирлер |
| Кылмыш дүйнөсүнүн таасири | 2006-жылы Өкмөт Үйүнүн алдында өткөн Рысбек Акматбаевдин тарапкерлеринин митинги | Ири масштабдуу митингдер, бийликтин кылмыш дүйнөсүнүн өкүлү катары таанылган адамдар менен сүйлөшүүсү, кеңири резонанс | Бийликке сын |
| | 2013-жылы Азиз Батукаевдин бошотулушу | Парламенттеги талкуу, күч түзүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтан кетиши, кеңири резонанс | Бийликке сын |
| Коррупциянын таасири | Райымбек Матраимовдун кызматтан бошотулушу, сынга кабылышы, партия түзүшү, камалышы | ЖМКдагы иликтөөлөр, парламенттеги талкуу, бийликтин алмашуусу | Бийликке сын/ЖМКга сын |

Албетте, мындай классификация шарттуу. Биринчиден, бул жагдайлар толук өз алдынча карала турган темалар болбостон, көбү бири-бири менен

тыгыз байланышта болгону аларды туюндурган окуялардан көрүнөт. Мисалы, 1999 жана 2000-жылдары Баткен облусуна Өзбекстан ислам кыймылынын жоочуларынын басып кириши жалаң диний радикализмдин күч алышына гана эмес, ошол кездеги чек аранын коргоосуз калышына да түздөн-түз тиешелүү. Үзөңгү-Кууштун Кытайга өтүшү Аксы окуяларына себеп болуп, ал Аскар Акаевди бийликтен кетирүүдөгү негизги ураандардын бири болгону белгилүү (Өкмөт Үйүнө карай кетип бараткандардын урааны «Жерин саткандарга – өлүм, элин аткандарга - өлүм» болгон). Ош жана Жалалабад облустарында 2010-жылы болуп өткөн улут аралык кагылышуу да жалпы эле ошол жылдагы бийлик алмашуунун контекстинде каралып жүрөт жана ага толук негиз да бар.

Экинчиден бул классификация коопсуздукка байланыштуу ЖМК чагылдырган негизги темалардын ар түрдүүлүгүн толук камтыбайт. Алсак, өлкөдө кесепеттери жагынан Ош окуяларына жетпесе да ар кандай масштабдагы улут аралык башка чыр-чатактар да болуп турган. Бийликти күч менен алмаштыруу аракеттери дайыма эле ийгиликтүү аяктай бербегенин да эске алуу зарыл. Диний радикализмдин коркунучу да жалаң Баткен окуялары менен чектелбейт ж. б.

Үчүнчүдөн ЖМКда өлкө коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү күч түзүмдөрүнүн аракеттери (же аракетсиздиги) тууралуу материалдар да дайыма эле кайсы бир резонанстуу окуяларга байланыштуу боло бербейт. Алар көп жыл бою топтолгон маселелерди талдоо багытында болушу да толук мүмкүн. Айрыкча журналисттик иликтөөлөр бул жагынан кыйла эркин.

Төртүнчүдөн, коопсуздуктун ар кайсы багытына карата коркунучтун чен-өлчөмү да ар түрдүү. Мисалы, диний радикализм диний негизде чыр-чатактар чыкканы үчүн гана эмес, өлкөнүн конституциялык түзүлүшүнө коркунуч келтиргени менен да кооптуу. Чек ара маселелери сөзсүз эле адам курмандыктары менен коштолгон кагылышууларга алып келбестен, өлкөнүн аймактык бүтүндүгүнө да коркунуч келтириши мүмкүн.

Бешинчиден, болуп өткөн окуяларга карата көз караш, демек тиешелүү ЖМКда үстөмдүк кылган лейтмотивдер да ар түрдүү болушу мыйзам

ченемдүү. Атап айтканда, бийлик үчүн күрөштө бийлик өкүлдөрү өз аракеттерин мыйзамдуу, ага каршы чыккандардыкын мыйзамсыз деп эсептешет, тескерисинче, бийликке каршы чыккандар бийликтин аракеттерин мыйзамсыз, өз аракеттерин мыйзамдуу катары көрүшөт. Бул бийлик өкүлдөрүнүн чек ара маселелерине карата кабыл алган чечимдерине да толугу менен тиешелүү. Эгерде талаштуу деп эсептелген же сүйлөшүүнүн объектисине айланган жер коңшулаш мамлекетке өтүп кете турган болсо, бийлик өкүлдөрү төмөнкүдөй жүйөлөрдү келтиришет: а) ал жер башынан эле биздики эмес болчу (Кемпирабад суу сактагычынын түбүндөгү жер Өзбекстандын карамагына өтүп кеткенде айтылган жүйө); б) ал жер талаш жер болчу, талаш жалпысынан биздин пайдабызга чечилди (Каркыра жайлоосунун бир бөлүгү Казакстанга, Үзөңгү-Кууш жайлоосу Кытайга өтүп кеткенде айтылган жүйө); в) эгерде ушундай чечим кабыл алынбаса, анда согуш чыкмак/эл аралык мамиле бузулмак/инвестиция келбей калмак ж.б. Тиешелүү түрдө бийликтин мындай чечимдерине каршы чыккандар бул жүйөлөрдү ар кандай себептер менен же компетентсиздик, же чыккынчылык катары баалашат.

Бирок ошонун баарына карабастан бул темадагы материалдарды иретке салуунун башка жолу азырынча жок.

Андыктан хронологиялык тартипте 1999-2000-жылдардагы Баткен окуяларынан баштасак, алар коопсуздук жаатындагы улуттук кызыкчылыктарды ЖМКда чагылдыруунун башталышы да, классикалык мисалы да болгон десек жарашат. Анткени мамлекеттин да, элдин да, күч түзүмдөрүнүн да мүдөөсү Өзбекстан ислам кыймылынын жоочуларын өлкө чегинен сүрүп чыгуу болгону маалым. Баткен окуяларын чагылдырууга менчиктин формасына, иш жүргүзгөн тилине карабастан өтө көп маалымат каражаттары катышкан. Бул окуялардын жүрүшүндө өкмөттүк жана эркин маалымат каражаттарынын жалпы позициясы бири-бирине карама-каршы келген эмес, бирок маалыматтарга жеткилик алууда, аларды пайдаланууда жана чечмелөөдө кескин айырмачылыктар болгон. Алсак, өкмөттүк ЖМКлар

күч түзүмдөрү жана бийлик өкүлдөрү берген маалыматты гана пайдаланса, жеке менчик жана эл аралык ЖМКлар маалыматтарды тандоо жана чечмелөө жагынан алда канча эркин болушкан. Маалыматка жеткилик берүү жагынан өкмөттүк ЖМКларга кыйла артыкчылыктуу шарттар түзүлгөн, анткени алардын өкүлдөрү окуялар болуп жаткан жерге атайын топтор менен жеткирилип, бардык зарыл шарттар менен камсыз болгон.
Бул окуялардын жүрүшүндө Кыргыз улуттук «Кабар» маалымат агенттиги өлкөдөгү бардык маалымат каражаттары үчүн бирдиктүү жаңылыктар штабы катары кызмат кылган. Ошол кездеги Коопсуздук кеңешинин катчысы Болот Жанузаков дээрлик күн сайын согуш аракеттери тууралуу басма сөз жыйындарын өткөрүп турган. Агенттикте бул окуяга тиешеси бар башка кишилер да басма сөз жыйындарын өткөрүп, мекеме Баткен окуялары боюнча расмий маалыматтардын чордонуна айланган. Барымтага түшкөн жапон геологдорун куткарууну көздөгөн жапон тарап агенттиккке жандоочтук байланыш каражатын берип, анын аркасы менен агенттик атайын кабарчысы Турат Акимов аркылуу окуялар тууралуу эң ыкчам кабарларды алып турган. Бирок коопсуздукту камсыз кылуу максатында алардын баары эле жарыкка чыгарыла берген эмес.

Жалпысынан бул окуялардын жүрүшүндө өкмөттүк маалымат каражаттары расмий маалыматтарды таратуу менен чектелсе, эркин ЖМКларда кыргыз кеңири аналитикалык тыянактарга, өтө курч сын пикирлерге жол берилген. Алсак, бул окуяларды чагылдыруунун алкагында чек аранын коопсуздугу, Куралдуу күчтөрдүн камсыздалышы, диний экстремизм, эл аралык терроризм, Борбор Азиядагы геосаясий абал, Өзбекстан ислам кыймылынын таржымалы жана башка маселелер Кыргызстандагы ЖМКлардын күн тартибиндеги орчундуу темалардын бирине айланган. Бул окуялар бүткөндөн кийин да аларга болгон журналисттердин кызыгуусу өчкөн эмес. Атап айтканда, «Асаба» гезитинин журналисти Карамат Токтобаеванын эскерүүлөрү 2004-жылы «Жоокерлер кушка айланып учуп жүрөт» деген

жыйнак болуп басылып чыккан (шилтеме - https://www.youtube.com/watch?v=NSfNTHVMyGA ).
Ушу тапта 1999-2000 жылдары электрондук жана санариптик ЖМКларга чыккан материалдардын архивдери Интернетте жеткиликсиз. Андыктан алардан контенттик мисал келтирүү мүмкүн эмес.

ЖМКда улуттук кызыкчылыктардын коопсуздук жаатындагы өңүтүн чагылдырган материалдардын бир тобу Үзөңгү-Кууш жайлоосунун Кытайга өтүшү менен байланыштуу. Бул окуя парламентте кеңири талкууланып, оппозициянын сын пикирлерине негиз болуп, бийликтин чечимине каршы чыккан активисттердин бири Шералы Назаркулов ачкачылык кармап жатып каза болгону белгилүү. Маселени жигердүү козгогон депутат Азимбек Бекназаровдун камакка алынышы анын бошотулушун талап кылган жердештеринин митингине себеп болуп, ал күч түзүмдөрү менен митингчилердин кагылышуусунан улам адамдардын өлүмү менен аяктаган. Өз кезегинде бул окуялар 2005-жылдагы окуялардын негизги себептеринин бирине айланган.

Бул окуяларды чагылдырууда ЖМКлар материалдарынын мазмуну жагынан үч чоң топко бөлүнгөн (10-таблица).

10-таблица. Үзөңгү-Кууш жайлоосунун Кытайга өтүшүнө байланышкан окуялардын ЖМКда чагылдырылышы

| | Өкмөттүк ЖМКлардын негизги жүйөлөрү | Оппозициялык ЖМКлардын негизги жүйөлөрү | Кыргызстандагы эл аралык ЖМКлардын позициясы |
|---|---|---|---|
| Эң таасирдүү өкүлдөрү | КТР, «Кыргыз туусу», «Слово Кыргызстана» гезиттери ж.б. | «Асаба», «ResPublika» гезиттери ж.б. | «Азаттык» радиосу |
| Үзөңгү-Кууштун Кытайга өтүшү | Бул жер талаш болгон, Кыргызстан чынында утту | Бул жерди Кыргызстан пайдаланып келген, Кыргызстан утулду | Бейтарап |
| Депутат Азимбек Бекназаровдун камалышы | Азимбек Бекназаров мыйзам чегинде камалган | Азимбек Бекназаров чек ара боюнча бийликтин чечимине каршы чыкканы үчүн камалган | Адам укуктарын коргоо |
| Аксы окуялары | Окуяга оппозиция күнөөлүү, анткени туруктуулукту бузуп жатат | Окуяга бийлик күнөөлүү, анткени күч түзүмдөрү куралсыз элге ок аткан | Адам укуктарын коргоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2005-жылдагы бийликтин алмашуусуна чейин | Оппозициянын иш-аракеттери мыйзамсыз, туруктуулукка коркунуч келтирүүдө | Бийлик легитимсиз, анткени улуттук кызыкчылыкка каршы чечимдерди кабыл алган | Бейтарап |
| 2005-жылдагы бийликтин алмашуусунан кийин | Бийлик башына келген мурдагы оппозицияны толугу менен колдоо | Маселе чечилген жок, бийлик гана алмашты | Бейтарап |

Кыргызстандын өнүгүү тарыхынын бул мезгилиндеги ЖМКлардын аракетине баа берүүдө бир нече жагдайды эске алуу зарыл.

Биринчиси электрондук ЖМКлардын ичинен КТР дээрлик монополия абалында болгонуна байланыштуу. Анткени жеке менчик телеканалдардын таасири ага көп чен-өлчөмдөрү, айрыкча техникалык мүмкүнчүлүктөрү жагынан жеткен эмес. 2005-жылдагы парламенттик шайлоого көз салган эл аралык байкоочулар телекөрсөтүү маалымат алуунун бирден-бир булагы болгонун жана өлкөдө көз каранды эмес деп атагыдай телеканалдар жок экенин белгилешкен (М. М. Мырзагулов. Электронные СМИ Кыргызской Республики в контексте общественно-политической трансформации в XXI веке (2005-2006 гг.) Вестник Санкт-Петербургского университета. Сер. 9. 2007. Вып. 2 ч. II. Стр. 311).

Чек ара маселелерине карата өкмөттүк маалымат каражаттары улуттук кызыкчылыктын ар кандай өңүттөрүн эмес, анын бийлик тарабынан берилген түшүндүрмөсүн гана чагылдырган, ал эми башка пикирде болгондорду сынга алган материалдарга басым жасаган.

Бул эки жагдай тескерисинче аудиториянын улуттук кызыкчылыктар боюнча оппозициялык ЖМКлардын материалдарына кызыгуусун күчөткөн.

Экинчиси эркин же оппозициялык ЖМКлардын таасирине байланыштуу. Өлкөнүн аймактык бүтүндүгү жана бийликтин элге таянышы улуттук кызыкчылыктын темасы болгондуктан, алардын бул багытта даярдалган материалдары расмий маалымат булактарына ишенбеген аудитория үчүн бирден-бир альтернативалык контентке айланган.

Үчүнчүсү эл аралык ЖМКлардын позициясына жана кабыл алынышына тиешелүү. Алардын көбү, биринчи иретте «Азаттык» радиосу демократияны

жана адам укуктарын илгерилетүү, бейтарап маалымат жеткирүү вазийпасын жарыялагандыктан, анда оппозиция өкүлдөрүнүн пикирлерине кеңири орун берилген. Бул өз кезегинде бийлик өкүлдөрү да, аудитория да аларды бейтарап эмес, оппозициялык ЖМК катары кабыл алышына шарт түзгөн.

ЖМКдагы карама-каршылыктар алар даярдаган материалдардын мазмуну менен темаларынан да ачык көрүнгөн. Атап айтканда, А. Бекназаровдун камакка алынышын «Аалам» гезити 2002-жылдагы №2 (385) санында анын саясий багытын сындыруу жана бийликке каяша айткандарга сабак катары белгилеп, «Элдин жаалы катуу» деген материал жарыялаган. Тескерисинче, 2002-жылы «Кыргыз туусу» гезитинин №2 (22596) санында Эсенбай Калдаровдун «Белгисиз депутат Бекназаров кантип «баатырга» айланды?» аттуу макаласы, ошол эле жылы 18-январда «Эркин Тоо» гезитинин №5 (1115) санына Р. Байкубатовдун «Колуң менен жасаганды мойнуң менен тартасың» деген макаласы жарыяланган. Бул окуялардын ЖМКда чагылдырылышы тарыхчы Батма Назарбаеванын «2002-жылдагы Аксы окуясы: булактар жана изилдөө ыкмалары» аттуу кандидаттык диссертациясында кыйла кеңири изилденген (Назарбаева Батма Суйналиевна. 2002-жылдагы Аксы окуясы: булактар жана изилдөө ыкмалары. Жалал-Абад мамлекеттик университети. Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын алуу үчүн жазылган диссертация. 21, 23-беттер).

Ушул жана башка көптөгөн саясий, экономикалык себептерден улам 2005-жыл Кыргызстанда бийлик күч менен алмашкан. Бийликти алмаштыруунун жүрүшү талоончулук аракеттери менен коштолгон. КТР Аскар Акаевди бийликтен кетирген күчтөрдүн карамагында калып, алар үчүн «эркин микрофон» форматында иштеген. Көп өтпөй жалпы эле өкмөттүк маалымат каражаттары толугу менен жаңы бийлик тарабына өтүүгө аргасыз болушкан. Кабарлар өтө тез алмашып жаткан шартта объективдүү маалыматтын булагына «Азаттык» радиосу айланган. Жергиликтүү телеканалдарда талоончулукту токтотууга үндөгөн чакырыктар ийгиликке жетпей, ал күч түзүмдөрүнүн жана элдик кошуундардын күчү менен экинчи

күнү гана токтотулган. Бийликтен кеткен Аскар Акаев Орусиянын маалымат каражаттарынан Кыргызстандагы жеңишке жеткен оппозицияны айыптоосун уланткан. Өлкөдө туруктуулук олуттуу сыноого туш келип, Орусиянын Биринчи каналындагы «Времена» программасында армениялык саясат таануучу Андраник Мигранян ачык эле «Кыргызстандын түштүгүн өзбекстанга, түндүгүн Казакстанга бөлүү Орусиянын кызыкчылыгына туура келерин» айткан. Бул Кыргызстанда өтө кескин сын пикирлерге себеп болгон.

Мындай шартта кыргыз интеллигенциясынын баары болбосо да бир топ көрүнүктүү өкүлдөрү өлкөнүн коопсуздугуна жана келечегине, мамлекеттин субъект катары сакталып калышына байланыштуу кабатырлыгын билдирип, басма сөз беттеринде ой бөлүшкөн жайы бар. Атап айтканда, тарыхчы Жыргал Момбекова 2005-жылдын 10-майында «Слово Кыргызстана» гезитинде кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «Экстренный переворот» («Чукул төңкөрүш») аттуу маеги жарыяланганын мисал келтирет. Анда жазуучу бийликтин алмашуусуна объективдүү себептер болгонун белгилеп, мамлекеттин сакталып калышына байланыштуу тынчсызданганын мындайча ортого салган:

*«То, что произошло, можно сказать, в мгновение ока, когда многотысячная толпа захватила государственный «Белый дом», – событие сложное, тяжкое, психологически и политически надсадное, но оно неизбежно назревало, потому что те роковые проблемы (массовая бедность, массовая безработица и не менее массовая коррупция), которые многие годы сопутствовали деградации, а не развитию, дали о себе знать именно таким радикальным и подчас диким образом... Так, наверное, и должен был завершиться этот фатальный исход... Так вот, каковы будут новые перспективы? Вот о чем сейчас душа болит и думается. Смогут ли новые лидеры разработать программу дальнейшего интенсивного развития страны и государства?.. Я очень переживаю: мы молодое государство, нам всего 15 лет, насколько мы сумеем не нарушить необузданностью государственную систему?.. Для нас это наиважнейший социальный и национальный вопрос,*

*ибо наша судьба связана с базисной структурой мирового бытия, с государством...»* (Жыргал Момбекова. Народная революция в Кыргызстане (24 марта 2005 года). «Образование и право», №7 (2021), 426. Шилтеме - file:///C:/Users/user/Downloads/narodnaya-revolyutsiya-v-kyrgyzstane-24-marta-2005-goda.pdf ).

2006-жылы кылмыш дүйнөсүнүн өкүлү катары аттары аталып жүргөн кишилердин саясатка аралашуусу чоң резонанс жараткан. Атап айтканда, бир нече кылмыш боюнча айыпталып, кийин Бишкектин Биринчи май райондук сотунда акталып чыккан Рысбек Акматбаев 2006-жылы Балыкчы округу боюнча депутаттыкка аттанып, жеңип чыккан. Бирок депутаттык мандатты ала электе 10-майда Бишкектин жанындагы мечиттердин биринин алдында кылмышкерлердин колунан каза тапкан. Аны менен акыркы маектердин бири 2006-жылдын 11-майында, өзүнүн көзү өткөндөн кийин «Лица» гезитине кечигип чыккан. Анда Рысбек Акматбаев парламентти өлкө кызыкчылыгында жана таза иштөөгө мажбур кыларын айтат:

*«Депутаттар 15 жылдан бери эч нерсе жасабай эле бирин-бири ушакташып, бири-бирине асылып эле отурушат. Мен депутат болуп калсам, алардын иштей баштаары үчүн аракет кылам жана ага ишенем. Ал турсун, министрлер да иштей баштайт».*

Ал бул оюн кандай аткарарын түшүндүрүп жатып: «*Мен ал жакка барсам андай байларды кысмакка алмакмын да, Кыргызстандын 2 миллиард долларды түзгөн тышкы карызын төлөп, кутултмакмын. Анан өзүбүзчө чыныгы эркин мамлекетке айланмакпыз»* деген пландарын ачыкка чыгарган. Маектин аягында ал: *«Биздин солдаттарга карасаңар, ал турсун, Улуттук Гвардиядагы солдаттарды шапке менен урсаң кулап түшүшөт. Бизге ушундай солдат керекпи? Дагы жакшы, кошуналарыбыз ынтымактуу, душман жок. Проблемабыз эмнеде? Бийликте коркоктор отурушат. Алар Кытайдан абдан корккондуктан, Үзөңгү-Кууштуу сатып жиберишти. Өзбектерден корккондуктан, нефтибизди берип коюшту»,* деп билдирген (шилтеме - https://www.super.kg/article/show/52 ).

Бул маек ошол кездеги бейформал топтордун лидерлеринин дымагын жана таасирин гана көрсөтпөстөн, улуттук кызыкчылыктарды коргоо тууралуу пикирлердин спектри канчалык кеңири болгонунан да кабар берет.
2010-жылы Курманбек Бакиевдин бийликтен кетиши күч түзүмдөрү менен 7-апрелде Ала-Тоо аянтына чогулган элдин кандуу кагылышуусу менен коштолгон. Бийлик альтернативалуу ыкчам маалымат бере ала турган электрондук маалымат каражаттарынын баарын техникалык жактан бөгөттөп салгандыктан «Азаттыктын» сайтындагы жаңылыктарга кириш үчүн окурмандар атайын санариптик ачкыч колдонушкан. Оппозиция Таластагы бийликти алганы тууралуу бул радионун маалыматтары ошентип таратылган. Андыктан ошол күндөрү бул окуялар тууралуу чыккан ыкчам жаңылыктарды жана алардын таасирин талдоодо бул жагдай сөзсүз эске алынышы керек.

Бийликти колдогон күч түзүмдөрүнүн огунан 87 кишинин курман болгонунан тышкары, бул окуялар мурдагы бийликтин өлкөнүн бүтүндүгүн бузуу аракеттери менен да коштолгон. Ага мурдагы президент Курманбек Бакиевдин бийликтен кеткенден кийин өзү туулуп-өскөн Жалалабад облусунун Тейит айылында 12-апрелде «Азаттык» радиосунун кабарчысы Ырысбай Абдраимовго берген интервьюсу далил боло алат. Анда ал «кан төгүүгө мен күнөөлүү эмесмин» деп митингчилердин өзүн күнөөлөп, өзүнүн андан аркы пландары тууралуу суроого:
*«Аскер деп айтпайын, Ички иштер министрин кетирди, бирок укук коргоо жагында иштегендердин көпчүлүгү азыр биз жакта. Аскердин кызматкерлери биринчи жетекчилерин алмаштырды, офицерлер, башка көпчүлүгү мен тарап. Мен президент катары биздин Ички иштер кызматкерлерине кайрылгым келет, коопсуздук комитетинде иштеген, аскер кызматында иштегендерге эч качан, эч кандай жол бербегиле дагы бир от чыгып кеткенге. Биринчиден, башчыңар өз ордунда. Жалал-Абадда президенттик милдетимди ушул жерден мен аткара берем. Керек болсо Ошко барам, резиденциямды Ошко көчүрөм»* деп жооп берген (шилтеме -

https://www.azattyk.org/a/Kyrgyzstan__Ousted_President_Kurmanbek_Bakiev_/2009708.html )

Анын мындай пландары ишке ашпай калганын Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун кабарчысы Дина Токбаеванын 16-апрелде жазган кабарынан көрүнөт. Анда кабарчы:

*«Курманбек Бакиевдин Ош шаарында өткөн митингдин алдына чыгып сүйлөөсүнө эл мүмкүнчүлүк берген жок. Муну айрым серепчилер президенттин Бишкектеги Убактылуу өкмөткө каршы Түштүк элин топтоп чыгуу аракети оңунан чыкпай калды деп айтышууда.*

*Президент Ошко барып митингге чогулган элдин алдына чыгып, өз талапкерлерине кайрылуу жасоону пландаган. Бирок Оштогу Борбордук аянтта убактылуу өкмөттүн жактоочулары менен президент Бакиевдин колдоочулары тиреше кетишип, бир канча жолку абага атылган октон кийин тынчып калышкан. Ушул окуядан кийин 15-апрелде Бакиев Кыргызстандан чыгып кетти. АКИпресс маалымат агенттиги кабарлагандай, президент Жалал-Абаддан атайын учак менен Казакстандын Тараз шаарына учуп кеткен.*

*Көп убакыт өтпөй, Reuters маалымат агенттиги Кыргызстандын убактылуу өкмөтү Курманбек Бакиевдин президенттик кызматтан кетүү арызын алгандыгын кабарлады.*

*Бакиевдин Оштогу митингде пайда болуп калың элдин колдоосуна ээ болуу аракети, анын өлкөнүн борбору - Бишкекти таштап кеткенден кийинки экинчи аракети эле. Биринчи Бакиевди колдоо митинги 13-апрелде Жалал-Абадда болуп, ага 4 миңге чукул эл катышкан.*

*Бакиевдин ушундай эле митингди өлкөнүн түштүк борбору болгон Ош шаарында өткөрүү оюу оңунан чыкпай, митинг башталбай туруп эле аяктады»*, деп баяндаган.

(шилтеме - https://iwpr.net/ky/global-voices/kyrgyzstan-bakiev-oz-aymagynda-koldoo-tappagan-son-prezidenttik-kyzmatyn-tapshyruu )

Бул материалдар ошол күндөрү коопсуздук жаатындагы улуттук кызыкчылыктарга, анын ичинде мамлекеттин бүтүндүгүнө карата пайда болгон коркунучтарды ЖМКлар кандай чагылдырганын көрсөтүп турат.

2010-жыл өлкө түштүгүндөгү улут аралык кагылышуу менен да эсте калганы белгилүү. Анын жүрүшүндө өкмөттүк ЖМКлар негизинен маалымат таратуу жана элди ынтымакка үндөгөн интеллигенция өкүлдөрүнүн чакырыктарына орун берүү менен алек болсо, эркин маалымат каражаттары окуянын кескин курчуп кетишине шарт түзгөн саясий жагдайларды өз алдынча аныктоого да аракет кылышкан. Алардын арасында бул кагылышууга кескин түрткү берген катализаторлордун бири катары 2010-жылдын 7-апрелинде бийликтен кеткен Курманбек Бакиевдин жакындарынын аракеттери менен байланыштырган көз караштар да кеңири орун алган жайы бар. Мындай жоромолдордун бири катары «Нур Эл» гезитинин 2010-жылы 24-июнундагы санында чыккан Улан Мамбетовдун «Кыңыр иш кырк күнгө жетпей билинет» аттуу макаласын мисал келтирсек болот. Анда автор түштүктөгү улут аралык мамилелердин курчуп кетишин мурдагы президенттин иниси, Мамлекеттик күзөт кызматынын мурдагы башчысы Жаныш Бакиевдин кызыкчылыгы жана алака-катыштары менен мындайча байланыштырган:

*«Бүгүнкү күнү Кыргызстандын эле эмес, дүйнө коомчулугу да түштүк жергебизде болгон кыргыз менен өзбек кагылышуусун талкуулап, бирок чыныгы себептерин билише элек. Бирок, бул эки элдин ортосуна от жаккандар Бакиевдер экендигине төмөнкү далилдерди окуган адам оңой эле ишенет.*

*Айтайын дегенибиз, Жаныш Бакиев Тажикстандын Тоолу Бадахшан облусунда жатып алып, коңшу өлкөбүздүн Улуттук коопсуздук кызматынын генералынын жардамы менен эки улуттун ортосундагы чыңалып турган абалды оңой эле курчутуп жиберген. Себеби, Ош жана Жалал-Абад облусунун тургундарыны айтымында, канчалык эки улут бири-бирин жек көрүп турганда да, мынчалык мыкаачылыкка (энелерди, он гүлүнүн бири ачыла элек балдарды өлтүрүүгө) барышмак эмес.*

*Бүгүнкү күнү, түштүктөгү чатакка Тажикстандын генералы Абдулло Назаровдун түздөн-түз тиешеси бар экендиги ачыкка чыгууда. Тактап айтсак, Ош жергесинде кыргыз-өзбек дебей аларды автоматтын огу менен кырып, көрүнгөн жерде жашынып, снайперлер менен терип аткан тажик улутундагы бир топ жалданма канкорлор кармалып, сурак беришүүдө. Биз мында тажик боордошторубуздун атына көө сыйпоодон алыспыз, бир гана жогорудагы генералдын былык кылыктарынын жүзүн окурмандарга ачып берүүнү туура көрүп олтурабыз. Жаман улут болбойт, жаман адам болот дегендей, кары-жаш, бала-аял дебей, четинен кырууга жөндөмдүү жалданма канкорлорду табуу да катардагы адамдын колунан келе берчү иш эмес.*

*Курманбек Бакиевдин иниси Жаныштын Тажикстандын Тоолу-Бадахшан облусунда жашынып жаткандыгы тууралуу маалыматтар мурда бир катар ММКларда айтылган эле, бирок аны анда ким канатынын алдында калкалап жаткандыгы тууралуу эч ким кабардар эмес эле. Көрсө, ал өзүнүн мурдагы «черный рыноктогу» бизнес өнөктөшү, Тоолу-Бадахшан облусу боюнча Улуттук коопсуздук кызматынын начальниги Абдулло Назаровдукунда конок болуп жүргөн экен. Аны досу дегенибиздин себеби, Афганистандан Орусия жана Европага кеткен жүздөгөн тонна баңги-заттар Орто Азия мамлекеттерин транзит катары колдоноору маалым. Ал эми убагында күч структураларын парда артында башкарган Ж.Бакиев ИИМдин баңги-бизнес менен күрөшкөн таза эмес кызматкерлерин четинен кармап, нарко каналдардын баарын бууй баштаган Баңгизаттарды көзөмөлдөө агенттигин жаптырганын анын кызматкерлери бүгүнкү күнү айтышууда. Кыскасын айтканда, мүнөздөрү төп келишкен жасалма генералдар Жаныш менен Абдулло бат эле тил табышып, кирешелүү баңги-бизнеси менен шугулданып жүргөнүнө бир топ эле убакыт болуптур. Тагыраак айтканда, Ж.Бакиев Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын 1-орун басары болуп дайындалганда, Абдулло Назаров да Тажикстандын Улуттук коопсуздук кызматынын жетекчисинин орун басарлык кызматын аркалап келген».*

Автор андан ары Кыргызстандагы улут аралык кагылышуу эки өлкө арасындагы согушка да айланып кетиши мүмкүн болгонун белгилеп, аны мындайча негиздеген: *«...Бул эки жасалма генерал Ош жергесинде жашаган кыргыз менен өзбектерди гана чабыштырбастан, бул чатакка Кыргызстан менен Өзбекстанды тартууга аракет кылгандыгын укук коргоо органдарынын айрым кызматкерлери айтууда. Бирок, эки мамлекет ортосундагы кагылышуу Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун маселени тамырынан көрүп, эмоцияга алдырбай, даанышмандыгын көрсөткөндүгүнөн гана токтоп калды. Эгер, ал өзбек аскерин Кыргызстанга киргизүүгө буйрук бергенде, далай кандар агылмак…»*
(шилтеме - https://presskg.com/?dw-glossary=%D0%BD%D1%83%D1%80-%D1%8D%D0%BB-%E2%84%9621-24-06-10 )

Коопсуздук жаатындагы улуттук кызыкчылыктардын чагылдырылышына түрткү берген окуялардын бири 2013-жылы кылмыш дүйнөсүнүн өкүлү атыккан Азиз Батукаевдин катуу ооруп жатат деген негизде соттун чечими менен бошотулуп, күч түзүмдөрүнүн коштоосунда Орусияга чыгарылып кетиши болду. Буга байланыштуу парламентте өтө чоң наарazы пикирлер айтылып, кийин бул ишке байланыштуу бир катар кызмат адамдарына кылмыш иши козголгон. Бирок ошол кезде ЖМКда чыккан материалдарды электен өткөрө келгенде алардын басымдуу көпчүлүгү жаңылыктар жана тиешелүү адамдардын комментарийлери менен чектелгени көрүнүп турат. Бул окуялардын жүрүшүн жана чоо-жайын кеңири талдаган материалдарга 2013-жылдын 28-октябрында «Азаттык» радиосунда Жанар Акаев менен Улан Асаналиевдин видео форматтагы «Батукаевге ким жол ачты?» деген атайын иликтөөсүн мисал келтирсек болот (Жанар Акаев, Улан Асаналиев. Батукаевге ким жол ачты? «Азаттык» радиосу, 28-октябрь, 2013-жыл. Шилтеме - https://www.azattyk.org/a/25150762.html ).

Бул иликтөө кеңири коомдук резонанс жаратып, радионун «YouTube» каналында 3 миллион 200 миңден ашуун жолу көрүлгөн (Санжар Эралиев, Давран Игамбердиев. «Азаттыктын» иликтөөлөрү: Батукаев, Бакиев,

Матраимов... «Азаттык» радиосу, 7-ноябрь, 2022-жыл. Шилтеме - https://www.azattyk.org/a/32115819.html )

Орус тилдүү ЖМКлардын ичинен бул темага 24.kg агенттиги кайрылып, кабарчы Махинур Ниязова 2013-жылдын 12-апрелинде «Как «вор в законе» посмеялся над зоной.kg?» деген кеңири макаласын чыгарган. Анда бул сыяктуу окуялар өлкөнүн жетекчилиги жана күч түзүмдөрү үчүн маскаралык катары бааланат:

*«Помнится, в бытность президентом Курманбек Бакиев тоже обещал «бороться с криминалом», а сам в это время выходил на поклон к ныне покойному кримавторитету Рысбеку Акматбаеву. Этот позорный факт неоднократно припоминала ему оппозиция, ныне возглавляющая страну. Новая власть, как и свергнутая ею, сегодня также клянется своему народу, что поставит криминал на колени. Отчего же смеется Азиз Батукаев, попивая чай в Грозном?..» (Махинур Ниязова. «Как «вор в законе» посмеялся над зоной.kg?»* 24.kg, 12 апреля 2013 г. Шилтеме - https://24.kg/archive/ru/community/152112-kak-laquovor-v-zakoneraquo-posmeyalsya-nad-zonojkg.html/ )

2013-жылдын 16-апрелинде vesti.kg сайты «Фабула» гезитинин №27 санындагы парламент депутаты Болот Шердин бул окуяга байланыштуу сөзүнө шилтеме келтирген:

*«Я возбудил против него уголовное дело, когда он отрезал уши 16 кыргызов и повесил у себя чеченский флаг. Если правоохранительные органы не уважают память убитого Батукаевым полковника Болота Толонова, если мы, депутаты, не уважаем память своего коллеги Тынычбека Акматбаева, тогда дело плохо. Это заранее подготовленная акция. Правоохранительные органы все об этом знают, поэтому нужно позвать их и спросить. Здесь попран не закон – попраны честь и гордость кыргызов». Действительно, похоже, у Нарынского городского суда, вынесшего решение об освобождении Батукаева, помутился разум».*

(Депутат Болот Шер напомнил общественности о том, как Азиз Батукаев «отрезал уши». vesti.kg, 16 апреля 2013. Шилтеме - https://vesti.kg/obshchestvo/item/19882-deputat-bolot-sher-napomnil-obschestvennosti-o-tom-kak-aziz-batukaev-otrezal-ushi.html )

Кыргыз ЖМКлары бул окуяга байланыштуу териштирүүлөрдү жана сот иштерин да чагылдырышкан, бирок алардын көбү жаңылыктар форматында болгонун эске алуу зарыл.

Жалпыга маалымдоо каражаттары Кыргызстан эгемендик алгандан бери коррупцияга байланышкан маселелерди иликтеп, тиешелүү окуяларды жана тенденцияларды чагылдырып келатышат. Мунун эки чоң себеби бар. Биринчиден, коррупциянын өзү мамлекеттин келечегине, коопсуздугуна жана туруктуулугуна коркунуч келтирген эң орчундуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №570 жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында коррупция «Ички коркунучтардын» катарында биринчи орунда турат. (Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы. Шилтеме - https://cbd.minjust.gov.kg/430815/edition/1118046/kg ). Экинчиден, ушунун өзү коомчулукта коррупцияга байланышкан иштерге карата чоң кызыгуу жаратып, ЖМКлардын бул теманы улам тереңирээк чагылдырылышын шарттоодо.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында коррупция темасы көбүнчө саясатчылардын комментарийлери жана жаңылыктар аркылуу чагылдырылып келсе, кийинки жылдары журналисттик иликтөө жанры кыйла күч алганы байкалат. Атап айтканда, Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимовдун ишмердүүлүгүнө жана таасирине байланыштуу «Азаттык» радиосу 2017-жылдан тартып көп жылдар бою жүргүзгөн журналисттик иликтөөлөр бардык негизги чен-өлчөмдөр боюнча - ага катышкан адамдардын саны, техникалык мүмкүнчүлүктөрдү

колдонуу, жараткан коомдук-саясий резонансы жана масштабдуулугу жагынан бул жанрдын классикалык үлгүсү болуп калды десек болот.

Коопсуздукка байланыштуу Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын чагылдыруунун актуалдуулугу 2021 жана 2022-жылдары Тажикстандын Кыргызстандын аймагына куралдуу кол салуусунун мезгилинде ачыкка чыкты. Бул темага кайрылган журналист жана талдоочу Жыргалбек Касаболотовдун бир нече макаласы конкреттүү сунуштары менен кызыгуу жараткан. Атап айтканда, анын «Фейсбук» баракчасындагы «Иштебеген келишим жана гибриддик согуштун өзгөчөлүктөрү» аттуу макаласы «Алакан» сайтында 2021-жылдын 1-майында жарыяланган. Анда автор тажик тарап гибриддик согуштун элементтерин колдонуп жатканын билдирген жана өзүнө алынган милдеттенмелерди аткарбай турганын эске салган. Талдоочу аскерлерге душмандын аракеттерине жооп иретинде мээлеп ок атууга, согуш жүрүп жаткан жердеги жергиликтүү элге өзүн коргоо деген негизде курал алып жүрүүгө уруксат берүүнү, тажик тараптын мобилдик байланышына жана Интернетине Кыргызстан тараптан бөгөт коюуну, ал жакка бара турган азык-түлүк, күйүүчү май жана башка зарыл нерселерди өткөрбөш үчүн элдик кошуундарды уюштурууну ж.б. сунуш кылган. (Жыргалбек Касаболот. Тажик тарап келишимдерди эч качан аткарган эмес жана аткарбайт. «Алакан» сайты, 01.05.2021. Шилтеме - https://alakan.biz/2021/05/01/zhyrgalbek-kasabolot-tazhik-tarap-kelishimderdi-ech-kachan-atkargan-emes-zhana-atkarbajt/ )

Ушул эле автор 2021-жылы «Политклиника» гезитинин сайтындагы «Жаңы дипломатиянын зарылдыгы» аттуу макаласында геосаясат жаатындагы башка сунуштары менен катар Канттагы ЖККУнун авиабазасы кыргыз-тажик чек ара чатагында эч кандай жардамы тийбегенин жүйө келтирип, ЖККУ сыяктуу уюмдардын курамынан чыгып кетүү маселесин көтөргөн («Политклиника» гезитинин сайты. Шилтеме - https://pk.kg/news/inner/21887/ )

2022-жылы Тажикстандын Кыргызстанга каршы куралдуу агрессиясы кайра кайталанган соң Жыргалбек Касаболотов 2022-жылдын 21-октябрында «Алакан» сайтында «Кыргыз-тажик чатагы боюнча актуалдуу сунуштар»

аттуу макаласын жарыялаган. Анда автор Украинага каршы Орусия колдонуп жаткан Ирандын «Шахед 136» дрондору Тажикстан тараптан да Кыргызстанга каршы колдонулушу мүмкүн деген оюн ортого салып, аны мындайча негиздеген:

*«Иран менен Тажикстан жери да кыйла жакын, эли да тектеш. Эгерде мындай дрондорду сурап кыргыз тарап менен тажик тарап барса, кыргыз тарапка сатуудан да баш тартып, тажик тарапка бекер же насыяга бериши толук мүмкүн. Украинада кыйла натыйжалуу колдонулганын билген соң тажик тарап бул дрондорго жакынкы жылдары сөзсүз кызыгат деп ойлоого толук негиз бар. Демек, бул жакынкы келечекте бизге келиши мүмкүн болгон ыктымал коркунучтардын бири».*

Автор бул дрондордун аскердик-техникалык артыкчылыктары менен кемчиликтерин санап өтүп, аларга каршы күрөшкө атайын аскердик бөлүктөрдү даярдай берүүнү жана башка бир катар тактикалык ыкмаларды сунуш кылган («Алакан» сайты, 21.10.2022. Шилтеме - https://alakan.biz/2022/10/21/kyrgyz-tazhik-chatagy-zhana-aktualduu-sunushtar/ )

Коопсуздук жаатындагы улуттук кызыкчылыктарды чагылдыруунун жүрүшүндө көптөгөн маалыматтар салттуу ЖМКдан социалдык тармактарга көчүп жатканын, алардын таасири да артып баратканын эске алыш керек. Бул таасир эки тарапка тең иштейт. Бир жагынан, салттуу маалымат каражаттарынын ийгилиги алардын материалдарын SMM адистердин жардамы менен социалдык тармактарга канчалык жайылта аларынан көз каранды боло баштады. Башка жагынан, бул параграфта көрүнүп тургандай, айрым авторлордун макалалары адегенде соцтармактарга чыгып, салттуу медиа каражаттары аларды өз сайттарында жайылткан учурлар да кездешет.

Мамлекет аралык куралдуу кагылышуулардын же чек ара чатактарынын, улут аралык жаңжалдардын, саясий негиздеги пикир келишпестиктердин шартында социалдык тармактарда «маалымат согуштары» жана аны жүргүзүүнүн ыкмалары кадыресе көрүнүшкө айланууда. Бул айрыкча Тажикстандын Кыргызстанга каршы агрессиясынын жүрүшүндө даана

байкалган. Мындан тышкары, коррупция же дагы башка оор кылмыш үчүн айыпталган, ал тургай сотто күнөөсү далилденген адамдардын тарапкерлери тролльдордун фабрикаларын жалдап, алардын аброюн көтөрүү жана каршы тараптын жүйөлөрүнүн салмагын кетирүү максатында колдонулары белгилүү. Алардын таасири өлкөдө расмий катталган маалымат каражаттарынан ашып түшкөн учурлар да жетиштүү.

Бирок социалдык тармактардын өзгөчөлүгү, алардын жалпыга маалымдоо каражаттарынын катарына кирер-кирбеси азырынча талаш-тартыштардын предмети болгондуктан, алардын таасири бул изилдөөдө каралган жок. Улуттук кызыкчылыктарды чагылдырuудагы соцтармактардын өзгөчөлүгү өзүнчө кеңири изилдөөнү талап кылат деп эсептейбиз.

(Мындан ары корутунду жана сунуштар кошулат)

**Корутунду .**

Диссертациялык ишти жыйынтыктап жатып, анын мазмуну Кыргызстан эгемендик алгандан берки мезгил чеги менен өтө тыгыз диалектикалык байланышта экенин белгилей кетүү зарыл. Анткени Кыргыз Республикасы эл аралык мамилелердин кадыресе субъекти катары 1991-жылы эле өз алдынча жолго түшкөнү маалым. Белгилүү болгондой, улуттук мамлекет түзүүнүн өзү эле улуттук кызыкчылыктардын пайда болушун объективдүү түрдө шарттайт. Бул логикага таянсак, 1991-жылдан тартып эле улуттук кызыкчылыктар жөнүндө алгачкы илимий изилдөөлөр пайда болууга тийиш эле. Белгилүү советтик педагог Антон Макаренко алты айында тарбиялана баштаган баланын тарбиясы алты айга кечигерин айтканы бар. Эгер педагогика менен саясат таануунун ортосунда аналогия жүргүзүп көрсөк, бул диссертациянын темасы 33 жылга кеч козголуп, андагы маселелер өз ара байланышта жана комплекстүү түрдө 33 жылга кеч талданды деп айтсак болот. Мунун эки

себеби бар, алар саясат таануу илиминин өнүгүшү жана Кыргызстандын өзүндөгү саясий турмуштун өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланыштуу. Биринчиден, көп эле коомдук илимдер сыяктуу, саясат таануу илими да өтө тез өзгөрүп жаткан саясий турмуштун реалдуулугунан артта калууда. Атап айтканда, улуттук кызыкчылыктарды Ганс Моргентау сыяктуу реалисттик мектептин өкүлдөрү эчак эле саясий категория катары карап, бул багытта башка мамлекеттерде көптөн бери кеңири изилдөөлөр жүрүп, тиешелүү жемишин берип келатканына карабастан, улуттук кызыкчылыктар классикалык саясат таануунун категориалдык аппаратына эмгиче кире элек. Алардын табияты боюнча азыр да дүйнөлүк саясат таануу илиминде талаш-тартыштар уланууда. Мында реалдуу саясаттын практикасы саясат таануунун теориясынан алда канча алдыда баратканын байкасак болот. Экинчиден, Кыргызстандын өзүндө улуттук кызыкчылыктар бирде бийлик өкүлдөрүнүн кызыкчылыгы, бирде демократия, сөз эркиндиги, эл аралык интеграция сыяктуу башка жагдайлардын көлөкөсүндө калгандыктан, алар тууралуу системалуу ой жүгүртүү аракеттери акыркы жылдары гана башталды.

Бирок ошону менен катар улуттук кызыкчылыктарга байланыштуу көтөрүлгөн маселелер, талданган процесстер жана айтылган сунуштар жөнүндө маалымат канчалык көп болсо, алар изилдөөнүн предметин ошончолук байытары да белгилүү. Изилдөөнүн предмети камтыган убакыт канчалык кеңири болсо, ага тиешелүү жагдайларды бири-бири менен өз ара байланышта, тарыхый контексттин фонунда, өзгөрүүлөрдүн алкагында жана бүгүнкү күндүн позициясынан кыйла объективдүү кароого мүмкүнчүлүк пайда болот. Бул жагынан 33 жыл – улуттук кызыкчылыктарды да, алардын чагылдырылышын жана туюндурулушун да кеңири талдоого мүмкүнчүлүк берген, кыйла жетиштүү убакыт.

Улуттук кызыкчылыктарды туюндуруунун жана талкуулоонун салттуу төрт чөйрөсү бар, алар - илимий чөйрө, саясий чөйрө, коомчулук жана массалык маалымат каражаттары. Булардын ичинен массалык маалымат каражаттары жаңы тарыхта заманбап улуттарды калыптандыруунун эң

маанилүү куралдарынын бири экени талашсыз. Алар азыр да улуттук кызыкчылыктарга байланышкан маселелерди көтөрүп, элге жеткирүүнүн эң кеңири, демократиялуу платформасы катары кызмат кылууда. Ошону менен катар, Кыргызстан эгемендигин жарыялаган жылы өлкөдө ошол кездеги массалык маалымат каражаттарынын бардык салттуу техникалык түрлөрү болгон. Ал эми акыркы жылдары коммуникация социалдык тармактар менен санариптик платформаларга оой баштаганы көрүнүп турат. Башкача айтканда изилдөөнүн предметине тиешелүү мезгилдик чектин өзү уникалдуу – ал бир жагынан Кыргызстандын эгемендик алышы, сөз эркиндигинин пайда болушу менен башталат, бирок сөз эркиндиги социалдык тармактарга көчүп, ММКнын түпкү табияты өзгөрө баштаган мезгил менен аяктайт. Ушунун өзү - изилдөөчүлүк кызыгуу жарата турган жагдайлардын бири.

Массалык маалымат каражаттары – коомдо жана ар кандай саясий чөйрөлөрдө түзүлгөн кырдаалдын күзгүсү. Бул жагынан изилдөөнүн жүрүшүндө ММКда көтөрүлгөн темалар Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына байланыштуу маселелер топтомунун реалдуулугуна негизинен төп келери тастыкталды. Атап айтканда, эгемендик жана тил, чек ара коопсуздугу жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгү, тышкы карыз жана экономикалык кызыкчылыктар, Кумтөр сыяктуу ири кендердин тагдыры, улуттук иденттүүлүк жана жарандык биримдик, калыс жана туруктуу саясий система, кылмыштуулук жана коррупциянын масштабы ж.б. темалар ММКда канчалык көп чагылдырылса, коомдук-саясий турмушта да ошончолук көп талкууланган маселелер болгону белгилүү. Мындан тышкары, ММКда жарык көргөн материалдарды талдоо Кыргызстан башынан өткөрүп келаткан маселелерди тарыхый ырааттуулукта, өз ара байланышта, динамикалуу негизде кароого мүмкүнчүлүк берди.

Изилдөөдө аныкталгандай, Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын чагылдырууга атайын адистешкен, каржылоосу жагынан да, саясий жагынан да өз алдынчалыкка жетишкен илимий да, коомдук-саясий да маалымат каражаттары жок. Бул кызыкчылыктар өлкөдөгү массалык маалымат

каражаттарында ушул темага кызыккан журналисттердин, публицисттердин жана коомдук ишмерлердин жеке кызыгуусунан жана демилгесинен улам, алардын өз түшүнүктөрүнүн негизинде жана ММКнын жалпы саясатынын алкагында гана шартка жараша чагылдырылып келатат.

Жалпысынан бул изилдөө улуттук кызыкчылыктарга байланышкан маселелерди көтөрүү жагынан кыргыз интеллигенция өкүлдөрүнүн интеллектуалдык потенциалы жетиштүү экернин көрсөттү. Бирок интеллектуалдык байлыкты азыркы шартта кеңири аудиторияга жеткиликтүү формада жайылтыш үчүн кыргыз интеллигенция өкүлдөрү жаңы медиа платформаларды өздөштүрүп, өз билимин улуттук кызыкчылыктардын позициясынан, түшүнүктүү тилде туюндурууну үйрөнүшү мезгил талабы болуп турат.

Талдоонун жүрүшүндө мамлекеттик маалымат каражаттары бийликтин позициясын билдирүү менен чектелсе, эркин жана эл аралык маалымат каражаттары улуттук кызыкчылыктарды чагылдырууда алда канча өз алдынча экени аныкталды. Эл аралык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү Кыргызстандын экономикалык багыттагы улуттук кызыкчылыктарын чагылдырууда журналисттик иликтөө ыкмаларын колдонуунун, жогорку кесиптик стандарттарды сактоонун эсебинен кыйла чоң мүмкүнчүлүктөргө эгедер экендиги ачыкка чыкты.

Изилдөөдө кыргыз жана орус тилдүү ММКлардын мамлекеттик жана расмий тил, тышкы саясий багыттар тууралуу көз караштарында айырмачылыктар байкалды. Атап айтканда, мамлекеттик тилдин ролун күчөтүү маселесин кыргыз тилдүү ММКлар козгосо, орус тилдүү ММКлар орус тилинин таламын талашарын алардын контентин талдоо көрсөттү. Мындан тышкары, орус тилдүү медиа каражаттары негизинен Орусия күч борбору болгон эл аралык уюмдарга артыкчылык беришери билинди. Бул бир жагынан Кыргызстанда мамлекеттик тил жарандарды бириктирүүчү ролун аткара албай келатканын, кыргыз эли өлкө жарандарын баш коштура турган күчкө ээ боло элек экендигин, экинчи жагынан орус тилдүү аудиториянын

кыйла бөлүгү үчүн жарандык биримдикке караганда Орусия менен жакындашуу алда канча маанилүү болуп жатканын көрсөтүп турат.

ММКда жарык көргөн материалдарда маселенин көтөрүлүшү жана талданышы анда айтылган практикалык сунуштардан аздык кылары белгиленди. Ошол эле учурда улуттук кызыкчылыктарды коргоо боюнча ММКда киргизилген сунуштарды чечим кабыл алуучу адамдар же тиешелүү бийлик органдары колдонгонуна так, даана далилдер табылган жок. Мындай жагдай ММКнын бийликке болгон таасиринен, бийлик менен ММКда улуттук кызыкчылыктардын ар кайсы өңүттөрүн чагылдырган адамдар менен байланыштын солгундугунан кабар берет. Өз кезегинде бул чечим кабыл алуучу тараптар менен коомчулуктун өз ара коммуникациясын өнүктүрүү маселесин актуалдаштырат.

Диссертациялык изилдөөнү жыйынтыктап жатып, Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын өлкөдөгү коомдук-гуманитардык илимдердин алкагындагы изилдөөлөрдүн багытын аныктоочу негизги чен-өлчөмгө, ал эми заманбап медиа платформалардагы башкы темалардын бирине айландыруу өлкөнүн стратегиялык кызыкчылыгына ылайык келет деп эсептейбиз.

Жогоруда айтылгандардан улам, жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизинде төмөнкүлөр сунушталат:

-Улуттук кызыкчылыктардын жана улуттук коопсуздуктун актуалдуу маселелери жана аларды чечүүнүн алгылыктуу жолдору боюнча тиешелүү бийлик жана күч түзүмдөрүндө туруктуу негизде иштей турган жабык курстарды уюштуруу;

- Улуттук коопсуздукту коргоонун актуалдуу маселелери боюнча илимий иштерди толук жабык форматта адистер чөйрөсүндө жактоого уруксат берүү;
- Улуттук кызыкчылыктардын жалпы негиздери боюнча курстарды, окуу китептерин иштеп чыгып, Кыргызстандагы саясат таануу сабактарынын программаларына киргизүү;

- Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары тууралуу илимий-практикалык журнал уюштуруп, анын иштеши үчүн жооптуу мекемелер катары Президентке караштуу Стратегиялык изилдөөлөр боюнча улуттук институтту жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтун бекитүү;
- Кыргызстандын коомдук-гуманитардык багытта изилдөө жүргүзгөн окумуштууларын улуттук кызыкчылыктардын тиешелүү өңүттөрү жөнүндө заманбап техникалык форматта, биринчи иретте видео платформаларда блог алып барууга, дарстарды окууга үйрөтүү жана милдеттендирүү;
- Улуттук кызыкчылыктарды өлкөдөгү коомдук-гуманитардык илимдердин жана билим берүүнүн негизги чен-өлчөмү катары кабыл алып, анын негизинде билим берүү программаларын толугу менен ревизиялап чыгуу;
- Кыргызстан эгемендик алгандан берки мезгилдеги улуттук кызыкчылыктардын ММКда чагылдырылышын мындан аркы изилденишин жеңилдетиш үчүн бул жылдары иштеген ММКлардын материалдарын толугу менен санариптештирип чыгуу;
- Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы журналисттик, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, эл аралык мамилелер факультеттеринин окуу программасына өлкөнүн улуттук кызыкчылыктары жөнүндө атайын курсту киргизүү;
- Улуттук кызыкчылыктарга байланышкан проблематиканы, ММКда жана социалдык тармактарда айтылган алгылыктуу сунуштарды системалаштырып, чечим кабыл алуучу адамдарга ылайыктуу формада жеткириш үчүн бийлик түзүмдөрүнүн биринин карамагында атайын туруктуу жумушчу топ түзүү; Бклгилей кетүүчү жагдай  бул топтун ишинин жыйынтыктары толугу менен жашыруун болууга тийиш;
- Кыргызстандын мамлекеттик ММКларынын чет мамлекеттердеги өз кабарчылык пункттарын ачып, анда иштей турган журналисттик

кадрларды улуттук кызыкчылыктардын негиздери боюнча тереңдетилген атайын окутуудан өткөрүү;

- Улуттук кызыкчылыктар багытында контент даярдоого адистешкен журналисттердин башын бириктирип, алар үчүн толук эркин санариптик ММК уюштуруу жана туруктуу каржылоо максатында өлкөдөгү ички демөөрчүлөр жамааты менен байланыш түзүү;

- Бирдиктүү мамлекеттик маалымат саясатын жүргүзүү максатында бийлик жана күч түзүмдөрүнүн басма сөз кызматтарын улуттук кызыкчылыктардын жалпы негиздери жана актуалдуу маселелери боюнча туруктуу окутуудан өткөрүп туруу.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

**Эл аралык келишимдер асмий документтер, мыйзамдар жана башка укук-ченемдик актылар:**


1. ДОГОВОР от 5 июля 1993 года между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией о сотрудничестве в военной области.
2. ПОСТАНОВЛЕНИЕ МПА ГОСУДАРСТВ-УЧАСТНИКОВ СНГ от 15 ноября 2003 года N 22-5 «О ходе выполнения Программы государств-участников Содружества Независимых Государств по борьбе с международным терроризмом и иными проявлениями экстремизма на 2003-2004 годы и задачах Межпарламентской Ассамблеи государств-участников СНГ».
3. СОГЛАШЕНИЕ от 13 октября 1995 года между Правительством Российской Федерации и Правительством Кыргызской Республики (г. Бишкек) о предоставлении права плавания кораблям и судам Военно-Морского Флота Российской Федерации на озере Иссык-Куль.
4. СОГЛАШЕНИЕ от 15 июля 1994 года между Правительством Российской Федерации и Правительством Кыргызской Республики (г. Бишкек) о межгосударственных воинских перевозках в интересах

охраны внешних границ государств - участников Содружества Независимых Государств:

5. СОГЛАШЕНИЕ от 18 июня 2004 года о взаимном обеспечении сохранности секретной информации в рамках Организации Договора о коллективной безопасности.
6. СОГЛАШЕНИЕ от 20 июня 2000 года об основных принципах военно-технического сотрудничества между государствами-участниками Договора о коллективной безопасности от 15 мая 1992 года: Ратифицирован с оговоркой Законом КР от 25 октября 2004 года № 186.
7. СОГЛАШЕНИЕ от 20 марта 1992 года о Группах военных наблюдателей и Коллективных силах по поддержанию мира в Содружестве Независимых Государств.
8. СОГЛАШЕНИЕ от 20 марта 1992 года о принципах обеспечения вооруженных сил государств-участников Содружества Независимых Государств вооружением, военной техникой и другими материальными средствами, организации научно-исследовательских и опытно-конструкторских работ.
9. СОГЛАШЕНИЕ от 22 сентября 2003 года между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией (г. Москва) о статусе и условиях пребывания российской авиационной базы на территории Кыргызской Республики: Ратифицировано Законом КР от 17 августа 2004 года № 142.
10. СОГЛАШЕНИЕ от 27 июня 2007 года между государствами-членами Шанхайской организации сотрудничества о проведении совместных военных учений.
11. СОГЛАШЕНИЕ от 28 марта 1996 года между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией (г. Москва) по вопросам юрисдикции и взаимной правовой помощи по делам, связанным с пребыванием воинских формирований Российской Федерации на территории Кыргызской Республики.

12. СОГЛАШЕНИЕ от 5 декабря 2002 года (г. Бишкек) между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией о сотрудничестве в области безопасности: Ратифицировано Законом КР от 1 августа 2003 года № 184.
13. СОГЛАШЕНИЕ от 5 июля 1993 года между Российской Федерацией и Кыргызской Республикой о порядке использования российских военных объектов на территории Кыргызской Республики и статусе военнослужащих Вооруженных Сил Российской Федерации в Кыргызской Республике: Ратифицирован Постановлением ЗС ЖК КР от 17 мая 1995 г. З № 74-1 (В ред. Протоколов от 21 июля 1994 г., 25 августа 1999 г., 13 июня 2002 г.).
14. СОГЛАШЕНИЕ от 9 октября 1992 года о Концепции военной безопасности государств-участников Содружества Независимых Государств.
15. РЕШЕНИЕ от 12 апреля 1996 года о нормативных документах по созданию и совершенствованию объединенной системы противовоздушной обороны государств-участников Содружества Независимых Государств.
16. РЕШЕНИЕ от 26 мая 1995 года о Правилах процедуры Совета коллективной безопасности.
17. РЕШЕНИЕ от 9 сентября 1994 года о ремонте вооружения и военной техники государств-участников Содружества Независимых Государств.
18. РЕШЕНИЕ СОВЕТА ГЛАВ ГОСУДАРСТВ СНГ от 26 августа 2005 года «О Концепции военного сотрудничества государств-участников Содружества Независимых Государств до 2010 года».
19. РЕШЕНИЕ СОВЕТА ГЛАВ ПРАВИТЕЛЬСТВ СНГ от 18 сентября 2003 года «О Концепции создания совместной (объединенной) системы связи вооруженных сил государств-участников Содружества Независимых Государств».

20. РЕШЕНИЕ СОВЕТА ГЛАВ ПРАВИТЕЛЬСТВ СНГ от 31 мая 2001 года «О Перспективном плане развития военного сотрудничества государств - участников Содружества Независимых Государств до 2005 года».

## Илимий, билим берүү, атайын адабият

1. Абдулатипов Р.Г. Природа и парадоксы национального «Я». –М., 1991.
2. Абдулатипов Р.Г. Человек, нация, общество.-1991г.
3. Абдулатипов Р.Г. Парадоксы суверинтета. М., 1995г.
4. Абдырахманов Т.А., Идрисов М. Кыргызстандагы исламдык кайра жаралуу: өнүгүүсү, өзгөчөлүктөрү, өксүктөрү. – Бишкек, 2015, 11-б.

Акаев А.А. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу. Тырхый изилдөө.-Б., 2002-ж.

5. Акаев А.А. Акаева Б.А. Кыргызстан в эпоху цифровой экономики на новом щельковом пути.- Книга о будущем Кыргызстана: точка бифуркации. Москва-2018г. Тип УРСС. 6.Акунов.А.А. Кыргызстандын Шанхай Кызматташтыгы Уюмунун алдындагы көп тараптуу жана эки тарптуу дипломатиясы. Караңыз: Шанхай Кызматташтык Уюмунун өнүгүү тарыхынын маселелерин көп тараптуу изилдөө.-Бишкек., 2014-ж.
7. Акунов А.А, Сыдыгалиева Э.Ж. Реализация прав национальных меньшинств как фактор политической безопасности в ЦА: вызовы и позможности решения. Матер. Международной научной конференции. –Б., 2013г.

4. Акунов А.А. Мамбеталиева Г.С. Саясат таануу. Бишкек. 2014-ж.
5. Акунов. А.А. Мамбеталиева Г.С. Адам укугу, демократия, бийлик.Бишкек. 2015-ж.
6. Акунов А.А. Кыргызстан эгемендик доорунда. Бишкек. 2017-ж.

7. Акунов А. Постсоветский Кыргызстан глазами зарубежных политологов (в соавторстве). Бишкек, «Элпек», 1998.

8. Алексеева Т.А. Рациональный эгоизм национальных интересов //Полис:политические исследования, 1995г.
9. Айтматов Ч.Т. Шаханов М. Аскада калган анчынын ыйы. Бишкек. 2001-ж.
10. Артыкбаев М.Т. Политическая модернизация и трансформация политической системы Кыргызской Республики в постпереходный период (2004-2010г) –Б., 2010г.
11. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания.-Б. 1997г.

.

12. Бабаков В.Г. Семенов В.М. Национальное сознание и национальная культура (методологические проблемы).-М., ИФРАН, 1996г.
13. Богатуров А.Д. Кожохин М., Поешков К.В. Национальный интерес в российской политике//Свободная мысль, 1992г, №5.
14. Безопасность Кыргызстана:проблемы и перспективы. Бишкек-2015. Алтын –Принт.

15.Исаев К.И. Кыргыз ооматы чыгышта. «Maxprint» Басмасы, Бишкек-2018-ж.

16. Исаев К.И. Жаран кантип иденттешет? Бишкек-2016-ж.
17. Исаев К.И. Кыргыз таануу маселелери. «Maxprint» Басмасы, Бишкек-2016-ж. 18.
19. Акунов.А.Макалалар топтому –Кыргызстан: Энциклопедия, Бишкек, 2001, 544б.
20. Аалиева, Н.К. Китай во внешней политике Кыргызстана: проблемы и перспективы [Текст] / Г.К.Аалиева, Н.К.Аалиева, Ш.К.Аалиева. - Бишкек, 2010.
21. Алексеев В.В., Побережников И.В. Школа модернизации: эволюция теоретических основ // Уральский исторический вестник. Екатеринбург, 2000. № 5-6.

22. Артыкбаев, М.Т. Институционализация политических систем постсоветских республик. Текст: методология исслед / М.Т. Артыкбаев. – Бишкек: Б.и., 2002. – 188 с. 23.Асанов Ү. Акунов А.А. Саясат таануу. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б.: 2004. 24.Айтматов Ч.Т. Шаханов М, Аскада калган аңчынын ыйы. (Уылымкы ырындагы сыр ачуу) Бишкек-2001ж.

25. Алиева Г, Кылычбек Кыргызбай Возрождение Божественной троицы: Всевышный –мой Тенир, Святой –мой Кыдыр, Разум мой –Манас. 26.Бейшеналиев.А.Б.АмерикакошмоштаттарынынтышкысаясатындагыпостсоветтикБорбордукАзияжанаКыргызстан. // Автореферат, 2017.

27. Бжезинский З. Великая шахматная доска. Господство Америки и его геостратегические императивы.- М.: Междунар. отношения, 1999.- 256с

28. Богомолов Б.А. Глобализация: некоторые подходы к осмыслению феномена // Вестник Московского университета. Серия 12. Политические науки, 2008. - №3.

27. Бутенко А.П. Глобализация: сущность и современные проблемы // Социум.- 2002. - № 3.-с.3-19.

28.Быков А. Н. Постсоветское пространство: стратегии интеграции и новые вызовы глобализации. СПб.: Алетейя, 2009. 192 с.

29. Вебер А. Что стоит за так называемым антиглобализмом? // Мировая экономика и международные отношения.- 2001.-№12.-с.50.

30. Виноградов А. В. Китайская модель модернизации: Поиски новой идентичности. М.: Памятники исторической мысли, 2005.

31.Гаджиев К.С. Геополитика / К.С.Гаджиев. – *М*: ЮРАЙТ *2016*. – 375 ст.

32. Глобализационные приоритеты экономической политики Евросоюза [Текст] / Э.А. Грязнов, К.Х. Крахт, Н.Н.Ливенцев и др., под общ. ред. В.В. Перской, Б.И. Фролова. – М.: Изд-во РАГС, 2000. - 159 с.

33. Гавриш О. Антиглобализм-признак объединения мировой экономики // Зеркало недели.-2002.-№ 29.

34. Гребенщиков Э. Через призму глобализации// Мировая экономика и международные отношения.-2003.-№2.-с.103

35. Гуан, Вань. Центральная Азия и интересы КНР[Текст] / Гуан Вань //Исследования социального развития Европы и Азии. – Пекин, 1998.

36. Далимов Р. Т. ЕС и Центральная Азия: взаимное восприятие перспектив сотрудничества // Экономика и политика в современных международных конфликтах / Отв. ред. А. Д. Богатуров. М.: Изд-во ЛКИ, 2008. С. 303–313.

37. Джекшенкулов, А.Д. Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе. Текст/ А.Д. Джекшенкулов.– М.: Науч. кн., 2000.- 195 с.

38. Джоробекова, А.Э. Основные тенденции и направления интеграционных процессов в Центральной Азии. Текст / А.Э. Джоробекова. – Бишкек: Б.и., 2007. – 190 с.

39.Доронбаев, А.Д. Международная конкуренция и Евразийская интеграция (методологический аспект). Текст / А.Д. Доронбаев // Сб. ст. науч.–практ. конф. «20 лет СНГ: актуальные проблемы интеграции и сотрудничества», Бишкек, 14 дек. 2011 г. – Бишкек, 2012. – С.20-39.

40.Дергачев В.А. Геополитика. - К.: ВИРА-Р, 2000.- 448 с.

41. Декларация США от 1976 года. США. Конституция и законодательство. Под ред. О.А. Жидкова. М.: Прогресс, Универс, 1993.

42. Дербишайр Дж., Дербишайр Я. Политические системы мира- М: Рипол классик, 2004.

43. Дробот Г.А. Политико-экономические аспекты глобализации // ВМУ Сер.18: Социология и политология. - 2000. - № 1.-с.37-51.

44. Дуйшеева Р.К. Особенности развития Кыргызстана в условиях глобализации // Современность: философские и правовые проблемы. Материалы XIV научно-практической конференции. Бишкек, 2009 г. С. 239-241.

45. Жоробеков Ж.Ж. Демографические процнссы и демографическая безопасность в Кыргызской Респубоике. Институт социально-политических исследований. 2006г.

46. Звягельская И. Д. Становление государств Центральной Азии: Политические процессы. М.: Аспект Пресс, 2009. 208 с.

47. Иманалиев, К.К. Кыргызстан: национальный путь (в поисках самоидентификации) [Текст] / К.К. Иманалиев. - Бишкек: КРСУ, 2009. - 192 с.

48. Иноземцев, В.Л. Вестернизация как глобализация и «глобализация» как американизация// Вопросы философии. – 2004. – №4. – с-46.

49. Иноземцев В.Л. Глобализация и неравенство: что – причина, что – следствие? // Орусия в глобальной политике. Т. 1. №1. Январь-март 2003.

50. Иманалиев М. С. Очерки о внешней политике Кыргызстана. Бишкек: Сабыр, 2002. 160 51. Закиров А.З. Кыргызстандын азык түлүк коопсуздугу. Алтын-Тамга, 2014ж.

52. Ж. Сааданбеков Философия Чингиза Айтматова . 2018-ж.

53. *Иммануил Кант.* Критика чистого разума / (Пер. с нем.; предисл. И. Евлампиева). — М.: Эксмо; СПб.:Мидгард, 2007. — 1120 с.

Курманов, З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы [Текст] / З.К. Курманов. - Бишкек: Илим, 1997. - 292 с.

54. Казанцев А. А. Политика стран Запада в Центральной Азии: ключевые характеристики, дилеммы и противоречия / Научно-

координационный совет по международным исследованиям МГИМО (У) МИД России.
55. Кандель П. Е. - Национализм и проблема модернизации в посттоталитарном мире // Полис, №6, 1994, стр.6.
56. Касымова Валентина Махмудовна, Аламанов Саламат, Айтмурзаев Нурлан Ташмурзаевич, Архангельская Анна Валерьевна, Мониторинг позиций стран Центральной Азии по вопросу использования трансграничных водных ресурсов. Отчет для Национального института стратегических исследований (УСИИ) Кыргызской Республики, 2013.
57. Коллонтай В. Эволюция западных концепций глобализации // Мировая экономика и международные отношения.-2002.-№2.-с.45.
58. Курбанова Н.У. Ислам в общественно-политической жизни современного Кыргызстана. – Бишкек, 2009.
59. Каар Эдвард «Дватцать лет кризиса// Вопросы философии. 1993. № 7. С. 40-56.
60. Кузнецов В. Что такое глобализация? // Мировая экономика и международные отношения.-1998.-№2.-с.12-21.
61. Кыргызская республика: новые перспективы. Комплексная основа развития Кыргызской республики до 2010 г. Общенациональная стратегия. Бишкек, 2001.
62. Князев Государственный переворот 24-марта 2005-года в Киргизии Алматы 2005г. 252ст)
63. Коэн, А. США, страны Центральной Азии и Кавказа: проблемы и перспективы взаимоотношений[Текст] / А. Коэн //Центральная Азия и Кавказ. –2000. – С.318.
64. Левашева А.В. Глобализация мира: миф или реальность? // ВМУ Сер.18: Социология и политология 2001.-№1.-с.15.

65. Лялюгене И.Ю, Рупшене Л.А. Ата-энелердин эмгек миграциясынын өспурүмдөрдү социалдаштырууга таасири 2008-01/ Socis|)
66. Маргелов М.В. «Глобализация» - превратности термина // США. Канада: Экономика, политика, культура.-2003.-№9.- с.47.
67. О.А.Молдалиев Современные вызовы безопасности Кыргызстана и Центральной Азии. Бишкек.
68. Мадалиев М. Политическая элита Кыргызстана. Бишкек, 2002.
69. Маматканов Дуйшон, Бажанова Лариса, Романовский Владимир. Водные ресурсы Кыргызстана на современном этапе. Бишкек. 2006, 266 с.
70. Модернизация и традиция // Модернизация в социокультурном контексте: традиции и трансформации. Сб. научн. статей. Екатеринбург, 1998. С. 8-32
71. Молдалиев О.А. Ислам и политика. Политизация ислама или исламизация политики. Бишкек, 2008. С.220.
72. Мустафаев Н.И. Маргинализация населения как фактор социально-политической нестабильности в Казакстане // Казакстан-Спектр. 2000. № 3-4. - с. 36.
73. Муса кызы Алина «Кыргызстан во внешней политике США Мир Евразии» Горно-Алтайский Государственный Университет.2016. Стр.2-7
74. Нартов, Н.А. Геополитика[Текст]:учебник / Н.А.Нартов. - третье изд. –М.: Юнити, 2004. – 359 с.
75. Ричард Нибур :: Энциклопедия современной эзотерики. Словарь ...2003г. //Переиздание//.

76.Омаров Н.М. Мир и Центральная Азия в 2025 году: дрейфующие острова // Кыргызстан-2025. Стратегии и сценарии развития. Бишкек, 2005. С. 50-64.

76. Омаров, Н.М. Современные международные отношения и мировая интеграция [Текст] / Н.М. Омаров. – Бишкек: Раритет Инфо, 2009. – 288 с.

77. **Омаров, Н.М. История международных отношений и внешней политики**[Текст]/ Н.М.Омаров**. -** Бишкек: Издательский дом «Наука и образование», 2003. –280с.

78. Омаров Н.М. Гуманитарные аспекты бзопасности Кыргызской Республики в XXI-веке: вызовы и объекты. Бишкеке 2001г.

79. Ормушев А.С. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Жакынкы жана Орто чыгыш өлкөлөрү менен саясий экономикалык жана маданий мамилелеринин өнүгүүсү. /Докторлук диссертациясын автореферати. – Бишкеке, 2012. 6-б.

80. Осадчая И. Глобализация и государство: новое в регулировании экономики развитых стран // Мировая экономика и международные отношения.-2002.-№11.-с.3-12.

81. Примаков Е. М. Политология - Инструмент реализации национальных интересов страны. Вестник Издательство МГУ . 2014г.)

82. Пивовар Е. И. Постсоветское пространство: альтернативы интеграции. Исторический очерк. СПб.: Алетейя, 2008. 320 с.

83. Панарин А.С. Глобальное политическое прогнозирование. Учебник для студентов вузов.-М.: Алгоритм, 2002 с.98

84/. Пороховский А.А. Рыночная основа глобализации // США. Канада: Экономика, политика, культура.-2002.-№8.-с-80.

85. Парламенты за мир. Вступления на международной конференции ОБСЕ1998.

86. Побережников И.В. Модернизационная перспектива: теоретико-методологические и дисциплинарные подходы // Третьи Уральские историко-педагогические чтения. Екатеринбург: УрПГУ, 1999. С. 16-25

87. Сыдыкбаев Ч.М. Саясий илимдин негиздери. ЧП Абыкеев. 2011-ж. 252бет.
88. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теориясы жана практкасы. 2017ж. 254б.
89. Шеримкулов М. Парламенты за мир. Монография. 1998г. Кантская типография.


**Чет тилиндеги адабияттар:**

90. Piirainen T. Towards a New Social Order in Russia: Transforming Structures in Everyday Life. University of Helsinki, 1997.
91. New Perspectives on Historical Writing. Ed. by P. Burke. Cambridge, 1993. P. 233-248.
92. Therborn G. European Modernity and Beyond: The Trajectory of European Societies, 1945-2000. London, New Delhi: Sage Publications, 1995.
93. Alymkulov N.N. Oblicza modernizacji politycznej państwa // *Bodio T. (*ред.). Указ.соч. С. 263.
94. Moore W.E. Social Change. Englewood Cliffs, N.Y.: Prentice-Hall, 1974. P. 34-46; Такжесм.: Vago S. Social Change. Englewood Cliffs, New Jersey: Prentice-Hall, 1989. P. 75-79;
95. Black C.E. The Dynamics of Modernization: A Study in Comparative History. N.Y.: Harper Colophon Books, 1975. P. 67-68;
96. Miller, Jenifer., 2003, Great Britain, By The Cromwell Press, «Identtity And In Language Use: **The Politics Of Speking.**
97. Idem. Politics and the Stages of Growth. Cambridge, 1971;
98. Lerner D. The Passing of Traditional Society: Modernizing the Middle East. New York, London, 1965;
99. Levy M.J. Modernization and the Structure of Societies. Princeton, 1966; Black C.E. The Dynamics of Modernization: A Study in Comparative History. N.Y.: Harper Colophon Books, 1975;

100. Eisenstadt S.N. Modernization: Protest and Change. Englewood Cliffs: Prentice-Hall, 1966.

101. Global terrorism index 2016.

102. Rueschemeyer D. Partial modernization // Explorations in general theory in social science: essays in honor of Talcott Parsons/ Ed. by J.C. Loubser et al. N.Y., 1976. Vol. 2. P. 756-772;

103. The Emerging Geopolitics of Central Asia / Ed. by J. C. Snyder. Washington DC: NDU Press, 1995. 357 p.

104. Central Asia at the End of the Transition / Ed. by Rummer. New York: Armonk, 2005. 449 p.

105. Rustow D.A. Transitions to Democracy — Toward a Dynamic Model. — «Comparative Polities'», 1970, vol. 2» № 3, p. 337-363.

106. https://riss.ru/images/pdf/journal/2015/2/04_.pdf

107. *РаймонАрон.* Этапыразвитиясоциологическоймысли = Les Étapes de la pensée sociologique. (1967) / общ. ред. и предисл. П.С. 1992. — 608 с

## Диссертациялар

108. Абдыкеримов А.Ш. 20-кылымдын 80-жылдардыг экинчи жарымындагы, 90-жылдардын башындагы Кыргызстандын коомдук-саясий кыймылдарында улут маселеснин көтөрүлүшү:тарых илим. Канд.дис.-Бишкек. 2011-ж.

109. Кадыркулова А.С. Национальные интересы Кыргызстана в современных геополитических условиях. Канд.дис. полит.н. 2006г.

110. Жоробеков Ж. Этнодемографические процессы и вопросы этнополитики Кыргызской Республики: диссертация доктора политических наук : 23.00.02 Количество страниц: 293 с.

111 Сулейманова Н.О. Ааламдашуу шартында Кыргыздардын социомаданий иденттүүлүгү. Бишкек-218ж. Диссертациянын авторефераты.

112. Шеримкулов М.Ш. Становление и развитие парламентаризма в Кыргызстане: автореферат.дисс.на соискание уч.ст. д.полит.н.- Алматы, 1999г.

Жусуп Баласагын. Куттуу билим. Дастан/Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков. –Б:. 1993-496бет.

## Мезгилдүү басма сөз

1. Алексеева Т.А. Рациональный эгоизм национальных интересов//Полис:политические исследования, 1995г, №1.

2.Андерсон Б. Воображаемые сообщества.Разышления об истоках и пасмпрстранении национализма/ Пер. С англ В.Ниолаева.М., 2000г.

3. Витовский А, Малашенко А. (ред) нетерпимость в России: старые и новые фобии. М.1999г.
4. Бопоев Н. Өз баалуулуктарын чанган элдин келечеги жок. (же Чоочун маданияттын таасиринде калдык). Асман Пресс 14-ноябрь 2014-ж.

о праве международных договоров

4. Козлов В. Национализм т этнический ниглизм. «Свободная мысль» 1996г.
5. Капустин Б.Г. Национальный интерес как консервативная утопия//Свободная мысль, 1999г, №3.
6. Мартынов Б.Ф. Защита национальных интересов //Свободная мысль, 1997г, №1.
7. Поздняков Э.А. Национальные, государственные и классовые интересы в международных отношениях//Мировая эконномика и международная отношения, 1998г, №5.
8. Поздняков Э.А. Нации.Национализм.Национальные интересы,-М.:АО «Прогресс»-»Культура», 1994г.
9. Проскурин С.А. Национальные интересы ивнешнеполитические приоритеты России. Власть, 1996г.

10. Прохоренко И.Л. Национальные интересы во внешней политке: проблемы концепции//Международная жизнь, 1993, №2.
11. Садыков М.Б. Единство интернациональных и национальных интересов в советском многонациональном государстве(теоретико-методологические проблемы).- Издательмтво Казанского университета, 1975г.
12.СорокинП.А. Государственные интересы как обобщение национальных//Полис:политические исследования, 1995г1.
5. Исаев К. 2009. Кыргыздар-көчмөндөр цвилизациясын жараткан улуу эл. //Эркин Тоо, 2-январь.
6. Исаев К. Биз кыргыздар ким элек ким болдук? Кайда баратабыз?// Агым, 14.02.2003.
7. Өзгөну ээрчиген өзүн унутат //2Фергана», 15-221.03.2003.
8. Исаев К. Улуттук олигархтар азыркы шартта. «Азия Ньюс» гезити, 26-ноябрь, 2015-ж.
9. Каныбек Осмоналиев «Илимдеги популизм – көз боёмочулук» Жаны Ордо 6-июль 2018-ж. №24(597).
10. Өмүрбек Текебаев «Темир жол куруу менен Кыргызстан саясий жана соода эркиндигин алып, реалдуу көз карандысыздыгын бекемдейт» Азия Ньюс» 5-июль 2018-ж, №26(262).
11. Нургазы Айтмырзаев «Олигархтарга келинче жүгүнүп барган саясатчылардын Казакстанда издегендери эмне» Де Факто» гезити 10-октябрь, 2017-ж.
12. Папан Дуйшобаев «ТОТАЛДЫК МИГРАЦИЯНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ ЭМНЕГЕ АЛЫП КЕЛЕТ?» Кыргыз Туусу . 2017-ж №13.
13. Турат Акимов Китай угрожает не только экономическому доминированию США, но и всей западной демократической парадигме успеха. Газета Чоң Казат. 2016г.
14. Суюмбаев М.Н. Много странного происходит в кыргызском государстве. Пятый канал. /Интервью / передача «Күн өзөк». 5-мая 2019г.

15. Сыдыкбаев Ч.М.Национальные интересы Кыргызстана в использовании водных ресурсов КР.Хабаршы Национальная академич наук. №2. 129стр Алма-Ата2015г.
16. Сыдыкбаев Ч.М. Модернизационная роль государства в обеспечении безопасности Кыргызстана. Вестник современной науки. Город Волгоград. Стр95,№10, 2016г.
17. Сыдыкбаев Ч.М. Концепция национальной безопасности Кыргызстана в современных геополитических условиях. Вестник современной науки. Город Волгоград. Стр 100. №10, 2016г.
18. Сыдыкбаев Ч.М. Национальные интересы и проблемы безопасности Кыргызстана. Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал. Г Казань.стр 84,№5 2016г.
19. Сыдыкбаев Ч.М. Вопросы безопасности Кыргызстана. Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал. Г Казань.стр 89,№5 2016г.
20. Сыдыкбаев Ч.М. Проблемы кыргызско-узбекских межгосударственных отношений по использовании водных ресурсов Кыргызстана. Вестник Современной науки,город Волгоград стр139,№8 2016г.
21. Сыдыкбаев Ч.М. Безопасность Кыргызстана в современных геополитических процессах в Центральной Азии. Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал. Г Казань.стр 68,№2 2017г.
22. Сыдыкбаев Ч.М. «Китайский фактор» в обеспечении защиты нацилнальных интересов Кыргызстана в современных геополитических процессах. Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал. Г Казань.стр 71,№2 2017г.
23. Сыдыкбаев Ч.М. Билим берүү системасын талкалоо мамлекетке каршы диверссия менен барабар. Известия вузов Кыргызстана, стр140,№8, 2017-ж.

24. Сыдыкбаев Ч.М. Коопсуздук түшүнүгүнүн АКШда жана Орусияда институционалдашуусу. Наука, новые технологии и инновации, стр174, №9, 2017-ж.
25. Сыдыкбаев Ч.М. Сырткы саясатта улуттук кызыкчылыктар түшүнүгүнүн калыптанышы. Наука, новые технологии и инновации, стр215, №2, 2018-ж.
26. Сыдыкбаев Ч.М., Сапарбек кызы Элназ. Кыргызстандын улуттук коопсуздугу жана саясий, социалдык-экономикалык факторлору.стр169, Вестник НАН КР, №3, 2018-ж.
27. Сыдыкбаев Ч.М, Ысырайылова Н.С. Азыркы коомдогу жалпыга маалымдоо каражаттарынын орду. Стр172, Вестник НАН КР,№3,2018-ж.
28. С.Жээнбековдун Коопсуздук Кеңешинде сүйлөгөн сөзү: Жер казынасын сактоо, коргоо улуттук коопсуздугубуздун артыкчылыктуу багыттарынын бири. Кыргыз Туусу. 1февраль 2019-ж.
29. Улуттук кызыкчылыктарыбыз үчүн кесипкөй кенчи кадларды даярдоо керек. КРнын Президентинин Коопсуздук Кенешиндеги сөзүнөн. 30-январь, 2019-ж.
30. Түндүк-Түштүк, Ислам-Теңир деп бөлүнгөн мамлекет машинага айланып баратабыз. Кыргыз Туусу, 5-март,2019-ж.
31. Атай Алтымышев Державалардын тирешүүсу глобалдк коркунучтардын жаңы багытын ачты. Эркин Тоо, 19-февоаль,2019-ж.
34. Шабдан Абылгазы Тышкы саясаттагы негизги принцип- улуттук кызыкчылыкты көздөгөн тең салмактуу саясатты саясатты ишке ашыруу. Кыргыз Туусу №19, 15-март, 2019-ж.
35. П.Дүйшөбаев Улуттук баалуулуктардын уңгүсуна балта чаппасак. Кыргыз Туусу, 15-март, 2019-ж.

36.Итоги Государственной комиссии по выработке мер для дальнейшей стабилизации общественно политической ситуации в Кыргызской Республике. // «МСН» за 10.06.05.

37. Урологиялык оорулардын көбөйүшү улуттук масштабдагы коога. Кыргыз Туусу 2019-ж 22-январь №4).

38. Текебаев Ө.Ч. Кумтөр маселесинде баарыбыз бирдитке болушубуз керек. Азия Ньюс гезити

***Электрондук маалымат каражаттары***

1. Акималиев Ж.: Акча төлөп келгендердин кылары ушу. (Спутник агенттиги 2019-жыл, 1-февраль)
2. Жигитов.С. Наркоз тароодо дагы тарайт» РухЭш сайты 17.06.2018ж)
3. Кадыров К. Женижоктун насааты. https//m.facebook.com.

4/ Билим берүү тармагындагы көйгөйлөрдү качан чечебиз?// Булак: NazarNews.kg, 24-май. 2018.

**5.** Каныкей менен Манастын нике түнүн сүрөттөгөн окуу куралы шашылыш жактырылган Жаңылыктар | 12:37, 21 ноябрь 2017 | 12 194. Толугураак http://bilim.akipress.org/kg/news:335458/?f=cp ж.б.у.с. *Окуу китептериндеги каталар*: ким күнөөлүү? / 22.10.18 / НТС ТРК НТС. *ОКУУ КИТЕПТЕРИНДЕГИ КАТАЛАР*. NewTVNewTV KG; Кудай ургандай шалаакылыкка жол берген Кудайбердиеванын жоопкерчилиги каралбайбы? Жума, 26- Октябрь 2018. Булак Де-факто.

2. Жаңы чакырык: Диний сектага кирип балдарын мектепке жибербеген түркөйлөр чыкты. 22-октябрь, 2018. Булак Фабула.

7.Взятка в КНУ: https://vesti.kg/proisshestviya/item/51418-korruptsiya-v-knu-prepodavateli-vzyatochniki-obmanuli-studentov-video.html; Студентка КНУ обратилась к президенту, в прокуратуру и Минобразования с жалобой на свой вуз Новости | 15:16, 31 июля 2018 | 13 7381; Коррупция в КНУ. Преподаватели-взяточники обманули студентов (видео) ; Студенты КНУ недовольны условиями обучения в вузе https://24.kg/obschestvo/73842/ 10:20, 22 января 2018. Пресс-центр Акипресс. 18-сентября, 2018, 14.00. *Обращение Президенту КР*

*сотрудников Кыргызского Национального Университета им. Ж. Баласагына*

8. Шеримкулов М. Сочуствую всем нам, что не смогли сохранит СССР. Namba . kg/neWSIRead[4]
9. https;//m.sputnik.kg//Акималиев Ж:Акча төлөп келгендердин кылары ушу. (Спутник агенттиги 2019-жыл, 1-февраль)
10. Шеримкулов М. :Элчиге жана ырчыга өлүм жок.WWW. youtube.com/
11. Артур Медетбеков. Почему кыргызстанцы так сопротивляются инвестициям из Китая? VB/KG/.
12. ИА REGNUM, 26февраля 2019 года.

14. Сыдыкбаев Ч.М. Турак жай көйгөйү келечекте улут коопсуздугуна коркунуч туудурат. https//kyrgyztoday.org/news_ky.

15. Нурушев Э. Нация и ее главная идея. Ruhesh.kg//

16/ Нурушев Э. Эл жана анын машаяктары. . Ruhesh.kg//

17. Ү.Култаева Улутту жоготуунун оңой жолу. Ruhesh.kg//